БЕКБОЛОТОВ ТУРГУНБЕК



# КЕЧИККЕН ЫРЛАР

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

30/IIX-353 (21)/2



С(Кирг)
Б-42

ТУРГУНБЕК БЕКБОЛОТОВ

# КЕЧИККЕН ЫРЛАР

*(Ырлар жана поэмалар)*

Таласская областная библиотека
инв. № 101990

«Бийиктик»
Бишкек – 2007

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-5
Б 42

*Ушул китептин жарык көрүшүн толук мойнуна алып, демөөрчүлүк кылган «Адвокат профи» фирмасынын президенти. Жээнбеков Бабырбекке чексиз ыраазычылыгымды билдирем.*
*Автор.*

**Бекболотов Тургунбек.**
Б 42 **Кечиккен ырлар.** Ырлар жана поэмалар. – Б.: «Бийиктик», 2007. – 368 б.

ISBN 978-9967-13-316-7

Бул китеп мекенчил акындын кийинки он чакты жылда жазган чыгармаларынын толук топтому. Мейли Ата-Журт үчүн күйүп жанабы, мейли тууган жерди табиятына суктанабы, же көөнөргүс улуу махабатты даңазалайбы, акындын ырлары жугумдуу жана жагымдуу, жөнөкөй жана курч, өзүнчөлүккө, жеке позицияга ээ.

Б 4702300200 – 07
ISBN 978-9967-13-316-7

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-5

© Бекболотов Т., 2007.



## АВТОРДОН

*Урматтуу окурман!*

*Соңку он чакты жылдагы топтогон оокатым – ушул. «Ичтен чыккан ийри жылан» экен, иргегенге колум барбай, сулп боюнча алдыңызга таштадым. Мезгил жана Окурман деген улуу сынчынын элегинен канчасы өтөт-өтпөйт, албетте, эртеңкинин иши. Бирок, өз жан дүйнөмдү алекке, жүрөгүмдү булүккө салган сезим-туюмдарымды дараметиме жараша ырга айландырдым. Ички ачуу чаңырыгым бар мында.*

*Эмне үчүн «Кечиккен ырлар?»*

*Ыйык поэзия дүйнөсүнө кечирээк баш бакканым – ал сырт көрүнүшү гана. Санаамды санга бөлүп, сайсөөгүмдү сыздатканы – элимдин, Ата Журттун эртеңкиси. Улуттун улуттук көрөңгөсүнүн кубаты тайып, баба мурастарын кийинки муундарга сиңире албай, өзүбүздүн кенебестигибиз, кайдыгерлигибиз аз келгенсип, алардын тагдырын талаага таштап койдук. Ааламдашуу, техногендик цивилизация алакандай журтубузду ажыдаардай соруп, жоголуу жолуна түштүкпү? Бул артка кайткыс процесске туруштук бере алабызбы?*

*Мына ушундай шартта бүгүн китеп окулбай калды. Балким, кызык окуялуу, жеңил чыгармалар окулуп жаткан чыгар. Көп каналдуу, кабелдик телекөрсөтүүлөр, базарларды басып калган видеокассеталар, дисктер китептин ордун да, убактысын*

*да тартып алды. Демек, поэзия бүгүн карып. Атүгүл акындар өздөрү биринникин бири сейрек окуганы турмуш чындыгы.*

*Анда биз ким үчүн жазып жатабыз? Кечиктикпи? Кийинки муун колдон суурулуп чыгып, улуттуздуктун арабөк дүйнөсүн жаратып, «Манас» баш болгон рухий асылдыктарыбызга жеңил баа мамиле кылганы – биздин күнөөбүз. Демек, менин ырларым – Кечиккен ырлар.*

*Кийинки муундун миңден бири ыр дүйнөсүнө кызыкса, ошого шүгүрчүлүк. Ыр дүйнөсүнөн тез-тез жолугушуп туралы, урматтуу окурман!*

**Т. Бекболотов**



## УЧКАЙ ОЙ

*Кандай мезгил болсо да табияттын, жашоонун жаңылануу, өнүгүү деген түбөлүк өзгөрүлбөй турчу мыйзамы бар. Эскилер эскирип бүтүп, ордуна улам жаңылар келе берет. Жашоо ушинтип уланат. Адабиятта да ушундай. Замандын кандайына карабастан, улам жаңы ысымдар менен толукталып, жаңы күч, жаңы дем кошулуп турат. Албетте, кеп мында жаңы ысымда эле эмес, табияттан бүткөн чыныгы талант жана шыкта. Мен муну поэзия дүйнөсүндө ысмы жакындан бери гана таанылa баштаган акын Тургунбек Бекболотовго байланыштуу айтып жатам.*

*Мындан 1–2 жыл мурда кокусунан мен анын «Муздак тамчылар» аттуу китебин окуп, ал мени өзүнүн ырлары аркылуу жагымдуу таң калтырганын жашыра албайм. Поэзияга халтура эмес, башкача айтканда азыркы биздин акындардын арасында аз эмес кезикчү: көшөөрүп, бирөөлөрдүкүн тиктеп олтуруп, жан сабап жазгандардан эмес, чын таланты бар акын келген экен деп, өзүмчө чындап кубандым. Жашы алтымыштарга барып калса да Тургунбек поэзияга кечирээк киришкен жаш акын. Анын айтар сөзү али алдыда. Ушул оюмду бекемдегим келип акындын жогоруда аталган китебин кайрадан бир ирет окуп чыгып, акын катары азырынча жаш аталганы менен, кыйла калыптанып калган, поэзияга чоң урмат жана чоң жоопкерчилик*

*менен киришкен, өтө сергек жана абийирдүү акын экендигине мен дагы бир жолу ынандым. Ырды эркин жазат. Турмушка өзүнчө көз карашы, айтар жаңы сөзү, омоктуу ойлору бар. Бай да, шаңдуу да, жандуу да тили бар. Жакшы иштеп, жакшы изденип жатыптыр.*

*Мен Тургунбекке ушул басыгынан жазбай иштей бер, издене бер, такшала бер деп айткым келет. Ал эми кийинки сөздү акындын жаңы жазган ырларынан угалы.*

*Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ,*
*Кыргыз Эл акыны, Эл Баатыры.*
*15-июль, 2007-жыл.*



## ЖЕҢИШТЕН ЖЕҢИШКЕ БАРАТКАН АКЫН

*Элге ишенүү керек. Элге ишенбесек, кимге ишенебиз? Элден көрөгөч, кыраакы, акылман эмне бар. Эл деген ошондуктан эл. Ал бардыгына көз жиберип көрүп, бардыгын баамдап, бардыгын баалап турат. Мен эл жөнүндө сөздү баштаган себебим элдин калың катмарынан чыккан өзүнүн таланттуу акын кулуну Тургунбек Бекболотовго байланыштуу. Ал эл ичинде өз өмүрүн өткөрүп, эл ойлогон ойлорду ойлоп, элдин мүдөөсү менен өзүнүн мүдөөсүн бириктирип көп жылдардан бери ыр жазып келаткан акын. Жараткан ырларын силер үчүн жаздым деп эч качан доо кылбады, эл үчүн ыр жазып жүрөм деп мактанып көкүрөгүн ургулабады, табият менен тагдыр ыраа көрүп ыйгарган талантын туура жумшап, эл үчүн ыр жазууну милдетим деп эсептеди.*

*А эличи? Эли таланты бар уулунун өсүшүнө көз салды, дагы жаңы, кандай эмгектерди жазар экен, ал эмгектер күпүлгө толор эмгектер болор бекен деп үмүттөндү, жараткан эмгектерин сын көз менен карады, уулун эч качан көз жаздымда калтырган жок. Натыйжада элдин ишеничин актаган, эл каалагандай деңгээлге жеткен чыгармалары аркылуу эл алдында маңдайы жарык Тургунбек Бекболотовду көрүп турабыз.*

*Азыр ал бир топ ыр китептери басмадан чыгып, эл арасына тараган, элге аты кеңири тааны-*

мал, Байдылда Сарногоев атындагы сыйлыктын ээси, эл урмат-сыйга бөлөгөн акын. Ал мындай даражага тили жарык жана так, образдуу, айтайын деген ойлору баарыга түшүнүктүү, окурмандын ойлоруна шайкеш келген ырлары аркылуу жетти, азыркы мезгилдеги орчундуу, омоктуу маселелерди өз чыгармасына тема кылып алгандыктан анын ырлары ортозаар акын сөрөйлөрдүкүнөн алда кайда айырмаланып тургандыктан, көптөгөн окурмандардын көңүлүнө жаккан, ойго салган себептен жетти.

Азыркы мезгилде болуп жаткан урунттуу, маанилүү окуялардын көбү акындын жүрөгүнөн, сезиминен, акыл-эсинен өткөндүктөн, акын аларды чыгармаларында чагылтпай коё албагандыктан, аларды өзүнүн талантына жараша камтууга чын дили менен аракет кылгандыктан Тургунбек Бекболотовдун поэзиясы жаралып олтурат. Анын чыгармасындагы башкы тема деп мен эл турмушу, элдин ой-санаасы, үмүт-тилеги, мүдөөсү, эртеңки тагдыры деп айтамын. Анын көпчүлүк ырлары ушул теманы улап, колдоп, күчөтүп турат.

Акындын поэзиясында курулай кубанып, шатыра-шатман болуп шапар тебүү сезими азыраак да, азыркы мезгилдин эл турмушуна акыл калчап, кыраакы сереп салып байкаган мүчүлүштөргө, жаңылыштарга байланыштуу наарazyчылык ойлор арбын экени көрүнүп турат. Мындайча айтканда эл үчүн күйүп-бышуу сезими акындын көп ырларынан жолугат. Демек, бул элибиздин эртеңинде турмушу оңолуп, республикабыздын адамдары тынч, бейпил, жыргалдуу абалда жашашына тезирээк жетүүгө умтулуу – акындын чыгармаларындагы негизги тилек, максат.

Аксыдагы айыпсыз атылган жигиттер, территориябыз ашып-ташкан сыяктуу Үзөңгү-Кууштуну башка өлкөгө берип, андан биротоло кол жууп калганыбыз, элибиздин даанышман уулу Исхак Раззаковду куугунтуктап, сүргүнгө айдалган абалда узак



жылдар кармалганы, өткөөл мезгилде эл турмушу оңолбой, адамдардын муңкүрөшү, улуттук ар-намыстын унутулуп бараткандыгы жөнүндөгү жана башка акындын жүрөгүн өйүгөн ойлорду айтпай коё албаганы анын чыныгы патриот акын экенин далилдейт.

Мезгилдин түрдүү орчундуу маселелерине масштабдуу ой жүгүртүү менен караган, мазмун жана көркөмдүк жактан шайкеш келген чыгармаларды жазган, мекени, эли үчүн жүрөгүн берүүгө даяр, кийинки жылдары намыскөйлүк менен эмгектенип, чыгармачылыктын жогорку деңгээлине көтөрүлө алган Тургунбек Бекболотовду бардык ракурстан карап келип аны чоң акын деп айта алам. Бул оюма ынана бербегендерди анын поэзия дүйнөсүнө сүңгүп кирип, жакшылап таанышууга кеңеш берем. Тургунбек Бекболотовдун бергенден берери көп. Дагы чымыркап эмгектенип жеңиштен-жеңишке жетерине ишенем.

**Сооронбай ЖУСУЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын Баатыры.**
**Эл акыны.**

## АТА ЖУРТ

Ата Журттун пайдубалын бекемдеп,
Биздин милдет – керегесин көтөрмөк.
Чамгарагы чачылбасын десеңер,
Ар бир жүрөк согуу керек Мекен деп.

Максат бекен калтар ичик, кундуз бөрк,
«Биз ким элек, ким болобуз, кимбиз?» – деп.
Жооп издеп ушул улуу соболго,
Ар бирибиз күйөлүчүү кыргыз деп.

Биз байыркы түптүү элдин бирибиз,
Карт тарыхтын түпкүрүндө жүрүбүз.
Анан неге эркиндикке жеткенде,
Кордук көрүп жатат бүгүн тилибиз.

Багыт айкын, болуу керек кемең бек,
Эч ким келбейт «жардам бермек элем» – деп.
Ачка болсоң тоюнарсың, а бирок,
Тил жоголсо эл жоголду деген кеп.

Ата Журттун зыркыратып тамырын,
Билбей жатат урпактарың кадырын.
Бабалардын канчалары кырылган,
Коргоп жатып алакандай адырын.

Ким күнөөлүү? Издей көрбө бурадар,
Күндөр өтүп, ай айланып, жыл агар.
Кенебестик каныбыздан кетпесе,
Түндүк түшүп, керегебиз куланар.



Угасыңбы? Онтоп жатат Мекеним,
Уялам да, ыза болуп кетемин.
«Жакшыларың» кантип басып жүрүшөт?
Жаман жерден жыртып алып этегин.

Ата Журт ай, кагылайын Ата Журт,
Кетип бизден оңбогондой каталык.
Эми минтип ооп турат эсибиз,
Каруубуздан карыздарга маталып.

Ушул беле жазылганы маңдайга,
Жарымыбыз кайра тентип Каңгайга.
Туу түбүнө туруп берер киши жок,
Өлкө бүгүн көйгөй менен айгайда.

Саясатта чындык менен төгүнү,
Аралашып, адаштырып элими.
Атасынын сакалына сийгендер,
Мекен, сенин казып жатат көрүнү.

Бийлик талаш, байлык талаш, кан төгүү,
Үрөй учат, жол туңгуюк, кантели?
Катар турса парадокс эмеспи,
Аткан менен атылгандын айкели.

Ата Журтту кузгундарга талатпай,
Чилдей кылып момундарын таратпай.
Тууга айланып туруп берер ким экен?
Арбагынан айланайын Манастай!

Бүгүн-эртең үмүт да жок өзгөрөөр,
Урпактарга жооп берер кез келээр.
Көргө карай жетеленген жокпузбу?
Өргө чыгып бара жатса өзгөлөр.

Бийлик колдо, бирок жетпей акылы,
Кошо бийлейт катыны же жакыны.
Убакыттан уттурганга мейли эле,
Улут гана урап бара жатыры...

## ЭГЕМЕН ЭЛИМ

Үзүлгөнүн көргөндө кишендердин,
Өзгөрөбүз эми деп ишенгенмин.
Белгисиз бир өлкөгө айлангыча,
Болгум келген менин да киши өңдөнгүм.

Төрөлгөндөй кайрадан энеден биз,
Ура! Жаша! Кубандык, эгеменбиз!
Коктубузга конушун которсо да,
Коңшуга эч нерсе дебегенбиз.

Бийлик тийди капилет кененинен,
Байлык тийди ашыкча керегинен.
Сатмай-жутмай, башкага акыл жетпей,
Ата Журтту кетирдик кемелинен.

Эки-үч жылда эл кетти жакырланып,
Үн катпадык, өкүрүп-бакырбадык.
Алдым-жуттум, амалкөй шылуундарга,
Күйүп турду күн-түндөп жашыл жарык.

Тартмак милдет турмуштун убарасын,
Ар ким алат өзүнүн шыбагасын.
Бакытты да менчиктеп алышмакпы,
Төрүн эмес көргөзбөй улагасын.

Өрдөк жоктун бийлери чулдук болуп,
Ак үй айткан сөз гана чындык болуп.
Онто, ыйла, бакыргын, дүлөй дүйнө,
Олтурушат төбөңдө кулгуп коюп.

Башкарууда баягы, баягылар,
Бийлигине бийлетчү таягы бар.
Унутпасак экен эй, бурадарлар,
Башталыштын бүтүүчү аягы бер.

Өлкөбүз бар, өзүбүз көңдөй бойдон,
Өзгөрбөдүк, өзгөрүү келбей колдон.



Көмөлөнүп барабыз каяккадыр,
Көзүбүз бар, көкүрөк көрдөй бойдон.

Ажо алмашты, эч нерсе өзгөрбөдү,
Калып калды кусалык көздөрдөгү.
Түндүк менен түштүккө бөлүп салган,
Түркөйлүгүн бар бекен сезгендери.

Же болбогон кеп-сөздү козгодумбу?
Боорума алам, ийилип, кош колумду.
Басар жолдон адашкан Ата Журтум,
Боздогумду келтирет боздогумду.

## АЙТКЫЛАЧЫ

Көкүрөктө көп эле көздөгөнүм,
Тагдыр экен, түрөмүн сөз келебин.
Жат кишилер жардамга колун сунса,
Жаттын ишин кылышат өз дегеним.

Башты сайып байлыкты көздөбөдүм,
Көрдүм көптөр абийирди тепсегенин.
Тайрандатып койгон жок тагдыр мени,
Бирок, келбейт эч кимге өпкөлөгүм.

Көлөкөсүн пааналап өрүгүмдүн,
Чайын ичем уулумдун, келинимдин.
Көкүрөктөн ыр чыгып жатат, демек,
Көтөрүлүп турганы көңүлүмдүн.

Ырас, тагдыр жетелеп акын кылды,
Кийим бүтүн, курсак ток, жакырмынбы?
Үйүм бейпил, уйкум тынч, айткылачы,
Бакытымды таптымбы, качырдымбы?

* * *

Даңкка карай жол кантип башталарын,
Билбейм, бирок, айтпайын башкаларын.
Жеңижокту айылынан айдап чыгып,
Аты калды тарыхта Ташкаранын.

Түбөлүктүү күрөш бар ак-карада,
Жоо табылат кебелбес аскага да,
Ким билиптир тарыхта калгандыгы,
Жакшыбы же жаманбы Ташкарага.

## ДАБА БАРБЫ?

Мыйзам бүгүн буйлаланган төө белен,
Акчалуулар менчигине ээлеген.
Төрдү чанып, төбөбүздө олтурган,
Төрөлөр көп «төө» деп айтсаң «бээ» деген.

Калп айтуудан алышканбы мелдешип,
Кара күчкө кыйкырышат «эл» дешип.
Сурап көрчү аста «оозуң кайсы» деп,
Чычайышат мурундарын көргөзүп.

Карасаң эй, каны-жаны бирдигин,
Чырмалышып алган байлык, бийлигин.
А калкымдын кабыргасы кайышат,
Көтөралбай Ата Журттун түндүгүн.

Ордо тарап чүкө болуп чертилип,
Кыргыз жери кемийт улам кертилип.
Очорулуп, онтоп жатат Мекеним,
Омурткасы оңбогондой мертинип.

Келди кезек, керегине жарасын,
Күтөт элим азыркынын Манасын.
Тамырыбыз куурап кете электе,
Табалычы айыгуунун дабасын.



* * *

Жаралгандай жегенге жалаң эле,
«Алам эле» деп жүрүп, анан эле.
Жырткыч болуп кетипсиң, жылас алгыр,
Ишиң жүргөн ошондой заман эле.

Заман эле, деп коём, заман эле,
Заман эмес тапкан жол жаман эле.
Шылуундарга шыбага болуп өлкө,
Жашап келе жатат эл араң эле.

Турмуш өзү келтирип кезегинди,
Берип коёт эселеп эсебинди.
Арттырарың эмне бул дүйнөгө,
Ажаткана толтурган тезегиңби?

## БИР КУДАЙГА ЖАЛЫНЫП...

Көңүлүмдү турат бүгүн кир чалып,
Күн да неге ысып алган мынчалык.
Көчө таптайт канча кыргыз жигиттер,
Пайдасы жок саап ичер уйчалык.

Маанайым пас, үзүл-кесил үмүтүм,
Деги биздин кылган мээнет ким үчүн?
Шымаланып, элибизди тозокко,
Шыкап айдап жаткандайбыз күнү-түн.

Көрбөй элдин өнүп-өсүп жатканын,
Жазат дебе жалаң жаман жактарын.
Баюу гана максатыбыз болбосо,
Жоготуудан башка эмне тапканым?

Жүз жыл эмес, он жыл алдын карабай,
Ар ким колдон келишинче таламай.
Чыйт түкүрүп, ичип, чычып жүрөбүз,
Каяша эмес каш үйрүүгө жарабай.

Бирөө-жарым баш көтөрсө жабылып,
Тытып жемей, бийлик үчүн жагынып.
Кимге ишенем? Эл деп күйгөн бар бекен?
Жүргөн кезим бир кудайга жалынып.

## САГЫНДЫМ ТООЛОРУМДУ

Көнөт-көнбөйт, ээрчитем билбейм кимди,
Көрүнгөндү көчөдөн жүр дейминби?
Түшүнсөңөр кагылып кетейиндер,
Тоолорумду сагынып жүрбөймүнбү.

Мөңгүлөрдүн жетсем ээ этегине,
Кайберендин кара зоо-мекенине.
Тоодо гана ишенем өзүмө-өзүм,
Көөнө кыргыз урпагы экениме.

Тоолор гана санаамды билишкенсийт,
Дүбүртүмө кулагын түрүшкөнсүйт.
Өлбөй эле ата-энем ошол жакта,
Бир коктуда мал багып жүрүшкөнсүйт.

Жакшы болот эле го барып келсем,
Жөн эле кой, балам ай, айып көрсөң.
Токсон жашка чыкчудай боло берем,
Тоолорумдан күч-кубат алып келсем.

## ТООЛОРДО МЕНИН ТАМЫРЫМ

Эки тоонун ашташкан бийик жону,
Жаралгандан болуучу кийик жолу.
Жер которуп кетишти кайберендер,
Жоболоңдуу адамдын тийип колу.



Аска-зоолор урады, тоо жарылды,
Асман менен туташкан жол салынды.
Жакшы дечи, а бирок, бейпил жаткан,
Табийгаттын койнуна кол салынды.

«Бул жол, – дешти, – кыргызга кызмат кылат,
Төтө жана шыр каттап, иш жакшырат».
Жол да бүттү, бирок, эл каттабады,
Көргөн сайын жүрөгүм сыздап турат.

Кимге керек эле бул чоң өр жолу,
Ууру көрүп убайын, жел ойноду.
Аңыз кылып айтышат, болуучу деп,
Акчаларды адалдап жемей жолу.

Ажо баштап келишти жеп-ичкени,
«Бул жол биздин тарыхый жеңиш», – деди.
Кимди жеңди кимиси кайдан билдик,
Кайберендер кайрылып келишпеди.

Кызыл кыргоол кылактап кырдан учкан,
Арча, кайың, карагай чырмалышкан.
Ай нуруна аскалар чайынышып,
Күн нуруна магдырап курганышкан.

Жытын айтсаң жыпардай абасынын,
Сыркоолосоң табылар дабасы миң.
Бықшып калган жүрөккө чок ыргыткан,
Тоолор гана, кыргызым, жан азыгың.

Карегимде каралдым – тоолор ана,
Коргон болгон, чеп болгон жоодо мага.
Кылымдардын кыйырын басып келген,
Кыргызымдын тамыры тоодо гана.

Таласская областная библиотека
Инв. № 103990
456

## ЭРДИК

*(Чолпонбайга)*

Эрксиздердин иши эмес эрдик деген,
Эрдик кылбайт эч качан жер тиктеген.
Жүрөгүндө оту бар адам гана,
Жүк көтөрөт капилет эл күтпөгөн.

Эрдик деген күч эмес билектеги,
Тобокелдик кылуунун бир өкчөмү.
Ата Журтка арналган улуу сезим,
Жанар тоодой катылган жүрөктөгү.

Дүңгүрөтүп дүйнөнү, болгон дайын,
Тарых билет эрдиктин ар кандайын.
Кыргызым эй, теңдешсиз баатырлыкты,
Жасап салган турбайбы Чолпонбайың.

Суук колдор сунулуп элдигиңе,
Алакандай тар учур кең дүнүйө.
Акыл айран, айылдык бир уландын,
Селт эттирген ааламды эрдигине.

Эч нерсе жок экенин ардан бийик,
Жүрөгүнө сиңирген кайдан жүрүп?
Жалын чачып, ок бүркөн пулёметко,
Кантип боюн таштады кайран жигит?

Эй, калайык, мындайды көрдүң белең?
Миң-сан жоокер турса да шермин деген.
Атырылып, ажалга төшүн тосуп,
Кыргыз гана «туулдум-өлдүм» деген.

Эрдик сиңген эненин сүтү менен,
Ала-Тоонун абасы, жыты менен.
Каныбызда байыркы дүбүрт жүрөт,
Азиянын талаасы титиреген.



Алыскы бир орустун айылында,
Дон суусунун боюнун жайыгында.
Чолпонбайдын айкелин шамал сылап,
Салат экен карагай, кайың ырга.

...Көрүнгөндө асмандан Чолпон дайым,
Элим эстеп турса экен Чолпонбайын...

## КҮН ЖЕЛЕСИ

Көпүрөдөй тартылып көктөн жерге,
Күн желеси көбөйөт көктөмдөрдө.
Кызыл, сары, көк нурлар жолдорбу дейм,
Кайра барып келүүчү өткөндөргө.

Уйпаланып укугум тепселгенде,
Учур келди, үйрөндүм жек көргөнгө.
Унуткарып баарысын, кетсем бекен,
Ууз кыздын ууртун өпкөн жерге.

Жамгыр токтоп, төшөлүп чепкен жерге,
Жеңекебай көйнөгүн чечкен жерде.
Жоголуптур балалык, ажайып кез,
Жашап калды күндөлүк дептерлерде.

Урмат кылам, туюкка кептелгенде,
Устарага айланып кеткендерге.
Уук болуп сайылып уркум калсын,
Урпагымдын буттары жеткен жерде.

Сапырылган турмушка экчелгенде,
Санаа тартам мезгилден кеч келгенге.
Саптар жазып олтурам салабаттуу,
Салам айтып байыркы көчмөндөргө.

## АЙЫЛ ТАҢЫНДА

Жолунан тосуп ак таңдын,
Жонуна кырдын шашкан ким?
Жол издеп жүрүп турмуштан,
Жогумду мындан тапканмын.

Шыкаалайт, ана, бактан күн,
Шашыла төмөн чапкан ким?
Шайыр го, четки көчөдөн,
Шаңкылдап күлүп жаткан ким?

Ушинтип таңы аткан күн,
Уйкашын издеп саптардын.
Уй кошуп барып бадага,
Убара болуп жатканмын.

## БУРАДАРЛАР, ҮНҮМДҮ УККУЛАЧЫ

Тоолор менен мактанам, эрдемсинем,
Керемет эй, керемет, келберсиген.
Бешенеме жазылган жер эмеспи,
Бейиш жактан көчүрүп келгенсиген.

Күнгө бүлөп чокусун, айга сунар,
Мактанычым – тоолорум, дайра, суулар.
Бүркүт мүнөз болуубуз керек эле,
Бирок неге, кандаштар, майдасыңар?

Кысталышта табылбай туу кармарың,
Көбөйүүдө экисөз, куу балдарың.
Улуу тоонун койнунда жашайт дагы,
Пастык кылып коюшат туугандарым.

Миң тамырдан улаган бир тамырын,
Ырас, тоолук кыргыздын урпагымын.
Бирок, байлык, бийликтин байгесинде,
Билбей калдык чобуру, тулпары ким.



Корком, корком, эй кыргыз, эртеңиңен,
Башка чапчу тарыхтын келтегинен.
Тоо, токойлуу, суугa бай өлкөбүздү,
Ажыратып албайлы көркөмүнөн.
Бурадарлар, үнүмдү уккулачы,
Буркураймын Байтиктин Бөлтөгүнөн...

* * *

Конокторум бар эле чакырылган,
Олтурганбыз ичип-жеп акырындан.
Бирөө келип кошулду дасторконго,
Төгүп-чачып тамагын, какырынган.
Эмне дейин, байкеси, жебейт белең,
Эшек болсоң өзүңдүн акырыңдан.

## БУЛУТЖАН

Бузуу оңой, кыйын тура жаратыш,
Жер кеберсип, чаңкап турат талаа-түз.
Ак мөңгүлүү Ала-Тоодон булутжан,
Ак жамгырды этегиңе сала түш.

Кайда жүрөт чагылгандар кылыччан?
Көрбөй балким, Теңир бизди унуткан.
Курсагыңды салаңдатып жүк кылбай,
Нөшөрүңдү төгүп кетчи булутжан.

Куйкаланып, айлана бүт жалын-өрт,
Суу башыбыз, ошого да канимет.
Чагылганга чачпагыңды көтөртүп,
Көл-шал болуп асманымдан агып өт.

* * *

Көз караштар сыйбаш керек өлчөмгө,
Тууралыгы, каталыгы эртеңде.
Кечээгилер келесоо да, а бүгүн,
Акылмандар бийлейт бекен өлкөмдө?

Турмуш – дайра, билгениндей кечишет,
Абийир менен жашап эле өтүш эп.
Бирок, мансап колдон чыкса, негедир,
Билермандар нөлгө айланып кетишет.

Ырас, бийлик кудай берген насиптир,
Кимдин эле мандайына жазыптыр.
Бирок, сенден улуу, бийик эл барын,
Эстегин да, көкүрөктү басып жүр.

* * *

Балким адам көп эле жаңылаттыр,
Бирок, абийир, ар-намыс чачылбасын.
Аял, бала табылса табылаттыр,
Табылмакпы ата-эне, жатындашын.
Кыңыр ишиң кайрылып кабылат бир,
Балдарыңдан көрөсүң натыйжасын.

* * *

Байып, марып, же болбосо тосуп кетсе
турмушуң,
Өз жүгүңдү өзүң гана көтөрөсүң, кыргызым.
Тагдырыңдын таасын жолу жатат кайсы
тарапта,
Оң жагына өзгөртүүгө табылбады бир кишиң.

Эл намысын мындай коюп, төр намысын
унуттуң,
Желек кылып желбиреттиң, көр намысын
улуттун.
«Мен кыргызмын» деген сөздү сыймыктанып
айтууга,
Ар бир үйгө эмчек менен эр намысын уюткун.

Мезгил токтоп күтмөк беле, калдың бекен
кечигип,
Дүйнө элдери тирешүүдө, бир-бирине өчүгүп.



Ааламдашуу акырындап, алты айланды
кетирип,
Бул дүйнөдөн биротоло койбосо экен өчүрүп.

Тарых күбө, ким талашмак, эң байыркы
элденбиз,
Мамлекет болуп деле бир учурда көргөнбүз.
Кыргыз үчүн эң акыркы кылым болуп
калбоого,
Ар бир үйдүн бешиктери «кыргызсың» деп
термелсин!

* * *

Жууп-майлап, жүрсөң деле таранып,
Эң биринчи чачың кетет агарып.
Тарткан түйшүк, кайгы-капаң түз эле,
Мээден чачка турат окшойт таралып.

Калбаат болуп карылыкка баш койсоң,
Качуу керек калыстыктан башка ойдон.
Улгайса да кыз-келинге кылчактап,
Жүрөк гана калат окшойт жаш бойдон.

* * *

Трибунадан жөн эле бакырбагыла,
Ишенич аз кыргыздын акындарына.
Болбосту айтып боорумду эзбесеңер,
Өзүм күбө сатып да сатылганына.

Көп деп угам көгөргөн арызчылыңар,
Кептен, ырас, элеттин алыстыгы бар.
Кан тагынан көлөкө издеген соң,
Кайдан болсун калкыма калыстыгыңар.

## ҮМҮТ ОТУ

Эсиме түшөт балалык баёо чактагы,
Байма-бай жазган ырлардын мажес саптары.
Колдогу китеп сырдашым дагы мундашым,
Билинбей күндүн атканы менен батканы.

Кыялкеч элем жомоктор менен жашаган,
Жетемин дечүм, болсунчу жалгыз баш аман.
Айланып жылдар, агарып чачым кетиптир,
Купулга толбой иштерим өзүм жасаган.

Колтуктан жөлөп, кол сунган деле болбоду,
Бүлбүлдөп турган үмүт бар эле болгону.
Жогумду издеп, жолумду табам деп жүрүп,
Жылт этип өткөн жылдарга көңүл тойбоду.

Тереңге каткан бар эле кызык жомогум,
Эми аны кээде эстеген болуп коёмун.
Түшүнүп, бирок, көңүлгө алчу эмесмин,
Тагдырдын колу тизгинди кагып коёрун.

Олтурам мына, ойлорум менен алышып,
Каякка келдим? Кабыргам кетет кайышып.
Ошентсе дагы үмүттүн оту бүлбүлдөп,
Чакырат мени, чакырат күйүп-жанышып.

## ЖОЛ ЖАНА МЕН

Тегеренет Жер-Шары, тегеренет,
Күкүм болуп күндөрүм тебеленет.
Жолго чыкпай калганга көп болсо да,
Жол жөнүндө ыр жазгым келе берет.

Балык уулап алыскы аралдардан,
Колуң менен үзүп жеп банандардан.
Папуастар бийине кол чаптыңбы?
Эмне көрдүн Тургунбек, жаралгандан?



Пилди чертип кулакка ойнодуңбу?
Түнкү Париж, Сенаны бойлодуңбу?
Карегинде айланып аалам туруп,
Айылыңдан чыгалбай койбодуңбу.

Көздөн учуп Альпынын аскалары,
Рим, Нью-Йорк жана да башкалары.
Түшкө кирип Египет, Венеция,
Көралбадың коңушу Астананы.

Алыстагы деңиздер арманыңбы?
Жолун издеп канткенде жан багууну.
Жүргөнүңдө атүгүл ушу турган,
Ысык-Көлгө баралбай калбадыңбы.

Эх, Тургунбек, бечара Тургунбегим,
Жаттап алып Хафистин бир түрмөгүн.
Тегеранда бакылдап айтып берип,
Перс кыздарын эмнеге күлдүрбөдүң?

## А БИРОК...

Башкасы болбосо да,
Мактануу келет биздин колубуздан,
Тогузу төш кагышып онубуздан.
Ааламды тепсеп кетпей,
Араң жүргөн окшойбуз жогубуздан.
Асмандан таш кулатып...
Дымагыбыз тоо томкоруп, чоку бузган,
А бирок, бийлик сөзүн сүйлөгөндө,
Айырмабыз деле жок тоту куштан.
Карматпай келет бакыт закым болуп,
Куш болуп чочуп учкан.
Мактанабыз,
А бирок, шыгыбыз жок мактаганга.
Эргип-эргип кетебиз биреөлөргө,
«Жаман» деген жарлыкты чаптаганда.

Үркүп жүрүп,
Аңгек көрсөк,
Бирибизди бирибиз түртүп жүрүп.
Жоголуп кетпей дагы,
Кудай бизди сактаган да.
Кылымдардан келаткан уркубуз бар.
Керек кезде,
Бир муштумга түйүлөр,
Ынтымак-ыркыбыз бар.
А бирок, көкүрөктө багып жүргөн,
«Көрө албастык» деген бир куртубуз бар...

* * *

Жашоодо кубаныч, кайгы бар,
Ар бир күн табылгыс байлык – ал.
Кол сунуп жакшылык кылганың,
Акыры өзүңө кайрылар.

Билсин эл билбесин эмгекти,
Учур бар убайын көрмөкчү.
Бирөөгө жамандык кылганың,
Кайрылып башыңа келмекчи.

Жашыңда көп көрсөң мээнетти,
Карылык апкелер дөөлөттү.
Жашоо жок кайрылып оңдоого,
Жоготпо адамдык сөөлөттү.

* * *

Ай чапчып турган менен омогуңар,

Кептин да айта турган оролу бар.
Жибекке абийир – арды орогуча,
Жигиттер, барбы сүйгөн жомогуңар?

Жамандык жабылбастыр боёк менен,
Адам бир келип-кетер конок деген.
Кантсе да кир көтөргүс жаралганбы,
Жуулуп турсун абийир жомок менен.



...Канаттуу дулдул минсем ээ,
Каруута жарак илсем ээ.
Калкыма кастык кылганга,
Кыргыйдай болуп тийсем ээ...

## НАСИЛЕТ

Көздөгөн оюм көөдөндү тиреп,
Көңүлдө уюйт бир аруу тилек.
Кыйла күн болду, кыжаалат кылып,
Кыюусу келбей, айтылбай жүрөт:

...Максатсыз жолго чыкпагын, балам,
Мактаган кепти укпагын, балам.
Жолдош күт, дос күт, тууган күт, бирок,
Аракты, асти, жутпагын, балам.

Мансапка жетсең көппөгүн, балам,
Чындыкты аттап өтпөгүн, балам.
Чакырган жерден калбагын, бирок,
Чылымды гана чекпегин, балам.

Жамандык кылса кектебе, балам,
Жасаген ишти эптебе, балам.
Жеңилсең күрөш, жеңишке жетсең,
Жоондун туусун тепсебе, балам.

Уу болот ушак, сактангын, балам,
Уучу толбойт жаткандын балам.
Унутуп коюп уятка калба,
Убада берсең аткаргын, балам.

Элим деп жашап, жерим деп күйгүн,
Тоо эмес жаткан ташын да сүйгүн.
Калыстык кылгын каска да доско,
Ыйманы болбойт тууганду бийдин.

Дүнүйө тапсаң чачпагын бекер,
Баштаган иштен качканың бекер.
Үйрөнө турган үйүтү болсо,
Жакшыны жандап, чачпагын көтөр.

Казаның аштуу, кең болсун пейлиң,
Талашта, бирок, кем болсун «мейлиң».
Өзүңдүн жеке жолуңду издеп,
Таразаң дайым тең болсун деймин.

Кадырга капыс доо кетер чакта,
Каяша кылып, кандан да качпа.
Жамандык келсе жалтанып турган,
Жан доско, балам, колтугуң ачпа.

Акылсыз болсо алган жар – шоруң,
Өмүрүң өксүп, буулат жолуң.
Эл-журтуң түгүл туугандан чыксаң,
Балам ай, анда барыңан жогуң!

Атанын кебин угабы деймин,
Айтарым арбын, жугабы деймин.
Атыма наалат келтирип кайра,
Артыман сөзгө жыгабы деймин.

Жонуңда жүгү турмуштун, балам,
Жогуна чыдап, тырмышкын, балам.
Жомоктой эрдик кылбасаң дагы,
Жолуна төшөл кыргыздын, балам!

## КӨЧӨ КЫЗДАРЫНА ЭЛЕГИЯ

Кылымдардан кыл жугузбай калкыма,
Кыз адеби кыргызымдын наркы да.
Эдиреңдеп, эркиндикке мас болуп,
Жетпей калдык кыз атынын баркына.



Капылеттен чаптыргансып калмакка,
Кандаштарым азып-тозуп ар жакта.
Кыздар эмес эр жигиттер чыдабай,
Сынып жатты заман салган салмакка.

Салт бузулуп, ыйман жолдон тайганбы,
Миң-сан тагдыр кара оокатка байланды.
Келберсиген келин болуу ордуна,
Көчөт кыздар көчө кызга айланды.

Чындыгында салып көрсөң, акылга,
Чыгаандыктын көрөңгөсү жатында.
Шер туубасын, элдин санын көбөйтүп,
Эси жоктор эне болмок жакында.

Жараткан ай, башка түштү кандай күн?
Күнөөлөймүн, күнөөлөй да албаймын.
Кыз абийирин коргоп кала албаган,
Күнөө бизде экендигин танбаймын.

Бага албаган асыл аялзатыңды,
Эй, эркектер, урдум саясатыңды.
Улут деген тамырыңды соолутуп,
Жок болууга шашып баратасыңбы?

## ЭЙ, БАЛА...

Сен бала, кайсыныңа чиренесиң,
Сага окшоп таштап кетмек ким энесин.
Манчыркап алыптырсың, кайнатаңдын,
Кайтарып жүргөнүңө ирегесин.

Эй бала, жакпай жүрөт жоруктарың,
Жайдаңдап ээн жерден жолукпадың.
Каныңда кайнап чыгып кара өзгөйлүк,
Катарын таш боорлордун толуктадың.

Бирөө зар, а бирөөлөр кордойт неге?
Эненин кусуру урган оңбойт деле.
Көбөйтпөй акмактардын узун санын,
Туулбай туна чөксөң болбойт беле.

Сен үчүн «Мекен», «эне» кайдагы кеп,
Курсакка кул экенсиң, майланып бет.
Макулук болуп калган турбайсыңбы,
Эненин ак сүтүнөн айланып кет!

## БАШ КИЙИМ

Билип-билбей тууган жер кереметин,
Сезип-сезбей бактысын элет элим.
Кычы сөзүн жылдырып басып жүрөт,
Кийип алып кырданта тебетейин.

Ырас, сейрек уксам да калп айтканын,
Көрүп калам көп эле жалтактарын.
Тагдыр чечер кездерде тайып коёт,
Чекесине түшүрүп калпактарын.

Саясаттан кеп салат жолукканы,
Соосу түгүл мас болуп оолукканы.
Аракбайдын акесин таанытышат,
Аялдардын кыйшайып жоолуктары.

Айланууда мезгилдин батпереги,
Эртеңки күн өкүнүч апкелеби?
Бекер арак издешип бекерпоздор,
Тебеленет балчыкка шапкелери.

## КЕП УКЧУ, КУРДАШ

Бери кара, бир кебим бар, курдаш, ук!
Күпүлдөйсүң болбос ишке чырдашып.
Дүнүйөң түгүл калат мобул кең аалам,
Калат денең кара жерде чым басып.



Милдеттүүдөй бүт баарыбыз сен үчүн,
Эмне мынча иритесиң эл ичин?
Өзгөлөрдү баса калып жеп көнсөң,
Өзүң эртең курт-кумурска жемисиң.

Тыя албасаң абийир болбойт алкымда,
Тебеленет кадырың да, баркың да.
Жаманаттың, жыйган өлүү дүнүйөң,
Андан башка эмне калат артыңда?

Айтканыма ынанбассың, курдашым,
Ак-карасын мезгил өзү ылгасын.
Аман эле бололучу, а бирок,
Асти, сени бийлик ээси кылбасын!

## ЭЧ КИМГЕ ОКШОБО

Жолуңду таптыңбы, карагым?
Абайла, астыңды карагын.
Кенебес болсоң да унутпа,
Убакыт шаштыңды аларын.

Максатка жетүүнү чечтиңби?
Тууpaба, ээрчибе эч кимди.
Каяша кылууга шарт келсе,
Тартынбай таш ыргыт чечкиндүү.

Тулпардын тулпары тушунда,
Мезгилге эркелеп ышынба.
Эрте деп жүргөнүң кеч болот,
Тагдырдын оюну ушунда.

Сапарга чыктыңбы, токтобо,
Алдыңда кызыктар топтоло.
Өзүңдүн жолуңду таап ал,
Эч кимге, эч кимге окшобо!

* * *

Курбум, анда, айтар сага такилип,
Тирүүлүктө адам деген ат улук.
Түбөлүккө түлкү боло албайсың,
Саткан адам оңой кетет сатылып.

Жагалданып, бийлик үчүн жагынып,
Жүрө бергин, кептин аркы жагын ук.
Сага деген төшөк төрдөн жыйналып,
Эшиктерим эбак калган жабылып.

## НЕБЕРЕМ АЙНУСКАГА

Айнускам, айланайын балапаным,
Сагынып, ыр артынып баратамын.
Кармата бергим келет бүт дүйнөнү,
Алдыман чыкса сунуп алаканын.

Чыгарып күндө жаңы кылыктарын,
Чырдаса кирген окшойт булутка күн.
Каяктан билмек эле үйүбүзгө,
Нур чачып, жүрөктөрдү жылытканын.

Кармалап көрүп чыгат үйдө баарын,
Чөк түшүп же таянып бирде жаагын.
Көгүлтүр экранды тиктеп калат,
Мультиктен башталды окшойт дүйнө тааным.

Канчалык карасак да көздөрүнө,
Култуюп «сатып» кетет көз көрүнөө.
Өз ата, өз энеси аман болуп,
Кут болсун өз баласы өздөрүнө.

...Биз сага чоң атабыз, чоң энебиз,
Бир тамчы кан болгонбуз денеңе биз.
Артыңдан көбөйүшүп ини-синди,
Кеңейе берсин улам керегебиз.



* * *

Шыбырап шамал атымдан,
Шылдыңбы, уйпайт чачымдан.
Алаксып кетип, анакей,
Адаштым ойдон, чачылган.

Аймалап секин жүзүмдү,
Керимсел болуп сүзүлдү.
Айланып кайра куюнга,
Шыпырат арттан изимди.

Шамалдай болуп басам деп,
Шамалдай ырлар жазам деп.
Шаркырап аккан суу бойлоп,
Шалдайып жүрөм, мазам жок.

Куюндай болуп басам деп,
Куюндай ырлар жазам деп.
Күркүрөп аккан суу бойлоп,
Кадамдайм аста, мазам жок.

## КОРКОМ

Абийир-арым азырынча таза эле,
Аларым да, сурарым да аз эле.
Четинде эмес, эл ичинде болоюн,
Чечпесем да чечкиндүү бир маселе.

Турмуш жүгү үсту-үстүнө үйүлүп,
Туруп кете албай жүрөм күбүнүп.
Чындык издеп чыркыраган жүрөктүн,
Чарчаганы бара жатат билинип.

Издейм, ырас, жакшы жашоо аргасын,
Кудай гана пейилимди албасын.
Көбөйдүбү көкүрөгү көрлөр деп,
Көтөрүлүп, түшпөй жүрөт кан басым.

Кабаатырмын. Кандай болот эртеңим?
Корком, корком, тагдырына өлкөнүн.
Кан тагына байлап койгон жокпузбу,
Калк башына бир кайрылган «келкелин».

* * *

Баарына тегиз, кыйын, ынамагың,
Бир ирет бербей коюп сураганын.
«Кезегиң келер сенин» деп тиштенип,
Душманга айланыптыр бир агайын.

Ооба, ырас, менсиз деле өтөр күнүң,
Билемин көр оокатың жетерлигин.
А бирок, ойлодуңбу, сураганың,
Мага да керек буюм экендигин?

## АТТАНТУУ

Жолдогуң жакшы, жолдогуң,
Жол-белге, балам, конбогун.
Капчыгай өрдөп киргиче,
Коё бер башын жоргонун.

Булакка токтоп, өргүп ал,
Боюнду жайып, сергип ал.
Кыйнаба минген атынды,
Түгөйүң ошол бел кылар.

Көк асман болуп түндүгү,
Тоолордо кыргыз киндиги.
Өзүндө калар сакталып,
Өмүрдүн ушул бир күнү.

Аралап тоону, барып кел,
Ашууга чейин чалып көр.
Бабалар жүргөн жерлерден,
Боюңа кубат алып кел.



Арылып шаар чуусунан,
Жутуп кел тунук суусунан.
Тоолуксуң, тоолор – Мекениң,
Жүрөккө сакта туу сымал.

## КЕЧИГИП ЭЛЕ ЖҮРӨМҮН

Кечигип эле жүрөмүн, кечигип эле,
Кечиккен сайын жер муштап, өкүнүп эле.
Каяктан келип бул адат каныма сиңген,
Кудайдын мага чыгарган өкүмү беле.

Жаңылып эле жүрөмүн, жаңылып эле,
Жаңылган сайын кеп-сөзгө алынып эле.
Жулунуп чыкпай журтумдун азабы үчүн,
Жок окшойт менде жүрөктүн жалыны деле.

Убакыт эле уурдалат, убакыт эле,
Уланат күндөр өзүмдү жубатып эле.
Улуттун эмес уруктун уучу болуп,
Улуктун калбай баратат уяты неге?

## ИЛХАМ

Кайрый албай ойлорумдун агымын,
Жазылалбай жатат бүгүн жаңы ырым.
Кайырчыдай ыр эшигин сагаалайм,
Кармай албай күндүн күрөө тамырын.

Жарып чыкпай, жан дүйнөмдү кыйнаган,
Жатат ырлар бошоналбай туйлаган.
Керек жерде айтар сөздөр айтылбай,
Өз чындыгым өксүп канча ыйлаган.

Кыл тамырлар чың толгонуп калганбы?
Күүгө келбей, таппай турам айламды.
Кирип-чыгып, издеп ойдун учугун,
Иш кылалбай, колум жипсиз байланды.

Бир жакшына ыр жазам деп жаза албай,
Көкүрөктүн көксөгөнүн баса албай.
Буюктурган бугум чыкпай, тумчугуп,
Бүгүн дагы калат окшойм тазарбай.

Эшикте жаз, бирок, көңүл эргибей,
Эмнегедир ички дүйнөм көр, дүлөй.
Арылалбөй жүрөктөгү жүгүмдөн,
Бүгүн дагы каламынбы сергибей?

* * *

Чогуу жашап Калп аттуу шумдук менен,
Чыдамкай бир эр экен Чындык деген.
Түтөп-күйүп, түбөлүк чыркырамай,
Маңдайына жазылган буйрук белем.

Бу Чындыктын, карасаң, жалгыздыгын,
Чок кармаган колдору алсыз бүгүн.
Калктын башын айланткан калпычылар,
Кантип жүрөт көтөрүп каргыш жүгүн?

Ырас, Чындык жеңет дейт акырында,
Чындык издейт байың да, жакырың да.
Бирок, бүгүн тартылып көкбөрүдөй,
Чындык барат Жалгандын такымында.

## ЖАН ДҮЙНӨДӨГҮ БУК

Жашап келе жатсам деле тытынып,
Утканым аз, кала берем утулуп.
Канча иштерим аягына чыга албай,
Канча сөздөр айтылбады жутулуп.

Өктөмдүрмүн, чыйрактырмын ырымда,
А турмушта жалтак окшойм чынында.
Колду шилтеп басып кеткен учур көп,
Коюп калуу керек кезде мурунга.



Эрте тартып арабасын түйшүктүн,
Эдиреңдеп эл катары үй күттүм.
Акыйкатты издегеним чын болсо,
Жебей койсом болмок нанын бийликтин.

Демек, киммин? Мен да көптүн биримин,
Эл ичинде эптеп жашап жүрүмүн.
Мыкты болсом Көзкамандар тукумун,
Эбак терип, чакпайт белем жилигин.

Эки эселеп келсе дагы төлөгүм,
Элим сага тийбейт окшойт керегим.
Кара баштын камы менен калганда,
Кайра мени капталымдан жөлөдүң.

«Элим» деген, «эне» деген сөз улук,
Эркелеймин, эбедейим эзилип.
Айылымдын абасы бир керемет,
Апакемдин жытына окшоп сезилип.

Бирок, ана, муун жаңы, мен эски,
Курбулар жок, сүйрөп алып жөнөшчү.
Туалетте китеп жатат айрылган,
Менин жазган ыр жыйнагым эмеспи?

## ЖУМУШ БЕР

Кыш. Туман. Жолдор тайгалак,
Шыбаттап күн жаайт майдалап.
Эртелеп жазды чакырган,
Жамгыры карга айланат.

Көчө суз көңүл чөгөрүп,
Жүрөккө ушул деле жүк.
Жакшылык көрбөй өткүчө,
Кереги барбы төрөлүп?

Сороёт морлор, түтүн жок,
Үй суук, бирок, ичим чок.
Башканы билбейм, а менин,
Короодо үргөн итим жок.

Жазмышы беле маңдайдын,
Башыма түштү кандай күн?
Көзүндө суроо тургансып,
Баламды карай албаймын.

Жарым жан жарым, жүдөдүм,
Жүрөгүм ооруйт, жүрөгүм.
Мектепке бара албаган,
Кызымдан качып жүрөмүн.

Дартымды балким билишпээр,
Жумуш бер, бийлик, жумуш бер.
Бир тойсун үйүм, өзүмө,
Көр казсам мейли, бир иш бер!

...А күндүн көзү бүтөлүп,
Суугу барат күчөнүп.
Машине коюп кеткенби,
Жолумда жатат ит өлүп...

## ЖАЗ КЕЛАТАТ!

Боюн жыйнап, этек-жеңин кагынып,
Кыш кетүүгө калган окшойт камынып.
Кечээ эле чуркап жүргөн Аяз кыз,
Суу жээктей, көк мончогун тагынып.

Аяр басып көрүнбөгөн кооругун,
Күн жылмаят жерге төгүп мээримин.
Табиятта талаш жүрүп жаткан кез,
Алуу үчүн бул дүйнөнүн ээлигин.



Талаа-түздүн аппак тону айрылып,
Чилденин да чындап мизи кайрылып.
Колун шилтеп Аяз кетип калыптыр,
Жазга күчү жетпесине кайгырып.

Жаз келетат! Жел жеткирген шыбырды ук,
Булуттар да бир башкача удургуп.
Кой оозунан чөп албаган элиме,
Жамгыр менен чачып өтчү Кыдыр кут?

## ШЕКЕР АЙЫЛЫ

Досторум жашайт Шекерде,
Издеймин кол бош экенде.
Чын эле куттуу жер ушул,
Чыңгызды берген Мекенге.

Таанышкам келип жашымда,
Таланттуу окшойт ташың да.
Туулган мында кадимки,
Тулпары сөздүн Ашым да.

Дартыңа даба табылар,
Күркүрөө сууда дары бар.
Дүйнөгө даңкы тараган,
Кутман эл экен багы бар.

Кыргыздын туусун көтөргөн,
Кыйлалар чыккан Шекерден.
Талант-шык жугуп калсын деп,
Кайталап өтөм көчөңдөн.

* * *

Алым жок, балам, арка-бел боло албаймын,
Билбеймин эми, алдыман күтөт кандай күн.
Жарк эткен жакшы иштерим деле жок экен,
Жашадым окшойт жазмышы менен маңдайдын.

Арыдам, балам, боюмдан качып дарманым,
Бир кудай билет ичер суу канча калганын.
Ата Журт оору, жуксуздар төрүн тебелеп,
Айыгат качан? Арманым ушул, арманым!

Карыдым, балам! Көтөрүп алдың боорунду,
Жеңилим жерден, колумдан алдың оорумду.
Мен үчүн чоочун, жапайы жана табышмак,
Кут кылсын сага өзүндүн ушул доорунду.

## ПАДЫШАЛАР

Падышалар тарыхты билишпейби?
Жомок көрүп же көзгө илишпейби?
Эптеп эле бийликке жетип алып,
Эртеңине түкүрүп жүрүшпөйбү.

Падышалар тагында сыйкыр барбы?
Шыбышты угуп, укпаган кыйкырганды.
Туюктардан жол издеп жүрбөсүн деп,
Туулгандан канаты кыркылганбы?

Калптын басар жолуна Чынды төшөп,
Падышалар көтөрбөйт сынды дешет.
Жакырлардын терисин сыйрып алып,
Жакындарын чапандуу кылды дешет.

Калк башынан өткөрүп не заманды,
Жер оодарып, кырылды же таланды.
Коктулардан жыйылып кайра чыккан,
Тууга айлантып алышып жеке адамды.

Эл көтөрсө ошентип падышаны,
Так үстүндө тайраңдап калышабы?
Кумарына бийликтин мас болушуп,
Бүгүнкүсүн эртеси танышабы?



Падышалар бек болсо убадага,
Элин салбайт түйшүккө, убарага.
Калыс жана адилет өкүмдарлар,
Калган окшойт жомокто, уламада.

Ач көз, жалак падыша «элим» дебейт,
«Элим» деген падыша элин жебейт.
Сөөгү сөпөт болсо да кылым өтүп,
Падышанын күнөөсү жеңилдебейт.

## УБАКЫТ ЖОК

Таттуу сөздүн таңдайда даамы барда,
Тирүүлүктө сый артык баарынан да.
Болор-болбос иштерде бой качырып,
Убакыт жок чын эле таарынганга.

Ишиң бүтпөй, убакыт жетип-жетпей,
Өмүр кыска, өкүнүп өтүп кетмей.
Бүгүнкү күн эртеңки ажат ачар,
Буюм эмес турбайбы бекиткендей.

Убакыт жок, мезгилди өткөрбөйлү,
Бир көз ирмем өмүрдү көп көрбөйлү.
Алысыраак карайлы, алысыраак,
Мурдубуздун учуна чектелбейли.

* * *

Бул жол катаал, чыдай алар бекенсиң,
Көргөнүңдү көтөрөбү жүрөгүң?
Канткен менен сен аларга бөтөнсүң,
Издегениң башка экенин билемин.

Көктүгүндөн көп учурда кагуу жеп,
Бирок, артка кайтканыңды көрбөгөм.
Бул жашоодо ар ким ордун табуу кеп,
Адашсак да бир бололу эл менен.

Анда мейли, кайрылбасаң кайрылба,
Чыгасың го бир балээнин үстүнөн.
Көчө супсак, сен жетишпей айлымда,
Кирип-чыгып, үшкүрөм да үшкүрөм...

## ӨМҮРДҮН БИР КҮЗҮ

Коңур күз. Айыл. Аш-той көп,
Саламын кыш да баштайлек.
Күнөстө чалдар азилдеш,
Уланат кепке шашпай кеп.

Саясат талаш, кеп кызуу,
Эч кимдин келбейт кеткиси.
Токпейил тартып айылым,
Унутта заман тепкиси.

Пейилин төгүп барпаң күз,
Береке кирип, дарканбыз.
Ызасын жутуп кыш тоодо,
Байланып турат аркансыз.

Тоолор суз, басып мунарык,
Талаа бош, жатат суналып.
Акысы күздүн калды окшойт,
Ашса эле эки-үч жумалык.

Эртеден кечке жүгүрүп,
Эзели бүтпөс тирилик.
Жалдырап тиктейт бак-дарак,
Жалбырак эбак күбүлүп.

Ушулбу жашоо үлгүсү,
Келсе да көпкө жүргүсү.
Шашылып өтүп баратат,
Өмүрдүн дагы бир күзү.



* * *

Жалындуу жаштык бар экенде,
Өткөрбө өмүрдү бекерге.
Булутту бучкактап турсаң да,
Суранам, «мен» дебей «Мекен» де.

Тамырың айылда, унутпа,
А бүгүн Ата Журт туюкта.
Эгин эк, там кургун, жол чыгар,
Бир нерсе кыла көр улутка.

Эч качан аябас эч кимди,
Убакыт учкаяк-сездиңби?
Жаныңдан өткөрүп жибербей,
Жалынан кармап кал мезгилди.

* * *

Жанды жанчып, канча аракет кылбайлы,
Каалагандай боло бербейт турбайбы.
Оңой эмес көр оокаттын салмагы,
Ийилели, асти, бирок, сынбайлы.

Өткөн күндү оңдоп-түзөй албайсың,
Өмүр кыска, кумарына канбайсың.
Топук кылып тойгонуна курсагың,
Моюн сунуп, өзүңдү өзүң алдайсың.

Өтөт-кетет, унутулат бул күн да,
Доско күлкү, каска таба кылдырба.
Бул жашоонун жеңил жолун табам деп,
Абайлабай абийириңди жулдурба!

Анда мейли, кайрылбасаң кайрылба,
Чыгасың го бир балээнин үстүнөн.
Көчө супсак, сен жетишпей айлымда,
Кирип-чыгып, үшкүрөм да үшкүрөм...

## ӨМҮРДҮН БИР КҮЗҮ

Коңур күз. Айыл. Аш-той көп,
Саламын кыш да баштайлек.
Күнөстө чалдар азилдеш,
Уланат кепке шашпай кеп.

Саясат талаш, кеп кызуу,
Эч кимдин келбейт кеткиси.
Токпейил тартып айылым,
Унутта заман тепкиси.

Пейилин төгүп барпаң күз,
Береке кирип, дарканбыз.
Ызасын жутуп кыш тоодо,
Байланып турат аркансыз.

Тоолор суз, басып мунарык,
Талаа бош, жатат суналып.
Акысы күздүн калды окшойт,
Ашса эле эки-үч жумалык.

Эртеден кечке жүгүрүп,
Эзели бүтпөс тирилик.
Жалдырап тиктейт бак-дарак,
Жалбырак эбак кубулуп.

Ушулбу жашоо үлгүсү,
Келсе да көпкө жүргүсү.
Шашылып өтүп баратат,
Өмүрдүн дагы бир күзү.



* * *

Жалындуу жаштык бар экенде,
Өткөрбө өмүрдү бекерге.
Булутту бучкактап турсаң да,
Суранам, «мен» дебей «Мекен» де.

Тамырың айылда, унутпа,
А бүгүн Ата Журт туюкта.
Эгин эк, там кургун, жол чыгар,
Бир нерсе кыла көр улутка.

Эч качан аябас эч кимди,
Убакыт учкаяк-сездиңби?
Жаныңдан өткөрүп жибербей,
Жалынан кармап кал мезгилди.

* * *

Жанды жанчып, канча аракет кылбайлы,
Каалагандай боло бербейт турбайбы.
Оңой эмес көр оокаттын салмагы,
Ийилели, асти, бирок, сынбайлы.

Өткөн күндү ондоп-түзөй албайсың,
Өмүр кыска, кумарына канбайсың.
Топук кылып тойгонуна курсагың,
Моюн сунуп, өзүңдү өзүң алдайсың.

Өтөт-кетет, унутулат бул күн да,
Доско күлкү, каска таба кылдырба.
Бул жашоонун жеңил жолун табам деп,
Абайлабай абийириңди жулдурба!

## КЕРЕМЕТ МЕНИН ТАЛАСЫМ

Оймоктой жери Таластын,
Очогу болгон талаштын.
Оомат, кут келген акыры,
Ордосу конуп Манастын.

Айкөлдүн жери ыйык жер,
Асыл ой менен сүйүп кел.
Аруулук сиңип каныңа,
Ата Журт үчүн күйүп бер.

Үйү эмес Талас жалпынын,
Үзүрү журттун наркынын.
Үзүлүп-түшөр Мекеси,
Үркөрдөй кыргыз калкынын.

Кыш мезгил жылуу, жай салкын,
Кыздары сулуу айжаркын.
Кызуу кан келет жигиттер,
Карабайт кээде алды-артын.

Томуктай болгон жерим бар,
Топуктуу, калбаат элим бар.
Такалган барып Манаска,
Теңирим сүйгөн тегим бар.

Сүтүндөй тууган эненин,
Сууларың-ыйык белегиң.
Суйкайган сулуу жериме,
Суктанбай коймок эле ким?

Keриле жутсаң абасын,
Күч-кубат топтоп аласың.
Кылычы сымал кыргыздын,
Керемет менин Таласым.



* * *

Көлөкө менен кармашып,
Кетүүдө текке кубат-ал.
Керектен чыгып, чаң басып,
Уйкуда жатат уят-ар.

Кан теппей кайдан кыйкырмак,
Бүжүрөп өтөр бир күнүң.
Ошентип абийир жыртылмак,
Жашоонун таппай түркүгүн.

* * *

Безилдебе карындаш, безилдебе,
Бейжайланып, жок окшойт эсиң деле.
Көкүрөктө көрөңгө болбогону,
Көзүңдөле турбайбы, көзүңдөле.

Карай албай кумсарган ирецинди,
Качып барам кармалап жүрөгүмдү.
Бөкөчөйгө айлантып алыптырсың,
Бешенеңе берилген бир өмүрдү.

## ТОПУК

Жемек кайда падышалар жегенди,
Унутушкан дешет алар ченемди.
Түндүгүнөн куюлса да дүнүйө,
Билишпейби шүгүрчүлүк дегенди.

Тагдыр биздин бешенеге чийгенби,
Кийе албайбыз канышалар кийгенди.
Топуратып айдаганы азсынып,
Тоноп жатат менин ички дүйнөмдү.

Топук кылам, дасторкондо наным бар,
Конок келсе бир чай берер алым бар.
Жан дүйнөмө суук колун сундурбай,
Коргой турган намысым бар, арым бар.

Көз тийбестир бактылуумун десем мен,
Жашап келем аш үзүлбөй кесемден.
Айтпай деле койсом болмок... Бир гана,
Арылалбай жүрөм бир аз кеселден...

## КАЙРЫЛУУ

Улутту сактап калам деген болсоң,
Улуттун чындап камын жеген болсоң.
Улутчул болуу керек. Жөн эле жүр,
Өзүңдү башка улуттан төмөн койсоң.

Бүрүшпөй, жалтактыктан арылалы,
Чүрүшпөй, келгиле бир жарылалы.
Уйку-соо жүрө бербей ар бирибиз,
Улутчул деген жарлык тагыналы.

Сиңирип алуу үчүн түбү бизди,
Ириде унуттурат тилибизди.
Өзүбүз өзүбүзгө душман болуп,
Тымызын сатып коюп жүрүбүзбү?

* * *

Алдында турат көп жолдор,
Адашпа балам, өктөм бол.
Айрыкча ыйык сен үчүн,
Айылга карай кеткен жол.

Качандыр кетип тобубуз,
Келгенге тийбейт колубуз.
Күндөрдүн күнү ушул жол,
Кайрылып келер жолубуз.



## «ЭЛ, ЖЕР» ДЕП СОКСУН ЖҮРӨГҮҢ

Агытса бийлик алкымын,
Азабы тура калкынын.
Ата Журт анда үйүнө,
Айланып кеткен жалпынын.

Канаты сынса Мекендин,
Кол учун сунар экен ким?
Каткырып жүрө берербиз,
Кешигин ичип чет элдин.

Эритсин ташты илебиң,
Эртеби-кечпи, бир өлүм.
Эркиндик деген эң кымбат,
«Эл, жер» деп соксун жүрөгүң!

## ИШЕНГИЛЕ

Өз ишимден канагат албай келем,
Бирин бүтпөй башкасын кармай берем.
Андан өткөн дагы бир кемчилигим,
Ушунчалык уйкуну жандай көрөм.

Чакырылсам эртелеп бармайым бар,
Сөз атасын өлтүрүп алмайым бар.
«Кырстык кылып коёсуң» – дейсиңерби?
Мүнөз экен, чын эле андайым бар.

Кошоматтык дегенди жек көрөмүн,
Ак көңүлдүк азабын жеп келемин.
Жасалмалык жаныма батып менин,
Көргүм келбейт кишинин көпкөлөңүн.

Ушул менин турмуштан утарымбы,
Дарак сымал жайылттым бутагымды.
Жашырбаймын шарапты достор менен,
Кээде-кээде жакшы эле жутарымды.

Менин жолум өзүмкү, тоспогула,
Мансапкорлор тобуна кошпогула.
Жалгыздыкка ыкташып алган менен,
Түз чыгар дейм мамилем досторума.

Аз айып же көп күнөө кылганыма,
Анча деле көңүлдү бурбагыла.
Мага балким ишенбей турсаңар да,
Ишенгиле жазылган ырларыма.

## ТААРЫНЫЧ

*(Кыргыз-Казак чек арасында кыргыздардын адамдык укуктарынын тебеленип жатканына жан кейигенде)*

Аз келгенсип тарткан азабым,
Жанга батып кетти мазагың.
Боздотосуң эзип боорумду,
Боордошум деген казагым.

Келип турат, ырас, кел-келиң,
Өсө берсин дагы өркөнүң.
Жарандарын кемсинтпесеңчи,
Жашай албай жаткан өлкөнүн.

Ташыркаса кыргыз тулпары,
Таба кылбайт эстүү журт аны.
Така таап берсең жарашмак,
Көкчө хандын болсоң урпагы.

Каада-салттуу, кандаш эл элек,
Катаал жолдо арка-бел элек.
Абылайдан берки кегинди,
Алганыңбы, бизди тебелеп?

Жарымысы жек-жаат кеминде,
Өчүң барбы Талас элинде?
Ирегеден итке талатып,
Чалчактайсың, бирок, төрүмдө.



Баурласым, менин казагым,
Сынып турат сенден назарым.
Жатындашка кылба кыянат,
Жаратkандан келер жаза миң.
Жолугушар далай жол бардыр,
Менин дагы болор базарым.
Силкпей турчу колду, казагым!

## АРАШАНДА

Жүрүп-жүрүп апкелди жол ушуга,
Акындардын кондуруп конушуна.
Арашанда жатамын кулак төшөп,
Аламүдүн суусунун добушуна.

Сүкөм менен Сокемдей[1] кары мында,
Бир ууч элдин намысы, ары мында.
Күндөп-түндөп канчасы жазып жатат,
Калуу үчүн кыргыздын тарыхында.

Ар биринин ай чапчып дымактары,
Адат окшойт тоодон таш кулатмагы,
Кантсе да алар Жараткан өзү берген,
Чоң-кичине таланттын булактары.

Жазайын деп көйгөйгө алаксыбай,
Мен да келдим шедевр жаратчудай.
Уйкаштыкты кубалап убарамын,
Узун түндө жол тоскон каракчыдай.

Убарамын ыр издеп, убарамын,
Илхам кайда? Келсеңчи, суранамын.
Каалаганын берейин, жалгыз гана,
Жараткан ай, арымды сурабагын.

*23-июль, 2006-жыл.*

---

[1] С. Эралиев, С. Жусуев.

## СИЛКИНҮҮ КЕРЕК БОЛУП ТУРАТ БҮГҮН

Оо, анда досторума колум ачык,
Шатырап кайда барсам жолум ачык.
Жүргөндө бөксөрбөстөй, чайпалбастай,
Жокчулук койду минтип жонум ачып.

Ырас, мен калбасам да кептен кийин,
Бирок, жок мурдагыдай өктөмдүгүм.
Казаным оттон түшүп калбаса да,
Кайталап эңсеттирет өткөн күнүм.

Айланып өмүр улам эскерүүгө,
Жашоонун нугу бачым өзгөрүүдө.
Айылымда айып кылып койсо бирөө,
Аксакал экем, мага сөз келүүдө.

Чийилген бешенеге көрдүм күнүн,
Көтөргөн деле жокмун элдин жүгүн.
А бирок, доо кетирбей абийириме,
Айлыма жүзүм жарык келдим бүгүн.

Элетте, эл катары жашап келем,
Колумдан келген ишти жасап келем.
Жүрөгүм ооруганы – баспай неге?
Ата Журт боортоктойт азап менен.

Элимдин эртеңкиси кандай болот?
Айтышат андай болот, мындай болот.
Жүдөгөн айылдаштар жолукканда,
Жүрөктүн оорумайы кармай коёт.

Ириде ичип-жешке туулгандай,
Арт жактан келе жатат муун кандай?
Азабың көп экен деп Ата Журтум,
Аргасыз боло түшөм муунгандай.



Биз көрдүк тирүүлүктө буйруганын,
Өткөрдүк баштан ызаат, сый кумарын,
Уңгусуз урпагымдын эртеңкисин,
Эстесем денем үркүп, чыйрыгамын.

Өлкөм ай, жол үстүндө кулап жүгүң,
Уурдаттың көбүн асыл убактыңын.
Улуттук кайра баштан жаралууга,
Силкинүү керек болуп турат бүгүн.

Силкинүү керек болуп турат бүгүн,
Бул ишке белин байлап чыгат кимиң?

## ТИЛЕК

Ичкен ашын ташташып иш дегенде,
Айылдаштар үйрөнду иштегенге.
Таңдан-кечке талааны мекендешип,
Жаздан-күзгө таппайсың издегенде.

Жер тырмалайт ар үйлө жанын сабап,
Короо-жайын оңдошуп, тамын салат.
Саясатты чагышып чемичкедей,
Талашканга жарашат алым-сабак.

Сыйындабы же балким, кебиндеби?
Билбейм, бирок, жукарып пейилдери.
Агайындар арасын алыстатып,
Өтүп жатат «өзүм» деп өмүрлөрү.

Өзгөрүлүп каада-салт, жөрөлгөсү,
Кемип бара жаткансыйт көрөңгөсү.
Жагынууну билбеген айыл эле,
Жаңыруунун тийсе экен өбөлгөсү.

## АВТОБУСТА

Булуттар. Таш жол. Багыт бир,
Жарышып дайра агып тур.
Агарган тоонун боорунда,
Карарган айылым калыптыр.

Дугдуңдайт ылдый автобус,
Бир аял, эркек – алтообуз.
Урушуп алган сыяктуу,
Тунжурап келет ортобуз.

Шыбак жыт бүркүп саратан,
Төмөн жак кудум алакан.
Кампайган кара сумкечен,
Калааны көздөй баратам.

Жол узак, көздөр уйкулуу,
Нымшытат аптап тулкуму.
Жүдөтүп барат шопурду,
Таш менен жолдун чуңкуру.

Кыялап көчө аралай,
Кубалайт зымдуу карагай.
Кубанып кутман жериме,
Кумарым барат тарабай.

## АПТАП

Куйкалап күндүн аптабы,
Шылкыят чаңкап бак дагы.
Кунары учуп кумсарат,
Адырдын күңгөй капталы.

Торгойдун үнү буулуп,
Тоолорго булут куулуп.
Тармал чач талдар суу бойлой,
Толкунга түрөт жуунуп.



Чөп-чарга арнап ыр ырдап,
Чегиртке тынбайт чырылдап.
Табалбай айла ысыктан,
Тамшантат түндүк уюл жак.

Куюлуп бойдон терибиз,
Тумчугуп чыгат демибиз.
Капырай, деги каякка,
Катабыз башты эми биз?

## ШҮГҮРЧҮЛҮК

Дагы бир таңды көрдүм, шүгүрчүлүк,
Тургандыр күтүп мени бүгүнкү жүк.
Өмүрдүн өтөөсүнө чыксам деймин,
Кызыкпай кызыгына күнүмчүлүк.

Тамтыгы кеткен ойлор чыгар мунум,
Же, балким, бир тойгонго турар кунум.
Кантсе да уят деген улуу журт бар,
Урпагым жүз сөзүмдүн угар бирин.

Өзүмө өзүм болуп таянганым,
Өмүрдө салбасын дейм жаманга күн.
Ишимдин дурустарын иргеп алып,
Итере салар мезгил жаман жагын.

Уттурдум көбүн, ырас, убактымдын,
Өмүрдү түгөнбөстөй чубаптырмын.
Купулга толор ишим болбогон соң,
Кудайдан кечиримди сурап турмун.

* * *

Акындык талант жогун сезбей койду,
Эзгилеп келе жатат эски ойлорду.
«Том-томдоп чыккан менен китептериң,
Өмүрүң өттү бекер», – деп койсомбу?

## ЖОЛ БАРДЫР...

Жол бардыр мен билбеген, сен билбеген,
Жаңысын тапсаңарчы эл жүрбөгөн.
Кайрылып канаттарым, жаткансыймын,
Камалып караңгы үйдө жел кирбеген.

Жол бардыр, жолду билээр көсөм бардыр,
Эл баштап, топту жирээр көзөл бардыр.
Үзүлүп үзөңгүлөр, басмайыл бош,
Кыйкырып кырга чыгаар кезең бардыр.

Улутпуз, уябыз бар Мекен деген,
Келгенбиз жоодон коргоп нечендеген.
Бабалар башын сайып койгон жерде,
Урпактар ушунчалык бечел белем.

Мекеним – баркың кетип, наркың кетип,
Аргасыз жер оодарып, калкың кетип.
Тойбостор тойканага айландырды,
Таланып туш-тараптан, тарпың кетип.

Жол бардыр, ачпайлыбы көзүбүздү,
Ышкырып, ырсактоочу кезибизби?
Душмандан кек алгандай кебелбейбиз,
Өзүбүз башка чаап өзүбүздү.

## ДЫЙКАН ЫРЫ

Мен жөн эле дыйканымын айылдын,
Жер тырмалап өтүп жатат тирилик.
Саясатка деле чыны-кайылмын,
Бир четинде жүрөм элдин, илинип.

Бирок, мени жөн-жайыма коюшпай,
Тапканымды талашкандар көп экен.
Аз берсем да, көп берсем да тоюшпай,
Бийлик ээлеп тургандар бир кеп экен.



Көрө албадым жардам сунуш кылганын,
Кайда барсам алаканын жайышат.
Кээде келет жер кучактап ыйлагым,
Мынча неге убададан тайышат?

Бүтпөйт ишим сураганын бербесем,
Куруп кеткир, кудайга да карашпайт.
Мен аларды камчыга сап эр десем,
Алар мени адам деле санашпайт.

Абийир арзан, уят деген унутта,
Сатсаң албайт, саркындыга төгө бер.
Керегиңер барбы бүгүн улутка?
Көрүнгөнү ушул болсо төбөңөр.

## ЧАҢЫРЫК

Көрбүзбү? Кудай алып кеткирдики,
Чобурду буудан экен деп жүрдүкпү?
Өзгөчө бир жаралып калгансың деп,
Өзүбүз эле сени көптүрдүкпү?

Каткыртып каршылашты майрамдаттык,
Ким-жогун көчөбүзгө тайраңдаттык.
Текөөрү темир бүркүт экен десек,
Капырай, кулаалыны кайдан таптык?

Бийлигиң түлкү белем булактаган,
Кыз белем көзүн кысып кылактаган.
Оюнбу өмүр бою кумар канбас,
Азообу чалма салбай сылатпаган?

Бийликтин укуругу узун дешет,
А бирок, басат бычак мизин дешет.
Калкынын күтүлбөгөн кулу болуп,
Тагдырдын ташын чайнап, музун жешет.

Ошондой! А биз дале туюктабыз,
Адаштык жол табалбай улутка биз.
Айланып жорулардын мекенине,
Ата Журт азап тартты унутпагыс.

Кааласа бөлүп-жарып элибизди,
Кааласа сатып кирет жерибизди.
Кадырсыз калкка айланып калгычакты,
Көчүрүп жибергиле эми бизди.

Арманды жутуп жүрүп өлгүчөктү,
Алтайга кайра көчүп, өргүсөкпү?
Кайтарып катындарды күтөлүбү?
Кайра бир Манас тууп бергичекти.

* * *

От издеп сезимди тамызганга,
Ойронум, анчалык алыс барба.
Ай тосуп айылдын четине чык,
Комбайн калтырган аңыздарга.

Бактылуу ирмемге көрүшкөнү,
Бакка кир төгүлгөн жемиштери.
Балкып ал мандайдан агызып тер,
Май болуп ээриген чөмүчтөгү.

Жашоонун сезүүгө кереметин,
Жалынды өчүрбөш керек өзүң.
Калк үчүн казыктай кагылганда,
Кайрадан, кайрадан төрөлөсүң.

* * *

Жүрөгүндө боорукерлик болбосо,
Жүгүн ала билүү кыйын башканын.
Кылар ишиң купулуңа толбосо,
Бир бүтүмгө келүү үчүн шашпагын.

Адамдарга ак болбосо пейилиң,
Ниетиң да биротоло карарат.



Андай кезде ардактамак сени ким,
Мүдүрүлсөң ким колтуктан таямак?

Алуу кыйын каталыкты моюнга,
Издөө адат күнөөлөрдү башкадан.
Куштай күтүп, сөзүн, ишин, оюн да,
Кемчилигин билген адам – жакшы адам!

## КУШ ӨМҮР

Көр тирилик деген курусун,
Колду байлап, бүтпөйт жумушуң.
Калкың үчүн кайткыс касиет,
Кан тамырда жүрсүн тымызын.
Качандыр бир жарып чыкпаса,
Кекиртектин анда кулусуң.

Жарык дүйнө, ырас, керемет,
Жаннат, билбейм, балким, теңелет.
Жараткандын берген насибин,
Жүрбөйбүзбү күндө тебелеп.
Жамандыктар баштан өтсө да,
Жакшылыкка адам төрөлөт.

Калкың үчүн жер каз, кыш кына,
Күйгүн, өрттөн, бирок, бүкшүба!
Керек болсо күнгө атырыл,
Күлгө айлангын сүйүү ышкына.
Кетет, өтөт баары, бул өмүр,
Колдон учар алтын куш тура!

## КАЯКТАСЫҢ?

Сунсун мейли кылычын жалаңдатып,
Бүгүлбөчү, башыңды салаңдатып.
Элимдеги ээрчиме кайдыгерлик,
Турат бүгүн жаныма жаман батып.

Кайда сенин, калкым ай, көсөмдүгүң?
Өлкөм өзү өнөкөт кесел бүгүн.
Чарт жарылып, чачырап кетебизби,
Эртеңкинин тилейли эсендигин.

Бийлигинде ич ара кармаш жүрүп,
Баш мыйзамды калпактай алмаштырып.
Эгемендик эсепсиз зордукталды,
Батыш-чыгыш моделин жармаштырып.

Шоруң бар ай, шоруң бар, шордуу элим,
Өзүң малай, таламай болду жериң.
Жол талашаар четинден чыккан менен,
Атаганат, жок тура жол билериң.

Жыйнай албай кайран эл аяк-башын,
Жоголуунун жолунда баратпасын?
Аңгек менен дөңгөктүн арасынан,
Алып чыгар азамат каяктасың?

Көкүрөк зил, көзүмдөн агат жашым,
Арга таппай агарып барат чачым.
Өз төрүндө өзгөгө тебеленип,
Жутат окшойт акыры арак башын...

## ООМАТТУУЛАРГА

Кызматка, билбейм, абалы,
Жалтагын тандап алабы?
Бийликке жетип алган соң,
Билерман болуп калабы?

А балким, кызмат абалы,
Акылын соруп алабы?
Үстөлүн коргойм деп жүрүп,
Келесоо болуп калабы?

Айтканда сөздүн ачыгын,
Жетпеди такыр акылым.



Жанына топтоп алышат,
Жинди да болсо жакынын.

Менчикке кызмат айланып,
«Магарыч» берип, кайра алып,
Манчыркап жашай беришет,
Бирине бири байланып.

Үлпөттөн үлпөт күнүгө,
Өзү эле келип дүнүйө.
Ооматтуу булар өлкөнүн,
Ор казып жатат түбүнө.

## ЫРЫМ – МЕНИН ПИКЕТИМ

Уктабай, улут болсоң ойгонсоңчу,
Кичине мээ иштетип ойлонсоңчу.
Карт тарых кылымдардын түпкүрүндө,
Кыргыз деп атыңды атап койгон болчу.

Кыргызбыз, кыр элдери аталганбыз,
Кытайга кылыч шилтеп, бата алганбыз.
Кокуй ай, куруп бара жатпайбызбы,
Курсакка кул болобуз качанга биз?

Жарышып жаадан учкан жебе менен,
Урумду тулпарлары тебелеген.
Эл элек, эмне болуп баратабыз?
Биринин башын бири жөлөбөгөн.

Байкабай барар жолдон кечиккенин,
Көөдөн бош, көкүрөктө өчүп демиң.
Абийириң айран болуп төгүлүүдө,
Чукулуп бир-бириңе көчүктөрүң.

Билбеймин ким эмнеге таянганын,
Жазылып жалган тарых, баяндарың.
Көйнөксүз, көчө жүрүш баштап жүрөт,
Ажаандар армиясы – аялдарың.

Бийликке кумар болгон көзөлдөрүң,
Билгизбей сатып коёт өз эл-жерин.
Кыргызың кырылса да кыл кыйшайтпас,
Кудайдан жөө качкан бул безерлерин.

«Калкым» деп каным күйүп, түтөп турам,
Өзөктү өрттөп жалын, күчөйт улам.
«Ойгонгун элим!» деген ураан таштап,
Ыр менен өз элиме пикет кылам!

## «ДҮЖҮРЛӨР» ЫРЫ

Биз мал элек, мал боюнча калабыз,
Кайда айдаса баш көтөрбөй барабыз.
Катып алган котур ташын койнуна,
Коомдогу айыкпаган жарабыз.

Биз бийликке көңүл ачар оюнбуз,
Керек кезде шилтээрине союлбуз.
Ойлонууну эбак эле унуткан,
Көөдөндөгү башка айланган моюнбуз.

Биз ит элек, ит боюнча калабыз,
Айдактаса атабызды кабабыз.
Бийлик бизди бычып жатса тебелеп,
Адырандап алаканды чабабыз.

Күйүп-бышып, кара күчкө «элим» деп,
Бирок, бийлик акырынан жемин жеп.
Өмүр бою сойлоп жашап келебиз,
Өзүбүздүн сөзүбүздү төгүндөп.

Жалтак элек, жалтак бойдон калабыз,
Туйлаганга жетмек беле чамабыз.
Эл ичинде эптеп жашап жүргөндө,
Айткылачы, барбы башка чарабыз?



## САПАРДАМЫН...

Жалгыздыктан чөгүп, кирдеп сезимим,
Сапардамын... Жолдош болот эми ким?
Ар ким эле биле бербейт окшойбу,
Тирүүлүктө теңтушу ким, теңи ким?

Насип буйруп, бул дүйнөгө бир келдик,
Жакшы-жаман, өйдө-төмөн күн көрдүк.
Маянадан пенсияга жеткиче,
Өмүр тура бир эле көз ирмемдик.

Кең дүйнөнүн көрчү кээде тардыгын,
Түккө арзыбай жоктугуң да бардыгың.
Өпкө-жүрөк алкымыңа тыгылат,
Чыгып эле кетүүчүдөй жан бүгүн.

Унутулуп калган жерде намыс-ар,
Кошоматтык деген кесел жабышаар.
Өз элинин кадырына жете албай,
Өзгөлөргө садагага чабышар.

Каяшасыз, үнү чыкпай кылкынып,
Кайрат-күчү тамырынан кыркылып.
Биз ишенген билермандар жүрбөйбү,
Батинке эмес тизелери жыртылып.

Оңбогон сай оозундабыз биз деле,
Керек жерде кеп айталбай түз деле,
«Дүжүр чалдар» катарына кошулуп,
Илингенбиз эбак эле тизмеге.

Башыбыздан канча мүшкүл өтүп иш,
Аз эместир кубанчынан өкүнүч.
Абийириңди ала кел деп эскертип,
Тиги кырда күтүп турат жетимиш...

* * *

Топтолуп алып «көп бөрү»,
Тартышып жатат көкбөрү.
Козголуп канда уктаган,
Куйкалайт ышкы – өрт мени.

Азгырып аттын кумары,
Кыргызмын, калбайт сыягы.
Тагдырым болуп калгансыйт,
Такымга баскан улагы.

Ызы-чуу, ураан-чакырык,
Өкүрүк менен бакырык.
Айылдын үстүн чаңдатып,
Алаамат кылып жатырык...

## АР КҮНҮҢ – МАЙРАМЫҢ

Бах, чиркин, ажайып го,
Кең аалам, жарык дүйнө.
Бер жагы табышмактуу,
Ар жагы жабык дүйнө.

«Миң бир түн» эмне имиш,
Керемет жомок мына.
Бечара адам гана,
Бир келген конок тура.

Дүйнөнү түрө кыдыр,
Ааламды аңтар, адам.
Кумарың таркабастыр,
Кусалык артар анан.

Ар күнүң кайра келбес,
Майрамың, унутпагын.
Унутпа, ак таң менен,
Келаткан үмүт барын.



Ошентип өтөт, кетет,
Бул өмүр аккан дайра.
Качандыр кайрылсак ээ,
Кайсы бир жактан кайра...

* * *

Бозала кыла көрбө тагдыр мени,
Ызасы, билем, оор жеңилүүнүн.
Алдымда бурулуштар бардыр деги,
Табылар таасын жолу өмүрүмдүн.

Кызарта көрбө мени урпагыма,
Аткарып алайынчы ойдогуму.
Карызмын туулган жердин турпагына,
Мойнума милдет артып койбодубу.

Жол жатат салааланып, кайда барам?
Асти мен өкүнүчтө калбайынчы.
Өттү бейм өмүр суудай, кайнабаган,
Акыркы мүмкүндүктү кармайынчы...

* * *

Акылдуусун, мейли күткүн салабат,
Бирок, антип жүрө албассың дамамат.
Жүрөгүндө жакшылыктын оту жок,
Жупунулук деген сезим сага жат.

Күйүмүш бол, күлүмүш бол канчалык,
Көздөр мерес, эки беттен кан тамып.
Өзүңдөйлөр өкүмдарлык кылышып,
Өлкөм жүрөт калчанып да чарчанып.

Жыла берип күндүн тийген жагына,
Жыртылды бет, ыраазысың аныңа.
Жагалданып, жалган сүйлөп, жасалма,
Каткырасың, билбейм, кайсы арыңа.

Уят деген жүк бар адам көтөргүс,
Булгап алсак жууй албай өтөрбүз.
Айга көчүп кетсек деле, капырай,
Сендейлерден кутулалбайт экенбиз.

* * *

Эртеңки күндөн издеп жашоо нугун,
Кечээги күндөр бизди камчыласын.
Тагдырды каалагандай жасоо кыйын,
Жаңылсаң биротоло жанчыбасын.

Оо, анда кыйын башты көтөрүшүң,
Жан дүйнөң көрүнгөнгө тебеленип.
Билинбей артка карай кетер ишиң,
Төбөңө кара булут тегеренип.

Жоготсоң ишенимин жолдоштордун,
Кашайып канатыңдын кайрылганы.
Аттанып чыккан менен болбос жолуң,
Кыйын го кадырыңдын кайрылмагы.

Жоготсоң эгер элдин ишенимин,
Жолуңдун биротоло буулганы.
Чийилип көзүң өтсө бүт өмүрүң,
Эстелбейт сендей адам туулганы.

Ырас го, өмүр-өлүм тирешкенде,
Ааламды алакандан тарттыраарың.
Насибиң, ичээр сууң түгөнгөндө,
Бар болсун бул дүйнөгө арттыраарың.

## СӨЗҮМ КАЛДЫ АЙТЫЛБАЙ

Түшпөй туруп элиңдин элегине,
«Элим» дейсиң, элиңе берериң не?
Элүү жашка келгиче жарадыңбы,
Жок дегенде бир жолу керегине.



Куйүп-күйүп күл болуп күлгүн кезиң,
Күйпөлөктөп, жүдөмүш бир күндөсүң.
Улагадан чыгалбай улгайыпсың,
Жүрөгүңө көргөзбөй күндүн көзүн.

Ачык-айрым жан элең жаркылдаган,
Калыстыкты айтуудан тартынбаган.
Тагдырыңа чөк түшкөн түрүң көрүп,
Сөзүм калды жутулуп айтылбаган.

## ӨКТӨМ БОЛГУМ КЕЛГЕН МЕНЕН

Жүргөндө кусалыктын кучагында,
Мен сенден чоочундукка узадым да.
Жан дүйнө бейпилдигин табам десем,
Калдымбы жалгыздыктын тузагында.

Билбепмин күндөр мынча супсактыгын,
Куну сен белең менин кут-бактымын.
Жалгыздык дүйнөсүнө качкан менен,
Жашоодон деги эмнени утмакчымын?!

Байкабай күндөр сенсиз кеп экенин,
Жеңиштен жеңилмегим көп экенин.
Канчалык өктөм болгум келген менен,
Азайып бара жатат тобокелим.

## ЖОЛУМ КАЙДА?

Жоготкон жолум кайда? Үмүт жолдош,
Издеймин чукул буруп аттын башын.
Өмүргө өкүнүч же кудук болбос,
Жол чалып келем билип таптырбасын.

Жоготтум беле, балким, жолум жоктур,
Бирөөнү ээрчип келе жаткандырмын.
Эңсеген жакта мага орун жоктур,
Өзүмдү ушул жерден тапкандырмын.

Ким билет? Ай ким билет кандайлыгын?
Суроо көп чечилбеген түйүндөрү.
Ырларым – менин тапкан бар байлыгым,
Анан да сыйым калар үйүмдөгү.

* * *

Кожосу болом деп колоттун,
Жомогуң бар эле, жоготтуң.
Качандыр өкүнүч келгенде,
Кайрылып данакер болот ким?

Айланып, байланып коктуга,
Өчүрдүң жүрөктөн отту да.
Үзүлгөн жомогуң уланбайт,
Арга да, айла да жок буга.

Кыялбы, закымбы эркиндик?
Кымбатпы андан да көртирлик?
Бир сасык кекирип алам деп,
Жомоктун жомогун өлтүрдүк.

* * *

Ойлобогон жерден кетип бир иттик,
Ортодогу жолдоштукту ириттик.
«Кечиргин» деп эң биринчи кол сунуп,
Экөөбүз тең кылалбадык жигиттик.

* * *

Ары жактан кылтыйгансыйт бир кемтик,
Оюңду айтчы, боёк сүртпөй түрлөнтүп.
Жолуң тосуп, жолборс болуп комдонуп,
Чындык жатат окшойт сени сүрдөнтүп.

* * *

Дүйнөдө бар экениң, жок экениң,
Же сенин ач экениң, ток экениң.
Эч кимдин шыйрагынан чыкпаган соң,
Билбеймин кандай болот келечегиң.



Бекерби кайран жанды кыйнаганың,
Термелеп өлүү дүйнө жыйнаганың.
Жоголуп кетсең деле ким эстемек,
Жок болсо кадырлашып сыйлаганың.

* * *

Уктуруп коёт экен жаман кеп,
«Ишиң эми биротоло тамам» – деп.
Дарвин айткан маймылдардын тукуму,
Кыт-кыт күлүп, олтурушат банан жеп.

Табаламай, көралбастык дегенин,
Каныбыздан кетпейт окшойт эгерим.
Менин деле ичим тарып турабы,
Көргөн сайын алар банан жегенин.

## ЧАКЫРЫК

Мекеним керек десе майданына,
Жөнөйлү, жөнөгөндөй майрамына.
Алтындын буусу менен аттарыбыз,
Жазылып калбаса да байрагына.

Ата Журт чакырдыбы? Жөнөгүлө!
Жарайлы ушундайда керегине.
Көкүрөк көр болбосо милдет кылып,
Эмгегим сиңген элге дебегиле.

Калың кол каптап канча мерте бизге
Кылычын кармап турган желкебизге.
Биз ошол бабалардын тукуму элек,
Чеп болуп берeличи өлкөбүзгө.

Ким билет? Ай ким билет кандайлыгын?
Суроо көп чечилбеген түйүндөрү.
Ырларым – менин тапкан бар байлыгым,
Анан да сыйым калар үйүмдөгү.

* * *

Кожосу болом деп колоттун,
Жомогуң бар эле, жоготтуң.
Качандыр өкүнүч келгенде,
Кайрылып данакер болот ким?

Айланып, байланып коктуга,
Өчүрдүң жүрөктөн отту да.
Үзүлгөн жомогуң уланбайт,
Арга да, айла да жок буга.

Кыялбы, закымбы эркиндик?
Кымбатпы андан да көртирлик?
Бир сасык кекирип алам деп,
Жомоктун жомогун өлтүрдүк.

* * *

Ойлобогон жерден кетип бир иттик,
Ортодогу жолдоштукту ириттик.
«Кечиргин» деп эң биринчи кол сунуп,
Экөөбүз тең кылалбадык жигиттик.

* * *

Ары жактан кылтыйгансыйт бир кемтик,
Оюнду айтчы, боёк сүртпөй түрлөнтүп.
Жолуң тосуп, жолборс болуп комдонуп,
Чындык жатат окшойт сени сүрдөнтүп.

* * *

Дүйнөдө бар экениң, жок экениң,
Же сенин ач экениң, ток экениң.
Эч кимдин шыйрагынан чыкпаган соң,
Билбеймин кандай болот келечегиң.



Бекерби кайран жанды кыйнаганың,
Термелеп өлүү дүйнө жыйнаганың.
Жоголуп кетсең деле ким эстемек,
Жок болсо кадырлашып сыйлаганың.

* * *

Ууктуруп коёт экен жаман кеп,
«Ишиң эми биротоло тамам» – деп.
Дарвин айткан маймылдардын тукуму,
Кыт-кыт күлүп, олтурушат банан жеп.

Табаламай, көралбастык дегениң,
Каныбыздан кетпейт окшойт эгерим.
Менин деле ичим тарып турабы,
Көргөн сайын алар банан жегенин.

## ЧАКЫРЫК

Мекеним керек десе майданына,
Жөнөйлү, жөнөгөндөй майрамына.
Алтындын буусу менен аттарыбыз,
Жазылып калбаса да байрагына.

Ата Журт чакырдыбы? Жөнөгүлө!
Жарайлы ушундайда керегине.
Көкүрөк көр болбосо милдет кылып,
Эмгегим сиңген элге дебегиле.

Калың кол каптап канча мерте бизге
Кылычын кармап турган желкебизге.
Биз ошол бабалардын тукуму элек,
Чеп болуп береличи өлкөбүзгө.

## КАРАБУУРАМ

Бийик максат, эр көкүрөк элденбиз,
Кылымдардын кыйрын басып келгенбиз.
Ар бир доордун азабын да тозогун,
Кыл чайнашкан күрөш менен жеңгенбиз.

Кайырма:
*Карабуурам – сыймыгым да урааным,*
*Карабуурам – туулган жерим, турагым.*
*Эңсеп келген эркиндиктин жолунда*
*Карабуурам – гүлдөй турган убагың.*

Чындык жана калыстыкты туу кылып,
Ырыс, бакыт, ынтымакка жуурулуп.
Бейпилдиктин бешигине айландык,
Карт тарыхтын катмарынан суурулуп.

Кайырма:

Элимде бар жөнөкөйлүк, улуулук,
Жеримде бар кумар канбас сулуулук.
Карабуура киндигиме туташып,
Жан дүйнөмө берип турат жылуулук.

Кайырма:

## ЫСЫМ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Асти, балам, боло көрбө кур дүрмөт,
Калыстык кыл, убадага тургун бек.
Деген аруу тилек менен ата-энем,
Азан айтып, койгон атым – Тургунбек.

Кээ бир иште бир жыл аз да, бир күн көп,
Кыйын окшойт учурунда үлгүрмөк.
Бул жашоодо орду болсун туруктуу,
Деп атымды койгон экен – Тургунбек.



Элиң үчүн эртели-кеч ыр чүргөп,
Эсен-аман, эркин өмүр сүргүн деп.
Эне-атамдын тандап таап мен үчүн,
Энчи кылып берген аты – Тургунбек.

Мээнет кылып мээ чарчатсам күн-түндөп,
Итим чөп жеп, ишим деле шыр жүрмөк.
Ырларымда өзүмдү-өзүм кайталап,
Турган үчүн атым окшойт – Тургунбек.

## ОМАР ХАЙЁМДУ ТУУРАП

Кечиреби, кечирбейби Жараткан,
Кел, олтурчу, ичеличи шараптан.
Сопулардын мекени окшойт бейишиң,
Анан бизге орун тиймек каяктан.

Бейиш бактан куугун жеген пендеге,
Араң чыдап келе жатат Жер деле.
Кумайык ит бүгүн неге туулбайт?
Тулпарлардан тукуму аз эмнеге?

Аткан таңга, аккан сууга кубана,
Шүгүрчүлүк дейт экенбиз буга да.
Тамтаңдатып таалай жолун издеткен,
Турмуш тура үмүт жана убара.

Өмүр кыска, мейли байбы, жардыбы,
Опаасы жок бийлиги да кандыгы.
Жалган дүйнө жан кашайтат, куй досум!
Көөкөрүндө шарабыңдан калдыбы?

# Жанмаанай

## МЕЗГИЛ КЕЛЕР...

Жалын болуп кайдандыр берип кубат,
Жаз жөнүндө ыр жазгым келип турат.
Жаным, бирок, өзүңдүн жоктугуңдан,
Жан дүйнөмдүн дүрмөтү кемип турат.

Дүйнө бүгүн керемет, жаңыланып,
Дүргүйт каным башкача кабыл алып.
Денем менен сезгенсийм илебиңди,
Дарактарда колуңдун табы калып.

Бирибизди бирибиз күндө көрүп,
Бир айылда жүрсөк да үндөбөдүк.
Байкатпастан баш баккан махабаттай,
Бүгүн эле калыптыр гүлдөп өрүк.

Жарып бүчүр теректер, алча гүлдөп,
Жолугалбай жол тосом канча күндөп.
Жетине албай жүргөндө тамашаңбы,
Жеңиш үчүн азабым тарта бил деп.

Мейли, тартсам тартайын азабыңды,
Мээрим издейм, сындырба назарымды.
Мезгил келер кайталап окуй турган,
Менин жазга арнаган казалымды...



* * *

Баспаңызчы аркы жол менен,
Баспаңызчы!?
Шашпаңызчы!?
Өзүңүзчө башка жол тапсаңызчы?
Ырларыңыз жагат мага,
Бирок, мындай саптарды көп жазбаңызчы?»
Дегенсиң да,
Негедир жаш кылгырып көздөрүңдөн,
Заматта өңүн дагы өзгөрүлгөн.
Кызыктай бир сезимге ороп салып,
Шарт бурулуп жөнөп кеттиң.
Башка сөз айткан жоксуң.
Кайрылып келет депмин,
Кайткан жоксуң.
Андан бери,
Өткөрүп ийдим канча жылдарымды,
Өзгөртө албай жазган ырларымды.
Сен айткан жол табылбай,
Келтирет ыйлагымды.
Же чын эле он жыл бою,
Ырдын пирин тытмалап кыйнадымбы?
...Жүрөт деп угам сени соода менен,
Жолугуп каламбы деп,
Күтөмүн кандайдыр бир коога менен...

* * *

Жүдөп турган жүрөктө калат болчу,
Жарк этип бир мен жакты карап койчу?
Кемип калбас бир жериң, пейил күтпөй,
Саламга эле жакшылап жарап койчу?

Бир аз, бир аз кичине сылык болчу?
Чай ичейин колуңдан, сунуп койчу?
Сыйлаганың экен деп кубанайын,
Сыпааланып ордуңдан туруп койчу?

Көз карашың түрткөнсүп көкүрөктөн,
Үнүң неге мынчалык өкүм, өктөм?
Жеңил баа мамилең жанга батты,
Жерден эмес окшойсуң өнүп-өскөн.

Өлүмтүгүм сага мен арткым келбейт,
Өмүр бою азабың тарткым келбейт.
Ошентсе да тымызын сыздап-боздоп,
Жүрөк гана кургурум, кантсин, көнбөйт.

* * *

Ким менен кимдин,
Иши бар экен канчалык?
Айбыгып жүрүп ансыз да,
Агарып чачтар, чарчадык.
Акылым жетпейт, деги биз,
Ар кайсы кепке калгыдай,
Эмне кылдык анчалык?
«Атаңдын башы» дейин деп,
Алым жок,
Чарчанып турам, чарчанып...

* * *

Бүгүнбү, а балким эртеңби?
Жол карайм келет деп эркемди.
Алыстан, алыстан акмалайм,
Экөөбүз болжогон мерчемди.

Такташкан сөзүбүз чаладай,
Чыдабай саатты карамай.
Чыгамын, киремин, чыгамын,
Энесин сагынган баладай.

Аралап айылдын ак таңын,
Эртелеп чыгарсың, аппагым.
Эзилбей эмне болсо да,
Жасачы өзүңө жакканын.



* * *

Жазылбайт да болчу ушул ыр,
Кетпей койдуң бүгүн эсимден.
Болк дей түшүп жүрөк тушу бир,
Солк деп кетти денем көз ирмем.

Эстеп мени эгер ойлосо,
Жолукмакпыз жайы-кышы бир.
Унуталбайт окшойм, болбосо,
Жазылбайт да болчу ушул ыр.

## КӨЗҮМ ТАРТАТ

Аткарып мага берген убадаңды,
Акыры күткөнүмдү уга аламбы?
Көөдөн бош, көңүл бөксө, үмүтсүздүк,
Көп болду, көзүм тартат, кубанамбы?

А балким, кайгырармын, өкүнөрмүн,
Каректен элесиңди өчүрөрмүн.
Махабат жек көрүүгө айланбаса,
Аргасыз жүрүп-жүрүп кечирермин.

Ким билет? Сен дегенде чаңкап сезим,
Көп болду, тынбай эле тартат көзүм.
Кумарга өмүрүмдү сайган өңдүү,
Дирилдеп жалбырактай, жалтак кезим.

Күтөйүн, башка менде чара барбы,
Унутуп койдуң окшойт аяганды.
Үйрөнүп албадымбы күтүп жүрүп,
Тытылган үмүтүмдү жамаганды.

* * *

Келериңди укканмын. Келет элең,
Жан сырымды бүгүн бир төгөт элем.
Айныттыбы бирөөлөр, же болбосо,
Чоочудуңбу жүдөгөн кебетемен?

Атайылап чыккан соң келет элең,
Күткөм сени айланып көлөкөңөн.
Бир кайрылып жолугуп койгонунда,
Анан... анан ар жагын көрөт элем...

* * *

Эсиндеби, көп эле жыл өткөндүр,
Таарынышып кетпедикпи кептен бир.
Ортодогу отубузга суу сепкен,
Ким болдукен ал сакалың өрттөнгүр?!

Бекер кылдым. Сен да бекер кылдың ээ,
Бузук кепке ээрчүү деле бир күнөө.
Ажыраган жолубуздун боюнан,
Жыргап карап, күлгөн чыгар ким бирөө.

* * *

«Жолукчу» дедим, жок, укпай койдуң,
Жолуңду тостум, жолукпай койдуң.
Жашоом токтоп калбаган менен,
Жүрөктү гана оорутмай болдуң.

## ТААРЫНЫШПАЙЛЫЧЫ

Кулак төшөп табийгат шоокумуна,
Тиктеп көлдүн чыбырчык толкунуна.
Олтургансыз тунжурап, таарынычтуу,
Чыйрыктыңбы, бүрүштүң колтугума.

«Кубанычы сенсиң, – деп, – бул өмүрдүн»,
Туйлаганын туйдуңбу жүрөгүмдүн.
Туюктуктан жол таппай турганымда,
Тагдырыма Теңирден жиберилдиң.

Жарык кылып жолумду шам чырагым,
Жүрөгүмө дарыдай тамчыладың.



Жеңилүүгө учурап турган кезде,
Жетип келип артыман камчыладың.

Жаным, мени чын эле сүйөсүңбү?
Таарынба анда, билесиң мүнөзүмдү.
Тагдырыма түзөтүү киргизсин деп,
Теңир мага жиберген бир өзүңдү.

## АЯЛДЫН ӨТҮНҮЧҮ

Куюлса да төбөмдөн алтыныңыз,
Кереги жок, жайыма калтырыңыз.
Эртеңкиме ишеним болбогон соң,
Эми мени эритпейт бал тилиңиз.

Мейли, менин жолума гүл төшөңүз,
Сый эместир сырымды билбесеңиз.
Суранаарым, оорутуп жүрөгүмдү,
Жан дүйнөмө жулунуп кирбесеңиз?

Кабак чытып, калп эле күйбөңүзчү,
Жолукканда башка сөз сүйлөңүзчү.
Кереметин сүйүүнүн сезбеген соң,
Кылдарына жүрөктүн тийбеңизчи?

* * *

Өкүнүчкө өзөгүмдү күйгүзүп,
Сени кудай неге койду сүйгүзүп.
Таптым десем кайда кеттиң жубалай,
Тагдырыма кедергиңди тийгизип.

Караңгысы болот тура жарыктын,
Күтө берип канча күндү карыттым.
Сенин кирсиз көздөрүңө ишенип,
Сапарымда жалгыз эле калыпмын.

Балким жоктур сага менин керегим,
Бирок мага зарыл бүгүн жөлөгүң.
Арманымды айтып-айтып алууга,
Атайылап издеп сени жөнөдүм.

## БИР КАЙРЫЛЫП...

Дарегиңди табалбадым, арга жок,
Жүрөгүмдө алоолонот арман-от.
Эске салгым келбей турат, эми кеч,
Жолугалсак айтар сөзүм бар да жок.

Кимге ишенгем? Өзүмө-өзүм таң калуу,
Жан дүйнөмдү эзип салды арман-уу.
Өттү-кетти, мезгил деген дөңгөлөп,
Болбойт эми артка кайра айлануу.

Өкүнүчпү? Кимге керек анымын,
Тийбейт мага эми сенин жарыгың.
Колдон келсе бир кайрылып таштап өт,
Кошо кеткен жүрөгүмдүн жарымын.

## КЕЛДИҢБИ?

Келдиңби жаным, кериле басып маралдай,
Кейидим канча, артыңдан издеп баралбай.
Кусалык жүрөт жүрөктүн башын оорутуп,
Каныма эрип, денеме сиңип таралбай.

Келдиңби жаным, жамгырлуу жазды артынып,
Карекке сенин караанын калган тартылып.
Күндөрүм супсак, түндөрүм азап турбайбы,
Кетпечи алыс, кетпечи мени калтырып.

Келдиңби жаным, сагынтып мени келдиңби?
Күттүрүп, бирок, өзүң да күтүп көрдүңбү?



Кучагың эңсеп, кумарым турат ташкындап,
Кайталап өөп алайын жумшак эрдиңди.

Келдиңби жаным, сүйүүмдү сактап, жоготпой,
Кездешкен күнүм мен үчүн майрам, болот той.
Куушуп жүрөр убакыт кайда, өмүрдүн,
Калганын эми өткөрсөк экен жомоктой.

## ЭҢСӨӨ

Сагыныч деген сары курт болуп жеп-ичип,
Жан дүйнө бороон, санаалар оң-терс тебишип.
Кызганыч оту кызыл өрт болуп куйкалап,
Канымды бузат, кайдагы ойлор келишип.

Мен алыс эмес, сен алыс кетип калгандай,
Жазылган каттар, телефон чалуу жалгандай.
Алтүндө барып, аңдысам кантээр экен деп,
Олтурам мында, ойлорго батып ар кандай.

Эңсетип менин эсимди эки кыласың,
Азаптуу тура ашыктык деген жыласың.
Алыстап кетсем, алтымыш амал колдонуп,
Айлантып келип, алдыңа чалып жыгасың.

Аралык алыс, жеталбай жүрөм сагынып,
Барамын жакын, ак жайдын түнүн жамынып.
Көзүңдү көрсөм өзүмдү коём унутуп,
Кантейин эми, калыпмын сага багынып.

Сүйүүгө, мейли, кул болуп деле берейин,
Азабын дагы, тозогун дагы көрөйүн.
Сага арнап жазган бул ырды окуп көр дагы,
Акысы үчүн эрдиңди тосчу, өбөйүн!?

## КЕП СҮЙҮҮДӨ

Эбак сага башымды ийгем толук,
Жашоо кызык сен барда, дүйнөм толуп.
Учуп-күйүп кетесиң убайымдап,
Утурласам кабакты түйгөн болуп.

Тагдырыма кайдандыр кеч келдиң ээ,
Биз жолуккан ал күнгө көктөм күбө.
Ороп отко, колума чок карматтың,
Эми сени сүйбөшүм жеткен күнөө.

Кандай сезим эле бул куруп кеткир,
Жүрөгүмдү четинен жулуп жеп жүр.
Баары жакшы, болгону биз жөнүндө,
Тарап жүрөт тумандай туюк кеп бир.

Элебейли, ага да макулбуз деп,
Асылдыкты түшүнбөс акылсыз көп.
Азгырбасаң аялды ырың менен,
Басып жүрүш керекпи акынбыз деп.

Анда деле эмес кеп, кеп сүйүүдө,
Ойдогудай болбогон өксүгүндө.
Эзип бизди эртеңки белгисиздик,
Келатабыз турмуштун тепкисинде.

## ЭМНЕ КЫЛДЫМ САГА?

Эңгиретип эсимди, делбе кылдың,
Делбе кылдың, сага мен эмне кылдым?
Алып-учуп кыялым, көкөлөсөм,
Көзүмдү ачсам көктө эмес жерде жүрмүн.

Салбыратып сен мени эмне кылдың?
Эмне кылдың, мен деле пендедирмин.
Алым жетпес немеге ашык болуп,
Айландымбы бирине эрмегиңдин?



Делбе кылдың, ошентип, делбе кылдың,
Деги сага чын эле эмне кылдым?
Батперектей башымды айландырып,
Келип турат ызадан жерге киргим.

Келип турат ызадан жерге киргим,
Сүйүү ушул болсо анда жерге киргин!
Амалына аялдын түшүнбөгөн,
Акыл-эстен чын эле кендедирмин.
Эмне кылдым мен сага, эмне кылдым?

## САГЫНЫЧ

Сагынычты батыралбай денеме,
Баратамын толкуп-ташып, ашыгып.
Чыдай албайм, козголду бүт делебе,
Кол көтөрдүм, биротоло баш ийип.

Эми сенден талашпаймын эч нерсе,
Макул болуп, айтканыңа көнөмүн.
Биз жаңыдан жолугушкан кездерче,
Чагылганын аябачы денеңин.

Күйүп-күйүп, күл болоюн, кайылмын,
Жалыныңа ороп алчы кайрадан.
Берекеси кетип турат айылдын,
Көрсө сенсиз супсак экен айланам.

* * *

Байыстачы, шашып кайда барабыз,
Жети түндө кайсы эшикти кагабыз.
Жаздын айлуу кайталангыс бул түнү,
Бир керемет экен моокум тарагыс.

Баспайлыбы көчөлөрүн аралап,
Бул түн бизге бир берилген аманат.
Каталыктар кайра ордуна келмекпи,
Унуталы, өткөн күнгө салабат!

Жаштыгыбыз колубуздан суурулуп,
Жакшы сезим ичте калды буулугуп.
Айып болбос, тирүүлүктө бир жолу,
Ушул түнү жасап койсок «уурулук».

* * *

Келе эмесе колуңду, шерттешелик,
Кесип өтпө жолумду, өтпө кесип.
Кездешүүнүн кереги деле жоктур,
Калган күндү тынч эле өткөзөлүк.

Кана эмесе, алалы макулдашып,
Келбе мага, барбайын жакын басып.
Түшүнүшүп үлгүрмөк белек эми,
Түбөлүгү калганда жакындашып...

* * *

Мейли жаным, шартың карагын,
Керек болсом чакырт, барамын.
Кимдир бирөө бөөдө таарынтып,
Бүркөлбөсүн асти кабагың.

Күйүп кетип барат жылдарың,
Күлүп-жайнап эле жүр, жаным.
Мага жакын сендей жан барда,
Жаза берем сүйүү ырларын.

Өмүр өттү, кетти базарым,
Бирок, бүтпөс сүйүү казалым.
Көңүлүңдү бирөө кирдетип,
Сынбаса экен, жаным, назарың.

* * *

Бактыга батып сенин артың менен,
Жалбарып «жаным» деген, «жартым» деген.
Белекке сууруп сунам жүрөгүмдү,
Куттуктап сегизинчи мартың менен.



Окшотуп күмүш, каухар, алтын менен,
Эркелеп «балым» деген, «кантым» деген.
Жазга ороп жан дүйнөмдү тартуу кылам,
Куттуктап сегизинчи мартың менен.

Жүрө бер баркың менен, наркың менен,
Жүрөктү «сүйүү» деген дартың менен.
Ааламды алаканга салып сунам,
Куттуктап сегизинчи мартың менен.

## КАЙЫЛ БОЛУП ТУРАМ АЗЫР БААРЫНА

Уурутуңдан кубанычың баш багып,
Бакыт көлкүйт тереңинде көзүңдүн.
Жата турчу чачтарыңды жазданып,
Кучагында бул керемет сезимдин.

Осол кепти кокус айтып албайын,
Тиктеп эле турайынчы унчукпай.
Колуңду эле... колуңду эле кармайын,
Чоочубачы уча каччу чымчыктай.

Сулуулуктун суктандырган ирмемин,
Сүрөттөөгө сөзүм жетпей жатпайбы.
Макул көрсөң ушак деген дүйнөнүн,
Босогосун тобокел деп аттайлы.

Жашоо мага укмуш бүгүн, керемет,
Апкаарытып, алып-учат жүрөгүм.
Азгыргансыйт ак шейшептүү керебет,
Анан дагы аппак, жумур билегиң.

Кайыл болуп турам азыр баарына,
Таштап ийсе асманын да макулмун.
Калсак мейли дос-душмандын каарына,
Сүйүү бууп койду жолун акылдын...

## КҮТҮҮ

Күтүп эле олтура береминби,
Айтып кетсең болмок го дарегиңди.
Кайсы жактан келет деп карай берип,
Карай берип талыттым карегимди.

Билбей кантип убакыт өткөрүштү,
Билип алдым күткөндү жек көрүштү.
Автобустан түшкөндөр: «Араң жеттик,
Араң жеттик, жол тайгак», – деп келишти.

Ала турган болушту жүрөк үшүн,
Алдың тосуп, жол карап, жүрөм үшүп.
Алыс жолго ата-энең жалгыз неге,
Жалгыз неге коюшту жиберишип?

Кимден, кантип сурраймын кабарыңды,
Уксамчы же каякка бараарыңды.
Жолукпасаң жолукпа, көрсөм болду,
Көрсөм болду көчөдөн караанынды.

## ТОП ТЕРЕК

Тааныш болуп турат мобул топ терек,
Биз бул жерге мурда келген жок белек?
Бир жылуулук тээп чыкты денемди,
Жүрөгүмдө жүргөн экен от демек.

Кайдан келдик? Кайда бара жатканбыз?
Элес-булас. Ушундай бир бактан биз.
Кинолордон көргөн сырдуу дүйнөнү,
Эриндердин ширидигин тапканбыз.

Кайнап-оргуп турмуш деген чоң казан,
Ашуу ашам, суулар кечип, жол басам.



А сен калдың топ теректин түбүндө,
Аппак фартук, окуучулук формачан.

Кездешпедик, издешпедик, тагдырбы?
Мага, сага башкаларды жар кылды.
Өмүр бою өкүнүчтү жүк кылбай,
Бир жолуксам болмок, каранкалгырды!

* * *

Дагы кайра кучагыма имерип,
Калп эле бир нерселерди шыбырап.
Кетким келбей турган менен тиленип,
Короздордун кыйкырганы угулат.

Ортобузда айтар арман, сөз бүтпөй,
Денем кетип, өзүм калдым жанында.
Сагынычтар тарасынчы деп күтпөй,
Мынча неге таң тез атат айылда?

## СҮЙҮҮ ТӨРҮ

### I

«Кетпечи бүгүн, кетпе», – деп,
Ыйладың неге өпкөлөп.
Ойлорум, бирок, алыста,
Олтурган менен бетме-бет.

Айтсаң да «күттүм сени», – деп,
Көзүңдөн калпың көрүнөт.
Эшигин чертпей сүйүүнүн,
Эр болсоң анын төрүнө өт.

Кечээ эле сенден кагуу жеп,
Укпаган болчум аруу кеп.
Унчукпай чыгып кеткеним,
Эсепте «көңүл калуу» деп.

## II

«Көп эле оолукпайлы», – деп,
Кемитпе кептин кунарын.
Айтпачы «жолукпайлы», – деп,
Кана элек сенден кумарым.

Демимди бөөдө өчүрбө,
Алоолоп турган учурум.
Келбечи жалгыз чечимге,
Менин да бардыр укугум.

Сүйүү – бул, билем, өмүрдө,
Азаптуу бакыт экенин.
Эмне бар, билбейм, төрүндө,
Жетелеп сени жетемин.

* * *

Чакырткам, бирок келбечи,
Жанчылып турат жан дүйнөм.
Көзүмдү бүгүн көрбөчү,
Жүрөгүң ооруйт жан биргем.

Тобокел кылуу баарына,
Билемин, келет колуңан.
Күтө тур бир аз, таарына,
Чыкпай тур азга жолуман.

Сезимди кайрып аларбыз,
Жолугуп, балким жолукпай.
Кетсем да көпкө кабарсыз,
Сактай тур эски жоолуктай.



## МАКУЛБУ?

Эмне болгон көзүң, киртийип?
Деги жаным, ооруй көрбөчү.
Көңүлүңө муну жүр түйүп,
Дартка моюн суна бербечи?

Кылбайлычы жөнсүз чабалдык,
Ар ким өзү жүгүн көтөрмөк.
Башка түшсө кокус жамандык,
Күтпө жардам келээр бекен деп.

Ар кимдерге айтып даттанба,
Тиштене бил жаным, жарайбы?
Ичер суубуз бүтүп жатканда,
Ажалга да тике карайлы.

# Арноолор

## СҮЙҮНБАЙ ЭРАЛИЕВГЕ

Жашоодо ачык-айрым, сопусунбай,
Жазууда оттуу ырды отузундай.
Тарыхтан акын агам алган орду,
Таласта Манас-Ата чокусундай.

Гүл жапкан трууган жердин саймасындай,
Дартындын жалгыз гана айласындай.
Акындын алп ойлору ырга айланып,
Ташкындап агат Талас дайрасындай.

Калыптыр бабалардан улуу нуска,
Бар тура жөнөкөйлүк улуулукта.
Сүкөмдүн өзү салган ушул жолу,
Жетүүчү жол турбайбы улуулукка.

Ар ыры жан сергиткен тунук булак,
Кайнашат койгон окшоп угут чылап.
Сексен беш жашта жазган ырларынан,
Жыйырма беш жаштын деми уруп турат.

Жетелеп туу чокуга максат аны,
Бүгүн ал акындардын аксакалы.
Келгиле, жылынналы ырларына,
Турмуштун көйгөйүнөн баш каталы!

*2006-жыл.*



## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВГЕ

Акын көп Сокеме арнап саптар жазган,
Мынакей, мен да чыктым каптал жактан.
Мактоого тилим жетпей, калем сүрдөп,
Чокудан чоочуп турам ак кар баскан.

Кыялда мезгил, жаштык жаңырыгы,
Акынга келди, ырас, карылыгы.
А бирок, сексен жашта жазган ыры,
Балкытып ийет миң-сан тамырымы.

Жусуев ыр дыйканы, ыр зергери,
Чындыктын жүргөн жерин билгенгеби.
Туюктан жол чыгарган мындай Акын,
Ырас го, бир кылымда бир келмеги.

Тагдыры калем менен бир байланып,
Өмүрү ырга арналып, ырга айланып.
Аргымак жердин Шарын тегеренет,
Артында алтын даңкан жылдар калып.

...Бол бачым, ыр дайрасын сүзүп өткүн,
Акындын колун кармап, жүзүн өпкүн.
Байлыгың, мартабаң да ошол болот,
Батасы тийип калса Жусуевдин.

*2007-жыл.*

## САЯЛЫ МАХАБАТКА БАШЫБЫЗДЫ

*(Омор Султановго)*

Толкутуп турган кезде кан денени,
Токтотуп бардык башка аңгемени.
Теңирдин жан дүйнөгө белеги го,
Тобокел, сүйүү үчүн жан берели.

Сүйүү – бул унуттурган жашыбызды,
Сезимтал жүрөктөгү жазыбызбы?
Самсаалап сапар карып баратса да,
Саялы махабатка башыбызды.

Сүйүү – бул сезимдеги канатыбыз,
Сүйүүдөн жашообузга тамат ырыс.
Сексенге чыксаңыз да секелектей,
Сүйүүнүн ыр дүйнөсүн жаратыңыз.

*2004-жыл.*

## АНАТАЙ ӨМҮРКАНОВГО

Анакемдим канында окшойт асылдык,
Тагдыры бар талантына баш урдук.
Кирип келди алтымыштын айлына,
Туягынан даңкан учуп, таш ыргып.

Нак таластык топуктуулук жагынан,
Ысыйт жүрөк ырларынын табынан.
Сыпаалыктын эталону катары,
Жаралыптыр топурактын агынан.

Жан дүйнөсү алтымыш жыл булганбай,
Жашап жүрүү кереметпи, бул кандай?
Бийлик анын билигине суу куйду,
Атасынан алынбаган кун бардай.

Жеңилбеди, канга тизе бүкпөдү,
Жалынбады, жакшылык да күтпөдү.
Камчы канча тийген сайын ачынып,
Өмүрканов аттуу шаарын түптөдү.

Эл деп согуп, жер деп согуп жүрөгү,
Арууулуктун келип турат илеби.
Кыргыз барда Анакемдин аты өчпөй,
Кыргыз барда ырын окуп жүрөлү.

*2005-жыл.*



## ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВГЕ

Шакем акын, болгондо да Чоң Акын,
Бийлик үчүн оңбогондой тоң акын.
Башы менен жер чукуса жеталбайт,
Мага окшогон мазеси жок он акын.

Өңгөлөрдү билбейм, мага тирилик,
Оңой эмес, эртеден кеч жүгүрүп.
Жаным чарчап, көңүл кирдеп турганда,
Ырларына ала коём киринип.

Кудай берген бул акындык өнөрүң,
Билгин Шаке, ажалды да жеңээрин.
Тагдыр болуп маңдайыңа чийилген,
Алаарың аз, элиңе көп берээриң.

Убакыт аз, эки жакты караба,
Токтой көрбө, жолуң алыс марага.
Бермет саптуу, кылыч миздүү, гүл жыттуу,
Ырларыңа толсун эшек араба.

Жетет ошол, андан көбү самандыр,
Күндөр өтөр жакшыдыр же жамандыр.
Тирүүңдө классикке айланып,
Эштегинди ээрчип эле аман жүр!

*2005-жыл.*

## ТҮГӨЛБАЙ КАЗАКОВГО

Сиңгенби күн илеби, жел ыргагы,
Талантты аябаптыр Теңир дагы.
Кайрыгы жүрөктөрдү титиреткен,
Түгөлбай – музыканын Темирланы.

Жай адам болгон менен турмуштагы,
Туйлаган тамырында кыргыз каны.

Атпай журт башын ийип, тизе бүккөн,
Казаков – обондордун Чыңгызханы!

Колдосун Манас атаң, Бакай бабаң,
Жеңижок, Эсенаман, Атай агаң.
Ашыра мактоо эмес, асыл иним,
Сени мен «улуусуң» деп атай алам.

Жылдарың өтүп жатат атылалбай,
Талантты жүдөтпөчү катып албай.
Кеч эмес, кемелиңе келдиң эми,
Римди багынтып бер Атилладай!

***2005-жыл.***

## АБДРАХМАН АЛЫМБАЕВГЕ

*(Байас Туралга)*

Каякта-а талаштын бүтмөгү,
Табышмак тарыхтын бүктөмү.
Арийден агылып чыкканбы,
Азыркы кыргыздан түп теги.

Аңтарып мезгилдин барагын,
Калкымдын ишине жарагын.
Бүгүнкү кыртышка олтургуз,
Байыркы кыргыздын дарагын.

Элим деп согорун жүрөгүң,
Билемин, иничек, билемин.
Өмүрдүн узунун берсин деп,
Теңирден тиленип жүрөмүн.

Кыргыздын кыйналган тили эмес,
Киши көп короосун күрөбөс.
Өзүңдөй жигиттер бар үчүн,
Улуттун уучу куру эмес.

***2006-жыл.***



## САГЫНБЕК МОМБЕКОВГО

Элим деп күйүп турган чагың сенин,
Өчпөсүн жүрөгүңдөн жалын-демиң.
Түшүрбөй колдон комуз, гитараңды,
Төк ырды, асыл иним, Сагынбегим!

Жүрсөң да түштүктөбү, түндүктөбү,
Шылый бер шылуундарды бийликтеги.
Аңдыган алдыңдагы ашыңды да,
Айрыкча ушулардан күйдүк деги.

Чындыктын жолун издеп келатасың,
Бийликке талант менен тең атасың.
Бүтөй көр ырың менен эл ичине,
Эссиздер салып кеткен жаракасын.

...Күз айы. Трибуна. Сагынбегим,
Аянтта угат ырын калың элим.
Тирешүү маңдайыңа жазылгандыр,
Күрөшүү, балким, тапкан багың сенин.

***2007-жыл.***

## БОЛОТ-ШЕРДИН ЧЫНДЫГЫ

*(Болотбек Шернязовго)*

Канткен менен заманың мерес бүгүн,
Жаңылдыңбы, бил «мейли» дебестигин.
Жеңилгенде сезесиң жонуң менен,
Чындык деген жагымдуу эместигин.

Суук болот чындыктын бешенеси,
Жаап турат жалгандын көшөгөсү.
Жүзүн тике кароого жүрөк керек,
Бөлөк журөт бөлүнүп бөтөгөсү.

Дасторкондош боло албайт бийлик менен,
Болбойт анда таластык, чүйлүк деген.
Качып барып чындыктан калайык ай,
Башыбызды жалганга ийдик белем.

Тамыры миң жалгандын, чындык жалгыз,
Таштандыга канча ирет ыргытканбыз.
Калып кеткен качандыр сезимдеги,
Арылууга болбойбу кулдуктан биз.

«Шүгүрчүлүк, күн көрдүк, айды көрдүк,
Кыштан аман, жаз көрдүк, жайды көрдүк.
Жерге кирсин калганы, пенделик», – деп,
Каныбызга сиңиптир кайдыгерлик.

Чындык үчүн алтын баш кетсе мейли,
Абийир менен ар күнүм өтсө дейли.
Акыйкаты өлгөн эл кулга айланып,
Бутун сүртүп, ар кимдер тепсебейби.

Мейли кимбиз, жашпызбы, карыбызбы,
Ойготолу уктаган арыбызды.
Тозок ачып эшигин турса дагы,
Чындык үчүн берели жаныбызды!

*17-апрель, 2003-жыл.*

## БЫЧАККА САП

*(Шернияздын урпактарына)*

Көз тийбесин дегиле, көз тийбесин,
Көкүрөктү зилдетээр сөз тийбесин.
«Жаман» дешип аларды айтмак беле,
Жашай берсе көбөйтүп өз дүйнөсүн.

«Кыргыз» десе аянбас жанын дагы,
Көйкашкалык булардын канындабы?



Топ бычакка сап таштап кеткен экен,
Жөнөкөй бир чал-кемпир айылдагы.

«Элим» десе этегин элек кылган,
Желбиретип намысын желек кылган.
Шүгүр дейли ушундай жигиттерге,
Айылды кой, өлкөсүн жөлөп турган.

Аңыз кылып алардын жоомарттыгын,
Конуп жатат төрүндө оомат бүгүн.
Көкүрөгү көрлөрүң ошондо да,
Койбойт экен, кантели, наамарттыгын.

Көз күйдүрбөй, бел болуп, барктагыла,
Буттан чалып, этектен тартпагыла.
Каны күйүп кетпесин, каны күйүп,
Күлүктөргө асти туз артпагыла!

*2005-жыл.*

## ЧЫНДЫККА ЭЛЕГИЯ

*(Публицистика)*

Бакырып, жер тепкилеп,
Жаш баладай ыйлагым келип турат.
Чыланып ыза менен жек көрүүгө,
Акыл-эстин туюму кемип турат.
Шөлбүрөп Чындык бүгүн,
Жалганга тизе бүгүп, көнүп турат.
Ошентип өлүп тынат,
Мени да,
Сени да өлүк кылат.
Кашайып калгырдыкы!
Кенебей сырыбызды алдырдыкпы?
Жалгандын май чырагын жандырдыкпы?
Колу-буттан чидерленип,
Мойнубузга укурук салдырдыкпы?
Ошентип койбодукпу,
Ишенимди тирүүлөй сойбодукпу.

Атаңгөрү-ү, атаңгөрү!
Адам эмес турбайбызбы,
Абийирибиз бар болсо,
Калптын кагып добулбасын,
Калптын ырын ырдайбызбы?
Көзүбүз жетип туруп,
Билип туруп баарысы жалгандыгын,
Калбаптыр баш көтөрөр дарман бүгүн.
Жиним кайнайт,
Жигиттердин көргөндө дардаңдыгын.
Шилтеп койсо,
Секиргенге дапдаяр жардан бүгүн.
Тукумуң өскүрлөр ай!
Турсун деп башка чаап ким көрүнгөн,
Туулдук беле, кокуй, ардан кийин.
Бүгүн биз кайдыгербиз,
Жемкорлор жерибизди сатса деле,
Өлкөбүз өлүп бара жатса деле.
Каяша кылгандарды терип четтен,
Абакка катса деле,
Кимбилди кылып бирден атса деле.
Ботодой боздогула,
Кулундай чыңыргыла.
Кудайдын этегине жыгылгыла!
Мекен деп ооруй алса жүрөгүңөр.
Коркунучта экенин сезе алсаңар,
Ата Журт деген ыйык түнөгүңөр.
Ай ким билет?
Ээрчимелик деген бир кесел жугуп,
Муздатып каныбызды,
Уктатып арыбызды,
Соруп алган окшойт го денебизден,
Каяша кыла турган алыбызды.
Жакшылыгын үйрөнүп башкалардын,
Жарык жолун ээрчисек макул эле.
Жаман үйүт жабышкак окшойт бизге,
Тапкирден тайып алдык такыр эле.
Тигине!
Кырк үйдөн тыюу алчу кыздарыбыз,
Денесин сатып жүрөт.



Сатпаганы жөн эле жатып жүрөт.
Мас болуп көчөлөрдө,
Тойлордо, кечелерде,
Абийирдин ашмалтайын ачып жүрөт.
Улутка урук берчү ошолорбу?
Жигиттерчи?
«Жигит» деп айткандан да уяласың.
Сагалап дүкөндөрдүн улагасын,
Мейли сөксүн,
Мейли тепсин,
Таяк менен кубаласын.
Үйүр-үйүр болушуп жүрүшпөйбү,
Үмүт кылып бекердин шыбагасын.
Улутка угут болчу ошолорбу?
Бизге окшогон эл барбы?
Өтүмдүүсүн тебелеген,
Өсө турган уул-кызын жөлөбөгөн.
Тагдырдын ташы тартып моюнунан,
Чөгүп бара жатса да кенебеген.
«Эртеңки куйругуңдан,
Бүгүнкү өпкө» деген.
Ичпей калган ашына өпкөлөгөн.
«Атасын өлтүргөнгө,
Энесин алып берип», «кектебеген».
Ушундай эл бар бекен?
Чалдары калжаңдашып,
Сөзүнүн куну кеткен.
Кемпирлер алжаңдашып,
Кебинин жугу кеткен.
Келин-кыз жалжаңдашып,
Кебете-сыны кеткен.
Кыйратып коюптурбу эркектери,
Түшкөнсүп жүрү көктөн.
Укчу, калкым!
Балким, мен аша чаап кеткендирмин.
Өзөктөн өрт чыгарып жатат дебе,
Өз айыбын өзгөгө ачат дебе.
Жакшы болсок,
Өз элиң Мекенинен качат беле?

Өзүңө камчы урбасаң,
Чучугуң чубалгыча жанчылбасаң,
Маңкурттар өлкөсүнө айланасың.
Чабактай чайналасың.
Араң эле жашап жүрүп,
Карасаң, эки жаатка бөлүнгөнүн.
Өкүрөр көрүндөгүң.
Түндүк-түштүк урааны көтөрүлсө,
Жоголуп элиң, жериң,
Өлкөгө өлүм дегин.
Бирөөлөргө бул дагы керек чыгар,
Мүрзөбүздүн үстүнө бий бийлешип,
Жерибизди энчилеп бөлөт чыгар,
Бийликке жетүү үчүн,
Жеткени түшпөс канга айланууга.
Миң амал колдонушуп,
Калп менен калың элди жайгарууда.
Унутулуп улуу журт-уят деген,
Танып кетет,
Эмеле укканыңды кулак менен.
Көзүң менен көргөнүңө,
Өзүң деле ишенбей, күпөкүндүз,
Чындыкты табалбайсың чырак менен.
...Чындыктын түрү суук, коркунучтуу,
Бакырып качат көбү көргөн кезде.
Бүгүн аны,
Кишендеп орго салып коюшуптур.
Чыңырып чыгар, кези келген кезде.
Бирок, сен эч убакта ишенбегин,
Чындыкты өлгөн дешсе.
...Бук болгон жан дүйнөмдү жеңилдетип,
Бүгүн мен ыйлап-ыйлап алсам бекен?
Же баарына кол шилтеп,
Ордо жаткан Чындыкка караан болуп,
Жанына барсам бекен?!.

***16-октябрь, 2006-жыл.***



## КЫЯН

*(Поэма)*

***(1963-жылы «Жоон-Дөбө» совхозунун койлорун селден куткарам деп 22 жашында жайраган Анаш Мадымаровдун жаркын элесине.)***

Мен укпаган күүнүн бир кайрыгынан,
Түшө берет эсиме айылым улам.
Нөшөрлөгөн жамгырдан кыян жүрүп,
Ашып-ташып аккандай сай нугунан.

Аралашып калгандай астын-үстү,
Бир алаамат болчу эле жазбы-күзбү.
Таш агызып, а кээде баш агызып,
Кут учуруп, кетирчү шаштыбызды.

Кулап келе жаткансып асман жерге,
Кулак тунуп күркүрөп аккан селге.
Ооздогу келмебиз унутулчу,
Оң менен терс күрөшүп жаткан жерде.

Күүнүн күчү, керемет кайрыктары,
Дүрбөттүбү дүйнөмдү жай нуктагы.
Тобокелдик толкундай тээп чыкты,
Түккө арзыбай бийлик да, байлык дагы.

Күү кайрыгы салды эске Ак-Жарымды,
Бакырайган балалык ак таңымды.
Эринбесең окуй бер окурманым,
Эскерүүдөн жаралган саптарым бу.

Ырас, анда баёомун, кенедеймин,
Пейил башка, эл башка беле деймин.
Бапыр-шапыр, ата-энем маңдайымда,
Тегиз эле менин да телегейим.

Айланышып түркүн-түс боёкторго,
Ал кез сиңип кетишкен жомокторго.

Аруулуктан түбөлүк айрылганбыз,
Балалыкты байкабай жоготкондо.

Атам малда, жон жука, жокчул убак,
Конушубуз айылдан окчунураак.
Балалыктын дагы бир жазы болчу,
Жаратылыш жашарган, көк чымырап.

Күндөр мага ажайып, жарк-журк этип,
Билмек кайда кетээрин карп-күрп өтүп,
Тентектигим ашынып бара жатса,
Атам кээде койчу эле калп бурк этип.

Сырдашкансып купуя дүйнө менен,
Момун эле атам көп сүйлөбөгөн.
Эртеден-кеч жүн тытып, ийик ийрип,
Иш кылуучу апакем ийне менен.

Кара-Сайдын жээгинде кара алачык,
Күндөр өтөт кой менен аралашып.
Сабыр кылып ал кезде жашап келген,
Саясаттан боюн эл ала качып.

Айтылчу эмес бийликтин жаман жагы,
Кудай эле партия анан дагы.
Байкуш элге чочондоп чоңдук кылчу,
Башкарманы мындай кой, чабарманы.

Мына ошондой күндөрдүн бир күнүндө,
Кара булут айланып түндүгүндө.
Коңшулаш айылдын бир жигити,
Капилеттен мерт болду күлгүнүндө.

Катуу тийип балалык аң-сезимге,
Каргашалуу ошол күн калды эсимде.
Өлүм менен алгачкы жүз көрүшүү,
Унутулбайт окшойт жан бар кезинде.

Жаш баладай кыялы өзгөрүлмө,
Жазда дайым эстейм ал кез жөнүндө.



Кара башын калкалап калса болмок,
Кайран жигит кырсыкты сезгенинде.

Өмүр өттү, өйдө-ылдый дебеген жөн,
Таануучумун, жашы улуу эле менден.
Аз жыл мурда Ак-Жардан көчүп кетип,
Үйлөнбөптүр, аскерден эле келген.

Аты Анаш, агасы Какен деген,
Курбал эле бир тууган акем менен.
Ак-Башатка жаңы эле барышса да,
Жуурулушуп кеткен дейт бат эл менен.

Жетимдикти аргасыз моюнга алып,
Жетелешип ага-ини, оюн калып.
Көр оокаттын айынан Какен анан,
Чабан болот чарбанын коюн алып.

Болбосок да короолош, жайыт жакын,
Кемелине келген жаз, жайып чачын.
Ким билиптир Анаштын ошол күнү,
Намыс үчүн коёрун сайып башын.

Жаз мемиреп, күн ысык тийип турган,
Койлор сууга түшкөн кез бийик кырдан.
Аңгыча эле заматта күн бүркөлүп,
Мөндүр сабап кирбеспи буюктурган.

Коргошундай кол менен уюткан бир,
Кара булут чылк басып, куюп жамгыр.
Асман-жердин ортосу алай-дүлөй,
Жаратылыш бир сырын туюнткандыр.

Төккөн окшоп төбөдөн челек менен,
Куят жамгыр шатырап, көнөктөгөн.
Апам жүрөт айланып алачыкты,
«Кудай ай, – деп, – ушулбу өлөт деген».

Күлкү менен кайгы-муң жанашадыр,
Куят жамгыр, а мага тамашадыр.

Каткырамын апамдын корkконуна,
Табиятка же мендик каяшадыр.

Жылгалардан салаалап кыян жүрүп,
Кара-Сайдан аккан сел улам кирип.
Күн күркүрөп, чагылган чартылдаса,
Жинди болгон немедей турам күлүп.

Билбейм, балким өзүмдү жоготтумбу?
Акыл-эстен анда же чолокмунбу?
Бирок, ошол мен көргөн алааматтан,
Адам эмес айбан да болот жинди.

Жамгыр токтоп капилет, булут тарап,
Күн кылтыйды төбөдөн күлүп карап.
Күкүктөгөн сай бойлоп апам байкуш,
«Айыл аман болгой» – деп күйүп-жанат.

Аңкыштаган киргил суу агып көпкө,
Агындылар тебилип жайык бетке.
Атам келди чапкылап, ал-жай сурап,
Алдындагы койлорун жайып бетке.

Күн чайыттай эч нерсе болбогонсуп,
Жылга-сайга кыян-сел толбогонсуп.
Табийгаттын карасаң тамашасын,
Куурчак кылып адамды ойногонсуп.

Которунуп кийимин анан атам,
Кошуп атын, кетти ылдый арабачан.
Жалбарынып кудайга кала берди,
Жайыттагы койлорду карап апам.

Күбүр-шыбыр, не болду, уга албадым,
Көрдүм, бирок, өңдөрү кубарганын.
Бир коркунуч турса да жүрөгүмдө,
Жамандыкка оюмду бура албадым.

Көкүрөккө укканы батпадыбы,
Алаксытаар же шылтоо таппадыбы?



Апам өзү буркурап айтып берди,
Сурай албай баятан жатканымды.

«Анаш бала агыптыр селге», – деди,
Жетимдердин жок эле көрбөгөнү.
«Алдырарда жаздырар» болушуптур,
Аралашып калганда элге эми.

Туугандары укканбы, келишиптир,
Чоңдору да өздөрү көрүшүптүр.
Кум ойногон аң-сайды кыдырышып,
Сел агызган койлорду теришип жүр.

Жаштайынан жайрады кайран бала,
Селге урунуп калды экен кайдан гана.
«Сөөгүн издеп жүрүшөт» деген атаң,
Жаткан чыгар шордуу бир айлампада»...

Чабылгандай төшүмө муздак бир эт,
Уккан сөзгө селейдим, муздап жүрөк.
Ошол күндөн ушул күн адат болуп,
Өлүмдү уксам сол жагым сыздап кирет.

Жакшы таанып, Анашты билгенгеби?
Же күн ара көрүшүп жүргөнгөбү?
Сөзүм жетпейт айтууга абалымды,
Кабар уккан мына ошол ирмемдеги.

Энчисиндей ажалды карылардын,
Эсиме албай жашка да кабыларын.
Жүргөнүмдө капилет түшүндүмбү,
Тирүүлүктүн экинчи жагы барын.

Өлүм менен өмүрдүн аралыгын,
Көзгө сайып көрсөттү каралуу күн.
Ошол жазда коштошпой мени менен,
Кете берди кылчайбай балалыгым.

Окуяны күбөлөп изи менен,
Жолукканмын бир далай киши менен.

Сурай берчүм Анаштын таржымалын,
Барган сайын гезиттин иши менен.

«Жоруктары сыйбаган эрежеге,
Эрен эле, – дешчү эл, – берен эле.
Тобокелге бел байлап томуктайдан,
Колун сунуп жардамга белен эле».

Көп айтышчу: «Курч эле ийменбеген,
Дили таза, жалганга үйрөнбөгөн.
Кырсык деген кыйкырып келбейт тура,
Орду толбойт жер муштап күйгөн менен».

Какенге да жолугуп, сураганмын,
Ыйын уккам ызалуу бул адамдын.
Кайран уулун калк эстеп койсун дедим,
Жыйынтыгы ушул ыр убарамдын.

Какен айтат: «Адырга айда дегем,
Ошол күнү жылгага жайба дегем.
Жамгыр куюп, капилет сел жүргөндө,
Көк кубалап, койлору сайда белем.

Чыдай албай артынан барганымда,
Көрүнбөдү койлору сай жанында.
Мөндүр сабап киргенде ыктоо издеп,
Качкан окшойт айбан мал жар жагына.

Койлор түгүл жер кайда, асман кайда,
Кайдан келди заматта ташкан дайра.
Батыш-чыгыш билинбей айлан-көчөк,
Кара кочкул кыян-сел аккан сайда.

Жараткандан жалбарып амандыкты,
Жакындатпай оюма жамандыкты.
Чуркап келем бакырып, ыйлап келем,
Тушалгансып шилтеймин араң бутту.

Жетип барсам сай ичи сапырылып,
Агып жатат ботко суу атырылып.



Каргашалуу мына ошол күндөн бери,
Жан дүйнөмдө жалгыздык жатыр улуп.

Белчесинен суу кечип ирим жерде,
Иним көзгө урунду бир ирмемге.
Жээк жакка ыргытып жаткан экен,
Аккан койлор колуна илингенде.

Бакырыгым жеттиби, жетпедиби,
Намыс, ыза жанына өткөнүбү?
Кулап-туруп, жакындап калганымда,
Бир чоң толкун шыпырып кетпедиби»...

## КАКЕНДИН АРМАНЫ

Өлчөөсү курсун ал күндүн,
Өкүмү беле тагдырдын.
Болбогон жерден кырсыкка,
Боорумду колдон алдырдым.

Анашым – бүтпөс арманым,
Адашып, кетти дарманым.
Өкүнүп жүрүп өтөрмүн,
Өмүрдүн мага калганын.

Түгөйүм түркүк, бел эле,
Түбөлүк алды Жер-Эне.
Көөдөндө жаным барында,
Көтөрөм дегем төбөмө.

Алынып сөзгө жаңы эле,
Асылкеч, шайыр жан эле.
Журтуна кызмат кыларда,
Жазгырды кудай а неге?

Нааданга октой кадалган,
Намыска гана жаралган.

Кыянга төшүн тоскудай,
Корктубу иним замандан?

Жылт этип тамган сымаптай,
Жалп өчтү өмүр чырактай.
Утурлап селди чыктыбы,
Уяты жанын чыдатпай.

Айласы кеткен чагында,
Айланып алоо жалынга.
Эрөөлгө чыгып алдыбы,
Эрегиш ойноп канында?

Мерт болгон барчын кушумун,
Мектепке койду ысымын.
Кагазда жашап калгыча,
Көрсөчү турмуш кызыгын.

Тарбиям ошол, сыягы,
Түбүндө тийди зыяны.
Каргадай болгон инимдин,
Калсачы жалгыз туягы.

Жогунан айла-амалдын,
Жобосун сактап замандын.
Керт башын койго алмашып,
Кетиптир бөөдө каралдым.

Милдет көп, айтпай укугун,
Мыйзамдын көмүп учугун.
Кой кылып койгон бийликтин,
Көздөрүн келет чукугум.

* * *

Бул окуя качандыр өткөн эле,
Эл оозунда алынбайт кепке деле.
Бир заманды эсиме түшүргөнсүйт,
Атын алган айылдык мектеп эле.



Барчын куштай талпынган туурдагы,
Бөөдө беле жаш өмүр кыйылганы.
Кыйрап калды өзүнөн өзү туруп,
Идеялар жыйырманчы кылымдагы.

Империя кулады. Эгемендик.
Бирок, сокур бийликке тебелендик.
Бакыт эмес ичерге ашын издеп,
Анан кыргыз таруудай себелендик.

Чү дегенде чарбалар таратылып,
Талаа-түздөр менчикке каратылып.
Эстен чыгып элимдин дөөлөттөрү,
Асылдыктан адашып барат улут.

Кыйрап жатты четинен өнөр жайы,
Пайда болуп кайрадан кедей-байы.
Гүлдөп өстү а бирок, өлкөбүздө,
Ырыскысын элинин жемей жагы.

Кайдыгерлик желелеп улутумду,
Анаш менен Кычандар унутулду.
Кечээ күнүң керектен чыгып элим,
Бүгүнкүнүн бүгүлгөн кулусуңбу?

Көр оокаты өтсө да эптеп-септеп,
Талаш болуп айылдар, көчө, мектеп,
Алкаштардын аттарын коюп жатты,
Абийир, уят дегенди аттап-тепсеп.

Баатыр болуп бакырчак арызкөйлөр,
Даңкталышты эл жеген «табышкөйлөр».
Бир айылда эки-үч бай, калгандары,
Ошолорго малай же карыз дей бер.

Бийлик-шылуун, мыйзам-шал, туру карап,
Эл мындайда дайыма куру калат.
Кырк беш койго өмүрүн Анаш берсе,
Кырк беш сомдой болгондур бир имарат.

Кимдер үчүн ажалга Анаш барды?
Ортобузда табышмак талаш калды.
Жетеленип кыялкеч бир адамга,
Миллиондор жолунан адашканбы?

Келсе дагы канчалык мактангыбыз,
Балким, бүгүн адашып жаткандырбыз?
Кыялкечке милдеткер эмес беле,
Өлкө болуп өз ордун тапкан кыргыз.

Өзгөрүлдү өлкөнүн кайра нугу,
Идеябыз исламдын байрагыбы?
Унутулуп улуттун көрөңгөсү,
Бай-манаптар тарыхтын каймагыбы?

Өзүбүздүн жолубуз барбы бүгүн?
Өлкөбүздүн карачы жардылыгын.
Өйдө-төмөн миң ирет өкчөп-калчап,
Өрттөй жанган жыйырманчы калды кылым.

Тайманбаган бийликтен, өкмөттөрдөн,
Тике карап чындыкка көк беттенген.
Муун келе жатабы Анаш мүнөз,
Ар намысын тагдырга тепсетпеген.

Кантсе дагы унутпай келет элим,
Анаш накта көзү жок эр экенин.
Өткөн күнгө салабат, эскерүү парз,
Өлкөбүздүн ойлосок келечегин.

Бүттү баян, оюмду айта алдымбы?
Көкүрөктүн көкшүнүн кайтардымбы?
Комуз күүсү козгогон ойлор эле,
Кана эмесе баштай бер айтар сынды...

*Апрель-май, 2006-жыл.*



# «Көзкараш» ыр жыйнагынан (1997-жыл)

## КҮН ЧУБАК

Чөөтүн тиктеп жамгырдын,
Чөгүңкү күздүн маанайы.
Буйругун күтүп тагдырдын,
Саргайып барат саамайы.

Керимсел менен сырдашып,
Кеңешме курат жалбырак.
Керемет ырлар ырдашып,
«Кетпе» – дейт күзгө жалдырап.

Күмүш тоо жакка байланып,
Кечигип ыкшоо күн чыгат.
Күнгө ээрчип үйүн айланып,
Кемпир-чал кууйт күн чубак.

Боз кыроо түшүп өмүргө,
Издеймин мен да күн чубак.
Шүгүр деп коюп Теңирге,
Олтурам мына ыр чубап.

* * *

Бул жашоонун жыйынтыгы – өлүм ак,
Ажал айтпайт, кимге качан жолугат.
Ташса ташар, сөөмчөлүк бөксөрбөй,
Өмүр көчү кете берет жол улап.

Жашоо бүтүп калуучудай туюлуп,
Биз өксүсөк катарыбыз суюлуп.

Жалын чачып жаңы муундар келүүдө,
Бул өмүрдүн дайрасына куюлуп.

Ажал алар эртеби же кеч келип,
Тирүүлүктүн парзы – жүрүү эскерип.
«Жакшы» деген бир ооз жылуу сөз калса,
Ошол болор артыбызда эстелик.

## АКЖАРЫМ

Акжарым – бүтпөс арманым,
Көтөрүп заман салмагын.
Казанын оттон түшүрбөй,
Жүргөндүр багып мал-жанын.
Көр оокат менен алаксып,
Көп болду, барбай калгамын.

Акжарым – тууган айылым,
Алдыңда көптүр айыбым.
Төрт көчөң түгүл сагынам,
Таштарың Карасайыңын.
Зор үмүт менен узатсаң,
Кеткендир чыкпай дайыным.

Боз дөбө. Мечит, Көрүстөн,
Зым чырмап орун бөлүшкөн.
Алыста жүргөн мендейлер,
Айланып кайра келишкен.
Акмагын деле жээрибей,
Аздектеп мында көмүшкөн.

Акжарым – айылым, Күрпүскөм,[1]
Айланам сенден үнсүз мен.
Кудурет топтоп аламын,
Өзүңдө буккан бир күчтөн.
Карайлап турган кезимде,
Шамымсың колдо күйгүзгөн.

[1] Крупское – Акжар айылынын мурдагы аты.



## УНЧУКПАЙЫНЧЫ

Жеңилейин, унчукпайынчы,
Ичимде эле болсун арманым.
Кажылдашпай тынч уктайынчы,
Кетип турат бүгүн дарманым.

Түрмөктөлүп түйшүк ансыз да,
Апчып өтөт улам капталдан.
Өчөшөбү кайра алсызга,
Чыга келет күтпөс жактардан.

Жетет эми, унчукпайынчы,
Чоочун болуп кеттик эмнеге?
Тирешүүнү курчутпайынчы,
Токтоо болуп койсоң сен деле.

Келчи, бүгүн унчукпайлычы,
Каршылыкты курчутпайлычы.
Болбос ишке бүйүр кызытпай,
Бүгүн элдей тынч уктайлычы.

## ЧЕКСИЗДИК

Чексиздикке жетпей койду акылым,
Качан, кантип жаралды экен бул дүйнө?
Мезгил жылып мерчемине акырын,
Жок болушу мүмкүн чыгар бир күндө.

Өнүгүүлөр жетер чекке жеткенде,
Мүмкүн кайра артка жылар убакыт.
Кудуретсиз акыл аны чечкенге,
Же кудайдан биле албасак суратып.

Чексиз аалам өзү келип чечимге,
Бизден сырын катпай эле койбойбу?
Же улуу Күч Галактика четинде,
Адамзатты куурчак кылып ойнойбу?

Чексиздикке жетпейт оюм чектелген,
Миң-миллион Галактика бар бекен?
Анан дагы мындай ойго кептелгем,
«Жаратkандын отон-жайы кайда экен?»

Сырдуу тиктейт көктөн сансыз жылдыздар,
Табышмагын адам чече албады.
Маркумдарды мекендеткен жылдыз бар,
Анда жашайт нурга айланган жандары.

## МААНАЙ

Жол үзүлдү туюк жарга кептелип,
Убакыт да узак эмес чектелип.
Утканымдан утулганым көп окшойт,
Мен өзүмдү турам бүгүн жек көрүп.

Кадыр-колко кылмак элем кимге мен,
Канатымдын кайрыларын билбегем.
Кан жолдордон кайып өтүп келатам,
Кылмышкердей, качып чыккан түрмөдөн.

Бут чалынган жолдун ташын тербедим,
Оогон жүктү оңдоп-түзөп бербедим.
Чакалайдын чак түшүндө адашып,
Эми кайда коноор экен кербеним?

Басар жолдун нугу көзгө көрүнбөй,
Эртеңкинин турат камы көрүлбөй.
Кантмек элем, кайдыгерлик кашайгыр,
Кайда бассам күтөт Мамай көрүндөй.

Жолоочудай жол улаган бир конуп,
Жөнөп кеттиң аз убакка бир болуп.
Кыдыр келип учурашып кеткендей,
Кыйырымда кала берди ыр конуп.



Кайда калды аруу тилек, үмүттөр,
Чуркап жүрүп чалга айланды жигиттер.
Фигуралар сая кетти жем болуп,
Канттик эми пешкалардан жүрүп көр...

* * *

Каптап келет айланамды жөө туман,
Атым чарчап, ара жолдо жөө турам.
Аулетимдин аскасында калгансыйм,
Айткылачы, кайда барам, не кылам?

Аша албадым ашуу эмес белести,
Эр жигитке ушул кордук эмеспи.
Бийиктикке жетпей көзүм чачырайт,
Кудай алгыр, куусам жетпес элеспи?

Өттү-кетти, өмүр кайра толмокпу?
Өкүр-бакыр, мурдагыдай болмокпу?
Кызыл-тазыл оюнчугун көргөзүп,
Турмуш мени миң бир калчап, ойнотту.

Канча кайрат кылсам дагы кекенип,
Мен жеңилдим кош колумду көтөрүп.
Кайдан-жайдан жетип келип карылык,
Босогомдо күтүп турат жөтөлүп.

* * *

Айтпады дебе иним, абайлагын,
Чыгаандык – чындык үчүн карайганың.
Ким жеңип, ким жээриген бу жалганда,
Бийликтин «күн карама» малайларын.

Карматпай кашкөйлөнгөн адатыңды,
Капилет кайрып алба канатыңды.
Койнуна котур ташын каткандар бар,
Байкатпай туздап коёт жаратыңды.

Бийликтин жугундукор кулдары көп,
Буйткадан бутун тосуп турганы көп.
Чалынсаң күнөө өзүңдө, доомат кылба,
«Мага эч ким жөлөк болуп турбады», – деп.

Жеңилип калсаң асти кайгырбагын,
Эзели кайра артыңа кайрылбагын.
Алтын баш канжыгага кетти деп бил,
Элиңдин ишенчинен айрылганың.

## КЫЙНАБАСАМ ЭКЕН

Ар кимде бар башта бир өлүм,
Көптөн бери ооруп жүрөмүн.
Кыйналайын, бирок жарымдын,
Кыйнабасам экен жүрөгүн.

Ансыз деле чыдап, тиштенип,
Бир башына гана күч келип.
Тартыштыктын тартып түйшүгүн,
Бара жатат улам ичкерип.

Бопбоз тартып улам ireңим,
Азап чегип, бир топ жүдөдүм.
Мен оорусам мейли, жарымын,
Оорутпасам экен жүрөгүн.

* * *

Мен эч кимге каалабаймын жамандык,
Бул жашоодон тилегеним амандык.
Кээ бирөөлөр колтугума суу бүрксө,
Кээде кылып коёт окшоймн чабалдык.

Өзгөрүлбөй ушул жүргөн калпыман,
Жашайм десем сөз ээрчитпей артыман.
Бул турмушта опосуздук көп экен,
Чырмап алып чыгарбаган шартынан.



Көчөдөгү көп адамдын бириндей,
Жашап келем көзгө, сөзгө илинбей.
Таппай жүрүп бул турмуштан ордумду,
Жашым минтип кырктан өттү билинбей.

Чукул калды касиеттүү карылык,
Күтөт мени калтар ичик жамынып.
Ар күнүмдү күрөш менен узатпай,
Мен эртерээк койдум бекен багынып?

## КАТКАН ЧЫНДЫК ЧЫНДЫКПЫ?

Топко барсам кирдей берип сезимим,
Жалгыздыктын жаап алып эшигин.
Жүргөн кезим жүрөгүмө жүк артып,
Бул жашоонун терип ырыс-кешигин.

Качандыр бир кадыр-баркым сүртүлүп,
Катарымдан каламынбы түртүлүп?
Калган өмүр калкым үчүн сайылып,
Чындык издеп чыгаламбы бүркүлүп?

Же чын эле «өрдөк жокто чулдукпу?»
Кандай бийлик болсо деле кулдукпу?
Көкүрөктү жара тээп чыгалбай,
Көмүскөдө каткан чындык чындыкпы?

## ЫРЫМ КАЛСА ЖАЛГЫЗ САП

Күнөөлөбө. Жүргөн кезим чарчанып,
Убадалар аткарылбай көп ирет.
Адам төргө жылган сайын канчалык,
Ошончолук көр жакындайт көрүнөт.

Атаганат, билбей туруп сөз кунун,
Чалчык кылып жиберишти. Кантейин.

Жакын албай жүрөгүңө, сезгиниң,
Кеп катары айтылган бир анчейин.

Ошентип кой, сактайм десең баркыңды,
Бекер ооздор кимдигиңди карамак.
Тебелетип бөөдө насил-наркыңды,
Ала көрбө жүрөгүңдү жаралап.

Жалгыздыкка качкан менен эгерим,
Бакыт куруу мүмкүн эмес жалгыздап.
Адамдарга тийди деймин керегим,
Айтып жүрөр ырым калса жалгыз сап.

* * *

Демейки күндөрдүн бир күнү бүгүн,
Кадимки өтүп жатат тирилигим.
Таңды кеч таалай издеп чимирилген,
Тагдырдын колундагы ийигимин.

Кол жеткис бийиктикти көксөбөгөм,
Жаным тынч, жашоом тынч өтсө дегем.
Пегастын бир чобурун кармап алып,
Желдирип келе жатам бөксө менен.

* * *

Шүгүрчүлүк, жашап жүрөм кыбырап,
Бирөөдөн кем, бирөөлөрдөн тыңыраак.
«Өлсөң деле өйдө карап өлчү» деп,
Тереңимден ачуу чындык чыңырат.

Кайдан минтип болуп калдык ылдый баш,
Биз кылганды манкурт болгон кул кылбас.
Жалтактыгын жашырганы ушубу,
Кайран кыргыз чекесинен ылгый мас.

Колдо каруу, басарыңа бут туруп,
Же алдатып, же тарттырып, уттуруп.



Өзүң мокоп, сөзүң мокоп калгыча,
Чарт бөлүнүп сынган артык курч туруп.

Кайдыгерлик минип алып желкеге,
Чоң чындыкты сойдук канча мертебе.
Эркиндиктин кунун билбес жашоону,
Жыйынтыктап койгон жакшы эрте эле.

## ЧЫНДЫК ИЗДЕП КЕТКЕН ДЕП

Кой кетейин, узак жүрөөр сапарым,
Баарын кечип жөнөгөнү жатамын.
Калган өмүр кадырына жетем деп,
Билбейм эртең кайда башым батарын.

Бүткөн чыгар айтылар сөз айтылып,
Олтурмакмын убак болсо жайчылык.
Качандыр бир жүз көрүшүп өтөрмүн,
Кадыр калса бир кайнатым чайчалык.

Турмуш эртең түртүп салса кечирбей,
Өкүнөм го, койчу беле өкүнбөй.
Бир бечара чындык издеп кеткен деп,
Жүрсөң болду жүрөгүңдөн өчүрбөй.

## АМАНАТ

Ашып-ташып күйүтү көкүрөктө,
Жанга батып жалгыздык, өкүнөт де.
Айтып калар сөзү бар сыяктанат,
Бир жолугуп кетсин деп өтүнөт де.

Бул жашоого чын эле тоюптур де,
Башын байлап ажалга коюптур де.
Оору аны жаздыкка жармаштырып,
Кара көзүн кашайтып оюптур де.

Эти катып сөөгүнө, арык дегин,
Эңгезердей эр бүгүн карып дегин.
Этегиңе жармашып калбайт чыгар,
Көрүп койсоң болбойбу барып дегин.

Жата берип жамбашы чириген де,
Араң эле таанийсың үнүнөн де.
Шыпты тикте чакчаят эки көзү,
Адам эмес ит коркот түрүнөн де.

Турбай калды жыгылган бойдон дегин,
Тууганадары карабай койгон дегин.
Жалооруса жанындан түңүлөсүң,
Жакшылык кыл, барып кой, ойлон дегин.

Чыгарымда көздөрүн жаштаган де,
Үмүт кылбайт өзүндөн башкадан де.
Бапырашып үйүнө батпай кетчү,
Жоро-жолдош, достору таштаган де.

Мезгил деген көз ирмем ылдам экен,
Тагдыр мени тамаша кылган экен.
Отонумду ойрондоп алган күнү,
Кудай мени төбөмдөн урган экен.

Ушул менин, иничек, аманатым,
Текке кетти маңдай тер, таман акым.
Жакшы жашап, жакшы өлмөк жок турбайбы,
Калат окшойт артымда жаманаттым.

Көрүп-билип жүрөсүң абалымды,
Жеткире көр жеңеңе саламымды.
Айыбым көп алдында айтып бүткүс,
Кудай мени кууратып чала кылды!



* * *

Жалгыздыкты көксөйт жан дүйнөм,
Киши-кийик болуп кетсемби?
Ансыз деле тагдыр даркүмөн,
Дербиш болуп тентип өтсөмбү?

Көкөйүмө тийди көндөйлүк,
Безе качып кайда бармакмын.
Бийлик доорун сүрүп көрдөйлүк,
Өмүрүмдүн көбүн алдаттым.

Азоо аттай качкан үйүрдөн,
Жалгыздыкты эңсеп кыйналам.
Чыга албаймын бирок чийинден,
Максат, мүдөө эбак кыйраган.

«Кандайсың?» – дейт, «Жакшы» – деп коюп,
Топук кылып жашап келемин.
Тилегиме өзүм чек коюп,
Тагдыр түрткөн жакка жөнөдүм.

* * *

Качандыр бир билерсиң, бурадарым,
Тосо көрбө жолумду, суранамын.
Көрбөй эле койгонуң дурус окшойт,
Көздөрүмдөн тамчы жаш кулаганын.

Күндөрүмдү байкабай азаптагы,
Жүрүптүрмүн жиникпей жашап дагы.
Эмне шумдук экенин билесиңби,
Эркектердин көзүнөн жаш акканы.

Жүрөк отун өчүрүп албайын деп,
Өмүр бою өкүттө калбайын деп.
Жолго чыктым адашкан бакытымды,
Жолукса эле качырбай кармайын деп.

## АКЫН ИНИМЕ

*(Карбалас Бакировго)*

Кайдасың иним, кабарың кетти угулбай,
Кайрылып сага жолукпай калдым чыгынбай.
Тизеден көрбөй жашоонун албуут дайрасын,
Жүрсүңбү дале шарактап жазган ырыңдай.

Шамшардай өткүр ырлардын айлын мекендеп,
Жаназык топтоп, эсен-соо жүрү бекен деп.
Кабатыр болуп, карааның издеп келемин,
Берээриң элге бараткан сайын кечеңдеп.

Ишенем иним, тагдырга тизе бүкпөйсүң,
Пегастан башка пендеден жардам күтпөйсүң.
Эртеби-кечпи эл агып кирер ажайып,
Жомоктоп бүтпөс ырлардын шаарын түптөйсүң.

## БИР АКЫНГА

Тагдырын булут чалып,
Бир талант унут калып.
Кол шилтеп басып кетти,
Ыр шаарын куруп салып.

Жашаган жанын сабап,
Жакшы ырдын сабын жамап.
Турмушка күндөш болгон,
Айтышып алым-сабак.

Өмүрүн шартка берип,
Жүрөгүн дартка берип.
Чачылган эл катары,
Үрп-адат, салтка көнүп.

Эч кимге артпай милдет,
Кужүлдөп күндөп-түндөп.



Калеми караан болгон,
Курттай жеп ичтен илдет.

Козгобой ашык кепти,
Кол шилтеп басып кетти.
Омоктуу ой сиңирген,
Ырларды жазып кетти.

## «КҮЛӨСҮҢ НЕГЕ» ДЕЙСИҢ

«Күлөсүң неге» – дейсиң. Күлбөгөндө,
Ыйламак белем анан, кызыксың да.
Сезимим сергий түшүп кур дегенде,
Муздаган жүрөгүмдү ысытсын да.

Аргасыз күлбөгөндө ыйлайт белем,
Колумдан келбей калды андан башка.
Калп айтуу акылыма сыйбайт дегем,
Ага да көнөт окшойм калган жашта.

Оңолуп кетчү болсок ыйлаган соң,
Соткелеп төкпөйт белем көз жашымды.
Эл-журтум эс-акылын жыйнаган соң,
Ойлобойт белем анан өз башымды.

Сапарың кайда барат, заман көчү?
Канча ашуу күтөт бизди жолубуздан?
Максатты майыштыруу жаман дечи,
Деги анан эмне келет колубуздан?

## ТИЛ АРМАНЫ

*(Камбаралы Бобуловго)*

Катыгүн, кайда жүрсүң Камбаралы,
ЖоКенин өзүң эле карманары.
Эне тил эмне кылар айла таппай,
Момунтип түшүп турат чамгарагы.

Табийгат берген тилди таналыбы?
Талашпай орус болуп алалыбы?
Же балким Түрк Атанын урпактары,
Жабылып орток тилди табалыбы?

Эне тил өгөй болуп калганыбы?
Заң-мыйзам унутулуп калбадыбы.
Ак үйдөн арга болбой жаткан кезде,
Абаке ай, кимге айтмаксың арманыңы.

Дин үчүн күйүп-бышкан кайран кыргыз,
Тил үчүн убак тапмак кайдан кыргыз.
Куранга кулдук уруп түп көтөрө,
Такыба молдолорго айлан, кыргыз.

## ЭЛГЕ БҮГҮН КЕРЕКСИҢ

Мизинен шырылдаган кызыл жалын,
Кыны жок кылыч сымал жигит чагын.
Элиндин керегине жарабаса,
Арманга айланарын унутпагын.

Дененде жүрүп турган каның барда,
Жүрөктө күйүп турган жалын барда.
Айтып кал сөз атасын керек жерде,
Деги эле баш көтөрөр алың барда.

Элиндин тагдырына бүгүн кайгыр,
Жардамга эртең эмес бүгүн кайрыл.
Мезгилдин бүктөмүнө сиңип кетер,
Бул өмүр кыска тура ушундай бир.

Кесип жеп казы-карта, жаганасын,
Каалаcаң өзүңдү-өзүң бага аласың.
Адашып турган журттун күнү кантет?
Айдаса ар ким жеке арабасын.



## ЖОКТОО

*(Ашым Жакыпбек уулуна)*

Эсил кайран гана Ашыкем,
Элүү тогуз жашта жайрадың.
Каруунду казык кылчу элең,
Кара сөздүн калпып каймагын.
Кимдин көзү тийип кетти экен,
Көрбөй калдың «Манас» майрамын.
Сен көтөрсөң болмок ал күнү,
Кыргызымдын кызыл байрагын.

Эсил кайран гана Ашыкем,
Эми сени кайдан табабыз?
Эсти оодарып кетти, катыгүн!
Эр мүнөздүү асыл агабыз.
Жер койнуна бербей коюуга,
Жетпей калды биздин чамабыз.
Көзүң барда билбей баркыңды,
Көр үстүндө күйүп-жанабыз.

Эсил кайран гана Ашыкем!
Ээнсирейт бүгүн Шекериң,
Элиң кайдан билип коюптур,
Эр Манасты ээрчип кетериң.
Меке кылар билген азамат,
Мүрзөң жаткан айыл этегин.
Учу барып ага такалат,
Сен төрөлгөн котур көчөнүн.

Эсил кайран гана Ашыкем!
Бүркүт элең көктө шаңшыган,
Кайрып алды кайда жүрсөң да,
Киндигинден тамган тамчы кан.
Куру эместир уучу элиңдин,
Сендей талант чыгар артыңан.
Бейитиңе турпак сала албай,
Ушул ырды жазып калтырам.

## АЧКЫЛАЧЫ, ТЕРЕЗЕНИ

Жашоо оңой окшойт белем унчукпай,
Кайыл болуп, калса дагы күн чыкпай.
Ирип-чирип кете турган болдук го,
Ачкылачы, терезени тумчукпай.

Жаткан окшоп жашоо бүгүн башталып,
Бир ачылыш жасап койгон баштанып.
Керсейебиз көңдөй туруп, капырай!
Курсагыбыз акыл-ойду башкарып.

Жем чачылса жетине албай сүйүнүп,
Өзгө өктөм, өзгөлөргө жүгүнүп.
Кол аякка жарап калган баладай,
Кимге кызмат кылып жүрбүз жүгүрүп?

Өз агасын барктабаса агалап,
Киши агасын күтөт деген сагалап.
Ит жыгылыш болуп жатсак ич ара,
Коңшулар турган жокпу табалап?

Ачкан курсак акырындап тоюнар,
Акыл жетсе баары ордуна коюлар.
Чалды-куйду жүрө берсек чарпылып,
Кыргыз эртең кыргыз болбой жоюлар.

* * *

Бул жашоонун нугу менен шар акпай,
Кечээгимди бүгүн кайра жаратпай.
Мен канчалык кыйнасам да жанымды,
Күндөр өтөт чала окулган барактай.

Ишке ашпады канча тилек, мүдөөлөр,
Балким менин өзүмдөдүр күнөөлөр.
Дартымды айтып даттанганда не болду,
Казанымды кайнатмакпы бирөөлөр.



Толкун сымал кайдан-жайдан түрүлүп,
Бүткөнүнөн чаласы көп тирилик.
Этек-жеңди жыйнагыча калыпмын,
Карылыктын кароолуна илинип.

Кыз-келиндер кыйыгынан карашпай,
Айткан азил сөздөрүм да жарашпай.
Шарт бурулуп четке чыга бердимби,
Буйрубаган жол багытын талашпай.

Тулпар деле туйлайт деген тушунда,
Бирок, жашоо кызыктыгы ушунда.
Акыркы дем алкымымдан чыкмайын,
Калгым келбейт калың топтун тышында.

## «ПЛАТОН ДОСУМ...»

Өз ойлорум ичке катылып,
Болгум келбейт тилсиз макулук.
Абийиримди аттап кете албайм,
Адам деген мага ат улук.

Коштой албайм сенин сөзүңдү,
Коргоп алгын өзүң өзүңдү.
Жалган айтсаң деле жагынып,
Жашайынбы, карап көзүңдү.

Сурай көрбө менден макулдук,
Андан көрө айткан акылды ук.
Күтө албасаң жолдош көңүлү,
Настан эле калат атымдык.

Бирге жүрүп, бирге турдук – чын.
Биз жолдошпуз, ага кулдукмун.
Анан бирок, куру намыс деп,
Аттай албайм башын чындыктын.

## КАПЧЫГАЙДЫН ШАМАЛЫ

Үшүдүңбү? Кел, жылынып алсаңчы,
Кечки жаккан оттун табы кетелек.
Тобокел деп биротоло калсаңчы,
Тагдыр мында апкелгендир жетелеп.

Көрүп алып капчыгайдын шамалын,
Көңүл чөгүп, үрөйүңдү учурба.
Бул жашоонун жакшы менен жаманын,
Билет адам жалгыз калган учурда.

Чамаң келбей тамаша айтсам күлгөнгө,
Неге мынча басмырт сенин маанайың?
Ашка жетсең башка жетпей жүргөндө,
Мүмкүн ушул жерде чыгар таалайың.

Чейрек кылым бир кайрылып кетпедиң,
Бакытыңды издеп жүрдүң алыста.
Көңүлүмдү улай көрбө тек менин,
Эркиң жетсе, сүйүүң жетпес алышка.

Алган менен мага башың батырып,
Капчыгайдын шамалына көнбөйсүн.
Сезип турам, эптеп таңды атырып,
Эми кетсең биротоло келбейсиң.

* * *

Тыңшачы, коңшу үйдөн чуу чыгабы?
Ойногон балдар болсо куучу нары.
Үйүндө бой жеткенге сырга салып,
Кечинде келмек беле жуучулары?

Кантет эй! Бой жеткен кыз асылдыбы?
Күлкүсү түбөлүккө басылдыбы?
Кайгысын көтөрүүгө күчү жетпей,
Бир сырын өлүм менен жашырдыбы?



Бир үйдүн жанган шамы өчкөнүбү?
Дүйнөдөн шашкан бойдон көчкөнүбү?
Кечээ эле кийип жүргөн ак көйнөгүн,
Алмашып ак кепинге, чечкениби?

Аттиң ай, эмне көрүп, нени билди?
Кайран кыз бир жеринден кемидиңби?
Жаныңды өзүң кыйып жибергидей,
Мынчалык эмне оорутту көңүлүңдү?

Кайнеңең аппак жоолук салбайт беле,
Чыдасаң баары унут калбайт беле.
Өмүргө өктөмүрөөк болуп койсоң,
Кырк шамдын дагы бири жанбайт беле.

Апакең өөп-жыттап бешенеңи,
Алдыңа көк бедеден төшөгөнү.
Боз үйдүн төрүн ээлеп жатып калдың,
Тартынып өзүң тиккен көшөгөнү.

* * *

Жок издеп, жол издеп туюктан,
Жаңылып, адашып, буюккан.
Жүрөккө жаназык бералбай,
Тамырда калдыбы уюп кан?

Алтындай, күмүштөй уюткан,
Жапакеч жан элең муюткан.
Жалыны жалп өчкөн денеңде,
Жүгүрүп калганбы суюк кан?

Турмушка апчытып ыйыктан,
Турганда туттугуп, күйүп жан.
Сен мага арка-бел болбостон,
Күлгөндөй сезилдиң мыйыктан.

* * *

Кантсе да, ар нерсе өз убагында,
Кулундай туйлап турган курагында.

Кыпкызыл чоктой куйуп, кыл чайнап өт,
Куюндай ойноп аттын кулагында.

Камалбай мүдөөлөрдүн майдасына,
Бой ташта чоң турмуштун дайрасына.
Өмүрүң керек болсо кайчы жолдо,
Кечип ий Ата Журттун пайдасына!

## КЛАССТАШТАРЫМА

Көп болду, калыптырбыз жолугушпай,
Бапырап бала кездей чогулушпай.
Бу турмуш үргүлөтүп койду бизди,
Бүтпөгөн мазеси жок чогулуштай.

Келүүгө колу тийбей төркүндөргө,
Кейибей өмүр бир топ кертилгенге.
Классташ кыздарыбыз картайышып,
Айланып кетишиптир кемпирлерге.

Балдарчы, түпкүч болуп түйүлүшүп,
Он кадам катуу басса күйүгүшүп.
Көчөдөн өткөн бирөө салам айтса,
Калышат кадимкидей сүйүнүшүп.

«Жүрөмүн эптеп багып жанды» – деген,
Классташ кемпир көрөм, чалды көрөм.
Суюлуп бара жатат катарыбыз,
Ичер суу бүтөйүн деп калды белем.

## КАТАРЫБЫЗ СУЮЛУП...

Көр оокаттын ташпишине кармалып,
Жакын жүрүп издешпедик, барбадык.
Мыктысынып бирибизден бирибиз,
Тирүүлүктө кадырлаша албадык.



Элес албай убакыттын өктөмүн,
Жалт-жулт этип жаштык өтүп кеткенин.
Байкоосуздан ийнибизге салыппыз,
Эр ортону элүү жаштын чепкенин.

Ташка чаап ар ким баккан үмүтүн,
Канча тарттык жеңилүүнүн күйүтүн.
Дайыма эле бакыт сылап маңдайдан,
Жарык чачып турбайт экен күнү-түн.

Кыркка жетпей катарыбыз суюлуп,
Ырыс кетти кырчын талдай кыйылып.
Тирүүлүктүн урматы үчүн болсо да,
Бир эскерип коё албадык жыйылып.

Турмуш канча капканына чаптырды,
Бирибизге бирибизди жат кылды.
Туяк көрбөй өтүп кеткен дүйнөдөн,
Эстедикпи бакайырлык Саткынды?

Куп жарашып аты менен затына,
Бир жан эле жибек мүнөз татына.
Арабыздан эрте кетип калыптыр,
Казак кызы, кайран гана Фатима.

Өйдө-ылдыйын эч ким деле угалек,
Жыргал жашоо ушул жакта тура деп.
Кирип кетип бөтөлкөнүн түбүнө,
Жаштайынан жайрап алды Жумабек.

Кимде кезек? Ал тагдырдын буйругу,
Токтомокпу тирүүлүктүн кыймылы.
Өкүнгөнүм – жыйырма алтыдан бирөөбүз,
Болалбадык элибиздин сыймыгы.

Ырас, өмүр төргө карай түрүлүп,
Эл катары өтүп жатат тирилик.
Атаганат, бир чогула албадык,
Аман жүргөн жыйырма экибиз биригип.

Таалай үчүн тарап жүрүп таманды,
Өмүр өттү жакшыбы же жаманбы.
Кантмек элек, көтөрбөскө чара жок,
Калыстыктан тайып турган заманды.

Билбейм дагы канча дайра кечмек бар,
Көчтүн белин кайсы жерден чечмек бар.
Жол боюна бизди таштап Улуу Көч,
Сапар улап андан ары көчмөк бар.

## ЖОЛДО

Чийлүү талаа. Бир таман жол,
Шыбак жыттуу аба дем.
Чаң ээрчите желе-жортуп,
Келе жаткан бала – мен.

Жылаң аяк, жылаң башмын,
Китепкабым жонумда,
Апама деп наспай салган,
Кызыл баштык колумда.

Каникулга чыгып-чыкпай,
Качып келем бүгүн мен.
Тажап бүтүп насиби тар,
Жашап жүргөн үйүмдөн.

Көздөн учат тааныш боз үй,
Тааныш короо, тааныш ит.
Ээн жолдо эрбендеймин,
Закым менен жарышып.

Баскан сайын тоо ыраактап,
Элеп-желеп жүрөгүм.
Жаңы конуш которгузбай,
Күтөт апам, билемин.

Жылдар өтүп андан бери,
Мен дагы эле жолдомун.



Качан? Кантип? Кайдан билдим?
Токтоор жердин болжолун.

Калды мезгил катмарында,
Балалыгым. Апам жок.
Убайымдап жол караймын,
«Уулум келет качан?» – деп.

Жаш улгайып, каруу кетип,
Өткөн окшойт базарым.
Өкүнчү көп бул жашоодо,
Билбейм канча жашарым.

Билбей жүрөм элим үчүн,
Барбы, жокпу керегим.
Жүрөк эзген бул суроого,
Жооп издеп келемин.

Өтөт күндөр убай-чубай,
Бабалардын көчүндөй.
Тирүүлүктүн табышмагы,
Келе жатат чечилбей.

## АЙЫЛЫМ БҮГҮН

Тууп-тууп, бир эркек уул төрөбөй,
Жакшылыктан үмүт үзгөн энедей.
Айылым бүгүн жаткан кези бүк түшүп,
Ай тутулуп, жер көчсө да кенебей.

Айылым бүгүн түп көтөрө дубана,
Кара курсак камы менен убара.
Алуу үчүн аласасын өнбөгөн,
Чатак чыгат ар көчөдөн күн ара.

Айылым бүгүн сүйбөйт келген конокту,
Малы түгүл пейилин кошо тонотту.
Кайдыгерлик кандыгына баш ийип,
Журтум журттук касиетин жоготту.

Дубалы урап, акча, шыйпыр табылбай,
Үйлөр турат чатырлары жабылбай.
Жаңы кийген айылдаштар азайды,
Кемпир-чалдын жакалары жаңырбай.

Айылыбызда той-тамаша азайып,
Алабарман көкүрөктөр басайып.
Анан, бирок, улуу-кичүү, аял-эр,
«Ак молдого» ээрчип кетти кашайып.

Айылым бүгүн катуу дартка кабылып,
Арга таппай түтөп турат каңырык.
Жардам сурап жалооруган үн чыгат,
Куттуу күнү кулагыма жаңырып.

Айылым бүгүн эптеп күнүн көрүүдө,
Айылдаштар төрөлүүдө, өлүүдө.
Мерес мезгил аны менен иши жок,
Оңго-солго селкинчегин тебүүдө.

## КЕМПИРДИН ЫЙЫ

Карайлап көздүн нуру жетпеген соң,
Көөдөндөн жаным чыгып кетпеген соң.
Капырай, кандай кылам, айткылачы?
Каралдым, жалгыз уулум «кет» деген соң.

Кетейин, кайда барып баш батырам,
Кайсы үйдү түртөм, билбей баш катырам.
Кетпесем керексиз бир буюм сымал,
Кесерип эртеден-кеч ачка олтурам.

Жашымда кайгы жүгү билинбеген,
Жалгызым – менин көрөр күнүм дегем.
Жанымды садага чаап уулум үчүн,
Жалбарып, жалбырактай дирилдегем.



Кеп айтсам келин-уулга жакпай калат,
Күйүтүм көөдөнүмө батпай барат.
Качканбы уйку деген карылыктан,
Кашайып таң да минтип атпай калат.

Узатып ар күнүмдү азап менен,
Убайым, санаа тартып жашап келем.
Ушинтип урмат көрбөй карылыкта,
Уулумдан, келинимден мазак көрөм.

Каргадай жалгыз уулум касым беле?
Калгандыр бир эчкидей жашым деле.
Кадырлай албаган соң тирүүмдө,
Көз жумсам бербей койсун ашын деле.

Өмүрдө бөксөрмөк бар, чайпалмак бар,
Өкүнтүп бергендерин кайта алмак бар.
Өзгөнүн өзөгүнө өрт түшүрсөң,
Өксүтүп, эки эселеп кайтармак бар.

Жашоонун алмагы бар, бермеги бар,
Жамандык кылсаң кайра келмеги бар.
Жараткан өзү күбө, жалгызымдын,
Жашы өтсө баласынан көрмөгү бар.

## ТОГОШКОН КӨЧ, ТООЛУК КАРЫЯ

– Каралуу көч келатат. Кеспе жолун!
Кеспе жолун. Даярда көчкө орун.
Кайгы деген ар пенде башында бар,
Кайдан билдик тогошуп, кез болорун.

Аттын башын бургула. Токтогула!
Алдын кайрып бир жерге топтогула.
Арабыздан бир адам кеткен экен,
Агайынбыз, үн кошуп жоктогула!

Сөөк жайын айткыла кошокчуга,
Өлгөн адам зыйнаты кошок тура.

Дасторконду жайгыла, суусун ичип,
Көчтүн бели эс алсын, бошоткула.

Жардам бере албасаң бир-бириңе,
Катаал турмуш карайбы кимдигиңе.
Боордоштук болбосо каалаганы,
Бычак уруп өтпөйбү киндигиңе.

Каралуу көч сапары узак тура,
Ат которуп айлына узаткыла.
Кана эмесе, оомийин, жол улансын,
Биздин көчтү өйдөгө чубаткыла!

## БИЙЛИККЕ ОДА

Тагдыр эмес, бийлик башка салганды,
Көтөрөбүз, чындай көрүп жалганды.
Коюуланган каныбызга кулдуктун,
Уюткусу көп кошулуп калганбы?

Эркиндиктин даамын кимдер татыптыр,
Кара курсак тойсо деле бакыттыр.
Бийлик төрүн бийлеп алып түркөйлүк,
Ким эл менен эсептешип жатыптыр.

Билбейм элдин шорубу же кутубу?
Жон жукарса той көбөйүп утуру.
Малайлыкка жалданышып кетишти,
Баягы эле кембагалдар тукуму.

Бул жашоого баёо тиктеп, элейип,
Ыманбайлар бара жатат көбөйүп.
Азыркынын манаптарын эсиртип,
Момун журтум, олтура бер көлөйүп.

Этегине тооп кылып улуктун,
Эл-жериңдин эртеңкисин унуттуң.
Ээрчимелер ээлеп алса бийликти,
Эмне болот келечеги улуттун?



Бийлик кылып акыл эмес кара күч,
Күйүп-жанып, куйкаланып барат ич.
Тарпы чыккан тагдырыңды унутуп,
Акыл-эстен адашканча арак ич!

* * *

Ойлобопмун, билбептирмин мындайды,
Көралбастык көкүрөктү тырмайбы.
«Элим» деген эстүүлөрүн эл өзү,
Этегинен тартып коёт турбайбы.

Укпаптырмын, көрбөптүрмүн мындайды,
Адам деген барга топук кылбайбы.
Эрден мурда катындарын көптүргөн,
Бийлик деген баш айлантма турбайбы.

## ЧАРА БАРБЫ?

Айланып Ата Журтун коргонуна,
Саксактап, элин бербей жоо колуна.
Алдына аш, үстүнө үй, кийим болгон,
Кыргыздар барбай калды тоолоруна.

Күнкорсуз биз эңсеген заман кана?
Күнүбүз өтүп калды араң гана.
Тоолордун төрөсүндөй толкуп ташкан,
Кечээги кербез мүнөз чабан кана?

Туу мына, өлкө мына, ордо мына,
Эркиндик эптеп тийди колго мына.
А бирок, ит-мышыктай тытышчу эле,
Кыргыздар бийлик тийсе колдоруна.

Чын эле, тоо томсоруп, талаа калды,
Кайран эл эптеп багат кара жанды.
Көзү көр, кулагы кер, дымагы күч,
Кыргызды ойготууга чара барбы?

## ЖҮР, УГАЛЫ ЖОМОГУН...

Жүр, угалы жомогун абышканын,
Тайторунун кандайча жарышканын.
Комуз менен чечмелеп коймою бар,
Кокую көп жашоонун табышмагын.

Кайран гана карыя карып калды,
Сексен жаштын кырына барып калды.
Туяк көрбөй, ичер суу түгөнөрдө,
Кемпиринен айрылып калып калды.

Курбалдаштар катары суюлганы,
Топ ичине барышы кыйындады.
Бирок, анын тагдырга таарынычы,
Бир ирет да бир жанга угулбады.

Макоолукпу, көктүкпү, бекемдикпи?
Жүрөгүнө артты окшойт бекер жүктү.
Бир арманы – сөз кунун кадыр тутуп,
Ала албадык андагы чечендикти.

Жүр, угалы жомогун абышканын,
Кыйындыкта кантип жол табышканын.
Эркиндигин кандайча тебелетпей,
Кыргыз, кыргыз боюнча калышканын.

## КАЛКЫҢДЫН УРСУН КУСУРУ

Билбедим, териң жукабы?
Бакырган эле утабы?
Бир ирет сөзгө конок бер,
Болсоң да шыктын бутагы.

Жан болсо деле мерес бир,
Сага окшоп «чыккын» дебестир.
Өкмөттүн ушул үстөлү,
Энчиңе тийген эместир.



Айтканда сөздүн кыскасын,
Жеп-ичкен жактан устасың.
Бакылдай берип жөнү жок,
Бак-дөөлөт баштан учпасын.

Күнүңдүн тууган учуру,
Кайрыла бербес утуру.
Карышкыр болуп калыпсың,
Калкыңдын урсун кусуру.

* * *

Акылдан кур экенсиң,
Кызматка кул экенсиң.
Ылдыйга пейил күтүп,
Өйдөгө шыр экенсиң.

Көөдөнүң бопбош тура,
Челекке окшош тура.
Максатың кантсе дагы,
Дүнүйө топтош тура.

Жан дүйнөң тар турбайбы,
Иттигиң бар турбайбы.
Этегиң жаап жүргөн,
Эси бар жар турбайбы.

## ЖАЛАЯК БОЛУП ЖАШАГЫН

Башыңды ийкей бербестен,
«Болбойт» деп койчу бир ирет.
Кубанып айта барайын,
«Курдашым эсен жүрү» – деп.

Байкабай жүрүп маңкурттун,
Кешигин ичип алдыңбы?
«Куп болот. Макул» – дей берип,
Макулук болуп калдыңбы?

«Куп» менен кулга айланып,
«Жок» менен кеткен ырысың.
Жалаяк болуп жашаган,
Жоругуң сенин курусун.

* * *

Ата Журттун төрт тарабы майышып,
Атуулдардын кабыргасы кайышып.
Жардам берер жалын чаччу жарандар,
Жүрөт ана алаканын жайышып.
Шордуу элдин көз жашынан куралган,
Шор даамдуу дүнүйөгө байышып.

Билбей калдым, шорго жакын элбизби?
Тайкы тагдыр, акыл-эстен кембизби?
Кайырынан чайыры көп, балек баш,
Чочондогон «чондор» үчүн жембизби?
Араң жашап жүргөн элди алдаган,
Алып эле кетсин кара жер бизди.

* * *

Атчан турса кыр көрсөтүп жөөгө,
Жөөлөсөм дейм минип келип төөгө.
Күйүп-бышып тиешеси жок ишке,
Кан куюлуп кетпесе экен мээге.

Энөө болбой, сезип мезгил илебин,
Ак-карасын ажырата бил, элим.
Жардамым аз, кейий берип ичимден,
Токтоп эле калбаса экен жүрөгүм.

Айтчы деги, азаттыгым бекерби?
Аяй берип азып-тоскон Мекенди.
Аргасыздан акылымдан адашып,
Капилеттен жинди болуп кетемби?



## БИРӨӨГӨ

Убакыт өтпөй каш кагым,
Өзгөртүп алда басканын.
Которуп салып алганбы,
Өпкөсүн сурап башканын.

Жапакеч эле билгенден,
Үмүтүм артып жүргөм мен.
Бийликке калды мас болуп,
Капылет жерден бир келген.

Жер баспай такыр таманы,
Ачылбай койду кабагы.
Ушинтип эле ныксырап,
Уйку-соо бойдон калабы?

Май баскан сайын бөйрөгүн,
Манчыркап барат көйрөнүм.
Кадыры элге болбосо,
Кадры тура чөйрөнүн.

Толору ырас, толуптур,
Байпагы манат болуптур.
Ырысын ага тарттырып,
Ыраса журтум оңуптур.

Курсакка казы байланып,
Жылтырайт өңү майланып.
Көргөндө аны жүрөгүм,
Кетүүчү болду айланып.

## ЧООЧУН БОЛУП КАЛЫПТЫР

Шаар мага чоочун болуп калыптыр,
Өгөйсүнүп, жүрөм такыр көнө албай.
Өң-далеттен бир топ азып алыптыр,
Калган элем үч-төрт жылча келе албай.

Шайы кетип, этек-жеңин жыя албай,
Шаар бүгүн чоң базарга айланган.
Ким эмнесин сатса болот уялбай,
Тагдыр эбак көр оокатка байланган.

Балыкчыдай кайырмагын аңдыган,
Кайырчылар сунуп турат колдорун.
Он бештеги кыздар тооруйт алдыман,
Жолугушар жердин айтып болжолун.

Суутту экен жаштык кайрат, эркин ким?
Гитарасын муңдуу чертет жаш улан.
Катарында гезит саткан кемпирдин,
Карегинен төмөн кулайт жаш улам.

Кайырчынын чапанындай кырк тешик,
Жолдорунда басып жүрүп ойлоном.
Айткан менен кызуу кандуу журт дешип,
Эл экенбиз бир кебелип койбогон.

## ЖОЛ КАРАЙТ

Эшикте кар. Аяз кычырап,
Үйдөн чыксаң үрөй учурат.
Булак жакка барып келүүдөн,
Баятадан келин ышынат.
Чайкай коюп бир аз кир-когун,
Болгон эле суусу ысырап.

Кечээ кеткен эри кечигип,
Көпкө күткөн, жатпай чечинип.
Таңга жуук араң көз илген,
Үмүтүнүн шамын өчүрүп.
«Кечикпестен келип калчы» – деп,
Кайра-кайра айткан өтүнүп.

Көкүрөккө толуп кусалык,
Кошул-ташыл болуп ызалык.



Терезеден улам жол карайт,
Убакыттын мойну узарып.
Уйгу-туйгу болот көңүлү,
Уйку канбай, көзү кызарып.

«Зарыл жумуш чыкты бекен» – деп,
«Кырсыктан тыш болсо экен» – деп.
Кыйпычыктайт келин жол карап,
Келер кези улам кечеңдеп.
...Кучагында башка биреөнүн,
Эри жатат: «Эртең кетем» – деп.

## ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Жалган дүйнө, жалгандыгың чын окшойт,
Жалгандыктан жарылчудай жүрөгүм.
Кара күчкө караанымды калдайтып,
Калп каткырып, калк ичинде жүрөмүн.

Жандай салып жарга түрткөн бир-бирин,
Жашаганым жалганчылар өлкөсү.
Ызаат-сыйдын ышпалдасын чыгарып,
Бүгүнкү дос төшкө тебет эртеси.

Туура сүйлөп, тууганыңа жакпайсың,
Калп да болсо көкөлөтүп мактай көр.
Жалган айтсаң жаның чыгып кетпестир,
Душманыңдын далысынан таптай бер.

Ырсаябыз жай сурашып калп эле,
Колдон келсе кекиртегин жулмакпыз.
Туура сөздүн көзүн оюп, туз куюп,
Анан гана жан жай алып турмакпыз.

Биз кыялкеч жаштар элек ой тунук,
Зор ишеним бар болуучу жүрөктө.
Жеми болуп азуусуна жалгандын,
Жетпей калдык канча сонун тилекке.

Эрин алдап этеги бош аялдар,
Күйөөлөрү калп айтышат жарына.
Ичим муздап, ишене албай кетемин,
Бул дүйнөдө адилеттик барына.

## ЭСТЕП АЛЫП

Балакетиң алайын, балакетиң,
Эптеп кетиш окшойт ээ аракетиң.
Имерилип шопурга жалдырайсың,
«Ала гетиң, агатай, алагетиң».
Түшө калып ордуму берейин деп,
Жетпей койду ага да дараметим.

Чукул калып автобус жөнөрүнө,
Үмүт кылбай шопурдун көнөрүнө.
Кагелес бой, кара кыз басып кетти,
Карегине жаш толуп, карегине.
А мен сезип өзүмдү айыптуудай,
Наалат айтам шопурдун дарегине.
...Жалынычтуу кош карек эсте калып,
Сыздайт жүрөк азыр да эстеп алып.

## АГАМА

Кайран акем, чын эле карыптырсың,
Кадимкидей жукарып алыптырсың.
Тагдыр менен тирешип, кыл чайнашып,
Алтымыштын кырына барыптырсың.
Бел сындыраар бейоопа бул турмуштун,
Бийлигине баш ийип калыптырсың.

Караан тутар медерим, уялашым,
Аттап кирдиң карылык улагасын.
Эки келбес кайрылып бул жашоодо,
Эртели-кеч эрбеңдеп убарасың.



Куну кетип мээнеттиң турган чакта,
Куруп жаткан шаарың урабасын.

Бар бол аке, байманаң кемибесин,
Азыр деле мага жаш көрүнөсүң.
Убайымдан картайып кетиптирсиң,
Жашырайын мен анын эминесин.
Карысаң да калдайып каяккадыр,
Кара жанды карч уруп, теминесиң.

## КЫЗЫМ КЫЯЛГА

Кызым, кызым, кенже кызым, Кыялым,
Бүгүн минтип толкуп турган убагың.
Бул турмуштун мейкининен издеп тап,
Жеке өзүңдүн бакытыңдын булагын.

Тагдыр татаал, бороону көп, сели көп,
Тамчы суууга чаңкаттырган чөлү көп.
Насилиңди бийик тутуп жашасаң,
Балдай ширин бакыт өзү төгүлөт.

Наадандык көп, түркөйлүк көп, кача бил,
Жаман-жакшы ажыратып ача бил.
Бешенеңден мээрим нуру төгүлүп,
Өз чөйрөңө жакшылыкты чача бил.

Кыйын, кыйын кыз тагдырын болжомок,
Тагдыры кем тайкы адамга кор болот.
Жаратканда бир тилегим, өзүңдү,
Жаман жигит кетпесе экен олжолоп.

## ДУБАЙ САЛАМ

Эки-үч күнгө бере турчу атыңды,
Жаштык кезди эске салып көрөйүн.
Балалыгым тоо койнунда калды эле,
Бир айланып учурашып келейин.

Кудай ургур, каригирээк неме элең,
Аяй көрбө эки-үч күндүк ат терин.
Кокус жайдак жетелетип жиберсе,
Бар дейсиңби менин даяр апселим.

Ат туйлатып, үзөңгүлөр кагышып,
Жүргөн жерлер көңүл кушун саматат.
Атаганат, күн нуруна илээшип,
Уясына өмүр батып баратат.

Көнбөйсүң го кошо барып келүүгө,
Тоголонуп дүнүйөнүн артынан.
Бул жашоого устун боло тургансып,
Чыгалбайсың көр оокаттын шартынан.

Сени ишинден алаксытып койдумбу?
Ушул менин айтар дубай саламым.
Чобуруңдун арам терин аябай,
Курбум менин бир ишиме жарагын.

* * *

Кулу болгон кара курсактын,
Кудай алсын мындай жашоону.
Чындык байкуш жатса чыркырап,
Кашайгырың, калптын ташы ооду.

Жалган сүйлөп гезит, сыналгы,
Саясаттан элдин башы маң.
Дүрбөй берсең түбү бир күнү,
Айрыларсың ичкен ашыңан.

Жылып кирип төрдү талашкан,
Жасакерлер жанга баттыңар.
Эмне калды силер сатпаган,
Айткылачы, нени таптыңар?

Кара сууга топук кылган эл,
Ордо ойнунун болор курманы.
Бүгүн ойгон, журтум, эртең кеч,
Анда бизди кудай урганы!



## КОҢШУМ

Комузун кылдыратып эртели-кеч,
Коңшум күн чубактан кетүүчү эмес.
Көзүндө огу бар деп эшигинен,
Келиндер кыя басып өтүүчү эмес.

Момун бир адам эле залалы жок,
Өрттөнүп кетсе дагы кенебеген.
Азыр да кулагымда үнү турат:
«Баатырым, чылымыңдан келе» – деген.

Коңшум кайтыш болду кыш түнүндө,
Пенделик, бул жалганда ким өлбөгөн.
Комузун бирөө кармап-кеткен окшойт,
Короодо кары калды күрөлбөгөн.

Өпөйгөн эски-уску дүйнө-мүлкүн,
Өчөйгөн арабага жүктөп алып,
Кетишти. Журтта калган окшой берем,
Кар баскан коңшу үйдү тиктеп алып.

## КАРА КЕМПИР

Чукул окшойт өмүрдүн шамы өчмөгү,
Бир тамчы жаш мөлт этип каректеги.
Кара кемпир бой башын түзөдү да,
Бара жатты тунарып каректери.

Каректери тунарып, каректери,
Кайран эне ооз ачып «лам» этпеди.
Көзү менен сыдырып тегерегин,
Уул-кызын тегиздеп, даректеди.

«Кош» дедиби, эмне айтты балдарына,
Колун, айтор, бир башка жаңдады да.
«Баратамын, Токон», – деп шыбыраган,
Сөзү угулду дапдаана жан-жагына.

Болсо болор ушундай кары деген,
Өмүр бою сый жашап чалы менен.
Тирүүлүктүн акыркы ирмеминде,
Бир өксүгүн бүрктү окшойт жаны менен.

Токон эстен чыкпаптыр дагы деле,
Жарым кылым илгери жары эле.
Согуш соруп кетиптир жаш жубайын,
Үйлөнүшүп алганда жаңы эле.

«Тамы калган, – дешет эл, – чала бүткөн»,
Жылдар өтүп, эр күткөн, бала күткөн.
Ак сүйүүнүн ордуна жүрөгүнө,
Айтылбаган армандуу жара бүткөн.

Кара кемпир өмүрү арман чыгар,
Ичтен сызып, от болуп жанган чыгар.
Тиги дүйнө бар болсо, акыретте,
Токонуна жолугуп калган чыгар.

## КАНТИП АНАН НААЛЫБАЙБЫЗ

Монтёр келип зымдарын кыркып салып,
Үч күн болду, үйүмдө күйбөйт жарык.
Үч ай бою маянам тийбей калды,
Убагында төлөсөм болмок барып.
Үй караңгы, казаным оттон түшүп,
Чырак жагып, заманам турат тарып.

Атаганат, онунчу чырак деген,
Учурунда бардарлык белгиси элең.
Жарыгында боз балдар «Манас» окуп,
Кыз-келиндер иш кылчу ийне менен.
Унутулган балалык эске түшөт,
Элдин күткөн энчиси ушу белем.

Чырактарды музейге койдук десек,
Келди минтип аларга кайра кезек.



Көпчүлүктүн айланды отунуна,
Көмүр эмес көң түгүл, жампа-тезек,
Анан кантип заманга наалыбайбыз,
Ак буудайдын ордуна арпа жесек.

## НОСТАЛЬГИЯ

Эски журт ана, таш короо кулап,
Кыяда жолдун жүлгөсү турат.
Чөпкана ордун чөп, куурай басып,
Соолуп калган суу алчу булак.

Балапан чагым өткөн жер эле,
Мезгилдин күчү ушундай беле?
Буурул чач болгон мен эле эмес,
Баш ийет тура тоо-ташың деле.

Капчыгай ичи күү-шаага толуп,
Жашоочу элек бир айыл болуп.
Түнкүсүн чалдын жомогун укчук,
Ортого улуу от жагып коюп.

Карысы сыйлуу, жаштарда ыйман,
Болбогон ашык дүнүйө жыйган.
Бир айыл толук чогулуп келсе,
Эпейген гана эки үйгө сыйган.

Толукшуп турган күнүндө жайдын,
Кыз берип, келин алуучу айылым.
Мазары калып, базары кайда?
А бүгүн минтип, табалбайм дайынын.

Бош жүрчү төрдө кой-эчки, жылкы,
Салынчу эмес үйлөргө кулпу.
Тапканын ташып, ортого жыйып,
Бир укмуш эле ынтымак-ыркы.

Кайрылып келсем кеткенден бери,
Журттары калып, журтум жок эми.
Ойрону чыккан оңбогон турмуш,
Ушундай тура, атандын көрү!

## КҮЙӨМҮН ДА КҮЛӨМҮН

Эй ашкебе, күйөмүн да күлөмүн,
Билмексенге салып коюп жүрөмүн.
Түркөйлүктүн түп нускасы экенсиң,
Нан бышырып турган менен илебиң.
Эл тагдырын силер чечип жатканын,
Эстегенде муздап кетет жүрөгүм.

Өз жүзүң жок, пикириң жок немесиң,
Бийлик үчүн жанталашып келесиң.
Керт башынын жыргалы үчүн сендейлер,
Сатып ийет досу түгүл энесин.
Кудай менен курдаш болуп алсаң да,
Мезгил келет, сен да бирди көрөсүң.

Дүйнө жармын титиретип кармаган,
Ат туягы баспаган жер калбаган.
Зулкарнайын, Аксак-Темир, Чынгызхан,
Бул дүйнөгө устун боло албаган.
Анан минтип жетеси жок сендейдин,
Акыл айтып турганына арданам.

Пенде экенбиз, баштан ашып күнөөбүз,
Чыйт түкүрүп, баскан болуп жүрөбүз.
Осолдонуп, оңко түшсө бирөөлөр,
Тобо дебей, таба кылып күлөбүз.
Алсыздарын алдуу тытып жегидей,
Айткылачы, адамбызбы, минебиз?

Кызып турат бүгүн сенин базарың,
Бийлик кылдың, билгениңдей жашадың.
Сендейлерди тайраңдатып кайран эл,
Кайра минтип тартып жүрөт азабын.
Көрө албастык кылып жатат дебегин,
Шүгүрчүлүк, ал «оорудан» тазамын.

Эй ашкебе, дос-душманга жакпадың,
Катыныңдан башкаларга батпадың.



Топон жеген торпок сымал күйшөнүп,
Байкабадың өмүр өтүп жатканын.
Абийириңди оңго-солго сатсаң да,
Бир оронум кепин болор тапканың.

## БИР ИШЕНИМ БАР ЭЛЕ

Сага деген бир ишеним бар эле,
Анын дагы жетип койдуң түбүнө.
Эмне кылар айла таппай олтурам,
Эң акыркы үмүтүмдөн түңүлө.
Бир жалгыздык башта тура дайыма,
Эми адамдар, таянамын кимиңе?

Какыс-кукус кылмак түгүл бул турмуш,
Өмүр бою ийлеп келе жатса да.
Колду кайрып, кабырганды сындырып,
Так көтөрүп, баткагына чапса да.
Өз күнөөңдү мойнуңа албай бир ирет,
Өзүңдү-өзүң сездиң элден башкача.

Көңүл кирдеп, маанай чөгүп турган кез,
Кенен дүйнө алакандай тар болуп.
А сен деле оңуп калган жоктурсуң,
Жөлөп-таяр жакшы сөзгө зар болуп.
Ойбайыңдан байбайың күч, жол таппай,
Артың аска, алдың туюк жар болуп.

Заман минтип он ойдолоп жатканда,
Кандай адам жашайт кайгы жебей түк.
Курсак тойсо кудай менен ишиң жок,
Кайра күчөп, чабытыңды кеңейтип.
Жүргөндүрсүң. Жерди булгап жүрө бер
Кыргызымды бир акмакка көбөйтүп.

## ...ЭЛЕ

Мырза терек. Булак болчу эле,
Таранчылар келип кончу эле.
«Табылбаган дары-эти» – деп,
Коңшу бала кылтак койчу эле.

Чийдей арык, кара бала эле,
Мен билбеген дарты бар эле.
Ошол жылы кышта көз жумду,
Ылымсырап калсам жаңы эле.

Балалыктын баёо чагы эле,
Эстей берем азыр дагы эле.
Терек да жок, булак соолуп,
Калды жалгыз коңшу кары эне...

## КЕРЕГИ ЖОКПУ?

Кенебей күн өткөнүн, ай жылганын,
Элебей нуска кептен айрылганын.
Базарга түп көтөрө чыгып кеткен,
Кыргызга кереги жок Байдылдаңын.

Таба албай оокат кылар жумуш жагын,
Бере албай коногуна дурус чайын.
Кол шилтеп, арак издеп кеткен кыргыз,
Унутуп койгон эбак Ырыспайын.

«Урдум, – деп, – иттикиндей турмушуңу»
Көр оокат кысып турат кыргызыңы.
Которуп бере салар Ашымың жок,
Кызыгып ким окумак Чыңгызыңы.

Ким угат кайран элдин боздогонун?
Кыргызды кыйын эми козгомогуң.
Рухун бийлеп алып кайдыгерлик,
Урпактар билбей калды Осмоновун.



Акыры кандай болот, биле албаймын,
Күнөөнү өзгөлөргө иле албаймын.
Кыргызга керети жок деп билемин,
Китеби чыкпай жатса Түгөлбайдын.

## ӨКҮНҮЧ

Көптөн бери талаа-түзгө чыга албай,
Көптөн бери торгой үнүн уга албай.
Өзүмчө эле быкшып жүргөн кезегим,
Эсим ооп, этек-жеңим жыя албай.

Мына-ана деп шыр кете албай аттанып,
Аркандалып, жайдак бойдон ат калып.
Бир күнүмө бийлик кылсам не болмок?
Суута чумуп, күн нуруна кактанып.

Алектенип болор-болбос иш менен,
Келип-кетип бир таман жол из менен.
Жашап келем кулагымды жапырып,
Улам бир иш чыга калып бүтпөгөн.

Тоо койнунда өткөн эле балалык,
Бүгүн жүрөм төрт дубалга камалып.
Бул өмүрдү келе жатам сапырып,
Эртең кайра калуучудай жаралып.

Элес албай курч мезгилдин өткөнүн,
Поэзия кадырына жетпедим.
Көр оокатка алаксыбай кол шилтеп,
Ыр дербиши болуп неге кетпедим.

Учкунум жок, түтөп жатып өчүпмүн,
Көп максаттан биротоло кечиктим.
Бүгүнкүмдү эртең кылам деп жүрүп,
Эс оодарган элүү жашка жетипмин.

Тиги жетпейт, бул жетпейт деп чыркырап,
Жүргөн менен төрүмдө ойнойт ынтымак.
Мен ошондон алсам дагы канимет,
Сөөмөй кезеп, жазылбаган ыр турат.

* * *

Жакшы го ал-акыбал, жай сурамак,
Аш-тойго кошуу үчүн тай сурамак.
Үйүңө конок келсе уят экен,
Үй-үйдөн нан сурамак, чай сурамак.

Мейличи, наспай сура, чылым сура,
Зарылда насыяга пулун сура.
А бирок, ширеңке издеп, үй кыдырып,
Тилемчи болуп кеткен кыйын тура.

Ыпырас, бир татым туз кемийт кандан,
Өмүрдүн алды үмүт, арты арман.
Чапаным жыртык болсо жамап кийем,
Жараткан, кемитпечи ак буудайдан.

* * *

Бул дүйнөдө ичер суум түгөнсө,
Буурул түндө булут минип сызармын.
Арманымды карегиме өчүрүп,
Айлымдагы «Асанбайга» узармын.

Кайтышар эл кара жерге жашырып,
Тирүүлүктүн расмиси ушул да.
Дос, туугандар «кайран бала» деп коёр,
Анда-санда эске түшкөн учурда.

Балдар өсөр көрбөй ата тартибин,
Жапжаш туруп жарым жесир аталып.
Оңой эмес бул турмуштун түйшүгү,
Акырындап унутулар капалык.



...Ушул ойлор келет-кетет уюлгуп,
Оору мыкчып, кыйнап барат жанымды.
Туйбасын деп аяймын да аяймын,
Үй тириликтен суй жыгылган жарымды.

## СУРОО

Кайылмын бийлигине, байлыгына,
Жетпесе батпайм деле кайгы-муңга.
Кыбырап эл катары жашап келем,
Канимет кылып алган айлыгыма.

Жылаңач тирүүлүккө келмегиң бар,
Көр дүйнө жыйнап-тернеп көрмөгүң бар.
Энчиңе эки оронум мата тийип,
Жылаңач кайра кете бермегиң бар.

Жашоонун анда кокуй, маңызы не?
Артынан айта жүрөр аңызы не?
Курсактын кулу болуп жүрө берсек,
Адамдын тирүүлүккө карызы не?

* * *

Бүгүн мен көлөк-шалак ыйлап-ыйлап,
Көз жашка жүз чайыгым келип турат.
Ызалык жан дүйнөмдү думуктуруп,
Кусалык көкүрөктү керип турат.

Турмуштун жолу татаал, өйдө-төмөн,
Өзүмдү жолдон көрөм, белден көрөм.
Тырбаңдап көр оокат деп алпурушуп,
Ырбаңдап эптеп-септеп жашап келем.

Жашоодо жан сергитер адам арбын,
Аларга жетип-жетпей кусадармын.
Канимет кылар жерим тагдырыма,
Махабат аралында мен да бармын.

# Махабат аралында

*Мени деле сүйгөн бар,*
*Мага деле күйгөн бар.*
*Кызыктуу да азаптуу.*
*Кайталангыс дүйнөм бар.*

## КЕЛБЕШИҢ КЕРЕК ЭЛЕ

Аябай эле, аяба-ай эле кечигип,
Бүгүн сен мага сырыңды төктүң чечилип.
Кеталбай турдум, кайдыгер тыңшап үнүңдү,
Кантейин эми, коёрсуң мени кечирип.

Кусалык уюп, жалооруп турду көздөрүң,
Алаксып көңүл жатканын неге сезбедиң?
Кааласаң эле кайрылып келип калмакпы,
Атыңды уксам апкаарып кетчү кездерим.

Көтөрө коюп, турмуштун салган салмагын,
Болбосо бир аз тотугуп эле калганың.
Жамалың жайнайт, сезимде бирок чоочундук,
Аны мен аттап, сен жакка өтө албадым.

Бекер иш болду, келбешиң керек эле сен,
Калгансып менде аласаң же бир бересең.
Жылдызың түшүп, назарың сынып калбасын,
Сыр бербей эле койсоңчу андан көрө сен.

Кеткенден кийин келбесең болмок кайрылып,
Ойлодуң беле, жүрөт деп мени кайгырып,
Сезимдин ошол элесиң сиңген барагы,
Капкачан эле калганы ырас айрылып.



## ЖАРКЫНЫМ, КЕЧИР МЕНИ

Жаркыным, кечир мени, кечир мени,
Дүрт этпей түтөйт отум сезимдеги.
Жаныңа жапа боло албаган соң,
Жадыңдан биротоло өчүр мени.

Күнөөнү издей бербей өзүңдөгү,
Өчүрчү кусалыкты көзүңдөгү.
Сен же мен сөз көтөрбөй калган күнү,
Кайыр кош айтмак элек, эсиңдеби?

Жаркылдап тосуп алчу кезиңдеги,
Жалыны кайда кеткен сөзүңдөгү.
Бир кезде оттой жанып-күйүп турган,
Денеңден жылуулугуң сезилбеди.

Жаркыным, кечир мени, кечир мени,
Таарыныч табышмагы чечилбеди.
Түшүнүп турган менен экөөбүз тең,
Кыйын ээ жүрөктөрдүн кечирмеги.

* * *

Түңүлбө менден, түндүгүм түшүп калса да,
Түрүлүп келген толкундай чыгам түпкүрдөн.
Күдөрүң, үзбө, карегиң сенин талса да,
Келермин бир күн, кайрылып жаздай күттүргөн.

Сагыныч күчү сезимди коёт жаңыртып,
Ишеним гана өчпөсө экен жүрөктө.
Кыйрыңа конуп, кызганыч алса багынтып,
Айрылдык анда эңсеген аруу тилектен.

Түңүлбө менден, түгөйүм болгуң келеби?
Ишенбе айтса, «Кайрылбай эми кетти» – деп.
Буйруган жолго сапарлаш болуп көрөлү,
Ансыз да жүрөм, турмуштан улам тепки жеп.

* * *

Катмарынан качанкы өткөн жылдардын,
Элесинди издеп таап алдым да.
Каарманы кылып жазган ырлардын,
Өз күнөөмдү жуугум келди алдында.

Күз айынын кечтеринин биринде,
Акыркы ирет жолукканбыз башаттан.
Үнсүз тиктеп бут учунда ирмемге,
Көздөрүңдөн мөлт-мөлт этип жаш аккан.

Эң биринчи басып кеттик кимибиз?
Сенби, менби? Такыр эсте калбаптыр.
Биз коштошкон ошол соңку түнүбүз,
Сага эмес, мага өкүнүч камдаптыр.

* * *

Өткүн өткөн бая эле. Олтурабыз,
Коончунун кыя албай алачыгын.
Качанак уй алдынан бери кайрып,
Шапалагы шартылдайт бадачынын.

Көмкөрүлүп айылга Асан-Үсөн,
Көшүп калды аңыздар жамгырдан соң.
Күчүк үрөт айланып «каракчыны»,
Чаңкаганын чөөттөн кандырган соң.

Күлүп ийдиң. Үнүңдө мээрим көлкүп,
Бала кыял кирсиздик, наристелик.
Секелектей сезилдиң, чуркап чыгып,
Күчүк менен ойноочу тариздениp.

Анан... анан ортодо сөз уланып,
Убакыттын өткөнү билинбеди.
Уктап калган күчүгүң унутулду,
Унутулду бадачы тигиндеги.



* * *

Жан дүйнөмдү чеңгелине кармаган,
Көкүрөктө бир эңсөө бар канбаган.
Учурунда уяңдыкка жеңдирип,
Мен өзүңө ачык айта албагам.
Канча жылдар кайып болуп кетсе да,
Карегиңе азыр деле арбалам.

Убай-чубай, чаң уюлта чарк уруп,
Мезгил өттү өкүнүчтү арттырып.
Беймаралдык кылып жүрүп сен түгүл,
Жиберипмин жаштыгымды тарттырып.
Кыска өмүрдүн кыйырына чыгаарда,
Эми кайра өзгөртө албайм шарт буруп.

Түйшөлүүдөн түн уйкумду үч бөлүп,
Сен жөнүндө түш артынан түш көрүп.
Эртеңкиге арта берип үмүттү,
Эзилипмин эт жүрөккө күч келип.
Караанынан алып жүрүп каниет,
Калган экен өмүрүмө күз келип.

* * *

Ташкындаган табийгат күйүтүбү?
Бороон боздойт басылбай күнү-түнү.
Кырчоосуна боз үйдүн байлап койгом,
Качмак болуп камынган үмүтүмү.

Жолоочудан келериң угуп калып,
Жолуң тосом аскага чыгып барып.
Буйрубайт бейм кездешүү экөөбүзгө,
Ашуу бели бороонго туюкталып.

Алыстатып ак бороон арабызды,
Кадыр түндү бир тоспой калабызбы?
Ансыз деле жашоонун арманы көп,
Ая бизди табийгат, ая бизди.

* * *

Айылды аяр аралап,
Акырын жылып кеч кирди.
Басылбайт итиң абалап,
«Кет» дечи үнүң өчкүрдү.

Кайдыгер тиктеп жүзүмдү,
Чарчанып турду көздөрүң.
Кайтарып жатты мизимди,
Үзүлүп чыккан сөздөрүң.

Мокотуп мезгил сезимди,
Жалгыздык батып жаныма.
Келгенмин издеп өзүңдү,
Жылынуу үчүн табыңа.

Жадоону көздөр жашырбай,
Чоочундук алган уялап.
Арсылдайт итиң басылбай
Жатты окшойт мени кубалап.

Күүгүмдө чыктым үйүңдөн,
Дарбазаң арттан жабылып.
Кагуу жеп алып сүйүүдөн,
Бараттым түнгө чалынып.

* * *

Шымаланып, этең-жеңди түрүнүп,
Өзүбүзчө кылалы деп тирилик.
Жаңы гана көтөргөндө түндүктү,
Ортодогу сүйүү калды күбүлүп.

Ташы түшүп, пайдубалы курулбай,
Салсак деген тамга көңүл бурулбай.
Экөөбүз тең басып кеттик бет алды,
Журтта калды кемегебиз урунбай.



Азыр деле айылыма келгенде,
Бастырылып, ала бата, эрменге.
Эстеликтей бир үймөк таш калыптыр,
Жүрөк тушум сыздап кетет көргөндө.

Биле албадым, кимден кетти чекилик,
Сүйүүбүздү алдык кантип өчүрүп.
Же сен, же мен оюн кылбай тагдырды,
Ошондоле койсок болмок кечирип.

* * *

Эспарцет эбак гүлдөгөн,
Ийрилет ээсиз таман жол.
Кеткенсиң ээрчип түн менен,
Келбесең мейли, аман бол!

Эмнени күттүк жашоодон,
Кылган иш жакпай аңдышчык.
Кармаган окшойт баш оомоң,
Жадатып ийип жалгыздык.

Угууга жылуу сөзүңдү,
Убара болгом канчалык.
Оорутуп алып сезимди,
Олтуруп калдым чарчанып.

Коломто отсуз калганга,
Койдуңбу бир аз кайгырып.
Өзүңдү бекем карман да,
Келбечи эми кайрылып.

* * *

Турмуш жолу өйдө-төмөн, ар кандай,
Жаш кезинде жаңылдыңбы карманбай.
Эстегенде бүткөн боюм жыйрылат,
Ортобузга бирөө жатып алгандай.

Канча жылдар кайрымы жок короптур,
Бизди турмуш калчап жүрүп тогоптур.

Эми сенин ээсиз калган жүрөгүң,
Элеңдебей бир мен үчүн соготтур.

Жаштык доорун сүрүптүрсүң сен деле,
Текей терип жүргөн жокмун мен деле.
Билип туруп бирибизди бирибиз,
Башкалардан кызганабыз эмнеге?

* * *

Камдап алган сөздөрүм айтылбады,
Кездешүүгө болбоду шартың дагы.
Көкүрөктө жаңырып кала берди,
Сезимдеги толкундун шарпылдагы.

Бул эмнеси? Бир келген өткүн беле?
Бар сырымды барпаңдап төктүм неге?
Кызыл канат көпөлөк кууган болуп,
Кырдан ашып кылчайбай кеттиң неге?

Буулуккан бир арманым бугуп калды,
Жан дүйнөмдө кайнабай угут калды.
Күндүр-түндүр сен үчүн ачык турган,
Жүрөгүмө барчу жол туюкталды.

* * *

Сар эсебин алып күндөрдүн,
Убакыттын жибин чубаймын.
Сагындырып жүрүп бир келдиң,
Периштеси окшоп кудайдын.

Түптөлгөнбү дүйнө армандан,
Көз жашыңа турдуң чыланып.
Заарең учат кайтып баргандан,
Айтчы жаным, кандай кылалык?

Сылаган жок тагдыр чекеңден,
Жаштыгыңды желге сапырып.



Көл экенсиң баарын көтөргөн,
Күйүтүңдү ичке батырып.

«Кошкун!» – дедиң аста кол сунуп,
«Биз тагдырды оюн кылбайык».
Кеп айталбай турсам корсунуп,
Кете бердиң сырдуу жылмайып.

## ЧОРКОКТУК КЫЛГАН ЭКЕНМИН

Коргошун болуп деле мен,
Козголуп кетти делебем.
Күч-кубат алган окшоймун,
Колдорум тийген денеңен.

Көйнөккө денең чыпталып,
Көзүмдү албайм суктанып.
Кудайым бере салганбы,
Кыдырдан мага кут тамып.

Күтөбү сүйүү жыргалын,
Карегиң чачат нур, жалын.
Калп эле болуп билмексен,
Кайталап окуйм ырларым.

Сүйөнө коюп ийниме,
Сүрдөнтүп мени ийдиң ээ.
Сулуктөй туйлап ак денең,
Сыя албай турду кийимиңе.

Жогунан окшойт жетемдин,
Жөн эле жүрдүк эчен күн.
Чоочутуп алам деп ойлоп,
Чоркоктук кылган экенмин.

## КУДАГЫЙ БОЛУП...

Жийделүү чарбак. Алма бак,
Жолуксак турчу далдалап.
Жүзүңдү ала каччу элең,
Жоолуктун учун кармалап.

Саамай чач желге бириндеп,
Сурмалуу көзүң күлүндөп.
Суйкайып жанда турчу элең,
Сүйлөсөң үнүң дирилдеп.

Жүрөктө сүйүү гүлү өнүп,
Жетине албай түгөнүп.
Жүргөндө, аттиң, башканын,
Жубайы болдуң түбөлүк.

Кайтарып жолун көчөңдүн,
Кайгыга баттым эчен күн.
Какшанган менен не пайда,
Кантейин, анан көтөрдүм.

Көмкөрүп жүрөк капкагын,
Күйүттү ичке сактадым.
Көп жылдар өтүп, үйүмдү,
Кудагый болуп аттадың.

## КҮЙӨӨЛӨП КЕЛЕР БЕКЕМИН

Кызганыч эмне, билбегем,
Кыйналба, өзүң бил дегем.
Кездешчү жерге келбедиң,
Каякка кеттиң? Ким менен?

Шылдырап үнү булактын,
Кужурун алат кулактын.
Өчөйүп күтүп олтурам,
Өткөнүн билбей убактын.



Кабанаак иттүү көчөңдү,
Кайтарып жүрүп өтөмбү?
Кучактап кыспай боорума,
Кур жалак бойдон кетемби?

Жашаган үйүң тигине,
Жакындай албайм түбүнө.
Жаныңа жүрөт жолотпой,
Жакпадым окшойт инине.

Күзөтчү болуп эчен түн,
Кантейин, баарын көтөрдүм.
Кудайым жалгап бир күнү,
Күйөөлөп келер бекенмин?

* * *

Айжамал жүзү, чачтары кара,
Аралап айыл басканын кара.
Көтөрө качып кетейин анан,
Көмкөрүп ийсин асманын мага.

Кашкаят тиши, каткырса күлүп,
Кездешти мага каяктан жүрүп.
Кыз эмес жубан болсо да мейли,
Күч күйөө болуп барсамбы кирип?

Жалындап күйгөн көзүнөн улам,
Жай албай көңүл, жабыркап турам.
Жанымды сууруп, садага кылып,
Жиберсем бекен, эмине кылам?

## ТЕРЕЗЕЛЕР – МЕНИН КӨЗДӨРҮМ

Сен жашаган көчө тигине,
Баскан изиң калган жол мына.
Шашыласың ишке, үйүңө,
Бир кайрылып кетүү ордуна.

Кайрылбасаң мейли, кайрылба,
Аманчылык – менин тилегим.
Жүрсөң болду жашап айлымда,
Бир келериң туру, билемин.

Таарыныч бар бир аз өзүндө,
Анан дагы турмуш, шарт деген.
Абайлай көр, жаным, кезинде,
Ак жеринен мен да зарп жегем.

Билбептирбиз, бирге болууга,
Чынында эле кыйын турбайбы.
Кусалыкка көөдөн толууда,
Көтөрөлү, шоктук кылбайлы.

Терезелер – менин көздөрүм,
Байкадыңбы, чачат нур, жалын.
Көргөндүрсүң ачык кездерин,
Анда ал сени күтүп турганым.

## АК ДЕНЕ

Ич көйнөк беле, чач беле?
Ичинде ойнойт ак дене.
Иримге урбай боюмду,
Ийменип турам кап, неге?

Балыктай туйлап ак дене,
Баратат сүзүп жаш неме.
Баятан тоспой жолунан,
Жок окшойт менде баш деле.

Жарк эте түшүп ак дене,
Жылмаят, көөнү шат беле.
Жамалын тиктей албастан,
Жашырам көздү шапкеме.

Буйткадан чыкса жат неме,
Булт эте сүзүп ак дене.



Бурулуп бери сүңгүдү,
Балакет, мынча сак беле.

Суурулуп суудан ак дене,
Суйкая кеттиң бат неге?
Сезимге салып булукту,
Сүйүүмө болдуң Ак кеме.

## АЯЛГА

Сен аялсың! Кудуреттүү Жараткан,
Бир укмуштуу кылып сени жараткан.
Эркек деген энөө, кабак баштарды,
Азгырасың түз жолунан бараткан.

Уу жыландай, кээде заарың чачканың,
Күн тийгендей жайнайт кабак ачканың.
Өмүр бою бирге жүрүп билбейбиз,
Качан, кайдан чаап кетет капканың.

Аял сенин кумарыңа канамбы?
Канатымды же кайрытып аламбы?
Учурунда чөк түшүрүп алгансың,
Мени койчу, Хафиз, Барпы, Хайямды.

Сен дараксың, мөмө төккөн бутагы,
Көңүл кушу сенсиз көккө учабы.
Атаганат, бейиш эмей эмине,
Аялзаттын жыпар жыттуу кучагы.

## ОШЕНТИП ӨТҮП ЖАТАТ ЖЫЛДАРЫБЫЗ

Башкага билбейм кандай көрүнөсүң,
Мен үчүн периштесиң, наристесиң.
Өзгөчө топ ичинен бөлүнөсүң,
Койкойгон ак куу эле тариздесиң.

Башкага билбейм жагат, жакпайт сөзүң,
А мага бал, шекери аралаштай.
Мүдөөсүн мүмкүн табат, таппайт сезим,
Эртерээк жолуксаңчы кара баспай.

Өзгөнүн өмүрлөшү болгон менен,
Өзүмө уруп турат жылуулугуң.
Келбетиң кемелине келген белем,
Чатырайт күндөн-күнгө сулуулугуң.

Тилек бир болгон менен жашоо бөлөк,
Кантмекпиз, биз турмуштун курманыбыз.
Билбеймин, чечкиндүүлүк кылмак белек,
Ошентип өтүп жатат жылдарыбыз.

## АРМАНДУУ ДҮЙНӨ УШУНДАЙ

Капылет сүйүү өртүнө,
Кабылып аял кырктагы.
Унутта калды уул-кыз,
Агайын тууган, журт дагы.

Жалбырак болуп дирилдеп,
Жан-оту менен берилди.
Кадырлаш эркек көзүнө,
Канзаада болуп көрүндү.

Тобокел кылып баарына,
Тагдырын ага арнады...
А бирок эркек бел байлап,
Данияр боло албады.

Армандуу ушул сүйүүдө,
Айталбайм чыны кимде айып.
Андайга акыл жетпесе,
Акарат деле кылбайык.



## МЕЗГИЛ ӨЗҮ ТАРАЗА

Балапандай бапестел баккан сезим,
Качан, кантип тескери аккан кезин.
Байкабапмын. Кеч болуп калган окшойт,
Өзүң жакка бура албай, жаткан кезим.

Биз байлаган түйүндү бекем дегем,
Жол дайыма шыр болсо экен дегем.
Же турмушка жалакай жаралдыкпы,
Ысыгын да суугун көтөрбөгөн.

Кадырыма жеталган эмес дебе,
Ой-максаттар опокшош эмес беле.
Сапарыбыз эмне үчүн карыбасын,
Ашуу болуп сезилсе белес деле.

Таттуу ооздун даамын кетирбейли,
Ишенимди жүрөктөн өчүрбөйлү.
Мезгил өзү тараза болуп берер,
Турмуш бизди кечирип, кечирбейби.

## КЕТТИМ ЖАЛГЫЗ

Кетүүгө шашып, жаным, турасыңбы?
Ыр окуп берейинчи, угасыңбы?
Сагынтып келгениңден кеткениң бат,
Бай болгур, ушундай да кыласыңбы?

«Арзыган аруу сүйүүм, жыргалым» – деп,
Күпүлдөп окуп берер ырларым көп.
Алдыңа төшөк болуп төшөлсөм да,
Ашыгып, ага көңүл бурбадың көп.

Ырларым жүрөгүңө жетпегендир,
Дүргүтүп, кан ойнотуп өтпөгөндүр.
Кантейин, башка бирөө жалын чачып,
Менчелик сага сырын төкпөгөндүр.

Күткөндөй борошодо күндүн көзүн,
Толкундай, жүрөк чапчып түрдүү сезим.
Мен сенден түгөнбөгөн дүрмөт алып,
Аралап кеттим жалгыз ыр дүйнөсүн.

## КЕЧИКТИҢ, ЖАНЫМ, ЖАЗ СЫМАЛ

Кечикти быйыл жаз неге?
Сагынтып келбей, сага окшоп.
Жанымды кыйнайт кусалык,
Жарылбай жаткан жара окшоп.

Кечигип кетти жаз быйыл,
Кайрылып куштар келе элек.
Караймын жолуң. «Келбесе,
Кабарлап койбойт беле» – деп.

Кечигип кеткен жаз сымал,
Кечигип жаттың, кечигип.
Капылет жерден таарынтсам,
Кечирип койчу, кечирип.

## АЯЛДЫН КАТЫ

Барчудай даяр из менен,
Бакытка жолум түз дегем.
Бозоруп олтуруп калдым,
Беш жашар жалгыз кыз менен.

Кылбагам кесир Сизге мен,
Кездешким келчү Сиз менен.
Кааласа тагдыр кашайтып,
Кеңешпейт тура биз менен.

Айталбайт сырын кыз деген,
А бирок, үмүт үзбөгөм.



Сыртымдан сыпаа болсом да,
Ичимден сызып Сиз дегем.

Кабарың угуп күздө мен,
Кайрылып өзүм издегем.
Күттүрүп келбей койчудай,
Кырк өрүм чачтуу кыз белем.

Чийилип эрте тизмеден,
Башы ачык аял биз деген.
Тартынбай келе бериңиз,
Кастарлуу эрке кыз белем.

## СЕНСИЗ КАНТИП ӨТТҮ КҮН

Айлуу түндө туулгансың,
Ай нуруна жуулгансың.
Тунук бойдон калыптырсың,
Турмуш канча кубулбасын.

Жазгы түндө туулгансың,
Жашыл нурга жуулгансың.
Жалын чачып келатасың,
Жашоо канча кубулбасын.

Кагылайын карындашым,
Алыс эмес жанымдасың.
Сенсиз кантип өттү, билбейм,
Жашап койгон жарым жашым.

## САПАРЫМ КАРЫП БАРАТ

Аялсың жалбырактай, ыйманы ысык,
Сезимге бүлүк салып азгырасың.
Кубантып кучагыма кирер кезде,
Капырай, капылеттен жазгырасың.

Сапарым карып бара жаткан кезде,
Армандуу ыр саптарын жаздырасың.

Болпоюп бешененден нур төгүлүп,
Толукшуп, укмуш болуп турган чагың.
Чалынып жыгыламын кирпигиңе,
Жүзүңдү мен тарапка бурган сайын.
Аралык алыс болуп бараткансыйт,
Убакыт ууру басып жылган сайын.

Мен үчүн сен дүйнөсүң табышмактуу,
Аралсың ачылбаган сырлары көп.
Сагыныч желеленип жүрөгүмдө,
Сүйүүгө чыкпас кылып чырмады бек.
А мүмкүн баш оорутуп жүргөндүрсүң,
«Бул сезим кайдан жүрүп ырбады» – деп.

«Кечигип тогошуптур жолдорубуз,
Көңүлү, – дедиң, – башка салганына».
Билемин кабыргаңды кайыштырат,
Үй-бүлө милдетинин салмагы да.
А бирок, кандай кылам, кагылайын,
Айланып кетиптирсиң кан-жаныма.

## ЖООПСУЗ КАТТАР

Жоопсуз калган каттар. Шордууларым,
Билбедим аман-эсен жеттиңерби?
Окулуп же окулбай ойрон болуп,
Тытылып же өрттөлүп кеттиңерби?

Аралык алыс деле эмес эле,
Кайрылып калды бекен канаттарың.
Апкелер жообуңардан шыпаа күткөм,
Айыкпас жүрөгүмдүн жарааты бар.

Күзүндө аттап-тондоп узаткамын,
Кыш эмес, жаз айланып келип калды.



Күндөрүм күтүүлөргө туткун болуп,
Олтурам баанек кылып өрүкзарды.

Жоопсуз калган каттар. Шордууларым,
Көпүрө болор десем бириктирип.
Белгисиз жоокерлердей мерт болдуңар,
Ажалга түрткөн экем билип туруп.

## КОШ ЭМИ

Кеткен болсо менден чекилик,
Кенен болуп койчу, кечирип.
Кездешүүчү жерге негедир,
Келчү болдуң улам кечигип.
Кадырына жетпей сүйүүнүн,
Коюптурбуз окшойт өчүрүп.

Күткөн сайын улам чыйрала,
Күдөр үзбөй жүрдүм кыйлага.
Коштошолу деген экенсиң,
Көз карашың менен сый гана.
Кеттим эми баарын түшүндүм,
Кош бол, сен да жаның кыйнаба.

Айтмак элем кимге арманым,
Ансыз деле тиштеп бармагым.
Аргасыздан жүрөм көтөрүп,
Азабы көп сүйүү салмагын.
Ажырашар күндүн алдында,
Акыркы ырды сага арнадым.

Акыркы ырды сага арнадым,
Алым кетип, бошойт дарманым.
Атаганат, эрте сезсемчи,
Айтканыңдын баары жалганын.
Азгырыкка акыл бийлетип,
Ара жолдо, жаным, калбагын.

## КОШТОШОЛУ

Ишендирбей эле койчу эми,
Өттү-кетти, баары чечилген.
Эрмегиңе айланганымды,
Эбак туюп, бирок, кечиргем.

Жагалданбай эле койчу эми,
Жалган айтар менин алым жок.
Жолуң тосуп жүрө бергидей,
Жүрөгүмдө жанган жалын жок.

Келем дебей эле койчу эми,
Кездешүүнүн барбы кереги.
Жалган сезим менен жашабай,
Жазмышыбыз кайсы, көрөлү.

Унчукпачы, сөздөр ашыкча,
Коштошолу үнсүз, кол менен.
Билбептирбиз, көрсө бакытка,
Жетпейт тура төтө жол менен.

## АЙЫЛ ЧЕТИ. ДӨҢСӨӨ...

Айыл чети. Дөңсөө. Жалгызмын,
Арасында жатам жалбыздын.
Жолуң тосуп күндө чыксам да,
Жолугууга, бирок, алсызмын.

Карегимде үйүң. Дарбазаң,
Кантип гана сага жандашам.
Ууз сезим ырга айланып,
Уйкаштыктар менен арбашам.

Абалатып ала дөбөттү,
Эшек минген бирөө бери өттү.
Бак ичинен атаң көрүнбөйт,
Же жумуштан келе элекпи?



Чакыргансыйт мени терезең,
Чыксаң боло андан көрө сен.
Жүрөгүмө бүтпөс ыр болуп,
Жүрсөң экен, жаным, сен эсен.

Күндө келип мында ыр жазам,
Кыялымда сага сындатам.
Баскан изиң багып жүрсөм да,
Билбейм качан, кантип сырды ачам.

Айыл чети. Дөңсөө. Жалгызмын,
Арасында жатам жалбыздын...

## СҮЙҮҮНҮ БҮГҮН ДАРГА АСАМ

Күндөрүмдү күтүүлөргө көгөндөп,
Курмандыкка чалган элем жолуңа.
Канча үмүтүм кайып болуп кетишти,
Куйкаланып аргасыздык чогуна.
Кайыл элем жүрөгүмдө сен барда,
Курсагымдын ачына да тогуна.

Сүйгөн элем канат байлап сезимге,
Сагынышып канча кызык өттү күн.
Сүзүп улам супсактыктын дубалын
Сууду окшойт акырындап көкшүнүм.
Сен мен үчүн табалбадың убакыт,
Себеп кылып жумушуңдун көптүгүн.

Билем, жаным, биз тандаган жол туюк,
Бир басууга жетпей койгон эркибиз.
Бирок, жаным, эстен чыгып кеттиби?
Биз жолуккан жаз күнүнөн беркибиз.
Бул дүйнөдөн кадырлашып өтүүгө,
Бар эле го айтылбаган шертибиз.

Кыйнадымбы, көңүлүңдү оорутуп,
Кечирип кой жөлөк боло албасам.

«Күтпөңүз» – деп кескин айткан сөз менен
Карс жабылды жүрөгүңдө дарбазаң.
Кереги жок болсо сага сүйүүнүн,
Колум менен өзүм бүгүн дарга асам!

## ЖҮРЧҮ ЖАНЫМ

Бул турмушту кыйын өзгөртүү,
Чыгалбайбыз, ырас, ыгынан.
Эмне болмок жаным, жашоону,
Буруп койсок бир аз нугунан.
Эшигин ач албуут сезимдин,
Арылып ал бүгүн бугуңан.

Айдарым жел соккон адырга,
Чыгалекпиз, билем, көп болду.
Бүгүн, эртең барып келели,
Күтпөй эле, жаным, көктөмдү.
Эргүүлөрдөн жүрөк ойгоноор,
Эске салып келсек өткөндү.

Ансыз деле эңсеп жүрчүсүң,
Кар жамынган мейкин талааны.
Сагынычтын сары гүлү өнсүн,
Чачып жибер сансыз санааңы.
Көкүрөктүн деми басылар,
Көпкө созбой жүрчү, баралы.

## КЕСИРЛЕНЕ КӨРБӨ СҮЙҮҮГӨ

Кесирлене көрбө сүйүүгө,
Ал бир укмуш сезим майрамы.
Кездешүүнүн жолун узартып,
Кетирбечи жаным, айламы.
Үмүтүмдүн үзөңгүсүнөн,
Араң турат бутум тайганы.



Таарынычтын ташып ташкыны,
Күүсү жанып турат күтүүнүн.
Кучагымды жайып олтурам,
Кусалыктын соруп түтүнүн.
Кайра-кайра көрө берүүчү,
Каарманы сенсиң түшүмүн.

## КИРИП КЕЛДИ КҮҮГҮМ ТЕЗ ЭЛЕ

Кирип келди күүгүм тез эле,
Келдиң бекен кеткен жагыңан.
Түштөн кийин эле негедир,
Алып учат жүрөк кабынан.
Жолу шыдыр болсо экен деп,
Жаратканга улам жалынам.

Кирип келди күүгүм тез эле,
Чебелектейм үйдү айланып.
Канатым жок учуп жетүүгө,
Аргасыздан турам байланып.
Карааныңды көрсөм алыстан,
Калбайт беле көңүл жайланып.

Кирип келди күүгүм тез эле,
Үй-үйлөргө шамдар жагылып.
Томсоргонсуйт айыл көзүмө,
Кара тонун түндүн жамынып.
Жүрөк ооругу кылат окшойсуң,
Калдым сага кайдан кабылып.

Кирип келди күүгүм тез эле,
Чилде чыгып калган кез эле.
Эртең менен тосуп алдыман,
«Келдим мына, жаным», – десең ээ.
Анда эле маңдай жарылып,
Майрам болмок менин көчөмө.

...Бир заматта тартып көшөгө,
Кирип келди күүгүм тез эле...

* * *

Келин элең бир укмуш, келин элең,
Барга көппөй, жок болсо кемибеген.
Көк базарга олтуруп калыптырсың,
Көр турмуштун сен дагы жеми белең.

Билбей турам көңүлүң самайт нени,
Сурмалуу көз суроолуу карайт мени.
Сүйүү үчүн жаралган эмес белең,
Согуп-сокпой жүрөгүм аяйт сени.

Күн нуруна тотугуп айжамалың,
Мурдагыдай жадырап жайнабадың.
Көздөрүңдөн жылуулук келеби деп,
Көк базардан кеталбай айланамын.

## КЕТЕЛИБИ ЖАН ЭРКЕМ

Кетелиби жан эркем, кетелиби?
Кол кармашып шыбактуу талаа менен.
Издейлиби бакыттын мөл булагын,
Жашоо кыйын турбайбы санаа менен.
Адыр-тоону аралап, суу кечели,
Таанышалы белгисиз калаа менен.

Кошулалы кайберен үйүрүнө,
Адам буту баспаган жерге барып.
Кепе куруп алсакпы, кепе куруп,
Тоо койнунда токойлуу черге барып.
Же болбосо баш паанек издейлиби?
Жер бермети кадимки Көлгө барып.

Кетелиби жан эркем, кетелиби?
Топурагын жеримдин түйүп алып.
Же ортону муздатып алабызбы?
Башыбызга түйшүктү үйүп алып.
Жан коёрго жер таппай жүргөн кезим,
Жароокер бир келинди сүйүп алып.



* * *

Бул жашоо балдай ширин дейин десем,
Ууга да мелт-калт экен ичер кесем.
Арманым ат башындай болор беле,
Турмушта бир өзүңө кезикпесем.

Арсайган азуусуна чайнайт мени,
Турмуштун күпүлдөгөн тегирмени.
Ажайып бир дүйнөдө жашап келем,
Сен менин орбитамдан көрүнгөнү.

Нур болуп кирип келдиң өмүрүмө,
Ыр болуп шаттык септиң көңүлүмө.
Ыраазы боло берем жетине албай,
Өзүңө жолуктурган Теңириме.

Өмүрдү уурдап жатат учкул убак,
Аз калды басаарына чачты бубак.
Күндөргө күкүрт чагып жүрө берсек,
Кайрылып келбейт тура ушул курак.

* * *

Тагдырдын жазмышын көтөрүп,
Баш ийип турмуштун ыгына.
Жашоодон жакшылык издейсиң,
Муңуңду чыгарбай сыртыңа.

Муштумдай жүрөгүң бырпырайт,
Капаска камалган чымчыктай.
Эч кимге милдет – жүк артпастан,
Жаркыным, жашайсың унчукпай.

Сыздайсың, боздойсуң жаш төгүп,
Санаага батасың күнү-түн.
Жашоодо жакшылык болор деп,
Жалп өчпөй бүлбүлдөйт үмүтүң.

Өмүрүң четинен кертилип,
Күндөргө уурдалып баратат.

Бук болуп буюккан сезимиң,
Махабат дүйнөсүн саматат.

Жашоодо сендейлер бар үчүн,
Турмушта тең салмак сакталар.
Изиңе жыпарлуу гүл өнүп,
Артында мөмөлүү бак калар.

Жаркыным, жашыңды төкпөчү,
Кыйналып баратам, кыйналып.
Ансыз да бир күнү кетербиз,
Арт жакта боздогон ый калып.

* * *

Орун алып сезимдин тереңинен,
Ойлор өйүйт жүрөктү көптөн бери.
«Келип кетсин» – дептирсиң бирөөлөрдөн,
Баралбадым көрүүгө бирок сени.

Дөңдөн ылдый мен түшчү бир таман жол,
Көз алдыңда ийрилип жаткан чыгар.
Үмүт менен сен мени күтө берип,
Уясына күн дагы баткан чыгар.

Кирдиң бекен үйүңө капаланып,
Басандатып сагыныч жалыныңды.
Чертилишин күттүңбү терезеңин,
Бир оокумга өчүрбөй жарыгыңды.

Аз күн калды ат башын бураарыма,
Атырылып төмөнгө куюлармын.
Сен көшүлүп уйкуга кеткениңде,
Дүбүрт болуп тушуңдан туюлармын.

* * *

Турмуш деле баары жайында,
Өтүп жаткан өмүр билинбей.
Көр тирилик менен алышып,
Жашоочумун миңдин бириндей.



Куштай таза, балык денелүү,
Кудурети күчтүү бир келин.
Бүлүк салып бейпил дүйнөмө,
Кирип келди, кантип, билбедим.

Көз чөйчөгү толуп мээримге,
Көкүрөктө бирок кусалык.
Кайдан-жайдан каптап бир сезим,
Карегине калдым тушалып.

Карегине калдым тушалып,
Кантем, кантем, айла табамбы?
Көпөлөктөй шамды айланган,
Канатымды кайрып аламбы?

* * *

Көөдөнгө батпай кусалык,
Көп ойго калдым тушалып.
Көңүлүм сага арнадым,
Көөнөрбөс сүйүү күч алып.

Илебиң өрттөп сезимди,
Илдетке калган кезимби?
Ирмемде өттү көп жылдар,
Имерип жаштык кезимди.

Жанашып калсаң жаныма,
Жалының өтөт каныма.
Жалгыздык кезди сергиткен,
Жаралдың бекен багыма.

Жаш кезек өттү кылактап,
Арадан бир топ жыл аттап.
Өзүңдү мага туш кылган,
Тагдырым, сага ырахмат!

* * *

Жолуңду карай берип,
Келсе деп самай берип.
Жыртылган күтүүмдү,
Кайталап жамай берип,
Чарчап кеттим.

Телефон бурай берип,
Ар кимден сурай берип.
Үзүлгөн үмүтүмдүн,
Учугун улай берип,
Чарчап кеттим.

Сапарым карып барат,
Сагынчым арып барат.
Күтүүнүн күйүтүнөн,
Жүрөгүм талып барат.
Чарчадым мен.

## ТӨРТ САПТАР

Окуган сайын суктанып,
Турсун деп турмуш жыттанып.
Кайгысын калпып калкымдын,
Ыр жазып келем шыктанып.

* * *

Бөлө жеп нандын жартысын,
Чабышып кошо камчысын.
Караан-бел болуп берсем да,
Укпадым «достун» алкышын.

* * *

Капылет жайым кыш болуп,
Жалаага турам туш болуп.
Жамандык кайра өзүңө,
Кайрылып тийер муш болуп.



* * *

Керемет дүйнө, керемет дүйнө, керемет,
Бир жери кемип, бөксөрүп калмак беле деп.
Көз жашын жамгыр, муң-зарын карга айлантып,
Тебелеп жүрбүз, тебелеп жүрбүз, тебелеп.

* * *

Мезгилдин элес албай күлүктүгүн,
Өмүрдү өйдө-төмөн сүрүптүрмүн.
Бакытым коломтодо бөгүп жатса,
Мен аны сырттан издеп жүрүптүрмүн.

* * *

Мактап деле койдум,
Сөзүңдү жактап деле койдум.
Башыңа иш түшкөндө,
Башымды аттап неге койдуң?

## СЕГИЗ САПТАР

Чындыкты сүйрөп келип чыркыратып,
Тооктой мууздап салдың бырпыратып.
Жалооруп жардам күткөн көз карашы,
Жүлүндөн жүрөккө өттү зыркыратып.

Ээ бербей энтеңдеген азабына,
Ээрчиме элим үчүн жаза мына.
Чындыкты бөлө чаап таштап койдуң,
Жалгандын кайнап жаткан казанына.

* * *

Эмне бар мерес мезгилдей,
Жалынсаң токтоп койбогон.
Куюндап өтсө көзгө илбей,
Кол жоолук кылып ойногом.

Өткөн чак кылбай кастыкты,
Кайрылып келсе не болмок?
Кан ойноп турган жаштыкты,
Кайра бир берсе не болмок?

* * *

Колдон түшүп кыла турган жумушум,
Кокую көп көргөн күнүм курусун.
Ажырата албай жүргөн кезегим,
Бул жашоонун плюс менен минусун.

Эрегишип тагдыр мага жеке эле,
Жазмышымы чийип койсо чекеме,
Тобокел деп токтоп туруп сөгөм да,
Чыйт түкүрүп чыгып кетем көчөгө.

* * *

Олтурчу бир аз үн катпай,
Төрүмдө бүгүн коноксуң.
Кетесиң, шашпа, күн батпай,
Аягын укчу жомоктун.

Бул жомок такыр башкача,
Бактылуу бүтпөйт аягы.
Угуп кал андан көрөкчө,
Кечиксең кудай алабы?

* * *

Жарымжан дүйнө жараатың ырбап,
Жансерек жашоо өтүмүш болот.
Муунуп лапис, көмөкөй курган,
Жүрөктү өйүп, өкүнүч толот.

Жарым эс мээге акыл-ой жукпай,
Ар кимдин көзүн жалтана тиктеп.
Замандын жаңы дүбүртүн укпай,
Жашай бер эми абийирди бүктөп.



* * *

Туй атаңы, туура сүйлөп жакпасаң,
Таяп-жөлөр тууганыңа батпасаң.
Адамдыктын асыл наркы жоюлуп,
Ышпалдасы чыккан окшойт капкачан.

Аныктайм деп жүрсөм, чынды, жалганды,
Досторум да дүлөй болуп калганбы?
Бул жашоонун көрпө төшөк төрлөрүн,
Көкүрөгү көрлөр ээлеп алганбы?

* * *

Тартылып улам ташкының,
Тагдырга көндүң жаштыгым.
Түгөнбөйт экен деп жүрсөм,
Түбөлүк ана какшыдың.

Убакыт, көрчү, аздыгын,
Учкаяк мезгил кастыгын.
Убайын кенен көргөзбөй,
Уурдалып кеттиң жаштыгым.

* * *

«Олтуруп калды, – дешти, – жоолук салса»,
Тагдырды менсиз эле чечип койдуң.
Баралбай койдум канча оолуксам да,
Ошентип, сүйүүбүзгө чекит койдуң.

Мен сени кармап деле калбайт элем,
Акыркы сөздөрүмдү айтпай калдым.
Мынчалык калпыстыкка барбайт деген,
Конокко кеткен бойдон кайтпай калдың.

* * *

Көчөдө келатпагын, баратпагын,
Жайдары жарк эткениң жагат, жаным.
Калп эле кабак чытып турсаң деле,
Каректин тереңинен жанат жалын.

Шоксуң ээ, күлгөнүңдө күн илеби,
Жүзүңдө тамылжыган гүл ирeңи.
Көчөнүн көркү болуп жүрө бербей,
Келчи эми, кол кармашып, биригели.

* * *

Биз көрбөгөн жерлер бейиш деп,
Жашообузга наалып кейиш көп.
Коё берчи, алты ай айланбай,
Ала-Тоого качып келишмек.

Бөтөн жерде жүрбөй чайналып,
«Ат казыгын табат айланып».
Туулгандан эле киндиктен,
Калыптырбыз тоого байланып.

* * *

Кашайгыр ай, кашайгыр калпыс дүйнө,
Канатымды кайрыдың, капылеттен.
Бүгүнкүмдү будуң-чаң кылып коюп,
Жакшылыкты издеттиң акыреттен.

Түбүң түшкөн дүнүйө, түбүң түшкүр,
Түбөлүктүү эч нерсе жок турбайбы.
Эркиндигиң бирөөлөр тепсеп жатса,
Андан ашкан жашоодо жоктур кайгы.

## КАЙРЫКТАР

Карегиң кара мончок,
Эриндериң,
Анделек – эки тилим.
Кандай ширин!
Аптабым – келет бүгүн.
Келет бүгүн!



* * *

Ый-күлкү аралашып,
Көзүңдү ала качып,
Турдуң четте.
Жүрөгүм жалынууда,
«Жаным, кетпе.
Кетпе, кетпе!»
А жамгыр чаап жатты,
Бетке, бетке!

* * *

Барып, барып жол үзүлдү,
Туруп калдык.
Билбей кандай кылууну.
Кай тарапка жылууну.
Аска-зоонун,
Кай жагынан чыгууну.
Унчукпадың – ууру тиктеп,
Унчукпадым ылдыйдагы сууну тиктеп.
Оо, бир оокум,
Төтөлөй төмөн кеттиң,
Мен да кеттим,
Өйдө карай.
Жол издеп арт жагынан жайсаң беттин,
Кайрадан тогошподук.
Кездешкен деле жокпуз,
Издешкен деле жокпуз.

* * *

«Чекпей эле коюңуз. Чекпеңизчи?»
Чекпей койду.
«Кетпей эле койсоңуз. Кетпеңизчи?»
Кетпей койду.
Жыл айланбай ортодон сүйүү качып,
Экөө жетпей койду.

* * *

Кыйналып турам бүгүн,
Кыжаалат кылган ойдун салмагынан.

Чыгалбай көр оокаттын чарбагынан.
Карч уруп кара жанды,
Эптеп-септеп кылдыратып арабамды,
Жүрсөм деле,
Кан чыгарып бармагыман.
Бермегим көп алмагыман.
Какшыган кудук болдум,
Тил-оозсуз дудук болдум.
Ыдык көрдүм.
Көздөрүм көр.
Бурадарлар, неге аны көрбөдүңөр?
Кол учун сунуп мага,
Күч-кубат бербедиңер.
Келбедиңер.
«Ажайып дүйнө сонун» – дешет мага,
Кана?
Дүйнөнү бийлеп жатат дүнүйө гана.
Маңкурттай кулдук уруп жашап жаткан
Бурадар,
Мага
жана
сага
чала!

* * *

Жайыма койгулачы,
Ансыз деле,
Жабыгып турган кезим.
Камыгып курган сезим.
Жайыма койгулачы,
Суу бүркпөй колтугума,
Жайыма койгулачы!
Ажырата албадым түш-өңүмбү?
Өлтүрүштү мендеги ишенимди.
Ансыз деле билбей турам,
Эртең өзүм кайсы көргө түшөрүмдү.
«Карс» этип бели сынып үмүтүмдүн,
«Тарс» этип ок кадалды максатыма.



Капылет өрт каптады,
Жан дүйнөмдүн капкасына.
Эр жигит мындай турсун,
Оороздукчан суу ичпейби,
Күн түшсө ат башына.
Баары эле тойлоп жатат, тойлоп жатат,
Эл камын билбейм кимдер ойлоп жатат..
Колунда бийлиги бар кокуйбайлар,
Саясат сересинде ойноп жатат.
Куру сөз эл курсагын тойгузчудай,
Сөрүдө жалгыз бир тил сойлоп жатат...

## ЖЕКЕ ЧАЛ

Ичерге инди чай мына,
Жатарга жылуу жай мына.
Каралдым кайда жүрөсүң?
Атаңды салып кайгыга.
Алдырып коюп аракка,
Болду дейт сени айнымa.
Кечилдей болбой келсеңчи,
Туулуп-өскөн айлыңа.

Кор кылып койгон адамды,
Кокуйлап сөгөм заманды.
Кеселим кыстап күнү-түн,
Кетирип барат чамамды.
Колумдан учкан кушумду,
Кондуруп кайра аламбы?
Какшатып мени койбостон,
Кайтарып бергин баламды.

Жаркылдап элдей жүрө албай,
Жабуулап жорго мине албай.
Жайкалып топко бармай жок,
Жаңыртып кийим кийе албай.
Армандуу өтүп кетемби?
Небере жүзүн сүйө албай.

Камалып жаткан жоксуңбу?
Кабарың катка чийе, албай.

Убайым мени уйпалап,
Жүрөктү эзет куйкалап.
Таалайы тайкы бечара,
Тагдырдан кантип буйтамак.
Каргадай жалгыз уулумдан,
Буйрубайт окшойт сый тамак,
Буулугуп бир күч көөдөндө,
Муунуп турам ый камап.

Арттырып кеп-сөз артыңа,
Жетпедиң ата баркына.
Сендейлер эле жүрбөйбү,
Арка-бел болуп калкына.
Окуткан элем борбордон,
Карабай чама-чаркыма.
Кандай деп сурап койбодуң,
Кызыгып турмуш шартыма.

Какшатып мени карагым,
Угулбай кетти кабарың.
Артыңдан издеп баруунун,
Таба албай турам амалын.
Кайда деп сени сурашса,
Куурулуп кетет заманым.
Барынан жогу дурус бейм,
Кайрымсыз сендей баланын.

Жетимиш ашып курагым,
Каңырыш угат кулагым.
Кан-сөлү качып денемдин,
Как жыгач болгон убагым.
Урматсыз жаман чал болдум,
Уулдун көрбөй убайын.
Өзгөдөн артык бакты элем,
Өзүңө жетсин убалым.



Тагдырдан мындай күтпөгөм,
Таалайды мен да издегем.
Тилегим болчу жакшылык,
Таңды-кеч жүрчүм иш менен.
Уулум бар ордум басар деп,
Үмүтүм сенден үзбөгөм.
Сый-урмат көрөр кезимде,
Сырдашып калдым ит менен.

Атаң, жок эми баягы,
Жолдошу жалгыз таягы.
Опоңой эле турбайбы,
Башыңдан бактын таяры.
Убалдан коркор уулум жок,
Ушундай болду аягы.
Бүтөрү жакын калды окшойт,
Өмүрдүн муңдуу баяны.

Кайгымды айтам каралдым,
Карттарын сыйрып жарамдын.
Канымдан менин бүтсөң да,
Кайрымсыз болуп жаралдың.
Турмуштан туура жол таппай,
Туюкка минтип камалдың.
Алжыган какбаш чал болдум,
Азабын тартып баламдын.

Апаңдын сыйлап арбагын,
Жайына турпак салбадың.
Кайрылып келип-кетүүгө,
Жок беле такыр дарманың?
Зыйнатын кылар уулумдан,
Дилгирем араң алгамын.
Иренжип сага ошондо,
Ичимде калган арманым.

Жоготкон күндөн апаңды,
«Жеке чал» дешет атаңды.
Жолобой үйдөн качкыдай,
Желмогуз болуп жатамбы?

Кудайга кайдан жаздым деп,
Карманам күндө жакамды.
Жаркылдап жүрсөң не болмок,
Жетелеп бала-чакаңды.

Кантейин эми чырагым,
Кырк жаштан ашты курагың.
Кылычтай болуп шилтенип,
Кадыр-барк күтөр убагың.
Канчалык какшап жатсам да,
Кыскан жок сөздү кулагың.
Күйүттөн жанды кыйсамбы?
Каралдым, кандай кыламын?

Ажалдын күткөн чалгысын,
Карыган мага барбы сын.
Кулагың менен уксаңчы,
Калкыңдын сага каргышын.
Камгактай элге пайдаң жок,
Канткенде ишиң арбысын.
Кайгыга салып атаңды,
Каякта жүрсүң жалгызым?

Айт-айтпа кептин ар жагын,
Азаймак беле арманым.
Көрүмдө өкүрсөм дагы,
Көтөрдүм башка салганын.
Чарчадым ушул жашоодон,
Чын окшойт дүйнө жалганың.
Тирүү жүр балам, мен өлсөм,
Топурак деле салбагын.

Атаңдын эчки жашы бар,
Эл-журтум эптеп жашырар.
Убайым тартпайт элем го,
Уулумдун болсо башы бар.
Кан агып көздөн буркурайм,
Кайрат жок бала асырар.
Жеке чал өткөн экен деп,
Эстей жүр кары-жашыңар.



## «Чарчанган кылым» ыр жыйнагынан (1999-жыл)

*Иликтечи тарыхты изи менен,*
*Илкип-калкып бычактын мизи менен.*
*Эркиндиктин аттады астанасын,*
*Элим бүгүн өзүнүн жүзү менен.*

*Жетишеттир өткөндүн сабактары,*
*Үмүттөрдүн кыркылбай канаттары.*
*Каргашасыз ачылып жабылсакен,*
*Бул кылымдын акыркы барактары.*

### ЫЗАЛЫК

Турмуш башка, мен баягы элемин,
Ата Журтка тийип-тийбей керегим.
Майда-барат мүдөөлөргө тушалып,
Өз майыма сызгырылып келемин.

Табышмактуу дүйнө оомал-төкмөлүү,
Көрөргө күн, ичерге суу чектелүү.
Ошентсе да жазылганбы маңдайга,
Жанды сабап, кыйнап өмүр өткөрүү.

Болбосунчу мындай башка түшкүлүк,
Мордон чыгат түтүн эмес үшкүрүк.
Тентек шамал келекелеп жатабы,
Терезем дин тешигинен ышкырып.

Көңүл бөксө, көкүрөктөр басайып,
Көр оокаттын кулу болдук кашайып.
Эмнегедир айылдашпай калганбы,
Автобуста кемпир-чалдар азайып.

Көз караштар тайгактыгы, жогу ушу,
Пейил кетсе бара турган жол ушу.
Достор түгүл чакырбаса келбеген,
Жөн-жай кирбей калбадыбы коңушу.

Дымагыбыз айга-күнгө жанашып,
Ураанызбыз деле турат жарашып.
Анан неге кайырчылар көбөйдү,
Жолбун иттен таштандыны талашып.

Ыйык тутуп, кадырлаган өз жерин,
Бабалардай маани берет сөзгө ким?
Тилибиздин кожоюну болалбай,
Ырын ырдай беребизби өзгөнүн?

Эгемендик! Күндөп-түндөп узанып,
Эркиндикке жеттик десек биз анык.
Адамдык бүт укуктарым кагуу жеп,
Босогомдо боздоп турат ызалык.

## ЖАЗГЫ ТҮН

Ай чөккөн булактан,
Ажайып күү аккан.
Жаз келе жатыры,
Сурнайчан, кыякчан.
Сыбызгы сыбызгыйт,
Тыяктан, быяктан.

Үндөрдүн катышы,
Нурлардын чатышы.
Ай балкыйт, карасаң!
Керемет жатышы.
Келберсийт дүйнөнүн,
Чыгышы, батышы.



Жорголоп, жөрмөлөп,
Керимсел жел келет.
Тамшантып табийгат,
Теребел термелет.
Ушул түн тирүүлүк,
Майрамы өңдөнөт.

## АЯЛ ЖАНА БАЗАР

Турмуштук канондорго баш ийбеген,
Кан базар тагдырлардын жыйындысы.
Көр оокат үчүн күндө жан талашып,
Бар анда күрөштөрдүн туундусу.
А бирок, жашоо нуктан тайганы го,
Жаш адам келип жатса муунгусу.

Келиндер жылмайымыш болгон менен,
Сыз өтүп таманынан жүрөгүнө.
Жылыта албай калган сыяктанат,
Эркекти жаштыгынын илебине.
Алайган көздөр гана жоодурашып,
Азаптын изи түшөт ирeңине.

«Алсаңыз, меники арзан, алыңызчы?!»
Кардыккан үн сайылат чучугума.
Өзүмдү эркек эмес, эшек сезип,
Көзүмдүн жаш айланат кычыгына.
Өзүн да, өлкөсүн да багып жаткан,
Өлөрман аялдардын күчү мына!

## ЭРКИНДИК

Саясаттан сууй берип көңүлүм,
Издеймин да, качам сенден жалгыздык,
Өкүндүрүп өтүп жатат өмүрүм,
Кыл чайнашып кайрат менен алсыздык.

Жолоочудай узак жолдон чарчаган,
Шуу үшкүрүп, олтурамын үргүлөп.
Чыйралайын! Бир ашуулук бар чамам,
Андан ары... Андан ары ким билет?

Бул жашоонун тескейинде калгандай,
Ырларымдан кабак чытыйт кайгы-муң.
Кайталанат, издеп таап алгандай,
Унутулган эски күүнүн кайрыгын.

Тапканыман жоготуулар көп болуп,
Чоочуркаймын эркиндиктин айлынан.
Күндө кечте күйүп бүтөм чок болуп,
Ушул окшойт башкалардан айырмам.

Келет мезгил делдектетип жетелеп,
Тал кууруса тарта берем убайым.
Тагдыр мейли сыйлабасын бөпөлөп,
Эркиндиктин көрөлүчү убайын.

* * *

Илешип жакшылык да жаманчылык,
Кылымдын кыйырына аман чыгып.
Кылчайсам калыптырсың каяктадыр,
Минген ат, тандаган жол жаман чыгып.

Эрөөлгө чыгуучудай бул өмүргө,
Отуң бар эмес беле жүрөгүңдө.
Байкабай үзөңгүдөн бут тайдыбы,
Ашууга ат алмашып минериңде?

«Эрте-кеч бир суурулуп чыгамын» – деп,
Таш кайрак эмес белең, жубарымбек!
Кайрытып алдыңбы же канатыңды,
Карайлап, ээрчимелик кыламын деп.



## КЫШКЫ ТҮНДӨ

Түнү бою тереземди черткилеп,
Эшигимди тытып чыкты бурганак.
Жолоочулар кайрылсакен деп тилеп,
От боюнда таң атырдым ыр жамап.

Очогумда күйөт арча чатырап,
Магдыратат анын ысык илеби.
Бороон улуп сыртка неге чакырат?
Менин жалгыз экенимди билеби?

Кантмек элем убакыттын тардыгын,
Ойлогонмун түнөп эле кетем деп.
Колду шилтеп, жыйнаштырып бардыгын,
Калсамбы же ушул жерди мекендеп?

Аба таза, аалам таза, таптаза,
Мен энеден туулгансыйм жаңыдан.
Күндөр мында өтөт экен башкача,
Кубаныч алам оттун деле табынан.

Көрсө жашоо жөпжөнөкөй турбайбы,
Биз өзүбүз чатыштырат экенбиз.
Курсак ачса тарта бербей кур кайгы,
Жашап көрчү бир эле күн Мекенсиз.

Байкабапмым ушул улуу бактымды,
Ата Журттун этегине жүгүнөм.
Мен өзүмдү эми гана таптымбы?
Кышкы түндө Улуу Тоонун түбүнөн...

* * *

Көйгашка талант экениң,
Кечигип билди Мекениң.
Чыркырап жашап өтүпсүң,
Чындыктын кармап этегин.

Артындан ээрчип буруу сөз,
Укпадың окшойт жылуу сөз.
Арманың чөгүп ичиңе,
Айтылбай кетти Улуу Сөз.

* * *

Өмүрдүн жайы, күзү өтүп,
Келген жол кайда? Из өчүп.
Бүлбүлдөп күндөр өтүүдө,
Үмүттөр күйүп, жүз өчүп.

Акыл-эс бечел. Көртирлик,
Чүкөдөй түпкө чертилдик.
Күнүндү бычат «кулбазар»,
Ушундай белең эркиндик?

* * *

Агат турмуш эшигимдин алдынан,
Күндөп-түндөп шоокумдары угулуп.
Ойлор келет каяктандыр каңгыган,
Толкундары жүрөгүмө урунуп.

Өткөн өмүр эми мага уламыш,
Кеткис кесел мыкчып турат жакамы.
Кечти күтүп мага келчү кубаныч,
Жалбырактын арасында жатабы?

Үмүт мени терезеге азгырып,
Жол чакырат. Жеңилүүгө эртеби?
Жаркылдаган жарык маңдай жакшылык,
Кеч күүгүмдө эшигимди чертеби?

Күжүлдөгөн күздүн коңур табына,
Олтурамын терезеден жылынып.
Чаалыгышкан ойлор кайтып жабыла,
Уктап кетет жүрөгүмө жыгылып...



## АБАТ ДҮЙНӨ

Сапырылып үмүттүн айрыктары,
Үзүл-кесил кусалуу кайрыктары.
Кызыктырып келет да кымгуут дүйнө,
Кыябына келалбай кайрыйт нары.

Өмүрдө көп өкүнүч барактары,
Мезгил-шашма, ээрчитип алат дагы.
Сүйүү деген кызыктуу икаясы,
Чала окулуп-окулбай калат нары.

Булут тилген этегин жамап күндө,
Айдан чыккан ак шоола агат түнгө.
Кылым бүтүп кайрадан жашармакчы,
Азгырмалуу, ажайып, абат дүйнө.

* * *

Шылдың кылып айткан менен кулагын,
Көргөн жокпуз эшектердин зыянын.
А байкушту башка-көзгө чапкылап,
Чыгыш-батыш көрүп жүрөт убайын.

Келер бекен оонап чанда жаткысы,
Же шиберлүү салкын төрдү тапкысы.
Кайдан көрсө бир айкырып алуучу,
Күл төбөдө окшойт анын бактысы.

...Оңолор деп күткөн менен канчалык,
Кудай деле акырындап чарчанып,
Бейбаштыктан бейиш бактан куулуп,
Жүрбөйбүзбү жер үстүнө чаң салып.

* * *

Заман ушул, кетмен чаап жер тепмей,
Оокат кайда маңдайыңдан тер төкпөй.
Эртели-кеч шыпыргыга илешпей,
Эркексиңби? Болбойсуңбу эркектей!

Жермайы жок быкшып жаткан биликтей,
Ишиң түгүл кебиң жүрөк жибитпей.
Бир берилген өмүр сага кор экен,
Жигитсиңби? Болбойсуңбу жигиттей!

Сыр алдырбай зымпыйсаң да канчалык,
Сенден акыл чыкпайт окшойт анчалык.
Катыныңа караан болуп жүрө бер,
Каалашынча өйдө-төмөн калчанып.

Куну качып, калкып чыкпай каймагы,
Кемип турат кебиндин бир кайнамы.
Эстүүлүк кыл, эшикти жап сыртынан,
Баш оорутуп, жомок айтпай кайдагы.

## БИР ТАМАН ЖОЛ

Бош ташталган аргамжыдай ийрилип,
Бир таман жол жарып өтөт аңызды.
Жаштыгымды текке өткөрүп ийдирип,
Жүрөгүмө издеп чыккам тамызгы.

Улуу Тоонун улагасы – Мекеним,
Күрөш көксөп кеткем ушул жол менен.
Орду бопбош мен төрөлгөн кепенин,
Апам да жок, «аман эле бол» деген.

Айылымдын киндигинен чыгат да,
Бир таман жол чоң дүйнөгө кошулат.
Кол узарып, каттай турган учурда,
Неге азайып бара жатат бош убак?

Чарчатканбы күз түйшүгү? Үргүлөп,
Айылым жатат башын жөлөп Акжарга.
Кайра качан келээримди ким билет,
Сагынычым калат ушул саптарда...



## ЖЕҢИЛҮҮНҮН БАЙРАГЫ

Турмуштун кыл чайнашкан күрөшүндө,
Жеңиштен жеңилүү көп окшобойбу.
Калыстык кемийт мындай тирешүүдө,
Кел анда, өткөндү биз козгобойлу.

Учугун издеп таап чубай берсе,
Үмүттүн бүтпөйт тура уландысы.
Калыстык кыйчалышта кулай берсе,
Өмүрүң өкүнүчтөр урандысы.

Бактылуу жашоого бар укугубуз,
Турмушта келмек кимдин кыйналгысы.
Жеңиле бергендиктен утуру биз,
Өткөн күн максаттардын кыйрандысы.

Чын эле базарымдын өткөнүбү?
Санаага туткун болом капкайдагы.
Сапарым эңкейишке жеткениби?
Желбирейт жеңилүүнүн ак байрагы.

## КУЛКОЖО АХМЕТ ЯСАВИ

Күнөөсү көп жалган дүйнө азабы,
Чарчатканбы? Өзү бычып жазаны.
Алтымыш үч жаштан кийин күн көрбөй,
Жер төлөдө жашап өткөн Ясави.

Түшүналбай койдум мындай шумдукту,
Рухтагы бийиктикпи, кулдукпу?
Же болбосо мына ушинтип пендеге,
Жеткиргиси келгениби чындыкты?

Буйрук болсо мейли жаша кылымды,
Калкың баалап-ченеп алар кунуңду.
Анан неге күнөө кылып Кудайга,
Кайран өмүр бир чуңкурга тыгылды.

Мейли сыйла Пайгамбардын нускасын,
Мейли тапкын узун жолдон кыскасын.
Бирок, Кудай өзү берген өмүрдүн,
Эч ким мыйзамченемдерин бузпасын.

Өз өмүрүн жолуна арнап Мекенин,
Далилдептир антка-шертке бекемин.
Бирок, кантип унутту экен Ясави,
Тирүүлүктүн эң бир ыйык экенин.

Эстегенде сопулардын Атасын,
Издей берем «идеялык катасын».
Ансыз деле ажал өзү келгенде,
Кара жердин кучагына жатасың.

## КОРКУНУЧ

Топук кылып тойгонуна курсагы,
Ушул жашоо ушу бойдон турсабы?
Алакандай Ата Журтту мындай кой,
Тебеленет тирүүлүктүн мыйзамы.

«Мага десең өрттөнүп кет күймөктөн»,
Дегениби? Үйүтүнө үйрөткөн,
Канчаларды тайрандатып жүрөбүз,
Жаман үйдөй коногуна бийлеткен.

Коркутабы, алдайбы же мактайбы?
Же чын эле Ата Журтту сатмайбы?
Насибимди талашканы азсынып,
Улутума урук чачып жатпайбы.

## КУРБУЛАРГА

Биздин жолдор кеткен менен айрылып,
Бир жерлерден тогошуу бар кайрылып.
Канда калса сезимдердин калдыгы,
Калп да болсо койбойлубу кайгырып.



Дүнүйө – калтар, куйругуна алданып,
Максаттардын майдасына арбалып.
Кала берди кайран таттуу кыялдар,
Бул өмүрдүн башатында кармалып.

Буйрук экен акырындап кол үзмөк,
Ар бирибиз өзүбүзгө жол издеп.
Урунбайлы кандай гана тагдырга,
Абийири бар адам эле болуш кеп.

Элес албай суюлганын катардын,
Көбүн өтүп, азы калды сапардын.
Бизсиз деле той-тамаша берилип,
Бизсиз деле чыгып кайра батар күн.

## БАЙЛЫГЫМ

Бүгүнкүмө жетпей жаткан учурда,
Эртеңкиме арттыраарым эмине?
Өмүрдөгү өзгөчөлүк ушунда,
Куралакан бара жатам төрүнө.

Суктансам да көз артпадым башкага,
Түшкөн жокмун дүнүйөнүн торуна.
Артта калып жашап өткөн жаш кана,
Карыйт окшойм «карга чычпай» колума.

Эртели-кеч абийиримди тазалап,
Оорутпадым башкалардын көңүлүн.
«Тамашакөй» тагдыр мени «жазалап»,
Жетип-жетпей өтүп жатат өмүрүм.

Барга топук, жокко кандай кылмакмын,
Ыйманыма камчы салбай өтөйүн.
Өрүшүмө сөз жайылтып, ыр бактым,
Ошонумду жыйнап-тернеп кетейин.

## КҮНДӨР

Табигыйлык – умтулуу бийиктикке,
Бүтмөк беле талаштуу маселелер.
Жазмышыңа башыңды ийип күтпө,
Жан дүйнөңдү жаңыртып, тазара көр.

Аздектеген адамың айып кылса,
Айтылбаган ичтеги арман чыгар.
Чындык өзү чындыктан тайып турса,
Чыркырамыш эткениң жалган чыгар.

Күүнүн мукам чертилген кайрыгындай,
Кызык күндөр келмекпи кайталанып.
Шамал чачкан кагаздын айрыгындай,
Сапырылган күндөрдү байкабадык.

Кыйкуулаган жаралуу каркырадай,
Кээ бир күндүн шоокуму кулагымда.
Мезгил менен жарышып аркырабай,
Илең-салаң жүрүппүз убагында.

Тиги эмне? Ашуубу алдымдагы?
Дегеңдетип жетелейт күндөр мени.
Көргүм деле жок эле, баргым дагы,
Кылчактатып өткөндүн ирмемдери.
...Дегеңдетип жетелейт күндөр мени...

## ЧАРЧАНУУ

Кан ойнобой калганыбы денеде,
Баштагыдай бапырабайм же неге?
Айырмасын ажырата албаган,
Кызыгы жок күндөр өтөт жөн эле.

Ырас, ана, кайнап турмуш казаны,
Буусу чыгып, улам кызыйт базары.
Бирок, менин үмүттөрүм кагуу жеп,
Жан дүйнөмдүн сынып турат назары.



Турмуш күндө бербейт экен бал чалып,
Өкүнчү көп өр таянсаң канчалык.
Жүрөктөгү жүктүн белин бошотпой,
Туяк мокоп, турган кезим чарчанып.

Артта калып канча деген чакырым,
Барар жердин билбейм алыс-жакынын.
Эстегенде элим таап алар деп,
Кетип бара, кетип бара жатырым...

## АЙЫЛГА ЧАКЫРУУ

Айылың Акжар – тирегиң,
Ак болсо бизге тилегиң.
Тууруңа келип кетсеңчи,
Тууган деп соксо жүрөгүң.

Сагынбайт кимдер түнөгүн,
Санаада бүгүн чын, элиң.
Кайрылып келип кетсеңчи,
Калкым деп соксо жүрөгүң.

«Эл», «жер» деп соксо жүрөгүн,
Угуп кет элдин тилегин.
Кеч болуп калат эмеспи,
Келгенде башка бир өлүм.

* * *

Канчалык сабыр кылайын десем,
Кебиңди коштоп улайын десем.
Үч көчкөн журттай калбайбы көңүл,
Алайын эле жулайын десең.

Айткандын оозу жаманбы бүгүн,
Абийирим сатсам жагамбы бүгүн.
Аргасыз айыл ичинен чыкпай,
Ашата сөгүп заманды жүрүм.

## ТУРМУШ ЖОМОГУ

Желкемдеги жез кемпирдей теминип,
Турмуш жондо, жеңип кээде жеңилип.
Арзыбаган майда-барат мүдөөлөр,
Жүрөгүмдү бир четинен кемирип.

Чечкинсиздик жасатыма жайылып,
Кайдан жукту? Кеталамбы айыгып.
Эптеп эле күн өткөрүп келемби?
Кур өпкөгө укуруктай сайылып.

Дүнүйө жыйсам уучум толуп көбөйбөй,
Байлык менден качат улам өгөйлөй.
Өкүнгөнүм – жан дүйнөмдүн дүрмөтүн,
Көчкөн журтка калтырдымбы өгөөдөй.

Өмүр кыска, арты өкүнтүп кейитмек,
Тирүүлөрдөн жер үстүндө бейит көп.
Элемандар кара жандын камы деп,
Ат кызганып жүрөт канча Тейитбек.

Орунсуз бейм «бактылуумун» деш бүгүн,
Эси болсо какмак эле төштү ким.
Жерге кирип кеткиң келген учур көп,
Ээрчип алып Элемандын Төштүгүн.

## МУЗДАК ТАМЧЫЛАР

Канткен менен турмуш кылып кекселик,
Күндөр өтөт көр оокатка тепселип.
Уйпаланып улагадан чыгалбай,
Рухубуз баратабы бөксөрүп?

Үнсүз-сөзсүз, башты салып төмөнгө,
Ээрчимелик тамыр жаят тереңге.
Кыбыраган тирүүлүккө шүгүр деп,
Көкүрөктө түгөнгөнбү көрөңгө?



Шашат күндөр, мезгил деген камчы бар,
Эртеңкинин жакшылыгы бар чыгар.
Кайдыгерлик жан дүйнөмдү үшүтүп,
Жүрөгүмө тамат муздак тамчылар.

## МЕН КУДАЙЫ КОНОКМУН

Ким бар үйдө? Мен кудайы конокмун,
Жолго чыккам сапар карыр чагында.
Уландысы эмес турмуш жомоктун,
Кутулбостук күтөт алды жагымда.

А бүгүнчө ушул үйгө түнөйүн,
Эрмек болор эки ооз сөзүм табылар.
Жалгыздыкта калем болуп түгөйүм,
Ырларымда жаштыгымдын табы бар.

* * *

Ысыгына күйүп Ата-Конуштун,
Кереги ырас суугуна тоңуштун.
Бирок кандай зарылдыгы бар эле,
Мансап үчүн маскарапоз болуштун.

Атаганат, бышкан ашка орток көп,
Сөз атасы болуп алат чоркок кеп.
Калпак менен галстукка жашынган,
Арабызда жоргобуздан жорток көп.

* * *

Актанып, арта салган өзгө күнөө,
Мейли мен ишенейин сөздөрүңө.
Кылтыйып кычыгынан арамзалык,
Ишене албай жатам көздөрүңө.

* * *

Мен сага «ак» дедимби, «көк» дедимби?
Жетесиз, же бул сенин көпкөнүңбү?

Итере салып менин ишенчимди,
Чындыкка «чыйт» түкүрүп кетпедиңби.

* * *

Күтүүнүн да чеги болот го,
Сүйүүнүн да ойло убалын.
Ортобузга куруп жатпагын,
Чоочундуктун муздак дубалын.

* * *

Түш окшойт. Түшүм эле го,
Өңүмдө «келем» дебессиң.
Башкасы башка «сүйөм» деп,
Өмүрү айтмак эмессиң.
Анткени өзүм жараткан,
Кыялдан бүткөн элессиң.

* * *

Эмне болду? Чөгүңкү го маанайың,
Кыроо түшүп, кыярыптыр саамайың,
Качандыр бир кан дүргүтүп денеме,
Сенде болчу менин бакты-таалайым.
Турмуш ушул, түндүк бөлөк турбайбы,
Жакшы кары, башка эмне каалайын.

* * *

Зээнимди кейиттиң ээ, балакайым,
Сезимтал эмес белең, карапайым.
Бул дүйнө астын-үстү болгон окшоп,
Бүктөлүп, таппай турам алапайым.
Жыртылган жаман жерден этегинди,
Эми мен кимге, кантип жаматайын.

* * *

Көрөр күн, ичер суу барда,
Калыс бол, асти, кууланба.



Кыргыздын кыйын «чылыгы»,
Эртелеп ага ууланба.
Колуңдан келсе топ жарып,
Ээрчитип элди туу карма.

* * *

Кол-жолуң бош, бирок шашпа, кууду ким?
Тарта турчу мингениңдин суулугун.
Эл ичинде эптеп-септеп жан баккан,
Мен да сендей кыргыздын бир уулумун.
Устун болуп калалбайбыз дүйнөгө,
Курманыбыз мезгил деген «уурунун».
Өмүр бою алдап жашай берем деп,
Өз башыңды жутуп коёр куулугуң.

* * *

Бала чагым калды адыр жондорунда,
Чоң атамдын ураган коргонунда.
Куюн болуп аралай чаап жүрөт,
Кыйма-чийме айлымдын жолдорунда.

* * *

Оюңду айтпа кабыргасы каталек,
Сезимди кат гүлүн даана ачалек.
Тизе бүгүп коёмун деп бир ирет,
Өмүр бою жашап калба «акелеп».

Айтылган сөз артка кайра жутулбайт,
Мезгил дайым утат, асти утулбайт.
Чындыкка бир «чыйт» түкүрүп алган соң,
Арсыз жашоо алды жоктон утурлайт.

* * *

Колтуктан Ата Журтту жөлөп өйдө,
Турмушту татаалдан бур жөнөкөйгө.
Карекке конуп-учуп кайдыгерлик,
Каткырык катып калды көмөкөйгө.

Куру сөз, убададан көңүл калды,
Элим ач, элим ооруу, элим жарды.
Айылды алты айланып чыккан менен,
Базардан башка барар жериң барбы?

* * *

Жагалданып учурашса кулүп ким,
Жан дүйнөмө жакын сезип жүрүпмүн.
Капилеттен каап өтүп капталдан,
Кабыргасы сынып жатат үмүттүн.

Ушул беле жеткен акыл, түшүнүк,
Абийириңе көлөкөнү түшүрүп,
Катар басып каткырасың калп эле,
Капырай, бу кайда кеткен кишилик?

## ТУУГАН ДЕГЕН

Качыр кайдан теңелмек буудан менен,
Абийир тагы кетмекпи жууган менен.
Жөө калганда жөлөбөй жөөлөп өткөн,
Аман эле болсунчу тууган деген.

Дүнүйөнүн түбү жок кууган менен,
Көралбастык көздөрүн бууган белем.
Жүрөгүңө жүк кылып жүргүчөктү,
Сый эле бол сыр бербей тууган менен.

Кайран башың кайдадыр сыйган менен,
Бир боорундай башкалар туйган менен.
Тууган жердин турпагы тартып келип,
Көргө коёт көтөрүп тууган деген.



## ЖЕҢИЛИП ЖҮРӨ БЕРЕБИ?

Тумчуксам деле чындыкты бетке айталбай,
Жылдарым өтөт жылбышып колдон байкалбай.
Бул жашоо менин бар-жогум менен иши жок,
Канатын күүлөйт бөксөрмөк түгүл чайпалбай.

Чүкөдөй калчап, топташтай чачып күндөрдү,
Жашай бер деген укукту мага ким берди?
Артымда боштук, кыйратып кылган ишим жок,
Бир келген өмүр чын эле кирпик ирмемби?

Бирөөнүн бир аз кубанчы болсо көп көрүп,
Кызганыч менен жүрөбүз күндү өткөрүп.
Кайдыгер карап күргүштөп аккан жашоого,
Шашпаган жанбыз жатса да дүйнө өрттөнүп.

Тарбиям ошол, мен деле көптүн биримин,
Эл оогон жакка ээрчиген болуп жүрүмүн.
Акаарат кепти артыман айта бергидей,
Насибин кошо талаштым экен кимиңин?

Теңелбей койсом тебелеп мени кеттиңер,
Мүдөөлөр мүчүп, көөдөндө кайнайт өксүүлөр.
Абийирим таза, чындыкты гана айтам деп,
Таланып калдым, жалгызмын, силер көпсүңөр.

Күрөштүн түбү көр оокат үчүн элеби?
Ал үчүн башты саюунун барбы кереги?
Буулуп тили, таңылып көзү чындыктын,
Чыркырап эле жеңилип жүрө береби?

* * *

Кыргызым, короосунда малы калбай,
Мал эмес чарбагында талы калбай.
Жокчулук жонун тилип жатса дагы,
Чакырат «чай ичкин» деп жаны калбай.

Кубанат конок келип жүдөткөнгө,
Сүйүнөт берген ашын түгөткөнгө.
Убакыт эсеп-чотун алмак кайда,
Ыраазы жөн эле бир күн өткөнгө.

Ушундай бир эл жашайт Азияда,
Пейли кең досуна да, касына да.
Карызын кырк байталдын карыз дебей,
Самолет сатса да алат насыяга.

* * *

Сезимдер муздап, эптеше албай,
Тайсалдап таят көзүмдөн көзүң.
Мейли кач менден беттеше албай,
Качмаксың кайда өзүңдөн өзүң.

Жылмайып жүрүп жыландай чактың,
Аттиң ай, сага алдаттым неге?
Саттың ээ мени, арзанга саттың,
Андан сен утуш албапсың деле.

Сатыпсың калса жугунду тийбей,
Абайла эми, көзүңдү кара.
Аралаш жүрүп кунуңду билбей,
Сага эмес менин өзүмө чала!

## АЙРЫЛЫШ ЖОЛ

Ушул жол кайда барат? Айрылышта,
Турамын бирөө-жарым келеби деп.
Кеч болуп калды артыма кайрылышка,
Анын да айтылбаган себеби көп.

Жан жолдош ээрчитпестен сапарыма,
Жөнөгөм билип-билбей жол узагын.
Келбептир такыр эле капарыма,
Алдыдан айрылышка жолугарым.



Кайчы жол кайчы ойлорго салып мени,
Шылтоо жок кайра кайтып актанганга.
Турмуштук бул жөнөкөй алиппени,
Эстебей коюптурмун аттанганда.

Багытын барар жолдун билбеген соң,
Максаттар кетет тура майдаланып.
Бул жолдон дайым өтүп жүрбөгөн соң,
Баратам мүдүрүлүп, тайгаланып.

## 2-ЯНВАРЬ

Мейли жаша бири болуп экинин,
Мезгил мерес, аткарасың өкүмүн.
Кирип-чыгып жүрүп эле билинбей,
Жаңы жылдан тамам болду эки күн.

Өкүндүрөт ушул күндөр жөн өткөн,
Текке жашап койдум окшойт демек мен.
Убакыттын кымбаттыгын билбейбиз,
Турмуш канча өткөрсө да электен.

Күндөр күлүк, суутулбай минилип,
Басмайыл бош өтүп жатат тирилик.
Маңдайымда тиктеп турат календарь,
Шераалынын чокоюндай илинип.

## ТУУЛГАН КҮНКҮ ТОЛГОНУУ

Көрдүм турмуш ызгаарын да, аптабын,
Жеңилбедим, өз наркымды сактадым.
Оё басып төрт мүчөлдүн төбөсүн,
Элүү жаштын босогосун аттадым.

Жаз күнүнүн ташкынындай дайранын,
Өкүндүрүп өттү-кетти майрамым.
Кандай карыйм? Калган өмүр белгисиз,
Тагдырымды ырларыма байладым.

Дүнүйө көрүп жолдо жатса жалгыз мык,
Атаганат, алып-жулган жанбыз сук.
Бирок, абийир арзандыгын көргөндө,
Жан дүйнөмдө улуп-уңшуйт жалгыздык.

Майрам эле, базар кылды көчөмдү,
Жер оодарып, көчүп эле кетемби?
Мейли мени бир эмес он саткыла,
Неге сатып жатасыңар Мекенди?

Кыргыз экем, сыймыктанам аныма,
Азаттыгым өзү конду багыма.
Бирок, анын нарк-насилин туюшпай,
Тебелешсе кантип батпайт жаныма.

Улам кызып, кайнайт турмуш базары,
Пулга айланып кубанычы, азабы.
Эл ичинде эки үйүнүн биринин,
Оттон түшүп баратабы казаны?

Чыда журтум! Жакшылыкты күтө бер,
Курсак тоюп, кийим деле бүтөлөр.
Бирок, аттиң, тамырыңды кыркуучу,
Канга сиңип кетти канча ит өнөр.

...Эшикте кар. Үйдө олтурам камалып,
Бар турбайбы элүүдө да чалалык.
Достор кайда? Параметр өзгөрүп,
Алыс, алыс болуп барат аралык...

## А ЧЫНДЫК ЫЙЛАП ЖҮРӨТ КӨЧӨЛӨРДӨ

Түнөрбө, түтөп-куйүп чычаладай,
Сабыр кыл, сөз уксаңчы чычалабай.
Жалгандын жан жыргатар жагымы бар,
А чындык ачуу болот күчаладай.



Ким айтса сөзүн ээрчип көчө бербе,
Тагдырды шашып чала чече көрбө.
Жалганды төрүбүздө тайраңдатсак,
А чындык ыйлап жүрөт көчөлөрдө.

* * *

Өкүнүчпү өмүрүмдүн калганы,
Көп окшойбу бермегинен алмагы.
Улам мага оор болуп баратат,
«Атаганат» деген сөздүн салмагы.

Балын деле, уусун деле ичирип,
Турмуш жүрөт тагдырларга түкүрүп.
Билбейм кайда ээрчип бара жатамын,
Эки иш кылсам бирин чала бүтүрүп.

## ИШЕНИМ

Толкун чаап, бүркүп салган балыктай,
Жээктемин. Турмуш жатат агып жай.
Ташкын жетпес далдоо жерди издеймин,
Жүрөктөгү жарааттарым айыкпай.
Максатымдан майнап чыкпай калды окшойт,
Ташка тийип талкаланган кайыктай.

Жеңилемби? Ишеничим, барсыңбы?
Баш аманда күрөш токтоп калсыңбы?
Тагдырыма бийлик кылып бирөөлөр,
Жан дүйнөмө суук колун салсыңбы?
Тамырымда кан жүгүрүп турганда,
Тактүйнөктөй аткарсам дейм парзымды.

Эгер өчсө жүрөктөгү ишеним,
Үргүлөтпөй үмүттү да үзөмүн.
Майрам кылып душманымдын айлына,
Ошол болот бүгүлгөнү тиземин.
Каргыш айтып, кабарымды сурабай,
Анда менден үмүтүңдү үз, элим!

## БИР АРМАН

Эл башкарып, журт атасы аталып,
Алкыш угуп, канчалардан бата алып.
Өмүр бою төр ээлеген бир адам,
Арып-карып, жатты ооруга маталып.
Ошондогу бир арманы бул эле,
Өмүр жарга турган кезде такалып:

– Күлүк миндим, куш кыраанын таптадым,
Тойго айланттым жети күнүн аптанын.
Жоро-жолдош, дос, туугандар, сулуу жар,
Мени сатты, мен аларды сатпадым.
Эми минтип акка моюн сунарда,
Жан сырымды айтар адам таппадым.

Ылайлантып күндө үч ирет сезимди,
Алган жарым жерге чабат сөзүмдү.
Бийлик барда жандай чаап жүрүшкөн,
Достор кайда, карап турар көзүмдү?
Кошоматтын чырагына май куюп,
Курмандыкка берген экем өзүмдү.

Бул жашоого устун болуп калмак ким?
Бакыт десем закымдарды кармапмын.
Өзгөрбөйм да, бөксөрбөймүн деп ойлоп,
Өмүр бою өзүмдү-өзүм алдапмын.
Арман ушул – эр жигитке кош канат,
Жароокер жар, жан дос күтө албабмын.

## КӨРНАМЫС

Таң атпайт го, мынча неге түн узун?
Уйку качып, чакчайганың курусун.
Бул жашоодо басар жолдон адашып,
Чала бойдон калды канча жумушум.



Мээни тепчип, ойлор сайып жүрөктү,
Сарсанаага батуу менен күн өттү.
Көр оокаттан мурда колду байлаган,
Көөдөнү бош көрнамыстык жүдөттү.

Пейил кенен, меймандоспуз, талаш жок,
Алмай-бермей, агайында санаш жок.
Кыл чайнашар көрнамысың козголсо,
Кырк байталдын карызына караш жок.

Жону жука жоктун арты арман иш,
Жигит болсоң керек чыгар арданыш.
Бирок, ана, кызыл сыйрык болгуча,
Көрнамыска тебеленет ар намыс.

## ЧАРЧАНГАН КЫЛЫМ

Кумсарасың түгүң чыгып түрүңөн,
Чарчадыңбы мезгил арткан жүгүнөн.
Адамдардын айбандыгын кечирген,
Жыйырманчы кылым сага жүгүнөм.

От жуткуруп, чок карматып колуңа,
Кан да чачып, гүл да төшөп жолуңа.
Таштап сени кетип барат адамдар,
Келечекки багына же шоруна.

Кылым аттап, кылыч болуп жалаңдап,
Акырындап ай-жылдызга кадамдап.
Чагылганга чылымдарын тутантып,
Чаарбаштык кылып кетти адамзат.

Жердин Шары сен чегилген араба,
Чыда бир аз, чукул калдың марага.
Эртең эле бир кылчайбай кетерсиң,
Мезгил өзү дубал согуп арага.

## ТУЮКТАМЫН

«Эркинмин» десем каткырып койдуң,
Тилимди тишке каттырып койдуң.
Баламды колдон жетелеп барып,
Базарга буюм саттырып койдуң.

Катыным кайда? Кабарын билбейм,
Каяктан издеп табарым билбейм.
Жуурканым эптеп жонума жетсе,
Этекти кантип жабарым билбейм.

Алдым да туюк, артым да туюк,
Азаптуу жолду калкым да туюп.
Канчалык жыйнап-тернеген менен,
Акимдер жатат алкымга куюп.

## КҮЗ, ДЫЙКАН...

Күз күчүндө, кардын жарып ак төөнүн,
Талаа көлбүп, бою бошоп сергиген.
Тамыр соруп дарактар да үргүлөйт,
Жолоочудай жол үстүндө өргүгөн.

Кайыш тилип кара жердин жонунан,
Ийлеп жатат баба дыйкан күнү-түн.
Кантсин анан, билегине таянып,
Жашап жүрөт жерге байлап үмүтүн.

Ишенимин өлтүрүштү дыйкандын,
Тийип-качып, туш-тушунан талашып.
Тойго барып тоюп келген акимдер,
Кыйынсынып кырдан турат карашып.



## КҮЗГҮ КУСАЛЫК

Күндү узатып, тосуп кайра таң менен,
Жалгыздыкка жамааттāшып алды элем.
«Кандайсың?» деп сурап койгон киши жок,
Эптеп жашай берет тура жан деген.

Өктөм турмуш женсе жеңер, жеңилбейт,
Өткөн күндүн баш-аягы көрүнбөйт.
Караан тутар кадырлашың болбосо,
Мээнетиң да, дөөлөтүң да төгүн дейт.

...Кайрадан күз. Кайтып келди кусалык,
Убакыттын мойну дагы узарып.
«Эртең сөзсүз бир жакшылык болот» – деп,
Кечте кайра келет боштук, ызалык.

Тебеленип күндөр – күзгү жалбырак,
Кыялымдан бүткөн дүйнөм калды урап.
Мүдүрүлсө тизе бүгүп калбастан,
Жолдуу неме жоктон деле бар кылат.

Ичиркентип күздүн мерес шамалы,
Жалбырактар чуркайт тийбей таманы.
Босогодон төргө чыга калгандай,
Өмүр жылт деп өтүп кетип калабы?

## КҮЗДҮН БИР ТАҢЫНДА

Сөзмөр чал бүгүн жок жанымда,
Үзүлдү күздүн бир таңында.
Кемпири кашайып ал түнү,
Жоголуп жок эле жанында.

Кечээ эле керебет үстүнөн,
Каранып, таранып күзгүдөн.
Бакылдап олтурган болуучу,
«Жашашым керек, – деп, – жүздү мен».

Чүкөдөй кемпирдии ыйын ук!
Салаалап көз жашы куюлуп.
Басылбайт окшойбу, катыгүн!
Келсе да кыргыз бүт жыйылып.

Өзөктө өрт болуп арманы,
Кетти окшойт кемпирдин дарманы.
Керебет түбүнө бүктөдү,
Капылет кайгынын салмагы.

Тескери айланып кылган иш,
Заматтык окшойт ээ булганыш.
Кемпирдин калган бүт өмүрү,
Армандуу өтөрү турган иш.

## КҮРӨШПӨ ДЕП АЙТА КӨРБӨЧҮ

«Күрөшпө» – деп такыр айта көрбөчү,
Эс алайын бир аз артка чегинип.
Маанайыма көңүл деле бөлбөчү,
Көрдүң беле турганымды жеңилип.

Мүдүрүлсөм мүдүрүлгөн чыгармын,
Бирок, тизе бүгүп көргөн эмесмин.
Азабына, тозогуна чыдармын,
Асти эч качан «мен жеңилдим» дебесмин.

Мен жеңилсем Акыйкаттан жеңилем,
Тизе бүгөм сүйгөнүмдүн алдында.
Сапарымда санагымдан кемиген,
Досторум көп ээрчите албас чалгынга.

Өлүм тура бүткөн жери күрөштүн,
Анан неге баш иймекмин эртелеп.
Турмуш менен тил табышпай тирештим,
Бул өмүрдү жашабадым эркелеп.



Күрөш барда жашоо чыгат көркүнө,
Улам жаңы барактары ачылып.
Көнө бербей тагдырыңдын эркине,
Ар бир бетке изиң калсын чачылып.

Чык күрөшкө! Тынч алдырба жүрөктү,
Күрөшчүлдүк канды турсун кайнатып.
Тагдырыңды, аруу максат, тилекти,
Кое көрбө көроокатка чайнатып.

## ЖЕҢИЛҮҮ

Жазмышы окшойт ээ, сыягы,
Жарылып күлүктүн туягы.
Көздөрү чачырап марага,
Жеңиштин келбеди кыябы.

Ээсинен башка адам минбеген,
Камчы уусу капталын тилбеген.
Карагер кайгылуу азынайт,
Жеңилүү ызасын билбеген.

Кайран ат чаңырып, чаңырып,
Талаа-түз үнүнөн жаңырып.
Ботодой боздогон чабандес,
Түгөнгүр, түтөтөт каңырык.

Бар эмей алмайдын бермейи,
Бул чындык күлүккө келди эми.
Намысы жара тээп жүрөгүн,
Жыгылды! Бычакка келбеди!

## КҮРӨШ ЖАЗДА КАЙРА БАШТАЛАТ

Кышта келгем, ана, сыртта күз,
Каркыралар көчү каректе.
Кала берген окшоп журтта биз,
Карбаластап түшөм алекке.

Шамал салып бакка дүрбөлөң,
Сампарланып жаайт жалбырак.
Иштер болуп түшкө кирбеген,
Тагдырыма турдум жалдырап.

Кеч эмеспи? Барбы убакыт?
Калган өмүр кантип үлгүрөт?
Же өзүмдү өзүм жубатып,
Жүрө берсем бекен үргүлөп.

Айтсам деле өтөт бир күнүм,
Утуп кээде кайра утулуп.
Бирок, түшкөн жоктур түндүгүм,
Кеткен жоктур шамал учуруп.

Кыргый кайтып, ана, куш келип,
Кыш кылтыйып тоодон баш багат.
Чыдайлычы жаным, тиштенип,
Күрөш жазда кайра башталат.

## ШААР КӨЧӨСҮ

Желкелеп турмуш мени «жеңилгин» деп,
Көчөдөн качып келдим көңүл кирдеп.
Курсагың тойгон жердин кулу болуп,
Максатпы макулуктай өмүр сүрмөк.

Достордун көрдүм аман-эсендигин,
Жумушум бүтпөсө да кетем бүгүн.
Улуттун ар намысын айта көрбө,
Уятты уруп койбойт көчөң бүгүн.

Каректе кайгы жашы тегеренип,
Тагдырлар жатат жолдо тебеленип.
Калдыкпы Жаратkандын каргышына,
Кыргызды кырк урууга бөлө берип.



Шаар – бул акыр-чикир салган челек,
Баары бар намыс менен ардан бөлөк.
Мас дүйнө, маскарапоз жигиттерин,
Элимдин эртеңи деш жалган демек.

## ЖУГУНДУ

Кашайгыр ай, кайдан билдим сырыңды,
Кайдан билдим жалганыңды, чыныңды.
Басып кеттиң баатырдык иш кылгансып,
Жүрөгүмө чачып ийип жугунду.

Өмүр бизге бир гана ирет берилип,
Аркы кырдан аяк жагы көрүнүп.
Калган кезде кылар ишиң ушулбу?
Бекер ичкен жугундуга семирип.

Тириликке аралашып жашыңан,
Өйдө-төмөн өттү десем башыңан.
Жаңылыпмын, сенден мурда көз жумсам,
Жок дегенде бир тоюп ал ашыман.

* * *

Өзүм болуп өзүмө таянарым,
Кара жанды карч уруп аябадым.
Ийри-буйру жолдордон илкип-калкып,
Издеп келем бакыттын саябанын.

Тапканыман жоготуу арбын болуп,
Коюптурмун өмүрдүн жармын соруп.
Кытыгылуу кыялкеч жаштык кайда?
Кайсы кырдын жонуна калдым конуп.

## КЕЧЭЭ КҮНҮ ЧЫНДЫК ЫЙЛАП ЖАТКАНДА

Жумурткадан кыр тапканга ашыгып,
Бүткөн ишке сынтакканга машыгып.
Тагдыр бизди таразалап көрөрдө,
Аялдардын этегине жашынып.
Саймедиреп саясаттан сайрайбыз,
Бир чоң тоюп алган жерге баш уруп.

Баштагыдай эле биздин түрүбүз,
Балакеттей барк-барк чыгат үнүбүз.
Кечээ күнү чындык ыйлап жатканда,
Катыгүн ай, биз каякта жүрүбүз?
Кылыч болуп суурулганды мындай кой,
Колтугунан жөлөдүкпү барибиз?

* * *

Ат тизгинин буруу кыйынбы?
Кайрылып өт көрүп сыйымды.
Ансыз деле билбейм, бул өмүр,
Закымбы же учкан куюнбу?

Пейлиң кандай? Оюң тазабы?
Кепке канып, черди жазалы.
Унутулуп калсын бир азга,
Бул турмуштун түйшүк-азабы.

## КАНДАЙ НЕМЕ БОЛГОНСУҢ?

Турмуш салып моюнуңа укурук,
Турган кезиң окшойт бүгүн утулуп.
Санаасы жок кандай неме болгонсуң?
Сагыз чайнап, сарымсактын жыты уруп.

Жашоо үчүн жанталашып күрөшүп,
Көңүл бөксө, көздөрүңдүн нуру өчүп.



Буйткасы көп бул турмуштан өзүңө,
Атаганат, ачалбапсың бир эшик.

Көпшөк дене көлкүп көйнөк ичинде,
Толуп-ташып, окшойсуң ээ күчүңдө.
Сыр алдырбай турган менен сыртыңдан,
От жагылып жаткан чыгар ичиңде.

## БАРСЫНБАЧЫ

Барсынбачы, тапсаң таптың өзүңө,
Мени кошо багып жаткан жоксуң да.
Жүдөгөн журт көрүнбөйбү көзүңө,
Карт кекирип, канткен менен токсуң да.

Байлык топто, ал өзүңдүн ишиңдир,
Жоксунтканың өтүп бара жатпайбы.
Кокус кылган жакшылыгың үчүн бир,
Мактанбасаң курсагыңа батпайбы?

## СӨЗ КЕЗЕГИ КЕЛГЕНДЕ

Сөз кезеги келип калды, угуп тур,
Тас төбөдөн кудай сени уруптур.
Көз бозортуп, көкүрөктү көр кылган,
Бир балакет оору сага жугуптур.

Зыңгырайсың зымды жутуп алгандай,
Сен айтпаган сөздүн баары жалгандай.
Кейкейгенден кейкейесин, капырай,
Киши атпайдан жалгыз өзүң калгандай.

## ОЛОКОСУЗ

Алы келбей калса деле ырп этим,
Айда өткөрүп, жылда өткөрүп үлпөтүн.
Кыргыз жүрөт кыргыздардан кызганып,
Артып калган бир сугунуп сулп этин.

Кылган иши туурабы же чекиби,
Тытып ала турган окшоп бетиңи.
Олокосуз оюн топко тартуулайт,
Ордо жактын оолжуган өкүлү.

## АЙТЫЛБАГАН АЧУУ СӨЗ

Шашпасаңчы, сабыр кылып олтурчу,
Кантип эле ортодо сөз түгөнсүн.
Куй шараптан, идиштерге толтурчу,
Бүгүнкүнүн баркын эртең билерсиң.

Алаксытпайм, убакыт бөл бир азга,
Сенсиз деле ушунча жыл жашагам.
Болот чыгар ал-акыбал сурашка,
Жүргөн чакта бут кыбырап, баш аман.

Чогуу олтуруп чай ичишүү кыйынбы?
Бир топ эле сууп кетти арабыз.
Бүгүн шашпай көрүп кетчи сыйымды,
Эртең кайра кездеше албай калабыз.

Бу жалганда бүтпөйт тура тирилик,
Эс алалы, кобурашып өткөндү.
Же чын эле менден такыр түңүлүп,
Көкүрөктө ишеничиң өчкөнбү?

Жан дүйнөнүн жардыланып азыгы,
Рухубуз турган кезде жабыркап.



Барбы, жокпу? Кимдин канча жазыгы,
Ажырата албай жүрөм таңыркап.

Бийик сөздү уккуң келбейт, билемин,
Олтурасың көңүлүмдү кыя албай.
Бардыр сенин баккан асыл тилегиң,
Эмне керек? Айта берчи уялбай.

Дүнүйөбү? Күндөп-түндөп жыйганың,
Элдикинен ашса ашар, кем эмес.
Эмне мынча өзүңдү өзүң кыйнадың?
Бул дүйнөгө устун болор сен эмес.

Мен билгенден эч ким менен ишиң жок,
Убарасың, үч кес дубал оронуп.
Жалгыздыкта жапа болор кишиң жок,
Дүнүйөң бар, пейлиң бирок, тонолуп.

Неге мынча насиби тар жаралдың?
Ойлогон ой, тилегиңе жеттиңби?
Же чын эле сен айткандай замандын,
Ырыскысын мен «келесоо» тептимби?

Өтөт өмүр, кедейи бар, байы бар,
Өтүү кыйын эл деп күйүп, ак жашап.
Ата Журттун жарааты да айыгар,
Жан дүйнөнүн тазалыгын сактасак.

«Бейчеки эле догурунуп болбоско,
Көралбастык кылып жатат» дебегин.
Жарабасаң бүгүн элди колдошко,
Эртең анда ташка тийсин керегиң.

...Ушул ойлор менде жүргөн жутулуп,
Канча жолу кайттым сага айталбай.
Эми минтип убакытка уттуруп,
Өмүр өтүп кетпедиби байкалбай.

## КАЙЫШЫП ТУРАТ КАБЫРГАМ

Капылет тайып сабырдан бүгүн,
Кайышып турат кабыргам бүгүн.
Канчабыз укпай кайдыгер жүрбүз,
Замандын боздоп чаңырган үнүн.

Дөшүгө балка урулбай калды,
Отон-жай неге курулбай калды.
Ычкырдан ылдый ыр-жомок болуп,
Ыйманга көңүл бурулбай калды.

Устунга балта чабылбай калды,
Улуу от тоодо жагылбай калды.
Уютку болор уландар көчкө,
Учкашып кетип табылбай калды.

Алтынды кумдан чайкадың беле?
Баркыңды сынап байкадың беле?
Калкыңа караан-бел болуу үчүн,
Сапарга чыгып, кайтамын дебе.

Күмүштү кумдан иргедиң беле?
Көңүлүм чөгүп, кирдедим неге?
Күлүстөн эрлер күйдүм чок болуп,
Күйүттө жүрсө билбедиң неге?

Күлүктүн жонун жоорутту кимдер?
Булактын көзүн соолутту кимдер?
Эшиктен кирип төрүңдү бийлеп,
Ата Журт сени оорутту кимдер?

Аргымак жону тешилди бүгүн,
Сыр аяк сыры жешилди бүгүн.
Журтуңа жугум боло албай жүрүп,
Үргүлөй бербе төшүңдү бүгүн.

Каруу-күч кетсе белиндин шору,
Кадырды билбес келиндин шору.



Калкына айтар чындыктан качкан,
Кадырсыз бийлик элимдин шору.

Бөксөргөн идиш толбоочу беле?
Күн көзүн көргөн тоңбоочу эле.
Журтуна баш-көз боломун деген,
Өз элин өзү кордоочу беле?

## АТАНЫН СӨЗҮ

Угулбаса угулбасын атагың,
Уят кылба. «Уулу, – десин, – атанын».
Жардам берер каруу-күчтөн ажырап,
Жаш өйдөлөп, карып бара жатамын.

Карыясы болуп чакан айлымын,
Кадырымдан башка барбы байлыгым.
Ошол байлык бааланбаса балама,
Мага жоктур андан ашкан кайгы-муң.

Чоң акылдын кереги жок бузарга,
Кыска жип да жарайт бутту тушарга.
Осол сөздү ойноп айтып коём деп,
Өмүр бою топ ичинде кызарба.

Сөз баркын бил алтын башың аманда,
Сынат белиң сырың айтсаң жаманга.
Кысталышта кара кылды как жарып,
Калыс болуу чоң касиет адамга.

Тагдыр окшош сызгырылган сызыкка,
Көтөрө бил, бөөдө канды кызытпа.
Эркиндиктен ажырагың келбесе,
Дүнүйөнүн ашыгына кызыкпа.

Акыл калча, турмуш өзү үйрөтөр,
Эң биринчи дарак сайып, үй көтөр.
Арак ичпе ата сөзүн сыйласаң,
Сыйлашууга башка деле сый жетер.

## ЭРКИНМИН ДЕП

Түндүгүндөн түрүлгөн түтүн болсо,
Курсагың ток, кийимиң бүтүн болсо.
Эркинмин деп эсиркеп жүрөсүңбү?
Коюң, уюң, эшегиң, итиң болсо.

Бозо үзүлбөй куюлуп керденинңе,
Арак болсо эрте-кеч эрмегиңе.
Эркинмин деп эсиркеп жүрөсүңбү?
Катыныңды базарга бергениңе.

Көкүрөктүн карачы көрдөйлүгүн,
Калк кайгысын туйбасаң-көңдөйлүгүң.
Эркиндиктен айланып кетесиңби,
Эптеп-септеп жашай бер өлбөй бүгүн.

## АСИЯГА

Биз баш кошкон февралдын түнүнөн,
Жыйырма жети жылга быйыл алыспыз.
Сени билбейм, мен өзүмдөн түңүлөм,
Бир да күндү жашабаппыз карызсыз.

Жүрө бербей бул турмуштан утулуп,
Бардыр деймин биздин дагы көрөр күн.
Бардык, бардык карыздардан кутулуп,
Бирөөлөргө биз да карыз берер күн.

## ЭРКЕКТЕР

Жараткан эмес бизди жатып ич деп,
Жашоодон бермет издеп, жакут издеп.
Тытынып жашап келе жатпайбызбы,
Тырмактын агынчалык бакыт издеп.



Өмүрдү өкүнүчкө чылап коюп,
Үзүлсө үмүт жиби улап коюп.
Корсондоп кожоюнбуз аялдарга,
Бир тойгон курсактарды сылап коюп.

Жашоодо жаңылыштык кайталанып,
Убакыт уурулугун байкабадык.
Казандын капкагына имерилген,
Каяктан келди бизге сайпаналык.

Айткан кеп, убададан тайгаланып,
Мүдөөлөр кеткен экен майдаланып.
Аялдар алпурушат турмуш менен,
Эрлерин ычкырына байлап алып.

## КАЙЫРЧЫНЫН ЫРЫ

Жомогунан жолуккан байыркынын,
Бабалардын ырдоочу байыркы ырын.
Капилеттен кан базар ортосунда,
Угуп калдым оозунан кайырчынын.

Ажырашып аргасыз Мекен менен,
Алыскы бир өлкөнү мекендеген.
Азаматтын армандуу ыры болчу,
«Ата Журтка канткенде жетем» – деген.

Ыр төгүлөт, «Мекеним, Мекеним, – деп,
Мекениме канткенде жетемин, – деп.
Кандаштардын тагдырын эстегенде,
Күйүп, күйүп күл болуп кетемин, – деп.

Кара бүркүт канатын кайрыдыбы?
Темир үзөр текеөрүн айрыдыбы?
Куюн болуп куюлуп көктөн түшпөй,
Көздөрүнөн чачырайт кайгы-муңу.

Кыз-келинди кыйырдан жатка алдырып,
Кылыч калды суурулбай датка алдырып.
«Моголдордун жапайы арстандарын»
Көлөкөдөн койгонбу сактандырып.

Эркиндикпи күн көрүү күйүттөгү,
Ач көзүңдү элимдин жигиттери.
Канжыгага башыңды байлап бербей,
Бүркүт болуп шаңшып өт бийиктеги».

...Обонунан оргуштап кайрат-кубат,
Кайырчынын көздөрү жайнап турат.
Көмөкөйдүн артында көрөңгөлүү,
Айта албаган сөздөрү кайнап турат...

## ЧАРЧАНГАНДАГЫ ЫР

Кийин айтчы айта турган сөзүңдү,
Алыс жолдон келбедимби жаңы эле.
Жай баракат чай ичишчү кезимби,
Чындык издеп жүрбөймүнбү дагы эле.

Колдон учкан коңгуроолуу куш болуп,
Өткөн өмүр сиңип кетти кайдадыр.
Чындык үчүн бир серпилсем муш болуп,
Аз да болсо Ата Журтка пайдадыр.

Ырас, бар го ар кимдин өз чындыгы,
Зыяны элге тийбесе эле мейличи.
Колдон келген жакшылыгын кылдыбы,
«Бар береке тапкын анда» – дейличи.

Кеп анда эмес, кептин баары башкада,
Эзип салды ээрчимелүү саясат.
Жетпей жаткан күндө ичүүчү ашка да,
Кордой бербей кантет элди аясак.



Ушунча элдин тайкы эместир таалайы,
Аман-эсен аттаар кылым кыйырын.
Бүгүн минтип чөккөн менен маанайы,
Эртеңкинин издеп табар чыйырын.

Өзүбүздө каталык көп билгенге,
Кур намысты курал кылып келебиз.
Кара жанды араң багып жүргөндө,
Той үстүнө той түшүрө беребиз.

## КАЛКЫМ АЙ

Анчалык эмне болуп кетти деги,
Кайраным, хансынабы, бексинеби?
Кашайып кайыш тондон өтпөй калды,
Карайлап калың журттун өксүгөнү.

Куйкалап жүрөгүмдүн жараттарын,
Көкүрөк түтөп-күйүп, жанат жалын.
Калкым ай, кайда кетип баратасың?
Көтөрүп азыркынын манаптарын.

## КЕЧИРГИЛЕ

Акын болсоң азап тартып көр дейби,
Чеңгелинен чыгаргысы келбейби.
Жарты өмүрдү жакалашып өткөргөн,
Оору минтип эрмек кылды мендейди.

Желге кетип жер чапчыган жылдарым,
Эми минтип элүү деген кырдамын.
Көр ооккаттын курманына айланган,
Кечиргиле, жазылбаган ырларым.

## ЖҮРӨКТӨГҮ ОТ

Момундун бир аты бар «жаман» деген,
Момпоюп жумушума барам, келем.
Мокоткон көр оокаттын моюнчагын,
Мойнума илип койду заман деген.

Олжо деп каражанды багалганым,
Күкүктөп дайра болуп агалбадым.
Купуя күйгөн менен ошол отту,
Башканын жүрөгүнө жагалбадым.

## КАНТИП?

Жалын чачкан жаштар элек ой тунук,
Сезимге жат кошоматтык, жойпулук.
Бүгүн болсо тирүүлүккө кубана,
Олтурабыз бардыгына бой сунуп.

Мезгил өзү турса кезек келтирип,
Же бир ирет коё алсакчы серпилип.
Калпак кийип кантип басып жүрөбүз,
Сөз атасын кайра-кайра өлтүрүп.

## ТАБЫШМАК

Бүт өмүрдү көр оокатка багыштап,
Күн өткөрүп каражанды карыштап.
Карылыкка моюн сунар кезинде,
Дүнүйөнүн таттуулугу табышмак.

Шүгүр дегин, болбос ишке кейибе,
Байыс кылып, олтур чыгып төрүнө.
Абийиринди аттап жыйнап-тергенди,
Алып кетмек белең кошо көрүңө.



## МАХАБАТ КАЙРЫКТАРЫ

Күтпөйүнчү, жаным, сени эми,
Күйүп кетет окшойм, себеби.
Жүрөгүмө салып салмакты,
Же жүдөтө бергиң келеби?

Ийитпедиң, жаным, же мени,
Издешмекпиз анан неге эми.
Тагдырымды кылып оюнчук,
Тамашалай бергиң келеби?

* * *

Унутулуп өмүрдүн көктөмдөрү,
Узагыраак убакыт өткөнгөбү.
Көкүрөктөн өчүрбөй жүрөм десем,
Кирбей калдың түшүмө көптөн бери.

Купуя окуп сагыныч саптарыңды,
Сактап жүрүп саргайган каттарыңды.
Санаалардан арылып алайын деп,
Жакындале, жакында жакпадымбы.

Сүйүү беле? Сулуулуга суктануубу?
Уттумбу же билбедим, утпадымбы?
Жаштык кездин күбөсү – сүрөтүңдү,
Жакындале, жакында тытпадымбы.

## СЕН КЕЧИГИП...

Башта көрдү дейсиңби сүйүп-күйүп,
Өзүмчөле жол жүрө бербедимби.
Каяктадыр кармалып жүрүп-жүрүп,
Сен кечигип дүйнөмө келбедиңби.

Кадырлашып кеталар бекемин деп,
Кабатырмын же балким сүрдөймүнбү?
Жүрөгүңдүн төрүнө жетемин деп,
Күндө башка жол издеп жүрбөймүнбү.

Сүйүү эми кечикти, келбейт дегем,
Же тагдырдан башка жол ылгайсыңбы?
Бүгүн сага сүйүүмдү бербейт белем,
Кап, жанымда жок болуп турбайсыңбы,

* * *

Жыпарын чачып аңкыган,
Жалынбы денең, балкыган.
Эртелеп кирип келипсиң,
Ээрчитип күндү артыңан.

Чыгалбай турмуш шартынан,
Жашоонун адат-салтынан,
Ууртума таштап сагынчың,
Узадың күндүн артынан.

* * *

Билбедим, шоруманбы, багыманбы?
Сезимим сени каалап жаңылганбы?
Моминтип жыл жаңырып жаткан менен,
Ортодо мамилебиз жаңырбады.

Керемет сүйүү кайда? Жомоктобу?
Биз үчүн андай бакыт жок окшоду.
Тигинтип жыл тогошуп жаткан менен,
Кайрылып жолдорубуз тогошподу.

* * *

Жол карап эми мени күтпөгүн ээ,
Ишенгин күйүп-жанып бүткөнүмө.
Ыргытып ийгем эбак элесиңди,
Күздүн бир күндөрүнүн бүктөмүнө.

Эгерим чаң жугузсун ким өзүнө,
Күнөөнү артып мага жүрөсүң ээ.
Туз-насип буйруп калса, атаңгөрү,
Чыдамак эмес окшойм мүнөзүңө.



## КАЛП ЭЛЕ

Кечээги күндүн баркын бүгүн билип,
Үмүтүм эртеңкиге жүгүндүрүп.
Көңүлүм чөгүп жүргөн учурумда,
Калп эле койдуң окшойт сүйүндүрүп.

Турмуштан аларымды, береримди,
Аныктай албай жашап келеминби?
Көзүңө чөгөт чындык айтылбаган,
Көңүлүм оорубасын дегениңби?

Тең көрүп кубанчымды, азабымды,
Кайышпай кайнатышып казанымды.
Сырыңды жутуп коюп жүрөсүңбү?
Сындырып албайын деп назарымды.

Убакыт өткөн сайын улам жылып,
Турмушка ошончолук сыр алдырып.
Өкүнүп жашап келе жатканымда,
Калп эле жүрөсүңбү кубандырып?

* * *

Агалбайм агым менен,
Айттымбы? Жаным, келем!
Куттуктап койбоюнбу,
Биринчи карың менен.

Кыйылып «иш көп» дебе,
Тирилик бүтмөк беле.
Жыйналып алсынчы деп,
Убакыт күтмөк беле.

Алдыңа баратамын,
Кайтар деп таман акым.
Денемди куйкаласын,
Чок чачкан алаканың.

* * *

Уюп жааган жамгыр көңүл чөгөрүп,
Сени эстесем уюп ооруйт жүрөгүм.
Үмүт минип, сагынчымды өңөрүп,
Алдыңан бир өтсөмбү деп жүрөмүн.

Дарактардын сиркеси суу көтөрбөй,
Таранчылар кайда конуп олтурат?
Дүйнө мага, мен дүйнөгө бөтөндөй,
Чоочуркатып сага кетчү жол турат.

Шамал түрүп булуттардын этегин,
Көрүнөбү Эчкилинин соорусу?
Түндөн түгөл чыксам эртең кетемин,
Кыйнап койду махабаттын оорусу.

## БҮГҮН СЕНИН КЕЛЭЭР КҮНҮҢ

Учуп-күйүп делөөрүймүн,
Бүгүн сенин келээр күнүң.
Кучагына куланамын,
Кубанчымын демөөрүнүн.

Чачтарыңдын өрүмүндө,
Чатышканым көңүлүмдө.
Эзип, эзип, эзип ийген,
Эмне күч бар эрининде.

Алоолонуп тумсак дене,
Аппагын кой, жумшак неге?
Таң агарып кеткеничи,
Ачып көздү жумсак эле.

Бүгүн сени көрөөр күнүм,
Бир кайрылып келээр күнүң.
Бактым батпай кучагыма,
Ушунчалык делөөрүдүм.



## БУЛУТТАР

Булуттарым, таарынчак булуттарым,
Көз жашыңды көп эле курутпагын.
Мен жетпеген алыскы бир айылда,
Кыйбасым бар, күтөрүн унутпагын.

Ишендирип убада бекемине,
Сагынчымды ороп ал этегиңе.
Кечиктирбей айта көр саламымды,
Ээрчип кетпей шамалдын жетегине.

Билесиң ээ, билесиң булуттарым,
Кусалыктан сезимим буюкканын.
Сактап жүрөм жүрөккө жыйнап-терип,
Желимделген сүйүүнүн сыныктарын.

Булуттар ай, булуттар, булуттарым,
Кызык экен сенин да кылыктарың.
Мен жетпеген айылга бир кайрылып,
Себелеп кет тамчыңын тунуктарын.
...Саламымды унутпа, унутпагын,
Сагынчымды ала кет булуттарым...

## ШЫБАК

Кан ойнотуп жыты шыбактын,
Качанкыны кайрыйт эсиме.
Кетилгенде курчу туяктын,
Козгойт, билбейм, анын несине.

Шыбак жыты бизди мас кылып,
Эңсөөчүбүз ушул талааны.
Тагдыр сени кетип азгырып,
Алып калгам куру санааны.

Торгой күүсү көктө ойнолуп,
Бир дүргүтүп өттү канымды.
Шыбак барда сезим ойгонуп,
Өчүралбайт окшойм жалынды.

* * *

Күткөн жазым, ана, келиптир,
Табийгатка жашыл берип тур.
Кыштан аман чыгып кыйылбай,
Эң биринчи ачты өрүк гүл.
Ошол өрүк түбү – жыдымык,
Баштагыңдай эле келип жүр.

Төшүн тосуп күнгө, нур жутуп,
Жамгыр бүркүп, мөндүр ыргытып.
Табышмактуу тамашасы көп,
Жаз мүнөзү деги бир кызык.
Ушундай бир жазда өзүңдү,
Жүрөгүмө алгам киргизип.

## ОШЕНТЧИ, САДАГАСЫ

Мен олтурган турмуштун арабасы,
Эптеп жылып жатканда, садагасы,
Каптал жактан төгүлгөн шоола болуп,
Карегиңди кайталап кадабачы.

Биздин көчө тараптан өтпөй жүрчү,
Уулум чыкса алдыңан өппөй жүрчү.
Араң турган сезимге жалын түшүп,
Капылеттен өрттөнүп кетпейличи.

Элеңдетип эсимди чыгарбачы,
Эшигимдин алдынан суу албачы.
Өзгөрүүсүз жазыла бергени оң,
Өмүрүмдүн жөнөкөй чыгармасы.

## КУБАНАМ БҮГҮН ЖАМГЫРГА

Самамак муну ким эле,
Сабалап нөшөр тим эле.
Жолумду тоскон болуучу,
Жибербей сага, чын эле.



Ойлосом мандем бар мында,
Оюма тоскоол жамгыр да.
Тизгинди тартат табийгат,
Түзөтүү кийрип тагдырга.

Калп айтпайм, аны билесиң,
Күнөөлүү болгом бир өзүм.
Бир сотке жааган жамгырдан,
Башкага бүгүн бүлөсүң.

Ачыгын айтсам ар кылба,
Айла жок тура тагдырга.
Куткарып калган сендейден,
Кубанам бүгүн жамгырга.

## БУЛ ЭМНЕСИ?

Улам бошоп сезимдердин чыйрамы,
Солгун тартып ортодогу сый дагы.
Табы кетип бара жаткан махабат,
Экөөбүздү бирдей эле кыйнады.

Көңүл улап көрүшүүгө келебиз,
Мурдагыдай күйүп-жанбайт денебиз.
Билбейм жаным, дагы канча убакка,
Өзүбүздү алдап жүрө беребиз.

Бул эмнеси? Көнүмүш бир адатпы?
Айрый албас артка ачылган баракты.
Ортобузга уюп дүлөй жымжырттык,
Сайып мээни саат дагы жадатты.

Бул турмуштун өйдө-ылдыйын тоготпой,
Субалама суук сөзду жолотпой.
Жүргөнүмдө дүрбөткөнсүң дүйнөмдү,
Чакырылбай кирип келген коноктой.

Тартуу кылган таттуу-таттуу ирмемди,
Унутпаспыз ошол оттуу күндөрдү.
Ошентсе да ортодогу чарчоонун,
Айыпкери экөөбүзбү, бир менби?

Салкын болуп калган менен ортобуз,
Экөөбүз тең «кош» дегенден коркобуз.
Алоолонгон өрткө айлантар жүрөктү,
Бир кайрылып келсе кайран он тогуз.

## САГЫНЫЧ

Мунарыктын ары жагынан,
Муз уюган тоонун жанынан.
Агып чыккан аруу махабат,
Азап тартам сенин айынан.

Булуттардын толкунундагы,
Керме тоонун колтугундабы?
Бир айылдан сени келет деп,
Кыялымда күтүп олтурум дагы.

Пейли кенен, шайыр, салты бек,
Ал айылга өтчү ай түнөп.
Жигиттери билип сөз кунун,
А кыздары болчу Айчүрөк.

Жылдыз чачып көктүн кылаасы,
Зоосунда бар күндүн уясы.
Булут минип келип перилер,
Суугa түшөт мында кыясы.

Ушул айыл сенин Мекениң,
Турмуш базар, а мен жекемин.
Караанынды таппай карайлап,
Боздоп, боздоп, боздоп кетемин.



## КИРДЕТИП АЛБАДЫКПЫ СЕЗИМДЕРДИ

Буттүбү? Анда келе, колуңду бер,
Биз эми кездешпейли жол үстүндө.
Мага да турмуштан бир орун тийер,
Сурашса «өзүм андан кол үздүм» де.

Мамиле баштагыдай болмок кайда,
Сыдырым жүрүп кетти ортобузга.
Кечээги күнгө бизге жол жок кайра,
Ал эми эртеңкиден коркобуз да.

Күнөөнү артпайм сага, өзүмдөдүр,
Жукалык кылып койгон окшодумбу?
Каталык кетип сенден кезинде бир,
Унутпай улам кайра козгодумбу?

Пендебиз, кызганычтын кыйырында,
Чыгарып коюп эстен кечиргенди.
Турмуштун таман батпас чыйырында,
Кирдетип албадыкпы сезимдерди.

## АСТАНАМ

Чындаппы же билбейм ойноппу,
Же сен үчүн башка жол жокпу?
Астанамды аттап ал түнү,
Кетпей эле койсоң болмокпу?

Күндөр өтүп улам, ай жылып,
Жаз да келди, ана, кайрылып.
Астанамдын ары жагынан,
Биздин жолдор кеткен айрылып.

Өттү-кетти баары, кеч эми,
Кайрылмакпы сезим кечээги.
Бир асылкеч чыгып алдыман,
Майрам кылган эбак көчөмү.

## САРЫ КАР

Сары кар жаады түндө тушамыктан,
Илеби жүрөт жаздын ырларымда.
Куткарып алсаң боло кусалыктан,
Чыгалбай жатам анын зынданында.

Жол карап, наристедей улутунуп,
Олтурам санаалардан арылалбай,
Же менин бар экеним унутулуп,
Элесим ээридиби сары кардай?

## БИР СЕЗИМ БАР КЕРЕМЕТ

Акыркы ирет тарс жабылып бул эшик,
Чыгып кеткем иңир менен илешип.
Жылдар өттү. Бирок бейбаш ойлорум,
Жүрөт дале ушул үйгө түнөшүп.

Өттү жылдар, өмүр барат өр таяп,
Жаңылдымбы алтын баштан бөрк аяп.
Эрөөл талаа. Күлүк бели майышып,
Тайгаланат такасы жок төрт аяк.

Акыл-эстин аруулугун тебелеп,
Бечел мээден бечел ойлор төрөлөт.
Баркына жет, жеталбасаң жерге кир,
Сүйүү деген бир сезим бар керемет.

Колтугуңан өсүп чыгып кош канат,
Бир керемет жүрөгүңө баш багат.
Сүйүү бүтүп, сезим өчкөн жеринен,
Көрбай-шорбай көр тирилик башталат.



## КОШТОШОРДО

Эмне болуп бара жатам ушу мен,
Кирип алып кетчү эмессиң түшүмөн.
Үлпүлдөтүп багып жүргөн сезимим,
Дирт-дирт этет балапандай үшүгөн.

Биз сезимге күкүрт чагып жөн эле,
Үргүлөйбү өчүп-күйүп делебе.
Чартылдаган чагылганың каякта,
Зырп эттирчү колум тийсе денеңе.

Сагынычтар сапырылып кайнабай,
Мурдагыдай кездешүү жок байма-бай.
Эми барсам эшигиңди ачпачы,
Чайналып да, мени кошо чайнабай.

## КЫШКЫ ТАҢДА

Сагыныч агып жүрөктөн,
Сампарлап жаайт аппак кар.
Сарсанаа кылып жүдөткөн,
Сүйүүнү эптеп сактап кал.

Чаржайыт ойлор жетелеп,
Чачылып турам бүгүн мен.
Чыйрыккан сезим өчөлек,
Чын сырың уккан күнүмдөн.

Күкүктүн үнү угулчу,
Күндөргө сүйүү жетпеди.
Күлкүгө тайып жыгылчу,
Күнөөсүз күндөр өттү эми.

Коштошпой узап баратып,
Кылчайдың, колуң булгалап,
Кыштакка эбак таң атып,
Катуулап кирди бурганак.

## КЕЗДЕШҮҮ

Бүшүркөбө, калдың окшойт таанубай,
Мени деле өзгөрткөндүр убакыт.
Бул жашоодо барга-жокко наалыбай,
Эл катары жүрөм түтүн булатып.

Түшкөн жокмун дүнүйөнүн артынан,
Издебедим душманыма жамандык.
Айыгалбай жүрөм эски дартыман,
Тилегеним эле болуп амандык.

Калкым үчүн казык болуп кагылып,
Керегине жарап бере албадым.
Катаал тагдыр капшабына кабылып,
Ырга айланып агып жатат арманым.

Бубак жапкан буурул чачым суюлуп,
Тааный албай жатасыңбы чын эле.
Жаштык кайра кан тамырга куюлуп,
Өзгөрүлбөй туруп калмак ким эле.

Жаштыктын бир жолдорунан жолугуп,
Тартуу кылдың кереметтүү кечтерди.
Сапарымда кагылып да согулуп,
Сүйүү мага кийинчерээк кеч келди.

Кеч келсе да жүрөктө кан ойнотуп,
Жан дүйнөмө салып жүрөт дүрбөлөң.
Үргүлөгөн сезимдерди ойготуп,
Достоштуруп койду мени ыр менен.

## КАНДАЙ ТАГДЫР ТУШ КЕЛДИ

Күмүш беле, седеп беле топчусу,
Күйүп турчу кызыл кыжым чыптамаң.
Бир көчөнүн эрке мүнөз, шок кызы,
Элесиңе азыр деле суктанам.



Тал-тал чачың белден ылдый төгүлүп,
Татынакай, ботонокой кыз элең.
Тарак салып, таш күзгүгө көрүнүп,
Канча балдар боюн эрте түзөгөн.

Бизди койчу, кыздар ээрчип артыңан,
Курбулукка талапкери көп эле.
Көздөрүңдө мээрим толуп балкыган,
Ушунчалык төгөрөгү төп эле.

Жылдар өттү. Бизди чилдей таратып,
Туш тарапка турмуш кетти жетелеп.
Жол үстүндө тагдырына талатып,
А канчабыз максатына жетелек.

Сынсаң сынып, ийилбеген неме элең,
Кандай тагдыр туш келдикен өзүңө?
Жалын өчүп, жаштык кетип денеңен,
Жүдөө болсоң урунбачы көзүмө.

## ТАПЧЫ, БИР АЙЛА

Сабыр кылчы, жаным, муңайба,
Кездешели, тапчы бир айла.
Бул жашоодо сенин барыңа,
Миң ыраазы болом Кудайга.

Саат жылып күнгө, күн айга,
Жолугалбай кетти, чын, айла.
Тагдырыңды сайып койсоң да,
Тапсаң боло, жаным, бир айла.

## БЕЛГИСИЗ КАТТАР

«Белгисиз каттар келет, – дейсиң, – күндө,
Жазылбайт аягына аты-жөнү.
Жообумду беремимди билбейм кимге,
Кабатыр кыла берет каты мени».

Күүгүмдө барам, жаппа дарбазанды,
Болсунчу сен жөнүндө эмики кеп.
«Моюнга алсам бекен? Албасамбы?
Жашыруун жазган каттар меники», – деп.

## КҮТСӨҢ БОЛМОК

Ашыкпай күтсөң болмок эле мени,
Адашып, издеп сени келем эми.
Кадырын билалбасаң махабаттын,
Кайсыга козгоп койдуң делебеми?

Күн күбө, ай арачы төбөмдөгү,
Жолугуп жүрдүк, балким, жөн элеби?
Сүйүүгө дербиш болуп тентибеспиз,
Кан муздап калбадыбы денедеги.

Сен менен турмуш бүтмөк беле деги,
Махабат мусапыры мен элеби?
Кайыр кош. Кайрылуу жок артка карай,
Хандын да төп болбостур төгөрөгү.

## БУЛУТКА ЧАЙЫЙТ АЙ ЖҮЗҮН

Теректин учун тебелеп,
Ай жүзүн чайыйт булутка.
Өткөрдүк түндү керемет,
Эстей жүр, жаным, унутпа.

Уйку-соо айыл үргүлөп,
Басылбайт иттер абалап.
Кайрылам качан, ким билет?
Ушул түн сага аманат.

Күбөбүз эски керебет,
Шыбырайт кубаныч-кайгысын.
Теректин учун тебелеп,
Булутка чайыйт ай жүзүн.



## ӨМҮР ӨТҮП ЖАТПАЙБЫ

Байкабайбы, атайылап элеби,
Көрбөгөндөй такыр мендей немени.
Өтүп кеттиң. Барсам кантет артыңан?
Барбасамбы? Кандай кылам мен эми?

Кыз кыялы кызык экен табышмак,
Мен сүйүүгө болом десем калыс, так.
Айчүрөктөй аккуу болуп келет да,
Жаңыл кыздай жаа узатат алыстап.

Жасагансып жашыруун бир уурулук,
Ичтен кайнап, ичтен күйүп, буулугуп.
Сага деген сагынычым ыр болуп,
Оргуп жатат жүрөгүмдөн суурулуп.

Күндөр – күмүш, айлар – алтын, чачпайлы,
Сыр чечишип, кел чындыктан качпайлы.
Сароорудай саландатпай сүйүүмдү,
Ачыгын айт. Өмүр өтүп жатпайбы.

## ЖАЛБЫРТТАП КЕТИП БАРАТАТ

Каакымдай болуп үлбүрөп,
Карачы, сонун Гүл жүрөт.
Канаты сынган заманда,
Кадырын анын ким билет?

Өзгөнү бойго теңебей,
Өрттөнүп кетсе кенебей.
Каяктан чыга калды эле,
Кайыптан бүткөн немедей.

Көчөгө шаттык жаратат,
Кылчайтып арттан каратат.
Жаштыктын кайнап угуту,
Жалбырттап кетип баратат.

## ӨЗҮМЧҮЛДҮК

Келсе деле күндө үч ирет каттагым,
Кездешүүгө, бирок, шылтоо таппадым.
Конок болуп сеникине бараткан,
Бирөөлөрдүн көтөрсөмбү чачпагын?

Махабатым – менин бүтпөс дастаным,
Сага арналат күндөп-түндөп жазганым.
Түгөнбөгөн лирикага айланды,
Башканы кой, көчөдөле басканың.

Убакыт аз, өмүр деген каш кагым,
Жүрөк чогу өчөлекпи, шаш жаным!
Сүйбөсөң да сезимимди сыйласаң,
Колтугунан көрбөйүнчү башканын.

## СЫЙЛАП ЖҮРГӨН КЕЗЕГИМ

Терезеңден ары өтөмүн, бери өтөм,
Эрмек болуп ээрчийт мени көлөкөм.
Түн күзөтүп, айыл ичин аралап,
Басып жүргөн жалгыз эле мен экем.

Таппай сага жолугуунун эч эбин,
Мындай түндүн баштан кечтим нечениn.
Чыйыр түшүп терезеңдин түбүнө,
Таанып калды иттери да көчөңүн.

Чечкиндүүлүк келбейт окшойт колуман,
Качан? Кантип? Кайсы жерден жолугам?
Көз чымырап, мүдүрүлүп, чалынып,
Апкаарыймын капыс чыксаң жолуман.

Сага жетпей өрттөнсө да өзөгүм,
Мен өзүмдү күйөө бала сеземин.
Сен жашаган көчөдөгү эл түгүл,
Мышыгын да сыйлап жүргөн кезегим.



## БАЙЛАНЫП КАЛДЫМ

Жалбырак жаап тушумда,
Сары күз өтөт жанымдан.
Күрөш бар үйдүн тышында,
Ичинде жалгыз жабыгам.

Мунарык уюп этекте,
Муңайым тартат талаа-түз.
Жолукпай сендей секетке,
Жашайын кантип санаасыз.

Өйдө-ылдый тагдыр чайпалып,
Байырлай коюп элетке.
Багыңды күндө кайтарып,
Байланып калдым терекке.

* * *

Көздөрүңчү, көздөрүң ай жайнаган,
Күтүүсүздөн кирпигине байлаган.
Жаштыктын бир бүктөмүнө жоготтум,
Жолдорубуз кесилишпей кайрадан.

Адам конок дешет ушул жалганда,
Жаштык өзү жакшы түштөй арман да.
Болуп-толуп турганыңда көрбөсөм,
Көрбөйүнчү кемпир болуп калганда.

## ЖАНЫМА ӨТҮП ТУРУ

Батчудай өмүр – күнүм,
Кудайга жетип үнүм.
Кыйналып жатканымда,
Жанымда жоксуң бүгүн.

Келсе деп бирөө-жарым,
Денем от менен жалын.

Түпкүчтөй түйүлгөндө,
Жанымда жоксуң жаным.

Каректен элесинди,
Качыра бересиңби?
Каңырык түтөп турат,
Кайрылып келесиңби?

Сезимдин өчүп нуру,
Сүйүүнүн кетип куну.
Жандалбас ушул жашоо,
Жаныма өтүп туру...

## СУЛУУ ДЕЛЕ БОЛБОСОҢ ДА

Суйкайган сулуу деле болбосоң да,
Сугумду артып келе жатпаймынбы.
Сунулган колду түртүп койбосоң да,
Сага мен билбейм, жагам, жакпаймынбы?

Эркелеп кучагыма кирген менен,
Эзели «сүйөмүн» деп айталбадың.
Ээрибес болсоң бирге жүргөн менен,
Эртелеп неге мизим кайтарбадың?

* * *

Кайчылаш жолдор көп эле,
Кездешпей коюу мүмкүнбү?
Көтөрбөйм дечи төбөмө,
Сагындым, бирок, күлкүңдү.

* * *

Ашыктык деген кеселби?
Айыктыр жаным, десемби?
Ажарлуу жандын баары эле,
Окшошпу сага, же сенби?



## БАШКА ЭМНЕ ДЕМЕКМИН

Эмне дейин? Эми эмне демекмин?
Ырас эле сени унута элекмин.
Жан дүйнөмү жайып коюп олтурсам,
Жары болуп кетпедиңби бөлөктүн.

Кадимки эле кара кызы элеттин,
Кан какшатып кетет мени дебепмин.
Кирдүү колго ыраа көрбөй жүргөндө,
Кирин жууп кетпедиңби бөлөктүн.

Ошентип мен закым кууп, жел өптүм,
Унутулдум, азыр сага бөлөкмүн.
Кете бердиң кейибей да кемибей,
Бактылуу бол! Башка эмне демекмин.

## КӨКҮРӨГҮМДӨ

Үшүп келип чечинеримде,
Үйлөп шамды өчүрөрүмдө.
Үмүтүмдүн дагы бир жиби,
Үзүлдү окшойт көкүрөгүмдө.

Кыйбай сени чечилеримде,
Кылыгыңды кечиреримде.
Капылеттен келген ызалык,
Кайнап чыкты көкүрөгүмдө.

«Кетсеңчи» – деп өтүнгөнүмдө,
Кейибедиң, өкүнбөдүң же.
«Кетем» деген чечим жүргөнбү,
Качан эле көкүрөгүңдө.

Мейли кечир, кечирбегин же,
Мезгил өтсө өкүнөрмүн же.
Мококтугум тушап эркимди,
Мыжып турду көкүрөгүмдө.

## ӨМҮР КАЗАЛЫ

*(50 түрмөк)*

Кайда бүгүн жалын чачкан жаш чагым?
Населимде өттү мезгил каш кагым.
Бүгүнкүмдүн кадырына жете албай,
Эдиреңдеп эртеңкиме шашкамын.
Кылар иштин баш-аягын таба албай,
Эми минтип элүү деген жаштамын.

Өмүрүмдүн кечээги эле көктөмү,
Билинсечи күзгө айланып кеткени.
Канча үмүтүм орто жолдо ташыркап,
Канча максат мүдөөсүнө жетпеди.
Эки келбес тирүүлүктүн мен үчүн,
Калды билбейм дагы канча өкчөмү.

Кээ күндөрдү мезгил колдон талашып,
Кээ күндөрүм калды жолдо адашып.
Айрым күндөр көңүлүмдү кирдетсе,
Айрымдары кетти менден жадашып.
Мына ошентип, ачып көздү жумгуча,
Карылыкка калыптырмын жанашып.

Бул жашоонун көз ирмемдик тездигин,
Учурунда убайымдап сезди ким?
Кызык күндүн кылыктарын эскерип,
«Аттигин» деп бармак тиштээр кез бүгүн.
«Эмне кылуу керек эле?» деп жүрүп,
Өтүп кеткен экен менин мезгилим.

Чынында эле сереп салсам артыма,
Көңүл тоёр иш жасабай калкыма.
Көр оокаттын жетегинен чыгалбай,
Көнүп жашай бериптирмин шартына.
Бир болбогон иштер менен алаксып,
Тирүүлүктүн жете албапмын баркына.



Кылым бүтүп, өзгөрсө да заманы,
Тоолор деле, талаа деле баягы.
Бирок, тиги кырда бөгүп жаткандыр,
Мен бараткан ушул жолдун аягы.
Жаштыгыма бир кайрылып барсам ээ,
Колго тийип сыйкырчынын таягы.

Өмүр ширин, ага кумар канмакпы,
«Жылт» деп өтөт карагыча жан жакты.
Мүлдө журттун машаягы болсо да,
Бул дүйнөгө устун болуп калмакпы.
Элдин жүгүн көтөргөндү мындай кой,
Жашаган көп элге салып салмакты.

«Эмне болмок? Батса чыгар күн» деппиз,
Бир керемет кездин баркын билбеппиз.
Балдай таттуу балалыкты мындай кой,
Жыйырма жашты деле көзгө илбеппиз.
Эми минтип кечээ өткөн кырк жашка,
Сыздап-боздоп жатпаймынбы үн-кепсиз.

«Жетсек экен максатка, – деп, – батырак»,
Дуулдаган күндөр өттү шатырап.
Ысып-күйүп кан ойногон денелер,
Каректерден сүйүү оту чачырап.
Качанкы бир унутулган учурлар,
Кол булгалап азыр деле чакырат.

Бекем элек достук менен сүйүүгө,
Даяр элек жанды кыйып ийүүгө.
Бул сапатты турмуш өзү сезимден,
Байкатпастан акырындап чийүүдө.
Кайдыгерлик канга сиңип кеткенби,
Солгун согуп, жүрөк түтөп күйүүдө.

Үч уктасак түшкө кирбей өзгөрүш,
Жашай бердик төп келишпей сөзгө иш.
Төбөбүзгө камчы ойносо каткырып,
Тилибизди бууса болдук сезбемиш.

Камырабай жүрбөдүкпү үргүлөп,
Эл ойгонуп, толкуп жаткан кезде биз.

Чоң турмушка аттансам да эрте эле,
Чоң иш жасап бералбадым өлкөмө.
Өзөгүмдү өрттөп жаткан чындыкты,
Айтуу үчүн эки көзүм төрт эле.
Бирок, улам жеңилүүгө учурап,
Кол куушурдум, билбейм, канча мертебе.

Ырас эле, чындык ачуу, мереспи?
Колго конбос закым сымал элеспи?
Бар окшойбу ар кимдин өз чындыгы,
Акыйкаттык бирөө эле эмеспи?
Чындык кайда? Суроолордун ичинен,
Бүтпөс мындай суроо, балким, эң эски.

Кагуу жегин, мейли тил ук, бозоргун,
Бул турмушта болуу керек өз ордуң.
Мылжыйган бир мококтуктан арылып,
Ээрчимелик сезимдерден бошонгун.
Кайсы күнү тик карасаң Чындыкты,
Өзүң үчүн майрам болот ошол күн.

Эгер баруу керек болсо акыры,
Эсеп эмес жолдун алыс-жакыны.
Жакшы жолдош олжо тура сапарда,
Кокустукта коштоп алар атыңы.
Казаныңа оңой келген оокаттын,
Ошончолук супсак болор татымы.

Элде кеп бар: «аял жакшы – эр жакшы»,
Күлүк чапсаң эңкейиштен өр жакшы.
Келин-уулдан талаштырбай коломто,
Карыганда карыяга төр жакшы.
Хандай жашап, кулдай кылган тирилик,
Калыстыктан тайбас калбаат эл жакшы.

Ушул насаат улуулардан улама,
Тирүүлүктүн өзү бүтпөс убара.



Чоочун элдин куш жаздыктуу төрүнөн,
Тууган жерден тийсе болду улага.
Эң жакшысы, колдон келбес иш үчүн,
Эл алдында бере көрбө убада.

Күнгө илешип өтө берет жаш деген,
Бир табакташ болуп кээде кас менен.
Койнундагы котур ташын сууруса,
Сыр алдырбай сыйлап койгун аш менен.
Кекчилдиктен хандар тайып тагынан,
Кош айтышкан бөөдө алтын баш менен.

Билбейсиң да эмне күтөт артында,
Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба.
Жигитсиңби, сөз атасын өлтүрбөй,
Кези келсе айтар кептен тартынба.
Кыйчалышта калыстыктан тайбасаң,
Ошол сенин кадырың да, баркың да.

Колдун кири деген менен дүнүйө,
Ким карабай коймок эле үйүнө.
Байлык деген кумары күч азгырык,
Эч ким анын жеткен эмес түбүнө.
Пейлиң кенен, аштуу болуп казаның,
Конок төрдөн үзүлбөсүн күнүгө.

Өткөн күнгө доомат артып даттаныш,
Кесирликтир, бирок кайда баскан из?
Элим эртең эстеп кала албаса,
Кимге керек анда бүгүн мактаныш.
Мара жакын, акыркы ирет дагы бир,
Түйүлүү бар, бүтө электир ат жарыш.

Келмей-кетмей, тирүүлүктө конокпуз,
Жайы өтүп, чыкты алдыман тороп күз.
Берекесин татып-татый электе,
Босогомо кар сапырып болот кыш.
Тозок болуп кетмек экен бул жашоо,
Сүйүү деген бир ажайып жомоксуз.

Сиңиргенби сан-миндеген гүл өңүн,
Көпөлөктүн канатынын илебин.
Кошулмасын кочушуна чогултуп,
Жер үстүндө болгон таттуу ширенин.
Сүйүү келсе, анда айландын кеткени,
Кудайга да моюн сунбай жүрөгүң.

Унуткарып бардык башка мүдөөнү,
Ашыктык – бул азап-тозок тилөөбү?
Дүйнөдөгү эң бактылуу сен болсоң,
Шордуу да сен, чындап сүйсөң бирөөнү.
Мансап кулу болуу күнөө эмес да,
Махабаттын кулу болуу күнөөбү?

Ыр да, сөз да бүтпөйт сүйүү жөнүндө,
Моокум канбайт, канбагандай өмүргө.
Айландырбай көр оокаттын кулуна,
Жыпар жыттуу гүл өстүрөт көңүлгө.
Ушундай бир ыйык сезим барына,
О, адамзат, ыраазы бол Теңирге!

Жуурулушуп кыймыл, мезгил, аралык,
Өмүр болуп кан тамырга таралып.
Жер үстүндө күрөш бүтпөй, доорлор,
Күлгө айланып, күлдөн кайра жаралып.
Карап көрсөң калыссыздык көп экен,
Кудайда да бар окшойбу чалалык.

Санаа басып, сансыз ойлор ныгырып,
Жан дүйнөмдү жарып өтөт чыңырык.
Айлым бүтүн Арзыматка айланды,
Акыйкаттын туусу жатса жыгылып.
Же биз жашап көнүп алган окшойбуз,
Жеке адамдын керт башына сыйынып.

Чындык жолу уч-кыйрысыз алыстык,
Жетем десең кылычтай курч намыс күт.
Чоң максатка чобур минип чыккыча,
Жөө чуркагын таманыңдан чаң ызгып.



Эрки мокоп жалтактаган адамда,
Кайдан болсун, кайдан болсун калыстык?

Биротоло мээге сиңип калганбы?
Же жүрөктө жүрүп турган канданбы?
Чындык менен шыбыраша сүйлөшүп,
Төрүбүзгө тайраңдаттык жалганды.
Жашаганбыз, жашай берүү керекпи,
Макул көрүп тагдыр башка салганды?

Матек алса деле көнүп төбөдөн,
Кул болууга төрөлдүкпү энеден?
Колумдагы азаттыктын акысын,
Элим эбак каны менен төлөгөн.
Ээрчимелик эркиндиктин душманы,
Мээң дагы болуу керек эгемен.

Жүгүбүз бар өзүбүзгө жетерлик,
Башка түшсө оорун деле көтөрдүк.
«Айт» дегенде атырылып жөнөгөн,
Качан кетет каныбыздан нөкөрлүк.
Көкүрөктө калган жокпу кудурет,
Сес көрсөтүп, бир бакырып өтөрлүк.

Уюткулуу журттун, ырас, уулубуз,
Уюктуубуз, конууга бар туурубуз.
Бирок, билбейм, колдон келет, келбейби?
Эл ишине кылыч болуп суурулуш.
Азырынча өзүбүздү тебелеп,
Талап-тоноп, өзүбүзгө уурубуз.

Ансыз деле оозун ачкан элимди,
Маңбаш кылып жатышканы төгүнбү.
Этеги бош, жетеги бош урпагың,
Сындырбаса экен өзү белинди.
Өмүр бою өзөктөгү өрт болуп,
Анан кимден куумак элең кегинди.

Бул турмушта канча жолу жаңылып,
Канча жолу мүдүрүлдүм чалынып.

Бирок, элдин жаңылганын көргөндө,
Жүрөк куйүп, түтөп кетет каңырык.
Адырандап жашап келе жатабыз,
Алакандар жыртылгыча чабылып.

Убакыттын учкулун ай, учкулун,
Өчкөнүбү көкүрөктөн учкунум.
Каяккадыр жетеленип баратам,
Турмуш такап тумшугума муштумун.
Аркы кырдан тосот мени карылык,
Жаза басып, үзө басып ычкырын.

Пендемин го, мен да көптүн биримин,
Эл катары күн өткөрүп жүрүмүн.
Мансап үчүн ар намысын сатканга,
Жетпей койду акылым да билимим.
Айтар кебим алкымыма такалып,
Сыздап кетет, муздап кетет жүлүнүм.

Акыл калчап, көрө албаган тереңди,
Көз кашайып, көкүрөктөр кереңби?
Неге мынча жалтак болуп алгансың,
Арзан сатып абийириңди, денеңди?
Казандагы ичер ашың түгөнсө,
Сатасыңбы үйүңдөгү энеңди?

Басып өткөн жолубузга жараша,
Бизге мезгил өзү болор тараза.
Жигит элдин кубанычы эмеспи,
Камчысына сап болууга жараса.
Бирөөлөргө уу жуткурса бул турмуш,
Бирөөлөргө оюн-күлкү, тамаша.

Биз мезгилге аргасыздан багынып,
Күндөр өтөт күкүрт болуп чагылып.
Өмүр деген кызыктуу бир китептин,
Улам жаңы барактары жабылып.
Ушул кыска тирүүлүктө эмне үчүн,
Жашоо керек бирөөлөргө жагынып?



Санжырасы болгон менен эң эски,
Бир уулу жок ханы менен теңешчү.
Бардыгынын ою чыгып бир жерден,
Унутушкан намыс менен эгешти.
Каяшасыз, момун болсо эл-журту,
Андай өлкө эң бактысыз эмеспи.

Тиги-бу деп айталбаймын өңгөнү,
Ишеничим аксап турат мендеги.
Жылдыз чертип, ай чапчыбай асмандан,
Бүтүрүшсө кантет ишти жердеги.
Эмне кылуу керектигин билбеген,
Күнөө кимде? Бийликтеби, элдеби?

Биз чалчактап Ата-Конуш төрүндө,
Мейли ырдайлы бакыт-таалай жөнүндө.
Жашообуздун жакшы экенин ырастап,
Хорубузга кошулсачы элим же.
Ырктан чыкпас малайлык же болбосо,
Өлүм күтөт күрөш бүткөн жеринде.

Пайдам тийип-тийбей жүрүп элиме,
Өттү мезгил нан бышырган демине.
Жылып-жылып чыгып кеткен экенмин,
Дасторкондун этегинен төрүнө.
Кайран өмүр кайрымжысын кайрыбай,
Айландыбы көр тирликтин жемине?

Калган жолдун билбейм алыс-жакынын,
Бутум басат дагы канча чакырым.
Алаксытып мезгил мени үмүткө,
Күндөрүмдү уурдап жатат акырын.
Алды-артымда, жан-жагымда келатып,
Жолдо калды канча тааныш, жакыным.

Кендиримди кесип турмуш-шарт деген,
Бир топ жылы алпуруштум дарт менен.
Эми минтип элүү жашка келгенде,
Карысам дейм карыялык нарк менен.
Купшуңдаган куу баш чалга айланбай,
Калган өмүр өтсүн кадыр-барк менен.

Жок дебейин, шүгүрчүлүк кылайын,
Көрүп жатам уул-кыздын убайын.
Ырыс бийлеп ак дасторкон четинде,
Бакыт төрдө туйлап жатсын ылайым.
Карыялык нарк-нускамды карманып,
Бул өмүрдүн өтөсүнө чыгайын.

Эсиргенде эстен чыгып кетеби,
Тирүүлүктүн өзү бакыт экени.
Ар бир күнүм ак шам болуп жагылбай,
Жылуусу жок түтөп жүрүп өтөбү?
Өмүр кызык, эртеңкиси табышмак,
Кайдан билдим, кандай бүтөт этеги.

Кечир элим, керегиңе жарабай,
Этегиңе баш катамын баладай.
Бул өмүрдөн канча кызык көрсөм да,
Кылган иштин баары мага чаладай.
Кеттим эми алтымыштын айылына,
Көңүл калбай же мookумум тарабай.

Мүмкүн менин бүт өмүрүм катадыр,
Өттү-кетти, өкүнгөндө кеч азыр.
Алды жактан чыйрыктырган дем уруп,
Туу чокуга чукул калды көч азыр.
Эми дагы отуз жолу төрүмдө,
Конок болчу он экинчи декабрь.[1]

Азабы көп алакандай Мекендин,
Атуулумун, келет жүгүн көтөргүм.
Аларымды алгам, эми эселеп,
Актабасам арман кылып өтөрмүн.
Моюнума карыз болуп кетпесин,
Кечиге көр, кечиге көр кетер күн!

***Август-сентябрь, 1998-жыл.***

[1] *...он экинчи декабрь* – автордун туулган күнү.



# «Муздак тамчылар» ыр жыйнагынан (2003-жыл)

* * *

Уурдатып убадага жылдарыңды,
Ата Журт, билем оорул турганыңды.
Жан тартып, жакшы сөздү айтамын деп,
Жараңдын оозун кайра тырмадымбы?

Ачууң – акактаткан аптабыңбы?
Жамгырың жашың төгүп жатканыңбы?
Капылет канга боёп капчыгайың,
Кас душман каап өттү капталыңды.

Көбөйүп көкүрөгү бечелдериң,
Кертилип кете берер бекен жериң.
Мезгилдин кан тамырын кармай албай,
Мертинтип алабызбы Мекен белин?

Сөз менен ишинде жок туруктугу,
Ушулар улутума уюткубу?
Кылымдан кыйкырыгы чыгып турса,
Улуттун ошол окшойт улуктугу.

Ата Журт, дарт-арманың ичиндеби?
Үмүттүн оңой эмес үзүлмөгү.
Кылымдын көчү кайда бара жатат?
Тагдырлар устаранын мизиндеби?

## ИСХАКТЫН АРМАНЫ

Калбаганда калкымда бели бүтүн,
Керек дешти, туу болдум элим үчүн.
Кылыч мокоп, сыр найза сынган кезде,
Караан болбой качтыңар эминүчүн?

Алдымдагы атымды алмашалбай,
Ал-күч барда аёосуз кармашалбай.
Арманыма муунуп турганымда,
Арамдыкка койбостур жан кашайбай.

Найза сынса башкасын бербедиңер,
Намыс түтөп турганда келбедиңер.
Наамарттардын колуна тийген окшойм,
Наалат айтып өкүрөр көрдөгүңөр.

Күйүп турса таркабай канда кумар,
Кылыч суурул, кармата салбадыңар.
Кансыраган кезимде кана мага,
Калка болуп көрсөткөн жардамыңар.

Жөөлөбөсө жөлөмөк алсызды ким?
Жанга батып турбайбы жалгыздыгым.
Жалдыратып көзүмдү таштап кетүү,
Жоролорум! Кантейин арсыздыгың.

Карайлаган калың журт, жолуң барбы?
Коргоп алар душмандан колуң барбы?
Кылымдарга айтылчу жомок жана,
Күйүт менен арылбас шоруң калды.

«Кыргызым» деп кыйкырар ураан барын,
Кантип эстен чыгарды уландарың.
Көбөш менен Абыке тукумубу?
Колтугундан баш багат жыландарың.

Кыйырымды кыйратып касым кетер,
Канжыгага байланып башым кетер.



Кулга айланып түбөлүк калгычакты,
Камчыга сап болоруң, башың көтөр!

Када болуп дүйнөгө түтөр ким бар?
Калкым үчүн кайрылып жүз өлгүм бар.
Кынсыз кылыч байланып, туу көтөрүп,
Кыр-кырлардан куюлуп түшөр күн бар.

Кемелине келер эл, өтөр жылдар,
Көңүл өсүп, качандыр кетер муң-зар.
Көкүрөктө көрөңгө түгөнбөсө,
Көксөгөнгө кыйкырып жетер күн бар.

## «ДҮЖҮР» ЧАЛДАРГА

Аман эле болсун мал-жаның,
Кудай алсын анан калганын.
Акыйкаттын сыйрып терисин,
Тон кийгиле «дүжүр» чалдарым.

Эл эмне? Эл бир сүрмө топ,
Бирде ачка жүрөр, бирде ток.
А силерчи? Сатып чындыкты,
Кийим бүтүн, курсак күндө ток.

Калк көтөрөр бийлик өктөмүн,
Калыстык аз жерде көп төгүн.
Карыялык кайда нарк-насил,
Тебетейлүү Тейитбектерим.

Угуп туруп элдин арманын,
Калыс кепке жетпей дарманың.
Карыганда «шүмшүк» аталган,
Кайран гана «дүжүр» чалдарым!

* * *

Күйүмүш болуп «элим» деп,
Бийликтин чачкан жемин жеп.

Болтоюп басып жүрөбүз,
Жабылып ооз, эрин бек.

Калдайтпай караан жөн гана,
Каруу-күч болор эр кана?
«Калкым» деп күйгөн уулуңдун,
Кадырын билер эл кана?

## АКСЫ ЫЙЫ

Сынып чындык, калыстык уурдалганын,
Уккан сайын ызага уулангамын.
Катар туруп, кайгыңды бөлүшалбай,
Кандай кылам, аксылык туугандарым?

Бүтө турган иш эле жакшылыкча,
Ок атылып капылет аксылыкка.
Ала-Тоону аралап жүрөт окшойт,
Арбактары айланып ак булутка.

Кантип аттың, катыгүн, өз элиңди?
Өрттөдүбү өкүнүч өзөгүңдү?
Кашайгыр ай, кашайып калгырдыкы,
Ата-энеңе автомат кезедиңби?

Канга боёп Боспиек, Кербен жерин,
«Аткыла» деп буйрукту бергендер ким?
Жалган куран айынын он жетиси,
Бийлик үчүн тарыхта шерменде күн.

Алар деле каалаган баш аманды,
Бир аз эле жакшыраак жашаганды.
Кан какшаган калк үнүн укпагандар,
Кудай берсин силердин жазаңарды!

* * *

Такасы жок ташыркайт буудан деле,
Табагыңды талашар тууган деле.



Ичи-койнуң элжиреп кетпесе да,
Ишене көр момунга куудан көрө.

Тоо козголуп кетсе да жүрөр үнсүз,
Чылый ылдый баштардан күдөрүң үз.
Шыпырынып алды-артын, сөз аңдыган,
Сагызгандай сак адам ишенимсиз.

## ТОБОКЕЛДИК КЫЛА АЛБАЙ

Өлкө жашап жалган цифраларда,
Сөөк талаш, кимдир бирөө ыргыткан.
Өлбөс болуп жүрөсүңөр дүйнөдө,
Коркосуңар кудай эмес чындыктан.

Ким жактырат ачып турса айыбын,
Пенде барбы мактаганды сүйбөгөн.
Эч ким менен талашпай да урушпай,
Бул жашоодон өтсөк дешет сый менен.

Кирген-чыккан сүртүп өтөр буттарын,
Эл эмне, эшиктеги талпакпы?
Койдун канын кокус куюп алгансып,
Уул-кызың ушунчалык жалтакпы?

Мекен бүгүн чоң базарга айланып,
«Чөнтөкчүнүн» күнү тууган убагы.
Кагылайын, кантип сени уктатат,
Карып болгон калың журттун убалы.

Өчөр-өчпөс качанкы бир чийиндин,
Ар жагынан бер жагына чыгалбай.
Өзүмдү-өзүм иренжитип келемин,
Өмүрдө бир тобокелдик кылалбай.

* * *

Таласым бар таянар, Таласым бар,
Тагдырыма туу туткан Манасым бар.

Агып жаткан мүрөктүн булагындай,
Аруулукту айылдан табасыңар.

Сезим-мөлтүр, жан дүйнө майин чакта,
Көкүрөккө кутум ой байырлатпа.
Көңүл кирдеп турганда кайрылып өт,
Изгиликтин башаты айыл жакта.

Кыска өмүргө түшүрбөй көлөкөнү,
Пейлиңди төк, качырбай берекеңи.
Кептен кемип калышың заматтык иш,
Сөз атасын өлтүрбөйт элет эли.

Балалыктын башаты жаткангабы,
Башкачале айлымдын аткан таңы.
Эл ичинде эрбеңдеп жүргөн менен,
Эл ишинде үмүттөр акталбады.

* * *

Тытынышат бийлик жана байлык деп,
«Жетүү үчүн башыбызды сайдык» – деп.
Топук кылып күндүн тийген нуруна,
А мен жүрөм арзыбаган айлык жеп.

Кыска өмүрдүн табышмактуу жагы көп,
Отуң болсо жүрөктөргө жагып өт.
Кең ааламдын түрүп көрүп бир четин,
Басып жүргөн тирүүлүккө канимет.

## ҮШКҮРҮК

*(Жакынкы чет элден келген кат)*

Мейли мени «мерес» деп жамандашсын,
Ушул катты ансыз да араң жаздым.
Жол караба катырып карегинди,
Барам, балким, ким билет... баралбасмын...



Үмүттөрүн ойготуп айылымдын,
Аткан чыгар Таластын таңы бүгүн.
Бапырашып ар үйдө конок күтүп,
Тосушкандыр кылымдын жаңы жылын.

Күтө турчу чыдаган жаның чыдап,
Күдөр үзүп коёт деп жаным чыгат.
Күүгүмдөнүп гүл өмүр турган кезде,
Жүргөн жокмун бул жакта айылчылап.

Элет тосуп, кыларга жокто жумуш,
Ата Журтка ойдо жок колко кылыш.
Ошентсе да ар кимге түрткүлөнүп,
Биз бул жакта «үчүнчү сорттогубуз».

Жарылбаган жарадай билинбеген,
Куса толо жүрөктө ириңдеген.
Ишенимди өлтүргөн сөз ырастыр,
«Базар көргөн эчкиден түңүл» деген.

Арманымды кимге айтам? Чет элгеби?
Ычкырына чалынган Мекенгеби?
Балдарыма өткөрбөй ким өчүрөт?
«Малай» деген жазууну чекемдеги.

Ал-жай сурар азамат барбы бүгүн?
Кемип турам кейитип жардылыгым.
Каза болуп жатышкан кагаздарда,
Кимге керек ажонун Жарлыгынын.

Башка түшсө падыша чөгөлөмөк,
Артым туюк, алды жак желеленет.
Рухтагы аруулук, асылзаттык,
Бүгүн мага сезилет жөн эле кеп.

Өйдө карап «бул кандай?» дебегендик,
Өзүбүзгө муш болуп, тебелендик.
Улутташын коргоого кудуретсиз,
Ушундайбы биз күткөн эгемендик?

Ордум кана жашоодо? Жолбунмунбу?
Жакшылыктан мен эмне, кол жуудумбу?
Кырчынымда сындырып кабыргамды,
Жалтактаган бир байкуш шордуу кылды.

Бир курсактын чыгалбай жетегинен,
Безген азбы мага окшоп Мекенинен.
Ата Журтка айыбым жок эле го,
Жаратканга болсо да жеке күнөөм.

Жумушсузу көп элдин базары көп,
Базарынын тозогу, азабы көп.
Тентип жүргөн кыргызды тытып жатат,
Таможныйда өзбек, казагы жеп.

Кордук деген эмне? Кордук деген,
Тартып алуу ашыңды зордук менен.
Кантээр элең картада күзүр тузду,
Басып жатса жөнөкөй ондук менен.

Укук деген эмне? Унуткандбыз,
Баш көтөрбөс кой маарек кызык жанбыз,
Жүр дегенге ээрчиген, жүүнү бош,
Жетеленбей баспаган улуттанбыз.

Сыртта жүрсөң билесиң Мекен кунун,
Өз элиңдин кандай эл экендигин.
Көрбөдүкпү, кыңк этпей кыйындыкта,
Кыргыз деген ит жандуу бекемдигин.

Өз элимди жамандап жаткан жокмун,
Мекенимди эч кимге саткан жокмун.
Тууган жердин турпагы ыйык тура,
Ала-Тоодой асыл жер тапкан жокмун.

Бабам Манас экенин танмак белем,
Кыргыз деген элимди чанмак белем.
Кейип айтам чындыкты, кесирленсем,
Тас төбөмдөн урбайбы арбак деген.



Кыргыз деген атым бар энчилеген,
Жашап жүрөм бийликтин эрки менен.
Жоокерчилик заманда жоо чапканда,
Көөнө кыргыз мынчалык тентибеген.

Көрүшпөйбү Мекендин үшүгөнүн,
Аккүп болуп, дарт чалып, шишигенин.
Жүрөктөгү музумду ээритчүдөй,
Кире берет дайыма түшүмө күн.

Ажырата биле албайм, түшүм-өңүм?
Кире берет дайыма түшүмө күн.
Ити чөп жеп турганда ишенбеймин,
Акыбалды ажобуз түшүнөрүн.

Бу бийликтин кумары ширин белем,
Канга сиңип, мээге өткөн жүлүн менен.
Калат дүйнө калтардын терисиндей,
Ким бар экен ажалга илинбеген.

Жазган жокмун керт башта мүшкүлүмү,
Бул кат эмес калкымдын үшкүрүгү.
Ала-Тоонун койнунан жаңыргансыйт,
Милийсанын чаңырган ышкырыгы...

***Январь, 2002-жыл.***

## СУРАЙЫЛ*

*(Муң)*

Курбум эле, кургурум, курбум эле,
Караан тутуп, бел кылып жүрдүм эле.
«Кадырымды билгиле» дегениби,
Каза болуп калбаспы бир күнү эле.

---

* Сурайыл – Сурапыл – Исрапил – Исрафил (араб сөзү) – акыр замандын болорун кабарлоочу түрү суук периште.

Бир топ эле өжөрлүк, өктөмдүгү,
Бул дүйнөдөн курдашым өткөн күнү.
Бой-аякты жыйнатпай жамгыр куюп,
Бороон болду артынан көктөм күнү.

Күндөр күлүк-эртеңи табышмактыр,
Кадыр-көңүл кантсе да калышпаптыр.
Кийин гана көр оокат ташпишинен,
Кадимкидей арабыз алыстаптыр.

Жолдорубуз кесилип-кесилишпей,
Жыл айланып кетүүчү кезигишпей.
Жолукканда жарышып кетээр элек,
Жол талашып балалык кезибиздей.

Азили курч, ак көңүл, шатыраган,
Адам эле пейли кең, бапыраган.
Ар-ар кимге алданып алган сайын,
Айтар эле: «Бул менин натураман».

Ишенчине канчалар кирип алып,
Ички сырын, мүнөзүн билип алып.
Илештирип коюшуп ичкиликке,
Иттик кылчу, мойнуна минип алып.

Ичип кетти акыры, ичип кетти,
Ичкен сайын көбөйтүп кычык кепти.
Идиреги бар эле камчы саптык,
Ишинен да бир кыйла мүчүп кетти.

Жаштыгына келсе да таянгысы,
Жарыктын бар артында караңгысы.
Жонундагы көйнөгүн чечип берип,
Жолдоштордон жок эле аянгысы.

Таап алып тагдырдын тайгак жолун,
Туйду белем кайтууга кайрат жогун.
Түгөнгүр ай, түшүнбөй койбодубу,
Тандап алган жашоодон майнап жогун.



Мезгилдин да этеги, төрү барбы,
Мерчем келди, кыз берди, келин алды.
Мамыр-жумур, мөмөлөп турар чакта,
Масчылыкты майрамдай көрүп алды.

Кыйкыр-өкүр, убакыт керең дечи,
Көкүрөктө көөнөрүп көрөңгөсү.
Кырктан ары калды окшойт арaң эле,
Кыбыраган адамдык жөрөлгөсү.

Сурап ичти арактı, сурап ичти,
Сурайылдай көчөдө сулап ичти.
Сапырылган санаасыз күндөр, түндөр,
Соруп жатты чылымдай убакытты.

Аялычы? Аялы азап чегип,
Ар-ар кимдин жумушун жасап келип.
Аскал-тескел балдарын багуу үчүн,
Адырларга кетиптир машак терип.

Арманы көп бул жашоо эминеге?
Ак ботодой ажарлуу келин эле.
Асылдыктан башка айып болбогон соң,
Азап тарта тургандай жөнү беле.

Уюткулуу журтумдун көбү жарды,
Ушундайга учурдун кеги барбы?
Убай көрбөй жактырып тийген эрден,
Улуу кызы үйүнө келип алды.

Курбуларчы, көргөндө качып-айнып,
Көбү кетип, жанында азы калып.
Көңүл деген нерсенин жолдоштукта,
Күнү тура бир атым насыбайлык.

Сапарымда катардан калбайын деп,
Санаа басып, көроокат арбайын жеп.
Салмагына ийилип тириликтин,
Сурай албай калганбыз ал-жайын көп.

«Калган көңүл – чыккан жан», – жөн кеп дебе,
Кайра ордуна сынганы келмек беле.
Кадырлашып канчалык жүргөн менен,
Казаныңа аш салып бермек беле?

Кайран курбум ичкенден иче берди,
«Командага» көбөйтүп мүчөлөрдү.
Кажылдашып, катарлаш жүрүп эле,
Кайдан тапты, билбедик, «Ит өнөрдү».

Ким билиптир эртеңки тагдыр кандай.
«Койдум эми, – деп коюп, – кан буугандай».
Келбесине кеткен соң, жер сабадык,
Колубуздан кокустан алдыргандай.

Бурадарым, күттүңбү жардамымды?
Билбей калдым ичтеги арманыңды.
Бөтөлкөчө кадырым өтпөй сага,
Биротоло жоготуп албадымбы.

Артта эмне, болгону күйүт калды,
Алган жары караны кийип калды.
Алыштырып балдарын арак менен,
Атасынан үйрөнгөн үйүт калды.

Уруп-соккон тагдырдын таягына,
Уктубу, чыдабай аягына.
Убайымды унутуп коёрмун деп,
Уурттап-татый баштады аялы да.

Арзыбаган иш менен алектенип,
Арuулугун адамдар келет төгүп.
Андан дагы шумдугу, арак үчүн,
Асыл өмүр жатпайбы керектелип.

Алар үчүн куру сөз Мекен жүгү,
Ата Журтка бересе экендиги.
Ала-Тоону аракка алмаштырып,
Ай ырастыр, кул болуп кетерлиги.



Олокосуз иштерге үркөт денем,
Оомал-төкмөл дүйнө-өмүр бир кеп белем.
Оокат эмес отунун таппай жүрүп,
Отуз жаштар өтүүдө үлпөт менен.

Кара чүйкүл өңдөрү келиндердин,
Кууп жүрүп сабаган эрин көрдүм.
Кунун билбей кор кылган тирүүлүктү,
Кудайым ай, кайсыга өмүр бердиң.

Жүрөгүндө жүдөгөн үмүттөрү,
Жууну бош айлымдын жигиттери.
Жамаачылап күндөрүн жашап жүрөт,
Жаштайынан аракка күйүп көбү.

Жашоо ушул эмеспи туюктагы,
Жардыланып жан дүйнө, рухтары.
Жарыгынан көп болуп караңгысы,
Жолдо калды өмүрдүн сыныктары.

Кары дейбиз, кадыры-баркы кана?
Карыялык кебинин наркы кана?
Кур намысты кудайдан бийик койгон,
Кыргыз деген кембагал калкым ана!

Үмүт өчүп үңкүйгөн бечаранын,
Үрүп чыгар ити бар бекен анын.
Үстөк-босток той берип жатат, бирок,
Үркүндө өлгөн, эскерип аталарын.

Канткен менен улуттун улуттугу,
Канда экенин кашайып унуттубу?
Кырчынында кыз-келин, жигиттердин,
Күйүп бара жатпайбы уруктугу.

Каным кайнайт, ызамды жашырамын,
Каптап душман, түшкөндө башына күн.
Кыргыз деген кыйкырып чыгуучу эле,
Кылычына айланып Азиянын.

Мастык деген кыйроонун башталганы,
Мүң коймокмун кимине? Жаштаргабы?
Маңкурттардын өлкөсүн курабызбы,
«Моголдордун жапайы арстандары?»

...Курбум эле, кургурум, курбум эле,
Көптөн бери көрө албай жүрдүм эле.
Капшытымды эңшерип капылеттен,
Кабар келди «өлдү» деп бир күнү эле.

## СОҢКУ СӨЗ

*(Кошок ордуна)*

Сырын билбей жол жүрбө башка менен,
Чыгарында сапарга шашпа» – дегем.
Жомоктордон жолуңду издеп жүрүп,
Жетпей калдың алтымыш жашка кенен.

Өз бактысын ким экен издебеген,
Эртеңкиңен үмүттү үзбө дегем.
Жеңиш менен кайрылып келемин деп,
Жетпей калдың атүгүл күзгө кенен.

Басып өтүп турмуштун таштактарын,
Эми чыгар кезиңде таскактарың.
Арабыздан капылет качып кеттиң,
Аткарылып калганда максат жарым.

Тазалыгың тагдырга жазганыңбы?
Кезек жетпей калчудай шашпадыңбы.
Кең дүйнөгө колуңду шилтеп салып,
Жыйнаштырып өмүрдү таштадыңбы?

Ашуу ашып-аша албай биздин курак,
Атырылып убакыт тизгин жулат.



Бүткөн жана бүтпөгөн жумуштарың,
Өмүрүңдү чагылтат күзгүң сымак.

«Таржымалым жазамын ташка» – деген,
Максатыңа жетүүгө шашпа дегем.
Чыйыр салып баратып төтөлөгөн,
Чыкпай калдың алтымыш жашка кенен.

## БУ ШАМАЛ КАЙДАН КЕЛДИ ТАЛАСЫМА

*(2001-жылы жаз-жай айларында Талас жергесинде түштөн кийин такай шамал болуп туруп албадыбы.)*

Чаң салып асман-жердин арасына,
Даң салып кыргыз-казак талаасына.
Булутту айрып-тытып, жамгыр бербей,
Бу шамал кайдан келди Таласыма.

Ата Журт! Ким аралжы санаасына?
Атадан арман калар баласына.
Батыштан бир шумдукту айдап-шилеп,
Бу шамал кайдан келди Таласыма?

Өктөмдүк кылып жер, суу, абасына,
Бу шамал кайдан келди Таласыма?
Байконур ажал болуп калбас бекен?
Айланып Азиянын жарасына.

«Жер тарып жан-жаныбар байыр алар,
Табийгат өзгөрдү», – дейт карыялар,
«Манастын чокусунда» мөңгү азайып,
Нугунан тайып барат дарыялар...

## ТООЛУКТАР

Тоолук кыргыз кантсе да азоо келет,
Оюн таап мамиле жасоо керек.
Тоолуктардан үйрөнүп өжөрлүктү,
Таш көзөгөн тамчыдай жашоо керек.

Жигиттери чабандес, балбан билек,
Аттын сырын шумдуктай кайдан билет?
Кентаврга айланып кетсем деген,
Кээ биринде кенедей арман жүрөт.

Тоосунда бар соолбос мүрөк-булак,
Ай толгондо перилер түнөп турат.
Айыктырып кеселин абышканын,
Жүзүн жууган кыздарды чүрөк кылат.

Күндөр-өмүр, күргүштөйт дайра болуп,
Ырыс-кешик бөксөрүп, кайра толуп.
Кылым кыркып келатат кыраан кыргыз,
Карт тарыхтан капылет пайда болуп.

Түгөнмөкпү түйшүгү, убарасы,
Элимдин бар энчиси, шыбагасы.
Бакыт конуп төрүнө, кут куюлар,
Асти бейпил болсунчу улагасы.

* * *

Эрте-кеч, акыры бир сапар карып,
Кең дүйнө, курбу-курдаш, катар калып.
Өмүрдүн өтөсүнө чыгып-чыкпай,
Ар пенде жер алдына жатар барып.

Кубулуп кубанчынан арманы көп,
Адамга бергенинен алганы көп.
Бул күндөр өтүп жатат думуктуруп,
Чындыктан жан кейиткен жалганы көп.



Кадамды көрсөтмөсүз аттай албай,
Эреже эмес жашоо жаттагандай.
Кызматын кылып кетти мезгилинин,
Калыстык кара кылды как жара албай.

* * *

Бул күн да өттү мына. Жугу барбы?
Кусалык эле калды тарабаган.
Ушинтип бара жатып жыгыларды,
Унутпа, өмүр деген арабадан.

Ушундай эмес беле кечээ күнү,
Эч нерсе өзгөрбөйбү эртең деле?
Унутпа, бул өмүрдөн өтөрүңдү,
Турбайбы айбалтасы желкеңделе.

Шек келди кадырыңа анан неге?
Дүйнөнүн түбүн кууп жетмек белең?
Абийирди сатып байлык табам дебе,
Көтөрүп көрүңө алып кетмек белең?

## ӨМҮРДӨГҮ ИЗ

Тирүүлүккө арттырарым ушудур,
Туурума конгон бакыт кушудур.
Таланттардын этегинен бир орун,
Таап берген Акжарымдын тузудур.

Кол булгалап бир керемет азгырык,
Калем сунат, ыр түрмөгүн жаздырып.
Күтүүсүздөн кышка айлантып сезимди,
Кайра коёт жадыраган жаз кылып.

Азап экен, тозок экен ыр жазуу,
Андан көрө оңой кырк бир кырды ашуу.
Атаганат, кайрымы жок канча жыл,
Артта калды куюлгандай кумга суу.

Жүрөгүмдү жарып чыккан ырларым,
Жашоодогу азабым да жыргалым.
Жан дүйнөмө азык издеп турмуштан,
Жакалашып өтүп жатат жылдарым.

Момун болсоң «жаман» тура бир атың,
«Машаяктар» кылмак беле ыракым.
Мен аларды мактап-жактап ыр жазсам,
Мезгилинен эрте өлдү де бир акын.

## КЫЖААЛАТ

Босогодон жолдор башталып,
Босогого жетип үзүлөт.
Жакшылыктар сейрек баш багып,
Киргенинен чыккан изи көп.

Сынай тиктеп сырткы дүйнөнү,
Чек арабыз ушул астана.
Үйлөрүбүз бизге түрмөбү?
А көчөлөр, балким, маскана.

Каяктандыр күтпө ырайым,
Кими менен кимдин иши бар.
Атаганаң оозун урайын!
Жанга батып барат ушулар...

## КАЙГЫ

Капилеттен иштер болуп күтпөгөн,
Жанчылгансып, чарчап турат бүт денем.
Атаганат, алыс кете албассың,
Жүрөктөгү мындай оор жүк менен.

Кайгы минтип катарымды аксатып,
Улам бирин келбесине аткасып.
Чырмалышкан курбулардан ажырап,
Чачтарымды бара жатат ак басып.



Ташка чаап тагдыр, үмүт, тилегин,
Ким ойлоптур ажал коштоп жүрөрүн.
Жесир калган аяштарды көргөндө,
Жерге-сууга батпай калып жүрөмүн.

## ОТ ӨЧПӨСҮН ЖҮРӨКТӨ

Жолоочум эй, мусапырлык башында,
Чаңкадыңбы? Чарчадыңбы? Жашырба!
Балким узак, же кыскадыр сапарың,
Көлөкөлөп, эс ал бир аз, шашылба!

Буйрук ушу, кол кыска да, жон жука,
Насиптен ал, суусун канып, тойгуча.
Изгиликти издеп жүрөт окшойсуң,
Атың ыргай, өзүң торгой болгуча.

Көкүрөктө калбаш үчүн бир өктө,
Кеч да болсо жетүү керек тилекке.
Өчсө дагы эң акыркы үмүтүң,
Изденүүнүн оту өчпөсүн жүрөктө!

## КЫЯЛКЕЧТИК

Кыялкечтик, таттуулугуң эле экен,
Сезимдеги бир айдарым жел экен.
Бирок, турмуш жабыштыра чапканда,
Көңүл улап, кадимкидей бел экен.

Кыялкечтик, кудуретиң керемет,
Идеялар, асыл ойлор төрөлөт.
Колтугумдан канча жолу көтөрдүң,
Тагдырыма турган кезде чөгөлөп.

Кыял менен ай-жылдызды аралап,
Бир ажайып жашоо жерде жаралат.
Максаттарга жетеленип адамзат,
Үмүт улап, сага гана таянат.

Кыялкечтик, ширинин ай, ширинин,
Моокум канбай, келе берет шимигим.
Жүрөгүмө азык алып өзүндөн,
Ырларымды жазып бүтпөй жүрүмүн.

## ЗЫМЫРЫК

Кылчактабай азгырма үйүттөргө,
Тоо таяна кетели бийиктерге.
Саясатсыз жөн эле жашайлычы,
Саламдашып эрте-кеч кийиктерге.

Жашоо-күрөш! Темтеңдеп... кулап... туруп...
Дүйнө кымгуут, ызы-чуу, кулак тунуп.
Кетеличи тоолордун толтосуна,
Бороон кирбейт ал жакка, булак тунук...

Койну толо уламыш, жомокторго,
Күн уялап, ай барып конот тоого.
Касам ичип алганбыз, касам ичип,
Кас душманды кашына жолотпоого.

...Тагдыр жолу жибиндей чыгырыктын,
Тээ түпкүрдөн буулугат, чыңырып Чын.
Алып чыгып берүүгө келет беле?
Бир тал жүнүн күйгүзсөк Зымырыктын?!

## СЕЗИМДЕГИ ЧЫЙРЫГУУ

Эмне дейин? Айтар деле сөзүм жок,
Калп каткырык... Текеберлик... Жеп-ичмей...
Жан дүйнөмө жарык берер сезим жок,
Анан жылуу бир сөз турат жетишпей.

Мээрим таппай, чыйрыгамын көздөрдөн,
Жалгыздык бар, мейли алтоо бол атадан.



Мурдагыдай болмок кайда, өзгөргөм,
Ар ким улам кармай берип жакадан.

Жеңилүү бар жеңиш болгон жеринде,
Кек сакталып калмайы бар ызадан.
Эңсесем да эртеңки күн жөнүндө,
Бийлиги күч бүгүнкүмө тушалам.

Жакшылыктар неге бери бурулбай,
Шатырашып, закым менен жарышып.
Бир көрүнүп жок болушту куюндай,
Учкул күндүн этегине жабышып...

* * *

Тирүүлүктө бүтпөйт кылар жумушуң,
Нары айт, бери айт, курсагыңдын кулусуң.
Бирок, ошол курсак үчүн абийирди,
Сатып жүрүп тапкан оокат курусун!

Өмүр кымбат, төгүлбөй да чачылбай,
Убакытты бөөдө куру сапырбай.
Жарык чачып жок дегенде бир үйгө,
Жашайлычы, сатпай деле сатылбай.

## КЫШ ТҮНҮНДӨ КЫЖААЛАТ

Дүйнө муздак, сезимдерде кымгууттук,
Үмүт үшүйт мерездикке камалып.
Таң аткыча үркүп чыгат жымжырттык,
Айыл түнү ач иттерге таланып.

Ишенимдер кырк бир жерден жыртылып,
Уят-арга эбак түшкөн жамаачы.
Акыйкаттын толорсугу кыркылып,
Айыкпастай оңой менен жарааты.

Илкийм жолдо, араң шилтеп кадамды,
Колду байлап, көздөрүмдү бууду ким?
Мээде да, жүрөктө да караңгы,
Келип турат карышкырча улугум!

## БАШКА ЧАППА ТУЛПАРДЫ

*(Болотбек Шерниязовго)*

Бириң коркок, жойпуланып да бириң,
Ким аткарбай коймок бийлик амирин.
Бир акырдан жем талашып жеп жүргөн,
Эшек кайдан билмек тулпар кадырын.

Табы келип, шаңшып турган шумкарды,
Эси болсо канаттарын кыркарбы?
Эгер заадиң кул болбосо жарышта,
Жолун тосуп, башка чаппа тулпарды..

## «БИР ӨЗГӨРҮҮ БОЛОР...»

Алыстыктар мени өзүнө азгырып,
Жолдор ана, баскан жана баспаган.
Жан дүйнөмө жадыраган жаз кирип,
Ырлар туйлайт жазган жана жазбаган.

Тобокелдик керек болуп турабы?
Эмне жетпейт кайнатууга канымды?
Эрте ичкертип койгон окшойм сыягы,
Жүрөгүмдү аймап турган жалынды.

«Бир өзгөрүү болор ушул жаз менен»,
Деген тилек, эртели-кеч күтүү бар.
Көптү көксөп, топук кылам азга мен,
Турмуш ушул – утулуу бар, утуу бар.



* * *

«Жар болуп өзү, Жасаган!
Шүгүр, – деп, мына баш аман».
Элүү жаш өтүп кетиптир,
Эреже менен жашаган.

Чындыкты тээп ийинден,
Мансапка жетсе сүйүнгөн.
Маңызсыз өттү канча күн,
Чыгалбай жүрүп чийинден.

## АК ЖАРЫК

Ээрчийм десең улуулардын издерин,
Пастан эмес, бийик жактан издегин.
Кайран өмүр кайып болуп кеткиче,
Калкым үчүн калсын изги иштериң.

Тазалыкты таза адамдар түшүнөр,
Улуу ишти жасайт улуу кишилер.
Көңүлдөшпө көкүрөгү көр менен,
Качандыр бир кадырыңды түшүрөр.

Жакшы адамдар түндүгүндөн кут куяр,
Акыл кошор, ырыскысын жуктурар.
Наадандарга насибиңди бөлүшсөң,
Акыры бир ачуу зилин жуткурар.

Тирүүлүктүн озуйпасын аткарып,
Калыстык кыл, кара кылды как жарып.
Бешенеңден мээрим нуру төгүлүп,
Жүрөгүңдөн агып турсун ак жарык.

## ЖЫЛДАР

Кайрый албай, «кош» деп колду булгалар,
Жылдар, жылдар, кыйкуулаган турналар.
Арттырарым өкүнүчтүр, а балким,
От боюнда бир окулар ыр калаар.

Мезгил – дайра, кулак төшөп шартына,
Келе жатам көп кылчактап артыма.
Бошко кеткен кайран гана жылдарым,
Жараланып, топтон калган каркыра.

Ташка салчу, тандап алып үйүрдөн,
Күндөрүм аз, күлүк болуп түйүлгөн.
Уйкусурап өтүп жаткан бул жашоо,
Тагдыр беле маңдайыма чийилген.

Ой жетпеген бийиксиң да тереңсиң,
Бирөөгө тар, бирөөлөргө кененсиң.
Шалдап салган жакшы менен жаманды,
Тарпы чыккан таркы дүйнө белемсиң.

...Кыйкуулашып өтүп жатат турналар,
Кош айтышып, колдон учкан жылдар ал.
Арман менен өкүнүчкө жуурулуп,
От боюнда бир муңдуу ыр ырдалар...

* * *

Баркын баалап көптөрү туюшпаган,
Сейрек сезим – дос болуу кыйышпаган.
Кандай кыйын бүркүттөй бийик учуп,
Тириликти үйрөнүш кумурскадан.

Бул турмуштун чыдабай өктөмүнө,
Абийир деген чийинден өтпөгүлө.
Карышкырдын терисин сыйрыймын деп,
Карышкырга айланып кетпегиле...



Көнө бербей тагдырдын салганына,
Жөнөгүлө ашуунун ар жагына.
Эшектердин артынан ээрчиймин деп,
Күлтөбөнү мекендеп калбагыла!

Бир ажайып жашоо бар, издегиле,
Табасыңар, үмүттү үзбөгүлө.
Азаматтан артаары – жакшылыгы,
Асти, бирок, «мен» дебей «биз» дегиле.

## АКЫН

Таажы кылып кийишип каакымдарды,
Кубалашып жүрүшкөн закымдарды.
Дербиш болуп тентиген ыр дүйнөдө,
Аясаңар болбойбу акындарды.

Илхам келсе дайрадай ташып-толот,
Сексенинде кыздарга ашык болот.
Шагы сынса ырлары ыйлап ийген,
Акындардын жүрөгү жашык болот.

Көөдөнүнө батпаган өктөмүн көр,
Жүрөгүндүн төрүнө өткөнүн көр.
Жай турмушта апенди, ырларында,
Падышага айланып кеткенин көр.

«Бакыт кайда? Алам, – деп, – көтөрмөгө»,
Жүдөп-какап жүрбөйбү Мекен деле.
Эгер акын ыйласа, бул дүйнөдө,
Жашоо-турмуш жайында экен дебе.

* * *

Чачты бубак, өмүрүңдү басат кар,
Ар бир күндү аяп, аруу жашап кал.
Колдон келээр жакшылыгың бар болсо,
Калкың үчүн жаныңды үрөп, жасап кал.

Үшкүрүнүп, үзө баскан этегин,
Унутпагын карылык бар экенин.
Учуруңду убакытка уурдатпай,
Өмүрүңдү өкүнбөстөй өтөгүн.

Бир болбогон мүдөөлөргө байланып,
Чоң иштерге кыла көрбө майдалык.
Элден, жерден кубат алып, күч топтоп,
Жамгыр болуп төгүл кайра айланып.

* * *

«Эркиндик жана өсүп-өнүгүү
унчукпоодон жаралбайт».

*(Хиллари айым)*

«Куп» деген бир сөз анын күнү чыгар,
Жеңилип эле койчу, унутулар».
Дейсиң дос, калыссыздык каап жатса,
Кандай жан чыдайт канда угуту бар.

«Мен эмес, Кудай берсин жазайыңды»,
Деп тилеп, баш көтөрбөй жашайынбы?
Керектүү сөз атасын өлтүргүдөй,
Же беле адамзаттын машайыгы.

Карабай оројуна-чарайына,
Жагынбай бийликтин ак сарайына.
Кемитип коёюн деп чечтим, досум,
Кыргызды бир жалданма малайына.

* * *

Берсең берип, аларыңды алып шыр,
Сенин жолуң меникинен жарыктыр.
Издегеним бул жак эмес, башка эле,
Тиги кырдын ар жагында калыптыр.

Бул турмушка жоктур курбум чатагың,
Узак, узак, кызык болсун сапарың.



Үзөңгүлөр кагышмагы каякта,
Өзүмдү өзүм таппай келе жатамын.

* * *

Кайрандарым! Май бастырып көздөрүн,
Элин тытып, талап-тоноп өз жерин.
Жорулардын жоруктарын жасашып,
Бүркүт сезип жүрүшпөйбү өздөрүн.

Эл тагдырын каалагандай чоюшат,
Акыйкатты кууп жүрүп союшат.
Комдонгону жолборско окшоп турса да,
Кысталактар, иттик кылып коюшат.

## ӨТҮНҮЧ

Төрүбүздө тайрандашып ким-жогу,
Ата Журтка тийбесинчи кир колу.
Заман көчү кайда барат? Жашырбай,
Акыйкатын айткылачы бир жолу.

Ишенебиз алдашса да миң жолу,
Ушул эмей көкүрөктө кир жогу.
Чыңгыз эмес, Чындык келип кетсинчи,
Чыркыраган айлыбызга бир жолу.

Бешенеге жазбагандыр кулдукту,
Же биз эмне, кечкис күнөө кылдыкпы?
Жүзүн жаап, камап койбой капаска,
Бир көрсөтүп койгулачы Чындыкты?!

## ЖАЛГЫЗДЫК

Терезеңдин сыртында жаздын ыры,
Ич жагында купуя сенин дүйнөң.
Кайтарсаң да качырып жаштыгыңды,
Бырыш басты жүзүңдү, эрин тийген.

Эми сага терезе-дүйнө тааным,
Махабаттын шыбырын укмак кайда.
Мурдагыдай эңсебей жаздын жаанын,
Жаштыгыңды издейсиң уктап кайра.

Керемет түш. Анакей күлгүн курак,
Кучагыңа куюлат аптыктырып.
Ууртунда уурданып күлкүң турат,
Жалгыздыктан жан дүйнөң какшып туруп.

...Өмүр ширин, аттигиң, кыскасын ай,
Үлгүртсөчү кылчайып кайрылышка.
Жалгыздыктын жалгыз түп нускасындай,
Жашап жүрөт бир кемпир айлыбызда...

## ТОСТ

Капалык каптап, айталбай сырың бир жанга,
Көчөгө түгүл, ааламга сыйбай турганда.
Жаркылдап күлүп, жаныңдан чыкпай үйрүлгөн,
Аяштар болсун, жардамга колун сунганга.

Буулугуп турсаң, бугуңду төгүп айтарга,
Тамаша менен таарынчың жазып, жайкарга,
Талчыбык кезден тагдырлаш болуп алышкан,
Аяштар болсун, көңүлдүн кирин чайкарга.

Буурул чач болдук, күмүш кыл басып сакалды,
Этектен жылып, өмүрлөр төргө такалды.
А бирок, бизди жигиттей сезип жүрүшкөн,
Аяштар үчүн алалы ушул бокалды!

## ЖҮГҮРҮП ӨТ

Жарк-журк этип жаштыктын чагылганы,
Кан жүгүрүп турганда тамырдагы.
Күкүрт чагып күндөргө, кагылайын,
Кайыштыра бербечи кабыргамы.



Бир берилген ажайып бул өмүрдү,
Барктай албай чын эле жүдөдүңбү?
Жүгүрүп өт дүйнөдөн, жубарымбек!
Жүрөгүмдү оорутпай, жүрөгүмдү.

## ЖАЗГЫ ТОЛГОНУУ

Белди байлап, чыгасыңбы күрөшкө?
Жарар бекем колтугундан сүйөшкө.
Мизим кайтып, мурдагымдай болалбай,
Көлөкөдөн качып калгам күнөскө.

Өттү-кетти күн сапырган куюн жаш,
Кайра кайтып, кан тамырга куюлбас.
Сезимиме гүл өндүрүп алчу элем,
Мынча неге маалкатат быйыл жаз?

Бар экен го кезектин бир келмеги,
Утулмагы, алганына бермеги.
Аксакалдык акыйкатың болбосо,
Оор болуп кетет орун төрдөгү.

Өмүр ана, кызылы өчүп кыярды,
Колдон алып бир ашууга чыгарды.
Өзгөлөрдөн көрөм десең сый-урмат,
Өзүң сыйла сакалыңды ири алды.

Чектелүүдүр бул өмүрдүн өлчөмү,
Узак болсун барар жердин мерчеми.
Өкүндүрсө өксүгү көп кечээ күн,
Кызыктырат бүгүнкүдөн эртеңи.

## ТИРИЛИК

Жашоодо билбей үнөмдү,
Күн өлдү канча, күн өлдү.
Башкасы башка, балакай,
Аттардын жеми түгөндү.

Дос кайсы, билбейм, жаттар ким?
Жулукка тээп жаткан ким?
Аларды койчу, байболгур,
Түгөндү жеми аттардын.

* * *

Билегине каруу-күч толмоюнча,
Беттешкенин күрөштө жыкмак беле.
Акыл-эсте козголоң болмоюнча,
Атырылып асыл ой чыкмак беле.

Жашоодогу карама-каршылыктар,
Өсүштөрдүн башаты, пайдубалы.
Жамгыр сымал жааса да жакшылыктар,
Эсте болсун капылет кайгы бары.

* * *

Өйдө-төмөн өкчөлүп өмүр деген,
Мезгил-закым, мерчеми көрүнбөгөн.
Такты-таажы талаштык табийгаттан,
Теңтуш болуп алгансып Теңир менен.

Тунук десем бул күндөр ылай белем,
Жазмыш болсо кантейин, чыдайм дегем.
«Жаңы кыргыз» дегендер кайдан чыкты?
Курдаш болуп алгансып Кудай менен.

Чөнтөктөбү кудурет, муштумдабы?
Же жашоонун маңызы ычкырдабы?
Шапар тээп, шарактап жүрүшпөйбү,
Жалаң гана дүйнөнүн «устундары».

Жаш өйдөлөп, өтүүдө күн билинбей,
Бир ай болбос жаштыктын бир күнүндөй.
Жөөлөп өтөт жанымдан жапжаш жигит,
Өзүн сезип ааламдын киндигиндей.



* * *

Жокту жок дейт, неге бар дейин,
Менде деле сенин даргөйүң.
Тирүүлүккө, мейли, шүгүр деп,
Уусун ууртап, кантип «бал» дейин.

Келесоого кел-кел жолугуп,
Бийлик тийсе кантсин, жолу улук.
Алп Манаска теңеп ийишет,
Ары жоктор мүлдө чогулуп.

Колчабарлар колду чаба бер,
Өзгөлөргө айып тага бер.
Чындыктардын көрүстөнүнө,
Чыдай алар бекен кара жер?

## ТӨЛӨНГӨ

«Эл дегендер ажалынан эрте өлүп,
Эл жегендер көпкө жашайт турбайбы».

*(А.Өмүрканов)*

Каргадай башта качан да болсо бир өлүм,
Жетиккен жерде түбөлүк токтоор жүрөгүң.
«Жакшы адам болсоң жүз жылдан ашык
жаша» – деп,
Жараткан неге ичирип койбойт мүрөгүн?

Бул дүйнө үчүн ар адам кымбат коногу,
Жакшынын бирок, өмүрү кыска болобу?
Куюндай болуп куюлуп келип кеткен соң,
Кылымдар бою айтылып бүтпөс жомогу.

Же алар бизге жылдыздан түшүп келгенби?
Жасатын жуурур турпагы башка жерденби?
Ата Журт үчүн айлантып алтын казыкка,
Аялдар неге аз төрөйт мындай эрлерди.

## ЖАРЫМА

Сени мага, мени сага энчилеп,
Өмүр бою бир-бириңди ээрчи деп.
Тагдыр бизди кошуп койгон турбайбы,
Ташпиш тартып, жашап жүрбүз элчилеп.

Жылдар өтүп, жылып кирип карылык,
Жаштык кетти этек-жеңин кагынып.
Сөз түгөнбөй, божурашып келебиз,
Күндө жаңы, кызык тема табылып.

Так түйнөктөй, балким, кээде чалабы?
Аткарылып келет турмуш талабы.
Очор-бачар, ордолуу шаар курууда,
Баштан өттү жакшысы да жаманы.

Жетип-жетпей, күрөш менен күн өттү,
Кейибедиң кийбедим деп жибекти.
Эми минтип эр ортондон өткөндө,
Уул-кыздар жыртпасакен жүрөктү.

Көңүл бурбай менден кеткен катага,
Куштай багып, кир жугузбай жакама.
Ооруп калсам чимирилип жанымда,
Окшош болуп баратасың апама.

## КӨКБӨРҮ

Жер тытып, чаң чапчып күлүктөр,
Көөдөндө булоолойт күйүп тер.
Көкбөрү – эрендер оюну,
Эр болсоң, шер болсоң кирип көр.
Кыргызды кыйырга таанытчу,
Мына ушул кылычтай жигиттер.

Көкбөрү эски оюн, эң эски,
Эмне бар дүйнөдө теңешчү.



Кашка тиш камчыны карс бөлүп,
Бул эмне, намыспы, эгешпи?
Топ жарып суурулуп келаткан,
Атпы же кентавр эмеспи.

Эр жигит өзүнө ишенет,
Улакка оролгон тизе бек.
Аты да багытын шарт буруп,
Тайказан тарапка түзөлөт.
Аңгыча, аттиң ай, жыгылды,
Армандуу кишенеп, кишенеп.

Бул ирмем сыйбастыр акылга,
Шалданып адамың, атың да.
Эңишип, талашып, тартышат,
Жигиттер аттардын чатында.
Анакей, булт этти бир күлүк,
Кетти улак дагы бир такымда.

Ордунан түйүлүп каркыбар,
Ызы-чуу, тарсылдайт камчылар.
Оогон ээр оңолуп кайрадан,
Басмайыл бегирээк тартылар.
Эрдикти оюнга айланткан,
Эх, атаң, кайсы элдин салты бар?

## АРГЫМАК МЕЗГИЛ

Бу мезгил – азоо аргымак,
Кубулөт күндөр-жалбырак.
Жүлгөсү өчүп жүлүн жол,
Азгырат бирок, алды жак.

Сапары карып, күн арып,
Санаадай уюйт мунарык.
Шалдайып жатат талаалар,
Шамалга боюн сыланып.

Уясын ачып жапты ким?
Кызыл чок болуп батты күн.
Талыкшып турган табийгат,
Үргүлөп барат, аттигиң!

Илеби кайткан күн сымак,
Ийменчээк сезим умсунат.
Кымча бел, кызыл жүз келин,
Кымызга чылап ыр сунат.

## ТООЛОР

Ээ болгон алакандай Мекенине,
Элим бар, мен бактылуу экемин ээ.
Кыргызым кылымдарды карытыптыр,
Тоолордун тооп кылып этегине.

Аралап кокту-колот, адырыңды,
Дайралар кан жүгүргөн тамырыңбы?
Эркелеп коюнунда жүрбөйбүзбү,
Тоолорум, билип-билбей кадырыңды.

Эртеңим эмнегедир ага жакпай,
Ээрчитсем балалыгым кошо баспай.
Тоолордун арасына кирип кетип,
Аскада калып калды Кожожаштай.

Тоолордон алыстаган айыбыма,
Акарат кеп тийгизбей дайынына.
Баратам кайрат алып караанынан,
Жетүүгө карылыктын айылына.

## ЖҮРӨКТӨРДҮ ООРУТУП

Чагылганды ноктолоп, куюн кармар,
Экөөбүздөн он эсе кыйындар бар.
Өтүп кетти дүйнөгө түркүк болбой,
Миллиондор пир тутуп сыйынгандар.



Билбейм, анан кайсыга чиренебиз,
Туура жашап жүргөнсүп бир эле биз.
Абийирибиз булайып чыгып турса,
Аныбызды каякка жиберебиз.

Башыбыздан нелерди кечирбедик,
Унутулуп, кеттикпи кесирленип.
Жүрөктөрдү оорутуп жүрөбүзбү,
Өзүбүздү турмушта көзүр сезип.

Издегендин табылбай баш-аягы,
Ырас эмей, жаныңдын кашаяры.
Кайдыгерлик кан-жанга сиңип алып,
Адамдарда жакшылык азаябы?

## МАКОО

Жалгыздык – жакыныңдай,
Чакырбай, чакырылбай.
Өмүрүң чоочуркатып,
Өтүүдө акырын, жай.

Түндөрүң азап-кайгы,
Күндөрүң тажатпайбы.
Өкүнүч, арман кылып,
Көзүңдөн жаш акпайбы?

Сен эмне, мерессиңби?
Абыке, Көбөшсүңбү?
Же адам кейпин кийген,
Макулук эмессиңби?

Чакырбай, чакырылбай,
Чөйрөгө батырылбай.
Өмүрүң өтмөк болду,
Атаны катыгүн ай!

## СУРАНЫЧ

Эсеби жок, канча күндөн кагуу жеп,
Канча күндүн кадырына жеткеним.
Бул өмүрдүн кошуусунан алуу көп,
Билбей турам кантип кемип кеткенин.

Бабалардын милдет – жүгү бизге өткөн,
Чоң өзгөрүү самайт, балким, жер жүзү.
Өмүр бою жандырмагын издеткен,
Турмуш өзү бир чоң суроо белгиси.

Ойлобойсуң көпөлөк деп күбөнү,
Качыр деле даңкан таштайт туяктан.
Өсүмдүктүн таруудай бир үрөнү,
Жарып чыгып, аска-зоону ураткан.

Күрөшүү – бул тирүүлүктүн кыймылы,
Өсүштөрдүн дөңгөлөгү эмеспи.
Ушул окшойт тагдырымдын буйругу,
Ыр дүйнөсүн аттап кирдим. Же кечпи?

Табылдыбы сен каалаган кайрыктар?
Аз да болсо арттырдымбы кубаныч?
Анте албаса китебимди айрып сал,
Ыр сыйласаң, ушул сенден сураныч?!

## ЖАШТАРГА

Жеңилдик, жеңдик, толкудук, таштык,
Кылымдын кыйыр ашуусун аштык.
Тарыхтын жаңы барагын ачып,
Кылычтай шилтен, жалында жаштык!

Мекениң күтөт, жаз болуп жайыл,
Кулпуруп талаа, гүлдөсүн айыл.
Ата Журт үчүн арам ой болсо,
Атылып октой, найзадай сайыл.



Чагылган болуп чагылсын өмүр,
Атанын эмес, журт уулу дедир.
«Калкым» деп мейли, канатың күйсүн,
Икардай күнгө атырыл же бир.

Каруу-күч, кайрат, жаштыгың барда,
Каныңды эрте муздатып алба.
Кылымдын актай барагы күтөт,
Оомийин, жөнө! Жолуңдан калба!

* * *

Биздин жүрөк чоң сезимге жардыбы?
Таарынычпы, же көңүлдөр калдыбы?
Ортобузда бороон боздоп, а сыртта,
Куюп жатты апрелдин жамгыры.

Бар бололу «абал кандай?» дешерге,
Көктүк кылып, болбос ишке көшөрбө.
Кел эмесе, көңүлдөрдү тазартып,
Бир чайынып алалычы нөшөргө.

## АЗА ЫРЫ

Ишенерим, издээрим, караганым,
Көлөкөлөп, баанектер саябаным.
Кыл чайнашкан бул өмүр сапарында,
Таянарым бар эле, таянарым.

Тегиз болуп жүрүүчү телегейим,
Майрам эле, той эле жөн эле күн.
Колтугумдан көмүскө сүйөп турар,
Жөлөнөрүм бар эле, жөлөнөрүм.

Мунарыкпы?... Муздак нур... Желеде күн...
Бир канаты кулады керегемин.
Ээсиз калган ээндик дүйнөсүндө,
Эми кимге таянып-жөлөнөмүн?
Эми кимге таянып-жөлөнөмүн?

## УРААЛАП ДАҢКТАЙ БЕРЕМИН

Уйпалап турмуш, чарчап жан,
Улуу тоо жакка тартат кан.
Жол улай конуш которуп,
Жок издеп келем жан жактан.

Байырлап бийик асканы,
Бабалар изи таштабы?
Баштарын сайган намыска,
Байыркы кыргыз башкабы?

Түтөгөн кыргын-чабыштан,
Тоолорун коргоп калышкан.
Таштарга кайрап тагдырын,
Тарыхка кирип алышкан.

Кылымдар бою чуу болуп,
Куюлуп аккан суу болуп.
Кырк чоро баштап алп Манас,
Кыргызга келген туу болуп.

Уюгу улар, текенин,
Улуу тоо менин Мекеним.
Ураалап даңктай бермекмин,
Улутум кыргыз экенин.

## КАЯКТАСЫҢ

Сөз тийгизип аласың сакалыңа,
Сабыр кылып олтурчу катарыма.
Сокурлардын авлети карамакпы,
Сөөлөтүңө, кадыр-барк, атагыңа.

Өкүр-бакыр, башыңды ургун ташка,
Өттү-кетти ооматың, бул күн башка.
Өмүр артка кайрадан кайрылмакпы,
Өчүрүп кой ызанды шылдыңдашса.



Уга турган киши жок калыс кепти,
Уулуң ууру, кызыңдан намыс кетти.
Уюткулуу эл элек, майдаланып,
Уят деген улуу журт алыс кетти.

Сапарыңдын табалбай аяк-башын,
Сакалыңа салаалап агат жашың.
Сака болуп элиме кут жылдызын,
Сайып түшөр азамат каяктасың?

* * *

Мезгил кымгуут, сапырылган куюндай,
Ыргытылат абийир эски буюмдай.
Сакалыбыз садагага чабылды,
Бир сорулуп өчүрүлгөн чылымдай.

Түшүналбай эмне шумдук болгонун,
Бир кармабай акыйкаттын колдорун.
Абийир түгүл адамдык бүт парасат,
Курмандыгы болуп кетти ордонун.

Атуулдуктун укуктары тушалып,
Көкүрөккө чөгүп калды ызалык.
Үмүттөрдүн өчкөн менен оттору,
Коломтодо чогу жатат кызарып...

* * *

Аяптоор, эл элек тарыхта,
Айланып кеттикпи балыкка?
Жүдөгөн баштарды көтөрүп,
Жүргүлө, жүргүлө жарыкка!

Булактай туптунук ыйманы,
Журт элек кылычтай кындагы.
Дөөлөттүн кулуна айланбай,
Бололу абийирдин кулдары.

...Чычалап чындыктан үн чыкса,
Кубанып, калыстык тумчукса.
«Калкым» деп калп эле күйбөстөн,
Байкеси, асти сен унчукпа!

* * *

Турмуштун күңгөйү бар, тескейи бар,
Каратып кендиринди кесмейи бар.
Каны бир аталышың болсо деле,
Кээ күнү жаман-жакшы дешмейи бар.

Сапардын алысы бар, жакыны бар,
Ааламды акылыңа батырып ал.
Максаттар кайчы келип калат кээде,
Бир болгон менен деле жатыныңар.

## ТӨРТ САПТАР

Маселелер ойдо жактан чечилип,
Эсептешмек беле: «Каршы, макул ким?»
Калың журтка кажети жок эмеспи,
Алаканды чабуу үчүн акылдын.

* * *

Дымагы күч, көктү чапчып көөдөнү,
Бирок, какшып баратабы мээлери.
Эмне болот эртеңкиси урпактын?
Кагылайын, кан сарайдын ээлери!

* * *

Жансерек жарлыгы көп,
Чындыкка каршы турган.
Зордугу, зарлыгы көп,
Бийликке калкы курман.



* * *

Ондоого убакыт аз каталыкты,
Тирүүлүк бир гана ирет берилиптир.
Турмушта жеңип, балким, жеңилерсиң,
Асти сен Абийириңден жеңилип жүр!

* * *

Кагылайын баёолук ай, кантейин,
Мококсуңбу, жалтаксыңбы ушунча?
Ээрчип эле жүрө бербей анчейин,
Бир «шаңк» этип койчу тоонун кушунча.

* * *

Алоолоп, жалын чачып, жанбаган соң,
Кылычтай же шилтене албаган соң.
Кесиптеш! Колдон келген ишти кылып,
Арзымат болбо калем кармаган соң.

* * *

Ушундайбы бийлик, ирециң?
Ташка тийип үмүт-тилегим.
Чыркыраган чындык үнүнө,
Чыдай алар бекен, жүрөгүм?!

* * *

Кыйкырык эмес, урааны менен,
Кыргыздын кыйын кыраны дегем.
Коктудан чыкпай тарп аңдып жүргөн,
Куш эмес, кокуй, кулаалы белең?..

## ЭКСПРОМТ

Табалбай алапайымды,
Байкатпай көлөкөңө,
Тийгизем алаканымды.

* * *

Жүрөгүмө бир жылуулук көтөрүп,
Сенден чыктым,
Мени коштоп, жылмайгансыйт көчө бүт.

* * *

Мага бир чоң ырайым кылгылачы,
Кабарын сүйүнчүлөп сүйгөнүмдүн,
Телефон шыңгырачы, шыңгырачы?!

* * *

Энеңдин сүтү менен энчиленип,
Башыңды салаңдатып жаша деген,
Берилген жоктур сага ээрчимелик.

* * *

Тартынбаган кан-бийден,
Ташкайрактай жан элең,
Тарыптыр го жан дүйнөң.

* * *

Оо тар дүйнө, тар дүйнө,
Төртөөбүздө жок болсо,
Бешинчиде бар дүйнө.

* * *

Чыкты да батты күн,
Эшиги ачылбады,
Эңсеген бактымын.

* * *

Бул жашоодо экөөбүз,
Бирин-бири тиктеген,
Болуп калдык эки өйүз.



* * *

Үйрүлүп мага үзүлүп,
Төрүмө чыгып алган соң,
Капшытта калдым сүзүлүп.

* * *

Чалкалап жапжашыл май,
Мөлтүрөйт шүүдүрүмдөр,
Кубанычтын көз жашындай.

* * *

Кокуйлар а-ай, кокуйлар,
Күн да келет акыры,
Силер дагы кокуйлаар.

# Махабат – бүтпөс дастаным

## БИР СЕЗИМ

Ичтеги куюнбу, жалынбы?
Жарчудай, жулчудай тамырды.
Уюлгуп, удургуйт бир сезим,
Күйгүзүп ийеби каныңды?

Өкүнүч, а балким багымбы?
Унутуп намысым, арымды.
Суурутуп баратат окшоймун,
Жанымды, капырай, жанымды.

Куушуруп туш-тарап жагымды,
Каршылык көрсөтөр чагымбы?
Бул укмуш сезимден жеңилип,
Хан болсом бермекмин тагымды.

Акыры кетирип жайымды,
Анакей, оодарып шайымды.
Каныма, жаныма айланып,
Жүрөккө, жүрөккө сайылды.

## СҮЙҮҮ МЕНЕН КЕЗДЕШЕЛИ

Тырс-тырс чертип үйлөрдүн терезесин,
Сүйүү жүрөт каккылап эшиктерди.
Тутка кылбай турмуштун эрежесин,
Көрсөтөлү, келгиле, эшик-төрдү.



Жан дүйнөнүн жаңсоосун сезбеш деген,
Сүйрөп жүрүү-сүлдөрүн макулуктун.
Сүйүү менен бир ирет кездешпесең,
Жок дегенде күн алыс атын уккун.

Махабатка бир жолу жолугалбай,
Жашап өтүү тирүүлүк азабы да.
Арманы жок макулук болуп албай,
Сүйүү багып жүрөккө жашагыла!

## КҮТҮҮ АЗАП ЭКЕНИН БИЛБЕЙСИҢБИ?

Кармай коём деп ысык билегиңди,
Кайрып алып капылет жүрөгүмдү.
Билбей жүрөм өзүңсүз өмүрүмдүн,
Калга күнүн кандайча сүрөрүмдү.

От жагылып жүрөккө, каректе Күн,
Же билсеңчи сен анын себептерин.
Бул жашоодо барсыңбы? Олжом ошо,
Бактым ошол эмеспи, демек менин.

Ширин-ширин сөздөрдүн курамдарын,
Сапка тизип, өзүңө ыр арнадым.
«Уурдап кетпей ушундан көрө» – деген,
Уюп жатат жүрөктө бир арманым.

Сүйүү кандай чен менен ченелерин,
Тирүүлүктө ага эмне теңелерин.
Билбейм, бирок, сезимде ыр тайраңдап,
Тегиз болуп жүрбөйбү телегейим.

Келип-келбей, кечигип жүрбөйсүңбү?
Жүрөгүмө баш бакпай, кирбейсиңби?
Же чын эле сүйүүдө бардыгынан,
Күтүү азап экенин билбейсиңби?

## ЭСКИ КОРГОН

Эсимде жок, жамгыр беле, кар беле?
Жаныбызда бирөө-жарым бар беле?
Эски коргон. Эски чапан жамынчы,
Айтып жаттың окшойт мага ар деме.

Эсимде жок, чак түш беле, кеч беле?
Жаңы келип түшкөн окшойт көч деле.
Эски коргон. Жамынчыбыз бир чапан,
Андан башка эсимде жок эчтеме.

Конушу бир, коңушу элек кезинде,
Эски коргон, эски чапан эсимде.
Балапандай колтугумда бүрүшүп,
Калып калдың ууз бойдон сезимде.

Ошол эски коргон бүгүн шаарым,
Кол узарып, чайлап турган маалым.
Бир топ эле татып койдук окшойт ээ,
Бул турмуштун ачуу-таттуу даамын.

Ар-ар кимден сурап турмуш-жайыңды,
Жакын сезем сен жашаган айылды.
Элүү жаштан эбак өтүп кетиппиз,
Эңсеп жүрүп бир кайнатым чайыңды.

* * *

Жамгырга калсаң чыкпачы,
Жалбарсам мейли, укпачы.
Жел тийет андан көрөкчө,
Жылуурак жатып уктачы.

Санаага батып буюгуп,
Сагыныч ыры куюлуп.
Сабыла күтсөм мейличи,
Суукка калба урунуп.



## АЯЛЗАТЫНА

Үйдүн куту, уюткусу тагдырдын,
Аял – эне, жароокер жар, жан курбуң.
Жетем десең жүрөгүнүн төрүнө,
Жеңиш менен өтүү керек ар бир күн.

Жүрөк булкуп, бүткөн боюң селт этчү,
Бир карашы өмүр бою дегдетчү.
Аялзаттын арзуусуна татыбай,
Жашап өткөн эркек дагы эркекпи?

Балек бошоп, чактуу беле чама-чарк,
Быкшып өткөн күндөр жүрөк канатат.
Айылымдагы алмончоктой келиндер,
Атаганат, эрте карып баратат.

Аялзаты – шагы ийилген мөмөсүң,
Эң башкысы – улутума Энесиң.
Кан сарайлар күмбөз болор элиме,
Кыздарыбыз сатып жүрсө денесин.

## САГЫНЫЧ

Сагынчым – каттарымда,
Ырымдын саптарында.
Көбөйүп бара жаткан,
Чачымдын актарында.

Көмүскө кайнап, күйүп,
Көкүрөк жайдак жүрүп.
Кыялап кыр ашарда,
Кезиктиң жайнап-күлүп.

Алдыңбы томогомду?
Салдыңбы жоболоңду?
Капылет этегиңе,
Кайран баш томолонду.

## БУЛ КАТЫҢ АКЫРКЫ ЭМЕСТИР

Ардагым, асылым, кымбатым,
Акыркы эместир бул катың.
Кечигип болсо да сездикпи,
Сүйүүнүн кадырын, урматын.

Бул катың акыркы эместир,
Жазарсың эртедир же кечтир.
Биз тапкан махабат майрамын,
Тагдырдын оюну дебестир.

Болбостур бул катың акыркы,
Мен үчүн ачылчы, чачылчы.
Өмүрдүн өкүнчүн көбөйтпөй,
Чакырчы, чакырчы, чакырчы...

## БАЛЫГЫМ

Жарыгым дейинчи, жарыгым,
Жанымдын ээлединң жарымын.
Жан дүйнөм жагылган от болуп,
Жалбырттап баратат жалыным.

Арзуунун акыны Барпынын,
Арманы башымда, алтыным!
Ааламды аңтарып таппасмын,
А бирок, өзүңдөн артыгын.

Балыгым дейинчи, балыгым!
Башаты өзүңдө багымын.
Бул жашоо ушунча кыска экен,
Бар болчу, мен сүйгөн айымым!

* * *

Табият сени татына, сулуу жаратып,
Кол жеткис кылып койгонун кара саматып.



Караанын көрсөм калтырак басып боюмду,
Айланып өтөм алдыңан тосуп баратып.

Куюндай келген бир сезим бийлеп эркимди,
Жүрөгүм сенден жаракат алып мертинди.
Каалабай турсаң дүйнөмдү бөөдө кул кылбай,
Өчүрүп салчы, өчүрүп салчы өртүңдү.

## КЕТЕЙИН ДЕДИҢБИ?

Эмне, сен, кетейин дедиңби?
«Кош» дешүү ушунча жеңилби?
Күтпөгөн күйүттү тартуулап,
Мертинтет окшойсуң белимди.

Кантемин кандагы сүйүүнү?
Каалабайм жоготуп ийүүнү.
Махабат оюнбу сен үчүн?
Же көйнөк алмашып кийүүбү?

Чын эле, кетериң ыраспы?
Унутпай эскерип жүр, асти.
Ноктолоп коюуга болбогон,
Не кылам бу сезим жыласты?

* * *

Биз жолуктук, буйругубу тагдырдын,
Маңдайына жазбагандыр ар кимдин.
Толкуп-ташып, тойго бара жаткандай,
Майрам болсун жол тогошкон ар бир күн.

Кокус калар бир жакшы ырым жазылып,
Жүрө берчи жүрөгүмө жашынып.
Тойдон кетип бараткандай, өмүрдөн,
Өтөлүчү махабатка баш уруп.

## КЕЛЕМБИ?

Жүзүмзар. Жамгыр. Күз эле,
Жолукпай жүрүп жолугуп.
Кол сунбай мага түз эле,
Негедир турдуң корунуп.

Ак жамгыр аймап жүзүңдү,
Балтырың сылап жел өбөт.
Баш паанек кылып жүзүмдү,
Бутакка төшүң жөлөнөт.

Көңүлдө барбы кусалык?
Көздөрүң тиктейт муңайым.
Жашоого келди күз анык
Жазмышты кандай кылайын.

Аймалап жатты ак жамгыр,
Мен билген алоо денеңди.
Качандыр, кайсы жактан бир,
Кайрылып сага келемби?

## КЫЗДЫН ЫРЫ

Ай тосуп чыккан жокпуз,
Арманым уккан жоксуз.
Ашыктык балын бирге,
Аттиң ай, жуткан жокпуз.

Күн тосуп чыккан жокпуз,
Күлкүмдү уккан жоксуз.
Кошулуп сүйүү балын,
Кантейин, жуткан жокпуз.

Жол алыс болуп калып,
Жаз алды жолукпадык.
Жүдөтүп жибердиңиз,
Жүрөккө конуп калып.



Уурдаткан жаштыгыма,
Убайым басты мына.
Узун түн жаш төгөмүн,
Уурданып жаздыгыма.

## БИЗ ЭГЕР ЖОЛУКПАЙ КАЛГАНДА

Биз эгер жолукпай калганда,
Жок эле өкүнүч, арман да.
Бейкапар жашоодон айрылдым,
Уурдатып уйкусуз таңдарга.

Алым жок, жок эми аргам да,
Сезимди өчүрүп салганга.
Көңүл тынч, беймарал болмокмун,
Балким, биз жолукпай калганда.

Чын эле, жолукпай калганда,
Алаксып көр оокат, мал-жанга.
Карта ойноп олтурмак экенмин,
Саясат үйрөтүп чалдарга.

Денеде кыбырап жан барда,
Сүйүүсүз жашоо – бул арман да.
Тагдырга миң ирет ырахмат,
Бирок, биз жолугуп калганга.

## АКЫРКЫ КАТТАР

### 1. КАТ

Окшош экен тык-тык басканы,
Сенби, жаным? Балким башкабы?
Күтүп жүрүп күндө, билинбей,
Өтүп бара жатат жаш дагы.

«Сүйөм» дедиң. Бекер экен кеп,
Тыңшайм сыртты, келер бекен деп.
Бир кайрылып келип калп эле,
Үмүтүмдү кетчи бекемдеп?

## 2. ЖООП

Үмүт багып элдей биз деле,
Күткөнүбүз ушул күз беле.
Жүрөгүмө буйрук бере албай,
Кеттим эми, мени издебе!

Бул турмуштан эмне күткөнүм,
Келбейт сага күнөө жүктөгүм.
Бирок, сезбей койдуң, кантейин,
Ортобузда сүйүү бүткөнүн.

Келди мына, коңур күз деле,
Жибибеди, бирок, муз дене.
Азаттыгым үчүн сайдым баш,
Жигит болсоң мени издебе!

## КАЯКТАСЫҢ?

Каяктасың, жан эркем, каяктасың?
Бүркөө беле кетерде кабак-кашың.
Тапкан элем өзүңдү коңшу үйдөн,
Тинтип жүрүп Таластын аяк-башын.

Таарыныччтын тамырын жайып коюп,
Тобокелге тагдырды сайып коюп.
Караан үзүп, көрүнбөй кайда кеттиң?
Өзүңө эмес, өзүмө айып коюп.

Алоо болуп жүргөндө аптабыңа,
Астанамды капылет аттадың да.
Жөнөп кеттиң, элесиң калып калды
Өзүң жазган сагыныч каттарыңда.

Каяктасың, жан эркем, каяктасың?
Билбей жүрөм, деги кай тараптасың?
Шүгүрчүлүк кылганым, ырга айланып,
Дептердеги саргайган барактасың.



## АК КУУ

Качанкы бир жоготкон күндөрүмдү,
Кайра келип калар деп жүрбөдүмбү.
Пайгамбарлар баш ийген махабаттын,
Кадыр-баркын билдимби, билбедимби?

Жүрөгүмө сайылган желек болуп,
Тирүүлүктө бир келген белек болуп.
Аягы алтын, кашыгы күмүш күндөр,
Келе жатат өмүргө жөлөк болуп.

Кусалуу жаз күндөрдүн бир күндөрү,
Каалгасын кең ачып «киргин» деди.
Бал ууртатып, кумарым канып-канбай,
Кайып болуп кетерин билдирбеди.

Куйкалады махабат жалынына,
Ала-салдым миң ирет агымына.
Аккуу болуп кетти окшойт Айчүрөктөй,
Айланганда жанымдын жарымына.

* * *

Үч күндөн бери жамгыр тынбай төгөт,
Үч күндөн бери ооруйм. Көңүл чөгөт.
Кусалык кулгунадай ырбай берип,
Дабасын күткөм сенден, «көрүнсө» деп.

Тазартар десем жамгыр сезимимди,
Үйөрдөй үйүп кетти кайгы-муңду.
Келериң, келип, ачпай эшигимди,
Кетипсиң. Биротоло айныдыңбы?

Келгенин байкабапмын жаздын деле,
Уурдатып убайымга күндөрүмдү.
Мен сага кай жеримден жаздым неге?
Кайрылып келет го деп жүрбөдүмбү.

* * *

Тааныш жыт, көнгөн эрин, жакын дене,
Чыгарбай чырмап алган чачың-желе.
Мас кылган махабаттын майрамына,
Өзүндө калбагандыр акым деле.

Жолуксак туйлап-бийлеп канымда күн,
Кеталбай күндөп-түндөп жанындамын.
Эсимде ак денеңдин ар бүктөмү,
Билемин кай жеринде калың барын.

Жаралган окшоп менин керегиме,
Чатырап келген кезиң кемелиңе.
Тирилик ташпишине шилтеп колду,
Сүйүүнүн сүңгүп кеттик тереңине...

## ЧАРЧАП ТУРАМ

Чарчап турам, олтурайын жаныңа,
Жылытарсың жүрөгүңдүн табына.
Этегимден тартып турат элүү жаш,
Шүгүрчүлүк, аткан ар бир таңыма.

Каңкууланып алды жактан дайыны,
Алыс эмес алтымыштын айылы.
Коломтодон коюу түтүн чыгарып,
Ичпей калдым окшойт ысык чайыңы.

Чыр-чыр этип чындык ыйлап ийгенде,
Астын-үстү болот ички дүйнөмдө.
Канаат кылып жүрө берет окшоймун,
Күн алдынан эптеп орун тийгенге.

Араң шилтейм, салмактанып кадамым,
Кайда менин караан тутар адамым?
Алтын десем жез карматкан күндөрүм,
Кечиргиле, мен силерден жададым!



* * *

Ызалуу арманымды,
Ырбатып албадымбы.
Көрсүн деп көз жашымды,
Сени издеп барбадымбы.

Жайначы, жаркылдачы,
Жашпызбы? Тартынбачы.
Колуңду сунчу мага,
Көңүлдү калтырбачы.

Уурдалып барат жашым,
Уурданып агат жашым.
Азаптуу махабатым,
Адашып каяктасың?

* * *

Күндөн күнгө сыны чыгып денеңин,
Гүлүн ачып, жайнап барат кемелиң.
Таза бойдон сактай алар бекенбиз,
Табийгаттын тартуулаган белегин.

Башкача экен бажырайып күлгөнүң,
Аалам жарк дейт кошулгансып Күнгө Күн.
Бул дүйнөнүн эң бактылуу эркеги,
Эгер сага жеткен болсо кимде-ким.

Бах, сулуулук, кандай гана керемет,
Мындай асыл кылымда бир төрөлөт.
Адырандап асман тиктеп баратып,
Албайлычы капылеттен тебелеп.

* * *

Жыпар жыт «бур» дей түштү киргенделе,
Сен келип кеткенсиң го бул бөлмөгө.
Аярлай турсаң деле болмок экен,
Каниет кылат элем бир көргөнгө.

Турмуштун тумшугуна чокуттуруп,
Бу мезгил койгон менен тотуктуруп.
Баладай кыял күтүп жашап келем,
Үнүңдү бир укканга топук кылып.

Кыналып катарымда турбасаң да,
Үмүткө бир ишарат кылбасаң да.
Элесиң эс-акылды ээлеп алып,
Ээрчитип кетет мени Ыр-жаханга.

* * *

Күлөсүң, карайсың, күлөсүң,
– Кызыктай экен, – деп, – мүнөзүң.
Капылет дүйнөмө кирдиң да,
Канымда жүгүрүп жүрөсүң.

Жолуксак сөз таппай аптыгып,
Жүрөгүм калыптыр жактырып.
Жашоону айлантып майрамга,
Жүрө бер канымда каткырып.

Жаркыным, мага сен майрамсың,
Жөн күндөр тойлорго айлансын.
Жеңиштин желегин, анткени,
Жүрөктүн төрүнө сайгансың.

Карайсың, күлөсүң, карайсың,
Калп эле чачыңды тарайсың.
Кадырлап алууга өзүмдү,
Карындаш, сен гана жарайсың!

* * *

Жалгыздыкта баанек издеп өзүңдөн,
Келсем, жаным, жабык экен жүрөгүң.
Илеби муз, текеберлүү көзүңдөн,
Ары өтүүгө жылчык таппай жүрөмүн.



## КИРЧИ, ТҮШҮМӨ

«Көрүнбөйлү, – дейсиң, – кишиге»,
Анан кантип сага жолоюн.
Жатар замат кирчи түшүмө,
Түнү бою бирге болоюн.

Мезгил жоомарт, коёр кечирип,
Сага деле жаным, түшүнөм.
Тагдырыма келдиң кечигип,
Кечикпечи, бирок, түшүмөн?

* * *

Иймене келип-кетүүчү,
Издериң калып жүрөктө.
Арзуунун асыл күндөрү,
Айланып кетти сүрөткө.

* * *

Махабаттын майрамына мас болуп,
Ыраа көрбөй таманыңа чаң жерди.
Жүргөнүмдө, күтүлбөгөн кырсыктан,
Сага деген аруу сезим жан берди.

* * *

Жаштыгымдын бир жакшына ирмемин,
Издейм, жайып өткөн күндүн түрмөгүн.
Таппасак да чогуу издешип көрүүгө,
Жаным, сен да кайра келип жүрбөгүн?

## КЕЛДИҢ, БИРОК...

Бир кайрылып келмек элең, келдиңби?
Бирок, сенден күткөнүмдү таппадым.
Өкүнүчтөн кесе тиштеп эрдимди,
Эңшерилип турат бүгүн капталым.

Өзгөчө бир жан элең го жайдары,
Жоготуудан утулдумбу, уттумбу?
Келип-кетип кымгуут сезим кайдагы,
Балынбы же... балким, уусун жуткурду.

Өттү-кетти ал бактылуу ирмемдер,
Кусалуу бир эскерүүгө айланып.
Өзгөргөн жок жолугушуп жүргөн жер,
Биз өзгөрдүк көр оокатка байланып.

Демейки эле сөз козголуп ортодо,
Жөн тааныштай бирге олтурдук чай кайнам.
Мен суктанган мүнөз кайда? Ой тобо!
Кадырлашып жашайт белек, ай кайдан?

* * *

Жүрөгүңдүн ээси анык ким?
Дүйнөң чоочун, мага жабыксың.
Көмүскөдө жүрүп, капырай,
Кемелиңе келип алыпсың.

Үзүп келген гүлдөй эми эле,
Үлбүрөйсүң козгоп делебе.
Шоокумуна жаздын киринип,
Сиңирдиңби нурун денеңе?

Бажырайып өрүк гүлүндөй,
Кайда жүрдүң эле билинбей.
Сугу кокус өтүп кетпесин,
Суук көзгө жүрчү илинбей.

Автордун «Муздак тамчылар» жыйнагы 2006-жылы «Жетимен» фондусу уюштурган «Байдылда Сарногоев атындагы эл аралык сыйлыкка» татыктуу болгон. Фонддун президенти Б. Шерниязов.



## «Муздак тамчылар» жыйнагынын 2-басылышына толуктоолор (2006-жыл.)

### БОРООНДУУ КЕЧ КҮЗДӨГҮ БОРОШОЛУУ ОЙЛОР

Жабыгып улам жан дүйнө, туюм,
Удургуп булут, уюлгуйт куюн.
Кабарлап жатат окшойбу деймин,
Карайлап турган замандын куйүн.

Ызгаары күздүн өктөмдүк кылат,
Кең дүйнө тарып кеткенсип турат.
Үшүтүп бойду үшкүрүк чыгып,
Үмүттүн оту өчкөнсүп турат.

Күрөштүн куну – жеңишти туймак,
Көк түтүн бүркүп, көл үстү туйлап.
Чокулар тилип этегин дал-дал,
Булуттар тоодон келишти ыйлап.

Буулугуп асман, эшилип карды,
Чагылган тийип тешилип калды.
Асты-үстү болот алаамат дүйнө,
Ачылып калган эшиги барбы?

Бороону боздоп, сапырып көлдү,
Борошо кышты чакырып келди.
Табият улуу күрөштү бүгүн,
Карекке минтип батырып берди.

...Аязга дене кайыкса мейли,
Ата Журт эле айыкса дейли.

Каруусун казык кылбаган өлкө,
Жыгыла берет айыпка дейби.
Кайрылып кайра Семетей келет,
Айланып кеткен кайыпка дейби...

## АЯЙЛЫЧЫ МЕКЕНДИ

Алсыраган алакандай Мекенди,
Аяп жүрүп арман менен өтөмбү?
«Кыргыз деген кыйын журтту сакта» – деп,
Жаны күйүп, жардам берер чет элби?

Какыс кылып, бийлик деген бечелди,
Көңүл улап, сылап-сыйпап чекемди.
«Жаманымдын узун болсун жаны» – деп,
Бекер бакыт тартуу кылар чет элби?

Майрам эмес майкан кылса көчөмдү,
Кыңк эте албай орун берип көчөмбү?
Коңшулар колтугуна батырбай,
Баанек кылам анан кайсы чет элди?

Билгин кимдер алыс-жакын экенди,
Көргөзүшүп коёт бекер Көкөндү.
Өрт түшүрүп алабызбы өзөккө,
Аяйлычы алакандай Мекенди!

## БЕЛЕГИМ

Элетте жашайм, элетте,
Баш ийип шартка, себепке.
Калкыма берип калсам дейм,
Көз өтүп кете электе.

Айылда жашайм, айылда,
Агайын-тууган жанында.



Көксөгөн иштер бүтсө дейм,
Көөдөндө жаным барында.

Эл тартса тартып азабын,
Эл баскан жакка басамын.
Жанар тоо сымал жакшы ырды,
Жазгыча келет жашагым.

Ырларым – менин бардыгым,
Эрмегим эмес тагдырым.
Эзели эч бир алмашпайм,
Берсе да мага хандыгын.

Ырларым – менин жөлөгүм,
Көтөрүп жүргөн желегим.
Көз өтүп кеткен күндө да
Калкыма калар белегим.

* * *

Байлыктын татып кумарын,
Унуткан элдин убалын.
Арбагы түгүл Манастын,
Кудайдан коркпойт буларың.

Бийликтин көрчү ширинин,
Шимигиң келет, шимигиң.
Байгеден чыгып турганда,
Кайсы акмак сатмак күлүгүн.

Эл деген эмне, эл деген,
Аккан суу, соккон жел белем.
Бук болгон буусун чыгарып,
Алаксый берсин жер менен.

* * *

Жалт-жалт карап көзүңдү жалдыратпай,
Көтөрсөңчү башыңды салбыратпай.
Турмуш өтүп жатпайбы жаныңда эле,
Туягынан от учкан аргымактай.

Шап жабышып жалына жапырылган,
Кармасаңчы күндөрдү атырылган.
Маңкурт эмес Манастын тукуму бол,
Наадандыкка найзадай матырылган.

Күткөнүң не? Бирөөнүн жардамыбы?
Карасаңчы айлана, жан-жагыңды.
Бир шырт этип чагылган ширеңкедей,
Көрөйүнчү бир жолу жанганыңды.

* * *

Жылуу жерди талаштырып мышыктан,
Жүрөк отун өчүргөнбү бузук кан.
Аалам көчүп жатса дагы иши жок,
Жүрөт эптеп кыбыраган ысык жан.

Бул өмүрдөн алган энчиң ушубу?
Уйку беле тирүүлүктүн кызыгы.
Сенден көрө ашка, башка жүк болбой,
Чычкан кармап берет үйдүн мышыгы.

## ЖҮР, ТАЛААГА ЧЫКПАЙЛЫБЫ

*(БУУнун билдирүүсү боюнча кыргыз тили жоголуп бара жаткан тилдердин катарында экен.)*

Шыбак жыттуу талаага чыкпайлыбы,
Жытын искеп, шыбырын укпайлыбы.
Бүркүп салып келели биротоло,
Көкүрөктө көлдөгөн бук, кайгыны.

Жаралуудай бакырам жан күйгөндө,
Жабыркаткан боштук бар жан дүйнөмдө.
Канжыгага кетирип кайран башты,
Кеч болгонун билербиз кан сийгенде.

Жашын төгүп жапжашыл Мекенибиз,
Унутулуп биз кыргыз экенибиз.



Күмөн болуп турбайбы аман-эсен,
Жыйырма экинчи кылымга жетерибиз.

Кагылайын калкым ай, кенебесим,
Кор болгонун кол сунуп жөлөбөсүм.
Эгер билсең бүгүн сен толкун тепкен,
Багыты жок адашкан кемедесиң.

Шыбак жыттап, кактанып күн табына,
Оонайлычы тууган жер турпагына.
Канат-бутак болууга жарайбызбы,
«Калкым» деген жигиттин султанына.

## ЭГЕР БҮГҮН БУРУЛУШ ЖАСАЛБАСА

Тайыздданып, тартылып тереңдигиң,
Кемип бара жатабы кенендигиң.
Убайымдан арылдык деген кезде,
Ушундайды көрмөкчү белең бүгүн.

Улам-улам бөксөрүп улуулугуң,
Талаа-түзүң уурдатып сулуулугун.
Атаңгөрү, муздатып алабызбы,
Ата Журттун койнунун жылуулугун.

Калбаат элең, канакей бийиктигиң?
Туур тосуп, туш тарап туюк бүгүн.
Кара жанды бага албай карып болуп,
Каным кайнап, ызадан күйүп турум.

Майдаланып барасың, майдаланып,
Тегиз жерден чалынып, тайгаланып.
Жок болуунун жолуна түшкөнүңбү,
Жон териңди башкалар пайдаланып.

Жөөлөшпөгөн, жөнөкөй, сонун элим,
Кол баладай ийкемдүү, момун элим.
Эгер бүгүн бурулуш жасалбаса,
Ээрчип барар эртеңки жолуң – өлүм!

## ТОЛКУНДАР АРАСЫНАН ЖОЛУГАЛЫ

Турмуш – бул албуут дайра, терең деңиз,
Агымга каршы жана тереңге сүз.
Толкундар арасынан жолугалы,
Бар болсо көкүрөктө көрөңгөбүз.

Муз чайнап элиң үчүн, таш кемирген,
Тагдыр кыл татаалдыкты, кач жеңилден.
Кыргыздын калып кеткен арман-өчү,
Кыйкырып турсун иним, баш териңден.

Ата Журт үчүн аруу тилек менде,
Арманың жүккө айланып жүрөт сенде.
Канткенде намыс отун жага алабыз,
Кан эмес суу жүгүргөн жүрөктөргө.

* * *

Жоготуп жол башында өз жүзүңдү,
Же жөндөп көтөралбай өз жүгүңдү.
Топурап топ ичинде жүрө берип,
Өткөрүп ийбедиңби мезгилиңди.

Жер муштап өкүнгөндө айла барбы,
Эми кеч караганда айлананды.
Карылык кашаң атын токуп берип,
Акыркы айлын көздөй айдап алды.

* * *

Аялыңдын гана көнүп ыркына,
Майпаңдайсың, майың чыгып сыртыңа.
Тирүүлүктүн бардык мээнет, дөөлөтүн,
Алмашкансып тамак менен уйкуга.

Билесиңби эмне экенин асылдык,
Кайда кеткен адамдык нарк-насил бүт.
Кан төгүлүп, калк буркурап турганда,
Кайгырдыңбы керегинден жаш ыргып?



Дүйнө бүтүп короо бүткөн жериңен,
Малга айланып кеткенсиңби? Эмиңең?
Ушу сага короп жаткан кайран сөз,
Башка эмне дейин «Атаң көрүдөн».

* * *

Бакалар көлчүктү деңиз дейт,
Эшектер гүлдөрдү көрүшпөйт.
Жеңиштин кумарын билишкен,
Шумкарлар картайып өлүшпөйт.

Буйруган тагдырга жолугаар,
Ар кимдин ар кандай жолу бар.
Бүркүттөр шаңшыган бийикте,
Куркулдап жүрбөйбү жорулар.

...Жаңырып жасалма күлкүлөр,
Кан муздап, кайрат жок бүркүлөр.
Жолборстун терисин жамынып,
Жонумда олтурат түлкүлөр...

* * *

Кай жеримден жазып жүрөмүн,
Эмне кылдым экен силерге.
Качан эле өлүп жүрөгүм,
Эшек болгом токуп минерге.

Тушагыла, мейли, макулмун,
Аркандалып деле турайын.
Кажети жок мага акылдын,
Курсагым ток болсун ылайым.

Моокумуңар деги кандыбы?
Башка-көзгө камчы чапкылап.
Кең дүйнөнүн мындай тардыгы,
Үмүтүмө капкан чаптырат.

Көрбөдүңөр көздө жашымды,
Алым кетип зорукканымды.
Көтөралбай жүрүп башымды,
Азабыма жолукпадымбы...

* * *

Ээрчип кетип дүнүйөнүн артынан,
Кан адашса, каргыш алат калкынан.
Бийлик деген заң жыттанып тургансыйт,
Андайлардын тарыхтагы тарпынан.

Бийлик ширин, бирок сенин кишениң,
Бийиктесиң, эсте болсун түшөрүң.
Кайсы күнү калп сүйлөсөң калкыңа,
Ошол күнү кайып болот ишеним.

Айы болуп, күнү болуп өлкөнүн,
Бүгүн сенин жүрүп турат келкелиң.
Чынжыр үзүп, чындык чыга келгенде,
Кандай болуп кетээр экен эртеңиң?

Байлык, бийлик ширелишип турганда,
Тирүүлүктүн өзү бейиш, жыргал да.
Жетеленип акыл эмес, алкымга,
Алы жетпейт окшойт топук кылганга.

Аткарылып турса айткан-дегениң,
Унутасың шүгүрчүлүк ченемин.
Бирок, мезгил көзгө сайып көрсөттү,
Алкым эмес, абийир бийлеш керегин.

## КИНДИК КАН

Жүгү ыйык болот МЕКЕНДИН,
Жүрөгүң менен көтөргүн.
Желектей колдо булгалап,
Жүгүрүп жүрүп өтөрмүн.



Каректен учуп карааның,
Кайрылып издеп бараарым.
Канчалык күнөө кылсам да,
Кучагын тосуп алаарым.

Кайыптар түшүп нур жуткан,
Койнуна оонап, ыр жуккан.
Кайрылып барбай туурума,
Карызмын сага киндик кан.

* * *

Балким кыйын жылына бир келмегиң,
Бирок, иним, ким сагынбайт эл-жерин.
Тууганыңдан колунду үзсөң үзөрсүң,
Туурундан кол үзгөнүң – өлгөнүң.

Мейли тагдыр ташкыны күч сел дейлик,
Билбейт адам өз башына келбей жүк.
Агайынга таарынычың болсо да,
Айылыңа таарынганың – көрдөйлүк!

## ЖҮРӨГҮМ ООРУП ТУРАТ БҮГҮН МЕНИН

Таң атты. Демейки эле кызмат күнүм,
Негедир жүрөк тушум муздак бүгүн.
Жаз келип, март жаңырган күндөн бери,
Жан дүйнөм боздоп-ыйлап, сыздап жүрүм.

Кирбестир мындай шумдук түшкө деле,
Кашайып октун жолу ичке беле.
Кубалап атмак түгүл адамдарды,
Оңойбу ок чыгаруу итке деле.

Жаз эле, жалбырактар бүчүр жарган,
Момун эл чындык угуу үчүн барган.
Опаасыз ошол кандуу жекшембиде,
Ок атты бийлик элге утулгандан.

Жумушка колум барбай турат бүгүн,
Көр оокат жөнүндө ойлоо уят бүгүн.
Жыл өттү, бирок кана, айткылачы,
Кылмышка ким күнөөлүү ким актыгын?

Кайран эл чындык издеп тебелендиң,
Ырыскы, мээнетиңди жебеген ким?
Алдыңан алтын тагың берсең дагы,
Көз жашы кургамакпы энелердин.

Ээлетип мерестикке сезимдерди,
Кайрымды кан-жанынан өчүргөнбү?
Ааламды алаканга салсаң дагы,
Аталуу кыла албайсың жетимдерди.

Жыл өттү. Чындык кана? Кечирген ким?
Чеги да бар эмеспи эсиргендин.
Кудайга курдаш болуп алсаң дагы,
Тирилип келбейт жары жесирлердин.

Же бийлик убадага тура алсачы,
Жөн эле калыстыгын кыла алсачы.
Өткөрүп жүрөгүнөн жүлүнүнө,
Калкынын арыз-муңун уга алсачы.

Досу ким? Калысы ким? Душманы ким?
«Калкым» деп чындап күйүп-бышканы ким?
Ээрчиме ылдый баштар жүрүшпөйбү,
Чалынып ычкырына ыштанынын.

Баюудан башка барбы тилектери,
Сатылып, сатуу менен күн өткөнү.
Эл эмес энесине пайдасы жок,
Эртелеп өлгөн экен жүрөктөрү.

Бийликтен түңүл мейли түңүлбөгүн,
Жалганга колтук ачып жүгүнбө элим.
Жыл бою чындык издеп таппаганга,
Жүрөгүм ооруп турат бүгүн менин.



Аксыда бейпил турмуш бүлүнгөнүн,
Акыйкат тизе бүгүп ийилгенин.
Эстеген сайын көздөн жаш куюлуп,
Жүрөгүм ооруп турат бүгүн менин.
Жүрөгүм ооруп турат бүгүн менин...

*17-март, 2003-жыл.*

## СЕНДЕЙЛЕР

Туруп кетпей этек-жеңди кагынып,
Төр ээлейсиң жалгандыкка жамынып.
Атаганат Алыкулга келсечи,
Сага келген ушул кайран карылык.

Мансап үчүн тебеленип, тебелеп,
Пайда чыкса шайтанга да чөгөлөп.
Жашап өттүң, тирүүлүктүн жолу экен,
Сендейлерден сендей балдар төрөлөт.

Оозум барбайт «карыя» деп айтышка,
Колум барбайт же бир муштап кайтышка.
Ишим түшсө атырылып арстандай,
Ишиң түшсө айланасың байкушка.

«Дүжүр» десем намысыңа тийдиби?
Кабырганды кайыштырып ийдиби?
Керегине жарап турсаң бийликтин,
Тийе берет дасторкондон чүйгүнү.

Эч ким сага даап тике бата албай,
Өттү учуруң «бөрк ал десе баш алмай».
Өз элиңе өзөктөгү өрт болуп,
Өзүңдү же сезесиңби Бакайдай?

Кайда барсам төр ээлешип сендейлер,
Алакан чаап, коштоп турат көндөйлөр.

Айыл эмес Ак үй төрүн берсе да,
Арттырарың эки кулач эндей жер.

Кудай деле таразалап көрсөчү,
Марттык кылып убагында көнсөчү.
Сендейлердин ден соолугун үлүштөп,
Рыспайга, Сүймөнкулга берсечи.

## ТӨРГӨ КАРАЙ ЖОЛ

Аксакалдар айтаар акыл-кеңешсиз,
Биз байыртан иш баштаган эмеспиз.
Түзүгүнөн бузугу көп бул күндөр,
Тузу кемби Абыкесиз, Көбөшсүз?

Кээ бирөөнү сүйрөйт төргө сакалы,
Кээ бирөөнү кадыр-баркы, атагы.
Нарк-нускалуу карыялар азайып,
Тейитбектер төр бийлешип жатабы?

Мезгил өзү тескейт кимдин кандайын,
Төрдүн жүгү оор экен ар дайым.
Тыйып коёр аксакалың болбосо,
Чыга берет Ормон менен Балбайың.

Жакшы адамдын теңтушу ким, теңи ким?
Биле албасаң куну кетет төрүңүн.
Саясатта Арзыматтар көбөйсө,
Кайран элим, сынганы ошол белиңин.

Айбан да ичет адам ичкен булактан,
Жакшылыктан жамандыкка бир аттам.
Акыйкатта калыстыкка жатабы,
Канчоронун жаралышы Чубактан.

Киндигибиз чырмалышып жер менен,
Жашоо өтүп жатат маңдай тер менен.
Төргө карай бара жаткан жолумда,
Элим жөлөк канга салам бербеген.



## БИР ЖАКШЫЛЫК КЫЛЫП КОЙЧУ УЛУТКА

Ооматың бар, түбүң түптүү, бекемсиң,
Бийлигиң күч, тагдырларды чечерсиң.
Арамзалык агып турган жүзүңдөн,
Амалың күч, бирок, шордуу экенсиң.

Улуулукка жол табалбайт майда адам,
Тарых шылдың кайталанса кайрадан.
Кай жеринде жатат муздак мерестик,
Күлүп туруп күтүүсүздөн жайлаган.

Желек болуп жек-жаат, тууган-урукка,
Бийиктесиң, түшөрүңдү унутпа.
Бийлик деген колдун эле кири деп,
Бир жакшылык кылып койчу улутка.

## КЕТТИ ЖЕРИҢ

Короо-короо кой бакса батчудайбы?
Улак тартып же күлүк чапчу жайбы?
Барып көргөн эмесмин, балким ал жер,
Үзөңгүдөй кууш бир капчыгайбы?

Кыргыз качан кызыккан ташка дешти,
Адам буту баспаган аска дешти.
Ойготсоңор ондурбай салат бизди,
Ажыдаардын куйругун баспа дешти.

Кунары жок кур жерди алды дешти,
Хан-Теңирдин чокусу калды дешти.
Талашканга арзыбайт жакалашып,
Жайчу эмеспиз илгертен малды дешти.

Ага деле, буга да ишенели,
Бирок, жерин жээриген биз элеби?

Кой оозунан чөп албас момун элим,
Урпактарың ушуга ишенеби?

Көкүрөктө бар болсо идиреги,
Күйүп-бышып, ырас го жүгүрөрү.
Көндөйлөргө бийлетип коюптурбуз,
Кетти жериң! Түбөлүк түңүлөлү!

## БОЗ БАЛДАР

Боюн түзөп көчөмдүн боз балдары,
Бойго жетип калыптыр кыздар дагы.
Чоочун бала жолукса үрпөйүшүп,
Жолун тоссо – кыздарын кызганганы.

Майрамдарда шараптан ууртап-татып,
Чылым чегип кээ бири уурдап-катып.
Балалыктын кеткенин байкашпады,
Байкелердин кылыгын туурап жатып.

Кандай болот келечек-тагдырлары,
Эртеңкиге катылган жандырмагы.
Бул турмуштан өз ордун тапса бири,
Өкүнүчкө калтырар айрымдары.

Күндөр түгүл чачылып ай-жылдары,
Азыр ага каякта кайгырмагы.
Шаракташып жүрүшөт түн үркүтүп,
Уйкусу жок боз балдар айлымдагы.

## ЧЫЙЫР ЖОЛ

Чыйыр жол бар эле, чыйыр жол,
Төтөлөп келүүчү таенем.
Ал күнү бапырап-шатырап,
Айылдын эң эле байы элем.



Айылдын эң эле байы элем,
Досторго кадырым артылып.
Таенем тапканын көтөрүп,
Келүүчү артынып-тартынып.

Келүүчү артынып-тартынып,
Момпосуй жыттанып чөнтөгү.
Апакем бел кылып тутунган,
Мен элем бир үйдүн эркеги.

Мен элем бир үйдүн эркеси,
Эртеңки үмүткө айлангам.
Энелер аз бекен, тагдыры,
Мендей бир жалгызга байланган.

Чыйыр жол тайнемдин жолу эле,
Келүүчү дайыма төтөлөп.
Ээрчитип кетти окшойт бир түнү,
Түбөлүк апамды жетелеп.

Издеймин, чакырам «апалап»,
Чыйыр жол бейитке такалат...

* * *

Чабат жамгыр бетимди, чабат жамгыр,
Сыныгынан шыйпырдын агат жамгыр.
Башым ооруп, негедир кыжаалатмын,
Балким, ичкен кечээги шараптандыр.

Агат жамгыр мойнума, агат жамгыр,
Келеби деп жакшылык каяктандыр.
Бастырмамда олтурам басырынып,
Мени деле бир кудай жараткандыр.

Чабат жамгыр жүзүмдү, чабат жамгыр,
Жакшылык кыл мага да Жараткан бир...

* * *

Күттүң, билем, жаз чыкса барам дегем,
Эки сөздү мен деле жаман көрөм.

Ошол күнү убада берип жатып,
Эсептешпей коюпмун чамам менен.

Көтөрчү эле көңүлдү көктөм деми,
Же жаз быйыл кечигип кеткенгеби?
Ойдо жүргөн иштерим орундалбай,
Ооруксунуп жүрөмүн көптөн бери.

Ооруксунуп жүрөмүн көптөн бери,
Болбойт окшойт кездешүү көктөмдөгү...

* * *

Жүрөгүмө өкүнүч толуп-ташып,
Жүдөтөбү, баратам болуп жашык.
Бала түгүл чал билбей сөздүн кунун,
Мүнөзүбүз кетиптир «орусташып».

Насилибиз кыргыз го, насилибиз,
Элдикинен кемби же акылыбыз.
Эге-менмин дегенге эдирендеп,
Эми минтип темселеп жатырыбыз.

Башатыбыз башталган кылым кайда,
Келген элек жоюлбай, кырылбай да.
Момун элге айланып, каныбызда,
Айбатыбыз калбаптыр кымындай да.

Субалабыз кыргыз го, субалабыз,
Кылыч шилтеп, найза да суна алабыз.
Анан неге өзүбүз өзүбүздүн,
Көрүбүздү казууга убарабыз?

## УЛУТТУК НАМЫС БОЛУУ КЕРЕК ЭЛЕ

Урпагым тоо кадырын билбей калды,
Алкынтып ат ойнотуп минбей калды.
Замана кайыш боолуу каргы болуп,
Жаратты өзүнө өзү мындайларды.



Урпагым сүйлөй албай чайнайт тилин,
Улутун унутканга кайнайт жиним.
Атасын алжыган бир акмак көрүп,
Энесин кордогондон тайбайт бүгүн.

Урпагым, жерге чаппайм, бар асылың,
Калкына калпып берер жан азыгын.
Тулпардай дабан бузуп келесиңер,
Учугун улап кыргыз баласынын.

А бирок, көбөйүүдө кумалагың,
Айтууга ооз барбай уяламын.
Улуттук намыс болуу керек эле,
Уругуң үзүп алба, бурадарым?!

Улуттук намыс болуу керек эле,
Урпагым, өзүңдү өзүң тебелебе.
Атаңдай алпештесең Ала-Тоону,
Уулундай урмат көргөз Жер-Энеге!

## ТИРҮҮЛҮК ТАБЫШМАГЫ

Шашылыштай чыккан күндүн батмагы,
Көз илинсе оңой таңдын атмагы.
Атаганат, бир сезилип койсочу,
Өмүр улам кемип бара жатканы.

Чети оюлбай жонундагы жүгүнүн,
Салмактанат кечээгиден бүгүнүн.
Улам кайра чиелентет окшойбуз,
Чечемин деп бул турмуштун түйүнүн.

Ташпиш тартып, көрсөң деле азабын,
Кумар канбай, келет узак жашагың.
Ичип бүтпөй алдындагы ашыңды,
Ырас экен эртеңкиңе шашарың.

Ич ачышар сынып калса буюмуң,
Өкүнөрсүң жоголгонго тыйыныӊ.
Бирок, неге күн өткөнүн тилейсиң,
Кунун билбей текке кеткен жылыңын.

Колго конуп күткөн бакыт кушуң да,
Тулпар болуп туйласаң да тушунда.
Бүгүнкүдөн эртеңкисин эңсеткен,
Тирүүлүктүн табышмагы ушунда.

* * *

Калгычакты биротоло жеңилип,
Керек кезде койгон жакшы чегинип.
Жүргөн азбы күрөш менен иши жок,
Санаа тартпай сары суугa семирип.

Эгер элге төбөң калса көрүнүп,
Жол издебе көпчүлүктөн бөлүнүп.
Карт кекирип басып жүрөт канчалар,
Кайгысы жок кара суугa семирип.

Адам го деп алып койбой теңине,
Болуп-толуп нан бышса да демине.
Ата Журтка алакандай пайдасыз,
Мына ушулар коркунучтуу элиме.

## ОЙГОН, НАМЫС!

Куюлтуп жашыңарды,
Чүмкөнүп башыңарды.
Тарттырып жүрөсүңөр,
Табакта ашыңарды.

Көзүңөр сокурбу беймм,
Темселеп отурбу дейм.
Эзели бүтпөс эрмек,
Той менен топурбу дейм.



Алдуусу алсызын жеп,
Ардуудан арсызы көп.
Адашкан бул күндөрдө,
Алкыштан каргышы көп.

Бириң бай, миңин жарды,
Ойгонор күнүң барбы?
Аракка алдырбаган,
Айылда кимиң калды.

Кубандың – жүргөнүңө,
Жугунду тийгенине.
Чет элдин садагасын,
Талашып кийгениңе.

Кубандың – тойгонуңа,
Кур дүрмөт ойлоруңа.
Чыркырап турса дагы,
Чындыкты сойгонуңа.

Дилиңди аттадыңбы?
Тилиңди саткандыңбы?
Мээримсиз кудай ургур,
Мекенди атпадыңбы.

Жериңди тартып кетти,
Кениңди артып кетти.
Даңаза кыласыңар,
Даамы жок тантык кепти.

Алдыңкың арты болду,
Бүтүнүң жарты болду.
Ээрчиме элге айланып,
Эгизиң жалкы болду.

Дос-тууган жатың болду,
«Киргизге» атың конду.
Аялдар тентип кетип,
Кыздарың катын болду.

Айтса кеп түгөнбөстүр,
Өтүүдө күн өлбөс бир.
Короо-жай шыпырылбас,
Кышында күрөлбөстүр.

Кызык эл экенсиңер,
Мынча не бечелсиңер?
Кылымды аттай албай,
Кыйылар бекенсиңер?

Эмне кылуу керек?
Жүрөктү угуу керек.
Уктатпай намыс-арды,
Ойготуп туруу керек.

## АЙЫЛЫМ – АРМАНЫМ

Айылым менин, айланып кетейиним,
Калды сенде арманым – кечээги күн.
Бет келишип жолумдан бейтааныштар,
Чоочун болуп калыптыр көчө бүгүн.

Айылым менин, азаптуу Акжарым ай!
Суу аксачы көчөңдү как жарып ай!
Кар эритип, жазында суу тундуруп,
Жашап жүрсүң чөл талаа жактагыдай.

Акжарым ай, айттым го арманым деп,
Баш көтөрүп бакырып алмагың көп.
Мезгил мерес экенин сезбей жүрүп,
Максатына жеталбай калганың көп.

Акжарым ай, Акжарым – айылым менин,
Сени көрсөм көбөйөт кайгым менин.
Кокон тыйын колумдан келбеген соң,
Жаратына айландың жан дүйнөмдүн.



Шүгүрчүлүк, бар экен сагынаарым.
Бар болгула, айылдаш карыларым.
Кайрып-кайрып тагдырды катаалдыкка,
Арыбагын Акжарым, Арыбагын!

## ЖОЛУГУУГА ТАПКЫЛАЧЫ УБАКЫТ

Өтөт күндөр баш көргөндү көз көрбөй,
Турмуш токтоп турмак беле өзгөрбөй.
Унутулуп калуу деле бат экен,
Кийип жырткан бир көйнөкчө эстелбей.

Кайдасыңар бирге окуган курбулар?
Максатыңар болгон жокпу кур кыял.
Каалагандай керип-чоюп өмүрдү,
Кудурет жок бир аз ары жылдырар.

Убакыт аз, күндөр бизге көз ирмем,
Сапар карыр бүтпөөчүдөй сезилген.
Бир чогулуп каткырышып алууга,
Классташтар учуп жүрөт көзүмдөн.

Коломтодон коюу түтүн булатып,
Эл ичинде эсен жүрүү – бу бакыт.
Жолугушуп, чер жазышып алууга,
Курбулар ай, тапкылачы убакыт!

## КҮЗ

Талаа көчүп дасторкондун бетине,
Кут ээрчиткен Кыдыр конуп четине.
Кутүрөгөн Күз жүргүзөт бийлигин,
Жалаң чапан кийип алып этине.

Наразыбы, үтүрөйүп каш-кабак,
Күз сумсайып ыйлап ийчү баштанат.
Улуу тоого качып кеткен мерес Кыш,
Жай жетпеген колтугунан баш багат.

## ШАШПАЙ КАЛДЫМ

Шылынып каруу-күчүм денедеги,
Жүрөм го. Кайда шашат элем эми.
Көксөөлөр көкүрөктү тырмап жүрүп,
Бир жашоо өтүп-кетти, жөн элеби?

Жаш өттү, мезгил сабап канаттарын,
Куушурат мени бардык тараптарым.
Аткара албай калат окшойм толук,
Өмүрдүн мага койгон талаптарын.

Көп нерсе көкүрөктө жарылалбай,
Көп максат көр оокаттан арылалбай.
Талашта «мейли» деген сөз көбөйүп,
Жүрөктүн баратабы табы калбай.

Жеттимби, жетпедимби келкелиме,
Эми мен шашпай калдым эртеңиме.
Зуулдап барат өмүр ансыз деле,
Тирүүлүк өзү бычкан мерчемине.

Ооматым келди беле? Келбедиби?
Билбеймин, бирок мезгил жеңбедиби.
Турмуштан алсам дебейм, берерим бар,
Тарта тур ажал ары чеңгелиңи.

## КАРЫЛЫК

Бул эмнеси? Капырай, карылыкпы?
Айткылачы, чын эле карыдыкпы?
Кыз-келиндер кыйыла карашпастан,
Атаңгөрү, түтөтөт каңырыкты.

Күч-кубатты убакыт уурдап улам,
Салмактанып денебиз мурдагыдан.
Кайдан-жайдан карылык келатканы,
Билинеби олтуруп-турганыңан.



Өмүр деген токтобой өргө жылып,
Жаш өйдөлөп, байкабай төргө жылып.
Алаксытып ээрчитип барып алып,
Кетет экен убакыт көргө жыгып.

Оң-тескери оонаган заман көрдүк,
Насип экен кылымды аман көрдүк.
Каруубузду калк үчүн казык кылып,
Карылыктын айлына анан келдик.

Төр башына жете алсам, шүгүрчүлүк,
Эңсебедим кызыкты күнүмчүлүк.
«Жакшы карып баратат» деп айтышып,
Топ ичинде турса экен үнүм чыгып.

## ЭСТЕГИМ КЕЛБЕЙТ

Эстегим келбейт, эстегим,
Эми мен элүү бештемин.
Өр таяп өмүр баратат,
Өкүнбөйт мындай кезде ким.

Жаштыктын бүткөн баяны,
Жалын кез кана баягы?
Жашоонун коңур күзүнүн,
Жакындап барат аягы.

Келээри анан кыш белең,
Канатым сынган куш белем.
Кылчайбай кеткен күндөрүм,
Кызыктуу гана түш белең.

Бермеги бардыр алгандын,
Бечелдир эми калган күн.
Адашып жүрөм таба албай,
Акыйкат – бирөө, жалган – миң.

## КАЛЕМИМ

Алтын башта качандыр бир бар өлүм,
Жан кыйналып, жашка толуп карегим.
Дүйнөм тарып, айлам кетип турганда,
Сырдашым да, муңдашым да калемим.

Калем менин кудай берген тагдырым,
Коюндашып өтүп жатат ар күнүм.
Мурас кылып уул-кызга калтырар,
Колумда жок андан башка байлыгым.

Кармаганда каным дүргүп, чыйралам,
Орошон бир ойлор келет туйлаган.
Сапар жолдо төш чөнтөктө болбосо,
Түгөйүмдү жоготконсуп кыйналам.

Калем менен сөз терметип, ой куба,
Өмүр бою катып келем койнума.
Көзүм өтсө калемсаптын сүрөтүн,
Мүрзөмдөгү ташка чегип койгула.

## КӨРГҮМ КЕЛЕТ ЭЛИМДИН ЭРТЕҢКИСИН

Убакыттын карачы күлүктүгүн,
Кабат-кабат үстүмө үйүп жүгүн.
Алтымыштын айлына айдап салды.
Мергенчидей кубалап жүрүп кийин.

Жомок кылып жобурап көргөнүмдү,
Өткөн өмүр бүгүнкү эрмегимби?
Шашпай жүрүп байкабай калыптырмын,
Бул короого каяктан келгенимди.

Айлар, жылдар тургансып алаканда,
Адыраңдап кайдадыр баратам да.



Селт эттирет гезиттин бетиндеги,
Өмүр баян жазылган кара тамга.

Өттү-кетти убакыт, кечигипмин,
Өргөөсүндө олтурам өкүнүчтүн.
Көрүү үчүн элимдин эртеңкисин,
Жетсем экен айлына жетимиштин.

## АКЫРКЫ КҮН

Жумушуңду коё турчу, чырагым,
Бүгүн бир аз ооруксунуп турамын.
Андан көрө бир айланып айылды,
Кечеличи тууган жердин тулаңын.

Токтото тур барам деген жагыңды,
Эски кесел кыйнап турат жанымды.
Атты токуп, алдыма тарт, көлөкөм,
Бир дүргүтүп алайынчы канымды.

Тоолор жакка жетпейт окшойм, карагым,
Адырлардын этегине барайын.
Балалыктын изи калган жерлерди,
Бир кучактап, оонап-оонап алайын.

Келерине келип калды жаш дагы,
Тамагымдан өтпөй турат аш дагы.
Куштар бактан сайраганы өзгөрүп,
Күндүн бүгүн чыгышы да башкабы?

Каралдым ай, канбай турат моокумум,
Өзөн бойлоп, тыңшайынчы шоокумун.
Жер өзүнө тартып бара жаткансып,
Каяккадыр чакыргансыйт чоочун үн.

## КАНДАЙ БОЛОТ ЭРТКЕҢКИБИЗ?

Жакшы менен жаманды арбаштырып,
Түбөлүктүү, түбү жок кармаш жүрүп.
Кыйын экен мезгилдин кудурети,
Доорлорду топудай алмаштырып.

Орун тапсак оңгулук жарык жетпей,
Күкүм болуп күбүлүп калып кетпей.
Кыйырлардан кылычтын мизи менен,
Келиптирбиз мезгилге агып кетпей.

Толгондурбуз кезинде, ташкандырбыз,
Дүйнө жүзүн келгендир башкаргыбыз.
Тоосуна же өзүнө ишенгенби,
Чеп курбаптыр бирок да таштан кыргыз.

Тагдырына эгерим баш байлатпай,
Каны кызуу калк экен ташкайрактай.
Азиянын талаасын тытып өткөн,
Эркиндигин булгалап баш, байрактай.

Бир бутагы Түрк-Ата дарагынын,
Көөнө кыргыз урааның кана бүгүн?
Намысыңды унутуп кеткенсиңби,
Бүктөмүнө тарыхтын барагынын.

Балким, келип тургандыр келкелибиз,
Ичтен чалып жатпайлы өлкөнү биз.
Калкым эмес канга да табышмактыр,
Кандай болуп кетээри эртеңибиз.

## ЧЫНДЫК ДЕГЕН ЧЫРАГЫБЫЗ ӨЧҮПТҮР

«Дубанадан үмүт этип айбашың»,
Кыргыз эмес үйү көрбөй пайдасын.
Тепсе темир үзө турган жигиттер,
Таппай жүрөт тириликтин айласын.



Көздөрүнөн от табалбай көбүнүн,
Үмүт качып, ооруп турат көңүлүм.
Караан тутуп калганбызбы калкымдын,
Каймагы эмес, калкып чыккан көбүгүн.

Карып болуп, кадырланбай сөз куну,
Кайда бара жатат акыл-эс нугу?
«Чындык» деген чырагыбыз өчүптүр,
Сокур болсоң жүрөк менен сез муну.

Алмустактан дүнүйө талаш, так талаш,
Өз бактысын ордо ойнунан тапкан аз.
Жашап келдик, жашай берет окшойбуз,
Топук кылып тийгенине арткан аш.

## УБАДАҢ КӨП ЭКЕН, ИНИЧЕК

Жылуу сөзүм жагынуу үчүн дебе,
Чыкпай жүрөт өзүңө ичим деле.
Желмогуздун жээни болсоң дагы,
Жетет колду шилтөөгө күчүм деле.

Жөлөйүнчү дегенде колтугундан,
Жалтактайсың кимдендир коркуп улам.
Чамаң ушул болгон соң чалчактаба,
Чабыласың турмуштун толкунунан.

Убадаң көп, көрүнбөйт аткарганың,
Адат болуп алыптыр актанмайың.
Төбө чачты тургузуп карганасың,
Ата-энеңдин жөн койбой жаткан жайын.

Оозуң эмне? Бетиңдин жыртыгыбы?
Тыя албапсың тыгынсыз кулкунуңу.
Тирештирип акылга дөдөйлүктү,
Тирүүлүктүн бул да бир кынтыгыбы?

Каалагандай оодарган таразаны,
Өмүр сага бир жолку тамашабы?
Калыс кепти мындай кой, көрө албадым,
Катыныңа кайрыган каяшаңы.

## МЕЗГИЛ КҮЛҮК

Кыш кылтыйса улуу тоо тарабымда,
Күз каткырып жаткансыйт таманымда.
Шүгүрчүлүк, жетпесе жетпесинчи,
«Тойго баргам мындан да жаманымда».

Көрүп келе жатамын эл көргөндү,
Мезгил минтип бир орун төрдөн берди.
Пенделикке алдырып койбоюнчу,
Нысап жагын адамга кем бергенби?

Муун жаңы, журт башка, өзгөрүлгөн,
Кусалыкты сездиңби көздөрүмдөн.
Алаканым алтынга толуп туруп,
Атаганат, ал кезде жез көрүнгөн.

Өмүрдө күз, баратам шалдырап, жай,
Каруу-күчүм күбүлүп жалбырактай.
Үргүлөймүн, билбеймин, үлгүрөмбү?
Мезгил күлүк сууган аргымактай...

## УУРДАЛГАН ИШЕНИМ

Бүттү баары. Ишенимим кыйрады,
Бийлигиндин болбойт тура ыйманы.
Аңгегинен дөңгөгүнө урунуп,
Кудай бизди неге мынча кыйнады.

Талаш болуп бийлиги да, байлыгы,
Тийбейт окшойт калың журтка кайрымы.



Кайра дагы кара булут каптайбы,
Үмүт менен баш көтөргөн айлымы.

Туңгуюктан чыктык десек эми биз,
Туюктукка камалдыбы элибиз.
Урдум мындай ыйманы жок бийликти,
Ушул болсо бара турган жерибиз.

## КӨТӨРБӨЙ КОЙДУ ЖҮРӨГҮҢ

Чартылдап өктөм киши элең,
Чындыктын азуу тиши элең.
Чачырап көздөн от жанып,
Чыкыйга тийген муш элең.

Калкына жаны күйбөгөн,
Калыстык эмне, билбеген.
Кулаалы жемсөө, кур дүрмөт,
Канчалар өттү дүйнөдөн.

Андайга жаның кашайып,
Атасы болсун машайык.
Асманын таштап ийсе да,
Алдынан тосчуң таш алып.

Кагуу жеп үмүт-тилегиң,
Көтөрбөй койду жүрөгүң.
Кайрылып келет турбайбы,
Каргадай башка бир өлүм.

Жараткан өзү кейип тур,
Жамгырын бурдап төгүп тур.
Жалындап турган өзүң жок,
Жашоонун тузу кемип тур.

Кудайым өзү кейип тур,
Күн боройлоп төгүп тур.
Кылычтай өткүр курбум жок,
Катарым бүгүн кемип тур.

* * *

Ак булуттар – айыпсыз жолоочулар,
Чагылган бар койнунда сур булуттун.
Тагдыр – шамал, жиниксе бороон чыгар,
Балким, мен да адашкан бир булутмун.

Залалым жок эч кимге деген менен,
Заманама пайдам да тийген жокпу?
Жүрөктөрдү жылытат элем деген,
Аракетим муздатып ийген жокпу?

* * *

Ишенгем эркиң сенин бекемине,
Эч кимдин ээрчибейт деп жетегине.
«Кызмат – бул колдун кири» – деген болуп,
Ийилип калдың бийлик этегине.

Каякта какшап жүргөн калыстыгың?
Калдыбы унутулуп арыз-муңуң?
Эми сен эңсегенге жеткен менен,
Ортобуз оңбогондой алыс бүгүн.

## АЙЫЛДЫН МЕН ДА БИР УУЛУ

Топулуу торгой таңшыган көктөн,
Күркүрөп күнү жамгырын төккөн.
Кара жол учу кайрылып барып,
Күкүктөп аккан дайрага чөккөн.

Талаасы таштак, көчөсү баткак,
Адырлар жакка мал-келин каптап.
Түйшүгү түмөн чакан бул айыл,
[illegible] кылат каадасын сактап.



Калкалап журтун карысы-жашы,
Калпыс иш болсо качырат боюн.

Калыстык бирок, канында туйлап,
Атасын сөздүн өлтүрбөйт кыйнап.
Айылга мындай асылдык наркын,
Апкелген белем жомоктон жыйнап.

Берери белен, пейили кенен,
Ырысын терип ынтымак менен.
Жашаган, чындык сыныгы сымал,
Айылдын мен да бир уулу элем.

Айылдын мен да бир уулу элем,
Көкөлөп турган көкүрөк деген.
Көр оокат аттуу көйгөйдөн чыкпай,
Талашып жашап, адашып келем...

## ЭРТЕҢКИГЕ КАЛТЫРБА

Өчпөй турса жүрөктө чагылганың,
Жүүнүң тирүү, жүгүрөр канында Күн.
Журт башына иш түшсө, керек иним,
Сары улактай садага чабылмагың.

Урпагысың Манастын, унутпагын,
Сапарыңда бек болсун куюшканың.
Сары суута семирсең санаа тартпай,
Сака болуп бермекчи улутка ким?

Көздөгөнгө жетүүдө көктүк керек,
Элдин жүгү эр болсоң көп жүктөлөт.
Эки сүйлөп элиңе, эркелесең,
Эдиреңдей бербестен тек жүргөн эп.

Жакшылыкты бир жерге топтобогон,
Мезгил суудай салаага токтобогон.
Эки жүздүү адамды эч убакта,
Эли түгүл тууганы жоктобогон.

Санаа басып элимди турат бүгүн,
Көзүн ачып, агызат булакты ким?
Кургак сөзгө кубанып, кенебестен,
Көбүн жумшап алыппыз убактынын.

Көздөрүңдө отуң бар экен, иним,
Бир казыгы болорсуң Мекенимин.
Элиң үчүн колуңдан келгениңди,
Эртеңкиге калтырбай өтө бүгүн.

## БИЙЛЕП ЖАТАТ УУРУЛУК

Күңдүр-түңдүр чындай сунуп жалганды,
Бийлик элди мал деп ойлоп алганбы?
Кулчулукту куюп жатса мээге,
Бизде кайсы намыс менен ар калды.

Ишен мейли, ишенбесең ишенбе,
Биз өзүбүз тор издейбиз түшөргө.
«Эркинбиз» деп алаканды чабабыз,
Эки бутту салып коюп кишенге.

Кайран элим, кайра дагы жаңылып,
Алданабы? – деген ачуу чаңырык.
Жүрөгүмдөн жүлүнүмө жүгүрүп,
Мээде турат мыктай болуп кагылып.

Жаңылбачы, аччы көздү калайык,
Ээрчимебиз, өзүбүздө бар айып.
Калк кадыры калмыштөкчө жокпу деп,
Кайнап турам, кайткыс болуп карайып.

Көкүрөктө калса бүлбүл бир жарык,
Эрте-кечпи, чыгуу керек нур жарып.
Калк алдында карызыбыз жетиштүү,
Кайтарууга барбы бизде мырзалык.



Жан кашайып, дүйнөм тарып, куурулуп,
Көөдөнүмдөн көк буу чыгат буулугуп.
Айыбы жок алакандай Мекенди,
Былчылдата бийлеп жатат Уурулук!

Жеңиш беле элин алдап утkандык,
Ийип башты, алакан чаап суктандык.
Кадыр эмес, карын үчүн дүргүгөн,
Каныбызда кайдан болсун султандык.

*Март, 2005-жыл.*

## КАШАЙГЫР АЙ

Ичип келип,
Күйөөсү урган дешти.
Үч тиши сынган дешти.
Чекесин жарып кеткен,
Ыргыткан кумган дешти.
Ага да моокум канбай,
Сындырып кабыргасын,
Бир бөйрөгүн жара тээп тынган дешти,
Боюнан бошоналбай,
Түпкүчтөй түйүлгөнүн,
Ийиктей ийилгенин,
Көрүштү кошуналар.
Үзүлүп кете берди,
Чыгыштан агарып таң,
Аткандан кийин келин.
Билалбай эмнеден жазганына,
Чыланып өз канына.
О, Жараткан!
Чындыгың кайда сенин, кашайгыр ай,
Жыл айланбай абактан чыгып келип,
Күйөөсү жүрөт азоо жаш айгырдай.

Айыпсыз жаш келиндин канын кечип,
Акмын деп жашайбы ай!
Бу заман неге мынча кашайдың ай!
Кашайгыр ай!
Каш-шайгыр ай!!!

## ДАРГА

Шалданбай шал күндөргө,
Ар кандай идеялар,
Көбүрүп туруу керек жан дүйнөңдө.
Кыргыздын тагдыры эмес,
Жарабай бала багып, жар сүйгөнгө.
Көзүн карап,
Алданып ар кимдерге.
Жашамыш болуп жүргөн
Жалданма жигиттерди,
Тумшукка соккуң келет жан күйгөндө.
Үйүккөн иттерге окшоп,
Топ-топ болуп көчөдөн арак издеп,
Арак эмес ажалын барат издеп.
Иши болбой элиң менен,
Калтырап үшүп турган.
Жериң менен, талашка түшүп турган.
Иши болбой тилиң менен,
Дилиң менен,
Атүгүл асмандагы күнүң менен.
Улутка жара болуп ириңдеген.
Шумдуктуу бир,
Алаамат келе жатат билинбеген...
...Көчөгө чыгамын деп,
Оорутуп алдым бүгүн жүрөгүмдү,
Көтөрүп алдым окшойт кан басымды.
Арак – сен,
Алакандай элиме даргасыңбы?!



## АВТОПОРТРЕТ

Шүгүрчүлүк!
Көрдүм дагы Ата Журттун ак таңын,
Карабуурам кайнап-ойноп жатканын.
Катарымдан калып кетпей,
Эл ичинде эрбеңдеп,
Бүгүн деле саптамын.
Эх, жыргал ай!
Кандай сонун,
Жасай алсаң көңүлүңө жакканын.
Сезип күндүн аптабын,
Тыңшап суунун акканын.
Бүт ааламды кучагыңа имерип,
Жата бергиң келип кетет,
Уюгуча, талыгыча капталың.
Тобо кылам көргөнүмө,
Дагы бир таң атканын.
Күлүп-жайнап нурун чачат бакка күн.
Жай чилдеси бышып турган учуру,
Алма-өрүктөр ийип төмөн шактарын.
Желе-жорткон таңкы жел,
Чыга келип колтугунан Капканын,
Сылагансыйт жонун Кызыл асканын.
Тарагансыйт дарактардын чачтарын.
Өттү убакыт,
Узак, балким каш кагым.
Бутун сунуп жатмак эле,
Мына ушундай чакта ким?
Жер-Энеден мээрим тилеп,
Дыйкан жүрөт,
Жерге берип жети күнүн аптанын.
«Азып-тозбой алганым,
Ач болбосун балдарым»,
Деген тейде, ташыйт үйгө тапканын.
Бирок, анын пейли кенен, ниети ак,
Кулу болбойт, болгон эмес акчанын.
Кошоматты билген эмес, билбейт да,
Бийлик ага таштап ийсин асманын.

Турмуш – күрөш!
Оң жак, Сол жак,
Баррикада!
А мен кайсы жактамын?
Эч убакта, эч жерде,
Эч кимди мен сатпадым.
Көңүлдарга баш катып,
Кокуйлап да жатпадым.
Жебе болуп учуп жатты «чындык» деп,
Жазган ар бир саптарым.
«Адам бойдон калгын» деп
Абийиримде турат айлым – Акжарым!

*20-июль, 2005-жыл.*

## ЭСТЕЛИК ТАШТАРЫНДАГЫ ЖАЗУУЛАРДАН

Жолоочум эй! Ар башта бар пенделик,
Жүргөн элем өлбөөчүдөй өңдөнүп.
Тирүүлүктөн ичээр суум бүткөндө,
Ушул жайга коюп кетти эл келип.

Керт башыма келбесе да карылык,
Жатам мында боз топурак жамынып.
Куран окуп, алакан жай башыма,
Сен да, мен да күнөөлөрдөн арылып.

* * *

Опо бербей бийлигиң да байлыгың,
Капылеттен башка түшүп кайгы-муң.
Кендиримди кесел кесип, түбөлүк,
Мекен болду мага ушул жай бүгүн.

Жакындарым! Жан кейитип жашыба,
Өкүнбөймүн жашалбаган жашыма.
Биз акыры кездешүүчү жер ушул,
Кайрылып өт, куран окуп башыма.



* * *

Жашоодо жан жыргалын көздөбөдүм,
Насибин талашпадым өзгөлөрдүн.
Убакыт жетпей жүрүп өмүр өтүп,
Жахандан кетеримди сезбегенмин.

Кош эми, өкүнчү көп жалган дүйнө,
Пайгамбар, падышадан калган дүйнө.
Элимен алганым көп, бергеним аз,
Жетишпей калбадымбы, арман дүйнө!

## КЫРГЫЗ – ДЕП ӨТТҮ ДҮЙНӨДӨН

***(Байдылда Сарногоевге)***

Соолутуп нугун дайранын,
Жайладың мезгил, жайладың.
Бакыртып колдон суурулду,
Байдылда деген байрагым.

Табына кыргыз жылынып,
Байдыкем жазган ыр ыйык.
Жоготуу деген тозоктон,
Жан дүйнөм турат чыңырып.

Эстеген сайын өкүнө,
Учкашып мезгил көчүнө.
Ыр издеп кетип калгансыйт,
Ааламдын аркы четине.

Өлбөстөй көрүп жүрдүкпү,
Ичер суу, көрөр күн бүттү.
Ар ырын жатка билсек да,
Кадырын толук билдикпи?

Чындыкты гана сүйлөгөн,
Ырларын кимдер сүйбөгөн.
Кыргыз – деп жашап өмүрдө,
Кыргыз – деп өттү дүйнөдөн.

## АШЫКЕМ – АСЫЛ АГАМ

«Том-том болуп дүкөндө турбасак да,
Подвалдагы архивден табылаарбыз».
*(Мукагали Макатаев)*

Ашыкем ай, Ашыкем, асыл агам,
Эстегенде жер муштап, жашып алам.
Семетейди кайыптан кайрып келип,
Бербейт белең болгондо башың аман.

Абийирдеги айыкпас жара сындуу,
Көрбөй кеттиң «Теңири Манасыңды».
Ташка айланып кайрылып келиптирсиң,
Таштай албай койдуңбу Таласыңды.

Карегиңе чөгөрүп Шекериңди,
Канча күйүп, сүйсөң да Мекениңди.
Билбейм, калкың туйдубу, туйбадыбы,
Кара сөздүн Манасы экениңди.

Ашыкем ай, Ашыкем, асыл агам,
Өзүң, менен өчтү бир жашыл аалам.
Кадырыңа жеталбай калдыкпы деп,
Эстегенде эңгиреп, жашып алам.

* * *

Алсыздын талуу жерин пайдаланбай,
Ирикти кылган жакшы, майдаланбай.
Жеңиле билүү деле эрдин иши,
Жеңиштин жибек боосун кармай албай.

Үйрөндүк топту жара сүйлөгөнгө,
Абийирди ары-бери сүйрөгөнгө.
Утула билүү колдон келмек беле,
Уятты улуу журт деп билбегенге.



* * *

Укугумду уйпалап тебеледиң,
Убактылуу экен деп кенебедим.
Уятсыздар бийлиги жүрүп турган,
Ушундайбы биз күткөн эгемендик?

* * *

Моюнга алса кечирим кыл, карайба,
Көкүрөктөн кекчилдикти нары айда.
Ошентсе да, баскан изин кайтарган,
Кара мүртөз, шекчилдерден абайла!

* * *

«Калкым» деп күйүп чыгарым дегем,
Касымдын туусун жыгарым дегем.
Кайрылып кайра колтуктан чаккан,
Койнума баккан жыланым белең?

* * *

Тагдыр экен, башка түшүп карыптык,
Алдан тайып, картайыптыр жарыктык.
Жаш кезинде жанар тоодой атылып,
Кан тамырда кайнап турчу калыстык.

* * *

Заманбы сөз менен иш төп келбеген,
Бир гана аба жутуу чектелбеген.
Чурүшүп жүрүп өтүп кетебизби,
Чүкөдөй өмүрү бир өкчөлбөгөн.

Жагынып, жашоонду абат дебе,
Кийгениң жибек менен манат беле.
Сакадай топту жарып, чарт бөлүнсөң,
Кудай да бир кубанып алат беле?

* * *

Түшкөндүрмүн дүнүйөнүн артынан,
Тайгандырмын аксакалдык наркыман.
Айыбымды бүгүн коюп бетиме,
Айгак сөздү айтпагыла артыман.

Көптү көксөп, жетсем дагы азына,
Өкүнбөймүн өткөн өмүр жашыма.
Көзүм өтсө арам ойду артынып,
Келбегиле бейитимдин башына!

* * *

Тирүүлүк уул-кызга ата кылды,
Кубантып, кээде кайра капа кылды.
Бүгүнкүм бүтүп-бүтпөй ээлигемин,
Деги мен туура бара жатамынбы?

Кейитип, татаалдантып сапарымды,
Кемитип улам кийин катарымды.
Бу мезгил дегдеңдетет, дагдаңдатат,
Деги мен туура жашап жатамынбы?

* * *

Дүйнөнү андып мээңин кычыгынан,
Заманга зар-зилинди бүркүп улам.
Канчалык кадыр топтойм десең деле,
Төгүлүп жатат абийир жыртыгынан.

Күнөөнү башкаларга түртүп улам,
Кубаныч алып куру кыйкыруудан.
Адамдык калган-каткан касиетти,
Четинен өрттөбөчү, жыртып улам.

* * *

Таптакыр тайрандап жаз,
Таң атып-атпай мас.



Эч кимге ээ-жаа бербейт,
Күч жоктой теңтайлаш.

Мастыкпы, өрөпкөппү?
Көз жашын көнөктөттү.
Күпүлдөп Күндү ээрчитип,
Тоолорго жөнөп кетти.

* * *

Жалын чачкан жаштар элек ой тунук,
Сезимге жат кошоматтык, жойпулук.
Бүгүн болсо тирүүлүккө кубана,
Олтурабыз бардыгына бой сунуп.

Мезгил өзү турса кезек келтирип,
Же бир ирет коё алсакчы серпилип.
Калпак кийип кантип басып жүрөбүз,
Сөз атасын кайра-кайра өлтүрүп.

## ЭХ, СЕНИ БИР ӨБӨЙҮНЧҮ

Эңсеттирет эриндериң,
Өпмөк кайда, көрүнбөдүң.
Жол талашып барайынчы,
Жүрөгүңдүн төрүндө ким?

Сагынчыңа айланбадым,
Карегиңе байланбадым.
Капылеттен кагуу жесем,
Кандай болот айлам, жаным!

Эзилүүдө эт жүрөгүм,
Өбөйүнчү, өптүрөйүн.
Махабаттын дайрасына,
Чөгөйүнчү, чөктүрөйүн.

## ЖАРАЛУУ ЫР

Койнума каткан тумарым элең,
Канбаган моокум, кумарым элең.
Кандай күн башка түшсө да чыдап,
Кашымда жайнап турабы дегем.

Таянып жүргөн тирегим элең,
Тагдырдан жалгыз тилегим элең.
Түйшүктүн баарын унутуп коюп,
Тамшанган бойдон жүрөмүн дегем.

Махабат кушун кармадым дегем,
Мейиздей жанды жандадым дегем.
Мен үчүн тагдыр тартуулап берген,
Майрамым эмес арманым белең?

Жан дүйнөм үчүн жагылган от деп,
Жашоодо сендей табылган жок деп.
Жазмышым беле, жаралуу болуп,
Жатамын бүгүн жаңылган ок жеп.

Жаралуу болдум жараатым ырбап,
Жүрөгүм улам бараатыр муздап...

## ТҮШҮНҮШПӨЙ

Түшүнүшпөй бирибизге-бирибиз,
Түйшүк артып, жолугушпай жүрүбүз.
Жалгыздыкка өгөйлөнүү болбосо,
Жеке деле өтөт окшойт күнүбүз.

Эмне кылсак? Чыкпай тагдыр ыгынан,
Өтөлүбү же мезгилдин сынынан?
Бирок, эртең кандай болот жолубуз?
Оонайт бизге турмуш кайсы кырынан?



Кайда алпарат күлүк күндөр жетелеп?
Чекебизди сылабастыр бөпөлөп.
Башкачараак жашоо үчүн кайрадан,
Мен боз улан, сен эмессиң секелек.

Катар жүрүп каткырышып, күлүшүп,
Кадырыбыз калды десем сиңишип.
Кайдан-жайдан жүрөгүмдү муздатып,
Ортобузда жүрүп кетти бир үшүк.

* * *

Ушул кезде өзүңдү көп эскерем,
Күздү жакшы көрүүчү эмес белең.
Жаш өйдөлөп, өмүргө күз келгенде,
Жашап калат окшойбуз элес менен.

Жалбырактар күбүлүп, келгин келип,
Жаштык өткөн жерлерге келгим келип.
Капысынан алдыман чыгып калсаң,
Коер белең баягы белгиң берип.

Кыял сага жетелеп барат дагы,
Кызыктарды эстетет каяктагы.
Кайра-кайра окумай адат келди,
Каттарыңды саргайган барактагы.

Алыс калды ал күндөр, алыс калды,
Куштай багып жүрөсүң абышканды.
Сүйүү баркын баалабас жаштыгымда,
Төлөнбөгөн мойнумда карыз калды.

* * *

Анда да жаным, жаз беле?
Магдырап дүйнө мас беле?
Жолуккан менен капылет,
Жолубуз, бирок, башкале.

Көр оокат байлап кол-бутту,
Көрсөтөт экен кордукту.
Көңүлдүн отун өчүрүп,
Кездеше албай койдукпу?

Тагдырдын чийген чийинин,
Айланып өтпөй жүрүмүн.
Мерчемин колдон алдырдык,
Мезгилдин сезбей күлүгүн.

Кайрылбайт бүгүн кечээги,
Көздөрүң айтат «кеч эми».
Бир сүйүү эки жүрөктө,
Көмүскө жашап өтөбү?

* * *

Биз бүгүн жолукмакпыз түштөн кийин,
иштен кийин.
Убакыт токтоп калды,
үчтөн кийин.
Жанынды суурул ала турган окшоп,
жол карап күткөн кыйын.
Шалдырап калам дайым,
Жүрөктөгү ушундай жүктөн кийин.
Келем деп келбей калдың,
Бүгүн да түштөн кийин,
иштен кийин.
Ач болсоң тоюнарсың,
А бирок, күткөн кыйын,
күткөн кыйын...

## КЫЗ ЖҮРӨГҮ

Баш-аягын жыя электе айлыбыз,
Капылеттен кар алдында калды күз.
Жан дүйнөмдү мунарлантып кусалык,
Сиз эсимден чыкпай туруп алдыңыз.



Ичилбеди Сизге арналган бал кымыз,
Кетпес болуп биротоло калды кыш.
Жанга баткан жалгыздыкты күчөтүп,
Сиз түшүмө кирип туруп алдыңыз.

Учурунда, ырас, күйүп-жандыңыз,
Сезимиме сүйүү чогун салдыңыз.
Сагынычым сары ооруга өткөндө,
Сиз кайрылып келбейт окшоп калдыңыз.

## КАЙДАН ЖАРАЛАТ?

Анда жашпыз, өмүр кулпурган,
Ашык элем сага сыртындан.
Канча каттар тийбей колуна,
Чөнтөгүмдө жүрүп жыртылган.

Айталбадым, эрким жетпеди,
Байкалбады мезгил өткөнү.
Жылан болуп кетиптирсиң го,
Жылдыз экен десем көктөгү.

Каш көтөрсө эриң батынып,
Баш көтөргүс кылдың атылып!
Кан муздаткан мындай мүнөзүң,
Каягында жүргөн катылып?

Тагдырыңа күлбөйм табалап,
Жүрөгүмдү алдым жаралап.
«Кыз кезинде баары жакшы эле,
Жаман катын кайдан жаралат?».

## АВТОР ЖӨНҮНДӨ

*Бекболотов Тургунбек Айткул уулу 1948-жылы 12-декабрда Талас облусунун Карабуура районундагы Акжар (мурдагы Крупское) айылында туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.*

*Колхоздо койчу, чабан, заводдо жумушчу, курулушчу, мектепте мугалим болуп иштеген. 1974-жылдан 1982-жылга чейин райондук гезитте кабарчы, бөлүм башчы, редактордун орун басары, 1982–1985-жылдарда партиянын райкомунун нускоочусу, колхоздун парткомунун катчысы болгон.*

*1985-жылдан 2008-жылдын февраль айына чейин Карабуура райондук «Карабуура кабарлары» (мурдагы «Октябрь таңы») гезитинде башкы редактор болуп иштеп турган.*

*Азыркы учурда өз ыктыяры менен гезиттин жетекчилигин өткөрүп берип, кабарчы катары өз ишин улантууда жана өз чыгармачылыгы менен алектенүүдө.*



*1997-жылы «Көз караш», 1999-жылы «Чарчанган кылым», 2003-жылы «Муздак тамчылар» ыр жыйнактары жарык көргөн. «Муздак тамчылар» ыр жыйнагы, Кыргыз Эл депутаты Болот Шерниязовдун «Жетимен» фондусу тарабынан уюштурулган Байдылда Сарногоев атындагы эл аралык сыйлыкка татыктуу болуп, 2006-жылы китеп толукталып кайра басылган.*

*1999-жылдан бери Улуттук жазуучулар Союзунун мүчөсү.*

*Төрт уул, эки кыздуу.*

## МАЗМУНУ

Автордон ... 3
Учкай ой ... 5
Жеңиштен жеңишке бараткан акын ... 7
Ата Журт ... 10
Эгемен элим ... 12
Айткылачы ... 13
Даба барбы? ... 14
Бир кудайга жалынып... ... 15
Сагындым тоолорумду ... 16
Тоолордо менин тамырым ... 16
Эрдик ... 18
Күн желеси ... 19
Айыл таңында ... 20
Бурадарлар, үнүмдү уккулачы ... 20
Булуттжан ... 21
Үмүт оту ... 24
Жол жана мен ... 24
А бирок... ... 25
Насилет ... 27
Көчө кыздарына элегия ... 28
Эй, бала... ... 29
Баш кийим ... 30
Кеп укчу, курдаш ... 30
Эч кимге окшобо ... 31
Неберем Айнускага ... 32
Корком ... 33
Аттантуу ... 34
Кечигип эле жүрөмүн ... 35
Илхам ... 35
Жан дүйнөдөгү бук ... 36
Жумуш бер ... 37
Жаз келатат! ... 38
Шекер айылы ... 39



Падышалар ... 40
Убакыт жок ... 41
Өмүрдүн бир күзү ... 42
Керемет менин Таласым ... 44
Топук ... 45
Кайрылуу ... 46
«Эл, жер» деп соксун жүрөгүң ... 47
Ишенгиле ... 47
Таарыныч ... 48
Силкинүү керек болуп турат бүгүн ... 50
Тилек ... 51
Автобуста ... 52
Аптап ... 52
Шүгүрчүлүк ... 53
Жол бардыр... ... 54
Дыйкан ыры ... 54
Чаңырык ... 55
Куш өмүр ... 57
Каяктасың? ... 57
Ооматтууларга ... 58
Ырым – менин пикетим ... 59
«Дүжүрлөр» ыры ... 60
Сапардамын... ... 61
Ар күнүң – майрамың ... 62
Сөзүм калды айтылбай ... 64
Өктөм болгум келген менен ... 65
Жолум кайда? ... 65
Чакырык ... 67
Карабуурам ... 68
Ысым жөнүндө ыр ... 68
Омар Хайёмду туурап ... 69

**Жанмаанай** ... 70
Мезгил келер... ... 73
Көзүм тартат ... 74
Таарынышпайлычы ... 75
Аялдын өтүнүчү ... 76
Бир кайрылып... ... 76
Келдиңби? ... 77
Эңсөө ... 78
Кеп сүйүүдө ... 78
Эмне кылдым сага? ... 79
Сагыныч ... 81
Кайыл болуп турам азыр баарына

Күтүү ........ 82
Топ терек ........ 82
Сүйүү төрү ........ 83
Макулбу? ........ 85
**Арноолор**
Сүйүнбай Эралиевге ........ 86
Сооронбай Жусуевге ........ 87
Саялы махабатка башыбызды ........ 87
Анатай Өмүркановго ........ 88
Шайлообек Дүйшеевге ........ 89
Түгөлбай Казаковго ........ 89
Абдрахман Алымбаевге ........ 90
Сагынбек Момбековго ........ 91
Болот-Шердин чындыгы ........ 91
Бычакка сап ........ 92
Чындыкка элегия ........ 93
Кыян (Поэма) ........ 97

**«Көзкараш» ыр жыйнагынан** ........ 107

**«Чарчанган кылым» ыр жыйнагынан** ........ 189

**«Муздак тамчылар» ыр жыйнагынан** ........ 259

**«Муздак тамчылар» жыйнагынын 2-басылышына толуктоолор (2006-жыл.)** ........ 317

*Көркөм-адабий басылма*

**Бекболотов Тургунбек**

**КЕЧИККЕН ЫРЛАР**

*(Ырлар жана поэмалар)*

Редактору *Мамат Болот*
Сүрөт редактору *Рысбек Исаков*
Корректору *Рапия Сакелова*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*